

Мубара Абдилатипова
ИНСАНДАР
ИЗИ
2-китеп

Мубара Абдилатипова

# ИНСАНДАР ИЗИ

*Даректүү баяндар*

«Улуу-Тоолор» – 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 70

А 70 Абдилатипова Мубара
**Инсандар изи**: Даректүү баяндар. –Б. "Улуу Тоолор". 2016. 360-бет

ISBN 978-9967-470-04-0

Бул китепте Кыргыз мамлекетин өсүп-өнүгүшүнө салым кошкон, өзүнүн жашоо-турмушу, эмгеги менен башкаларга үлгү болушкан инсандар тууралуу баяндалат.

А 4702300100-16
ISBN 978-9967-470-04-0

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

© Абдилатипова М., 2016

# ИНСАНДАР ИЗИ

2-китеп

***Дүйнөдө жашоо сааты бүтүп, ажалы жеткен ар бир киши тапкан бала-чакасын да, мал-дөөлөтүн да, шаан-шөөкөтүн да калтырып, жалгыз бойдон Алла таала алдында айдалышы бар экен, демек ал Жаратканга жарык жүз менен бет-маңдай болуу үчүн дүйнө тирүүлүгүнүн ар бир учурун ыйман- ишеним жана жакшы иштерди кылуу менен өткөрүшү зарыл.***

**КУРАНИ КАРИМ.**

## Баш сөз

*Мен бул китепти да ыйык Курандан жана алтынга бергис Хадистерден баштагым келип турат. Эгерде ар бирибиз Куранды окуган болсок Алла таала бизди кандай жараткандыгын билебиз .« Чындыгында ар бир инсан эне курсагында эң мурда бир тамчы суу болуп, андан соң коюу канга айланып, кийин бир тиштем эт болуп, андан кийин ага жан тартуу этилип, жарык дүйнөгө келиши тууралуу ойлогон ар бир соо акыл жана таза дил ээси ыктыярсыз Жараткандын кудуретине–улуулугуна абдан мактоолор айтып, Ал улуу Затка Сажда кылбай тура албас ». Бул улуу Кудуретти байкагысы да, билгиси да келбегендердин айынан азыркы мезгилде биз адамдар арасында айрым учурда ыймандын кетиши, пейилдин бузулулушу байкалат. Анын негизинде бири-бирибизге болгон ичи тардык, көрө-албастык, мээримсиздик көбүрөөк кездеше баштады. Ата баладан, бала атадан карыз алчу болду. Ата-энеге болгон мээрим качып баратат. Баары деп айтпайлы, азыркы кээ бир балдар чоңоюп эрезеге жеткенде ата-энесин карабай коюшту. Аларга бул кары адамдарга караганда байлык, мүлк кымбат болуп калды. Ошондон улам бир кездеги адамгерчилик, боорукердик, улууну урматтаган,*

*кичүүнү сыйлаган адамдык улуу касиеттер кайда? деген суроо туулат.*

*Бул китепти жазууну баштаардын алдында айыл-кыштактарды кыдырып, андагы элдин өкүлдөрү менен жолугушуп, алардын ичинен татыктууларын тандап алууда бир топ түйшүк тарттык. Мына ошондо жогоруда айтылган көрүнүштөргө кез келип, ичибиз ачышкан, тетирисинче жагымдуу маанайга туш болуп, көөдөн толкуган учурлар да болду. Биз тандап алган каармандарыбыз азыр арабызда жашап, иштеп, кээси дөөлөттүү карылыкты өз баштарынан өткөрүп жатышат.*

*Демек, бу тирүүлүккө келгенден соң жөн жашап өтпөй, эл жана мамлекет үчүн кызмат кызмат кылууга тийишпиз. Ал колубуздан келбесе, бак тигели. Биздин олтургузган көчөттөр өсүп жетилсе, адамдар көлөкөсүндө олтуруп эс алыша, мөмөсүн жешсе, ал да соол болот. Бул жасап жаткан иштерибиз биздин кийинкилерге калтырган изибиз. Биздин китептин каармандары көпчүлүгү эл ичиндеги карапайым адамдар юболушса да негизинен мына ушундай ар тараптан татыктуу , инсандык сапаттарга бай, жаштарга эмгеги жана басып өткөн жолу менен өрнөк көрсөтө турган үлгүлүү адамдар. Алардын арасында жөнөкөй , карапайым адамдан тартып, кызматкерлерге, мамлекет кызматтагы инсандарга чейинки инсандар бар. Албетте, иштеген жумуштун кемчилиги болот, эч нерсе кылбасаңыз, кемчилигин кайдан табасыз? Бул китептин мүчүлүшү болор балким. Эң башкысы канчалаган эмгек, түйшүк, убарагерчилик менен маалыматтары жыйналып, ошондой эле мээнет менен жазылып, сиздерге сунуш кылынып олтурат. Зерикпей окуп чыгыңыздар. А балким, кайсыл бир учурда сиздерге кереги тийип калаар.*

АВТОРДОН



*“Мага ар дайым бүткүл дүйнө ийгиликтүү адамдардын чыгышын күткөндөй, ийгиликтүү адамдарга бүткүл дүйнө суктангандай туюлат”.*

*Саидмурод ДАВЛАТОВ*

# Аксы району

## Өмүрү өрнөк



**Жанузакова Гүлбадат Шакыевна, эмгек ардагери.**

Жанузакова Гүлбадат Шакыевна 1956-жылдын 15-мартында Жаңы-Жол районунун Кара-Жыгач кыштагында туулган. Бир үй-бүлөдө он бир тууган тарбияланышкан. Каарманыбыз балдардын ортончусу болгон.

1963-жылы «Большевик» орто мектебине кирген. Айта кетчү сөз, ал 1973-жылы Т.Уметалиев, Т.Касымбеков, А.Осмонбеков, Т.Тыныбеков, А.Бөдөшов сыяктуу таланттуу инсандар билим алган «Кара-Жыгач» орто мектебин ийгиликтүү аяктаган. Анын жаштык эңсөөсү ошол жылы Жалал-Абад шаарындагы кооперативдик техникумдан окуусун улантууга жетелеп келди.

Биринчи эмгек чыйыры анын да эсинде. 1975-жылы «Жаңы-Жол» кооперативинде катчы-машинисткалыктан жумушун баштаган. Кийин өз кесиби боюнча1976-1979-жылдары райондун эң алыскы аймагы болгон Ак-Суу айылында дүкөнчү,1980-1987-жылдары рабкоопто кампа баш-

чысы, СССР кулаганга чейин кассир, кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип, мекеменин партиялык уюмун жетектеген. Мына ушул кызматтарда таза. ак ниети менен эмгектенген. Дайыма алдыңкылардын катарында сүрөтү «Ардак Тактадан» түшпөй, эмгеги Ардак грамоталар менен бааланып, ошол кезде эң баалуу сыйлык болгон «Жигули» автоунаасы менен сыйланган.

Жолдошу Эмилбек Байышов менен чогуу жашап, турук-туу, бекем үй-бүлөнү сактап келишет. Алты азамат уулдуу болушкан. Алар эрезеге жетип, жогорку билим алып, ар биринин тандап алган адистиги бар. Эрменхан-ветеринардык дарыгер, айылдык кеңештин эки жолку депутаты, Бакбурхан-ишкер, Кубан-борборубуздагы СИИБда ага тергөөчү, Топчубек айылда улуу энергетик, Медербек- дене тарбия мугалими, спорттун мыктысы, Нурбек- КРПМБАнын студенти. Келиндери Атыркан, Нуриза, Каныкей, Салтанаттар да үйдүн мыкты кожейкелери болушкандыгын өз сөзүндө белгилейт каарманыбыз.

Бактылуу эне жолдошу экөө ушул тапта ардактуу эс алууга чыгып, балдарынын үйүнүн төрүндө бактылуу карылыктын доорун сүрүп олтурушат. Ошентсе да, иштеп үйрөнгөн Гүлбадат Жанузакова учуру келгенде айылдагы түрдүү иш-чараларга активдүү катышып келет. Жаштарга насаатын айтып, өзүнүн өрнөктүү жолунун мисалында үлгү болгон бул айым өнөргө шыктуу, улгайса да добушун созуп ырдай да билет, кыргыздын кол өнөрчүлүк буюмдарын аздектеп, чеберчилик менен алектенип, бул өнөрүн да жаштарга үйрөтө билет. Айылдаштары андан гүл өстүрүүнүн жолун да үйрөнүшөт.

Бул аялзатынын кайрымдуу иштери туурасында айтсак, өзү кырдуу замандаштарына үлгү гана болмок. Турмуш-шарты оор, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга материалдык, моралдык колдоо көрсөтүп келет.

Дээринде бекерчиликти, жалкоолукту, жалган айтып турмуш кечирүүнү жек көрөт. Ар бир адам мүмкүнчүлүгүнө жараша ден соолугун сактоо менен өзүн жана үй-бүлөсүн, жакындарын бакса- ошол зор бакыт экендигин дайыма айтып жүрөт. Ал жеке ишкердик жасоо менен заңгыраган кабат-кабат тамдарды салуу катар-катар унааларды минүү, же жылга толо мал -кой көбөйтүү менен мактанбаган жөнөкөй айым.

-Жолдошум экөөбүз эки атка чегилген арабадай жашоонун ачуусун, таттуусун бирге татып, турмуштун жүгүн көтөрүп келебиз. Албетте, жашообузда кыйынчылыктар болбой койгон жок, кандай гана тоскоолдук болбосун биргелешип, жеңип чыгууга аракет жасайбыз. Совет доорунда жайдын аптабына, кыштын ызгаарына жаз-күздүн нөшөрлөгөн жамгырына туш болуп, унаанын жоктугуна, балдарыбыздын жаштыгына карабай ишибизди таштаган жокпуз. Эгемендик алып, мамлекетибизде болуп жаткан ар кандай оюш-кыйыш, толкундарга аралашпадык, балдарды да коомго, элге, ал тургай чөпкө да зыян келтирбөөгө, карасанатайлыктан алыс болууга, барга көппөй, жокко чөкпөй жашоого тарбиялап келем. Өзүн мыктымын деп элден өзгөчө көрсөтүүнү жактырбаймын. Мындай тарбияны мен да ата-энемден алганмын. Эми элибиз тынч, жерибиз бүтүн, бир тууганларыбыз, балдарыбыз, неберелерибиз маңдайыбызда бизди сүйдүрүп, уул-келиндин жылуу көз карашын көрүп турсак, -деп Жараткандан ар дайым тилеп келебиз,- дейт Гүлбадат эне. Анан да «Жаштарга ыйман, карыларга нысап берсин», деп кошумчалады.

Анын бүгүнкү бакубаттуу жашоосу Гүлбадат Жанузакованын эмгегинин жемиши.

# Балдарга арналган өмүр



Кенжебаева Сүйүн Масалбековна, Ленинчил-Жаш орто мектебинин физика мугалими.

«Кенжебаева Сүйүн Масалбековна 1949-жылы 25-октябрда Жалал-Абад областына караштуу Ак-Жол аймагынын Кечүү айылында туулганмын,- деп баяндалат бул аялзатынын өмүр таржымалында.-1957-жылы Тегене айылындагы Тегене орто мектебинин 1-классына кирип, 1966-жылы Жаңы-Жол айылындагы Ленинчил-Жаш орто мектебин «Эң жакшы» баалар менен аяктадым».

Ошентип ал, жогорку билим алуу тилеги менен Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетинин физика бөлүмүнүн студенти болуп калгандыгын, бул ийгиликке да өзүнүн умтулуусу менен жеткендигин, 1970-жылы аталган окуу жайын аяктап, эмгек жолун өзү окуган Ленинчил-Жаш орто мектебинен баштагандыгын айтат. Ошол күндөн бүгүнкү күнгө чейин отуз беш жыл мына ушул мектепте окуучуларга физика сабагынан окутуп келет. Алгач жаш мугалим болуп, билимин сарптаса, улам такшалып, дасыгып , тажрыйа артып олтуруп, бүгүнкү күндө көп жылдык эмгегин келечек ээлеринин татыктуу билим, жакшы тарбия алышына сарптап жаткан учуру. Анын татыктуу эмгеги ийгиликтер менен коштолуп олтурду.

Сүйүн Кенжебаеванын билим берүү тармагындагы үзүрдүү эмгеги 1999-жылы «КРнын билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси менен сыйланууга шарт жаратты. 2004-



жылы Жалал-Абад областтык билим берүү башкармасынын Ардак грамотасы ыйгарылды. Андан мурдагы алган сыйлыктар да бир топ. 1991-жылы анын окуткан окуучулары областтык жана рекспубликалык олимпиадаларга катышууга укук алгандыгы үчүн да Ардак грамота менен сыйланган. 1997- жылы областта «Жылдын мыкты кабинети» сынагында биринчи орунду жеңип алып, сыйга татып, Ардак грамота ыйгарылган. «КРнын билим берүүсүнүн мыктысы».

Ар жылы өз окуучуларын олимпиадаларга даярдап келет, бул оңой эмгек эмес. Мурдагы окуткан окуучуларынан республикалык олимпиадада үчүнчү орунга татыктуу болгон окуучусу Гүлзат Өмүрбекова азыр Ош технологиялык университетинде физика предметинин окутуучусу болуп иштеп келатат, физика илиминин кандидаттык диссертациясын жактаган.

Сүйүн Кенжебаеванын айтымына караганда жолдошу Нурдин Умаров да жогорку билимдүү. Өзү болсо эки уул, жети кыздын бактылуу энеси. Балдарынын баары жогорку билимге ээ болушуп, коомго керектүү болгон кесип алышкан. Улуу баласы Талант Умаров Ош мамлекеттик университетинде эмгектенет, педагогика илимдеринин кандидаты. Эки кызы- Мира менен Гүлзада мектепте окуп жатышканда химия предмети боюнча республикалык олимпиадага катышып, үчүнчү орунду ээлешкен. Институтту кызыл диплом менен аякташкан. Азыр ишкердик менен алектенишет. Кенеже уулу Асеин тарых факультетин бүтүргөн. Кыздары Рита Ош гуманитардык институтунда, Гүлзат, Тинатин, Бурулсундар анын кесиби боюнча мугалимдик адистик алышкан, азыр мектепте окуучуларга сабак беришет. Айтурган Бишкектеги улуттук университеттин журналистика факультетин бүтүрүп, телерадиокомпаниясында эмгектенип жатат.

Ал өз үй-бүлөсү туурасында мына ушуларды айтып, өмүрүндөгү унутулгус ирмемдер болгон бала кезинде Кашка-Суу, Кара-Арча жайлоолорунда ат минип табияттын су-

луулугуна сукганып өткөргөн кызыктуу учурун эске салды. Жайында кудум бийлеп жаткандай ары-бери сеңелген жашыл тулаң, бажырайып ачылган кооз жайлоо гүлдөрү эстегенде кээде азыр көз алдында тургандай элестей түшөт. Андан соң, билмдин уюткусун алып мектепте окуду, жакшы билим алды, окуучулук кездин эң кымбат күндөрүн да унутпайт, андан ары билимимди улантсам, бир кесипке ээ болсом деген арзуу-үмүтү менен окуган студенттик жаштык күндөрү да өзүнчө айтып бүткүс жакшы бир ирмем.

Каарманыбыз өнөрдү да баалаган адам. Жаштыгынан үйрөнгөн өнөрү болгон сайма сайганды, ырдаганды азыр да жакшы көрөрүн айтат, бош учуру болгондо эрмеги ушул. Эң башкысы бардык кубанычы анын сыймыгы болгон неберелери, булар да айтып бүткүс энелик бактысынын жемиши.

Бүгүнкү күндө Сүйүн Кенжебаева бөлөлөп уул-кыз өстүрүп, бапестеп, тарбия берип эрезеге жеткирип, энелик бакытка бөлөнгөн таалайлуу Баатыр эне. Эне үчүн мына ушул бакыттан артык байлык да, баалуу да нерсе жок. Жараткан кудай энелик бакытты ага насип эткенине миң мертебе ыраазы.



# Аялзатынын эмгек жемиши



**Колсариева Назира Шаршенбековна, Ош мамлекеттик юридикалык институтунун адвокатура жана юстиция факультетинин деканы, илимдин кандидаты, доцент.**

Колсариева Назира Шаршенбековна 1974-жылдын 2-июлунда Жалал-Абад областынын Аксы районундагы Кербен шаарында туулган. Ата-энеси ага эң жакшы тарбия берсе, билимдин чыныгы уюткусун мектептен алды. Ильич атындагы №35- ( азыркы Т.Үметалиев) орто мектепте алдыңкы окуучулардын сабында «эң жакшы» окуп, артыкчылык аттестаты менен аяктады. Мектептен түптөлгөн билимдин натыйжасы 1996-жылы Ош мамлекеттик университетинин тарых факультетинин студенти болушуна жол ачты. Аталган окуу жайында да дилгирлик менен окуп, билимин улантты. 1996-жылы бул окуу жайынын аталган факультетин жана 2000-жылы юридикалык факультетти да артыкчылык дипломдор менен бүтүрдү. Анын эмгек чыйыры да өзү кесип алган Ош мамлекеттик университетинде 1996-жылы лаборанттыктан башталып, улуу лаборант, ага окутуучулук кызматтарда( бул кызматка 2005-жылы атайын сынактын негизинде кабыл алынган) 2007-жылдарга чейин эмгектенди. 2007-жылы Ош мамлекеттик юридикалык институтунун адвокатура жана юстиция факультетинин окуу иштери боюнча деканынын орун басарлыгына дайындалган. 2010-жылы юридикалык билиминин даражасын изилдөө менен кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактаган. 2012-жылдын январынан

сынактын негизинде юридикалык институтунун адвокатура жана юстициясы факультетинин деканы болуп шайланган. Бул ийгиликтер анын тынымсыз аракетинин, изденүүчүлүк, чыгармачылык эмгегинин жемиши эле.

2014-жылдын мартында Назира Колсариевага Кыргыз Республикасынын жогорку аттестациялык комиссиясынын чечими менен доценттик наам ыйгарылган. Каарманыбыз бир нече илимий эмгектерди жараткан. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын окуу-усулдук кеңешинин жана К.12.13.016. диссертациялык кеңештин мүчөсү болуу менен 25тен ашык илимий макалалардын, 2 усулдук колдонмолордун автору. Булардын баары эң баалуулугу менен айырмаланат. Мындан тышкары юридикалык институтунун адвокаттар жана юстициясынын, 1 аспиранттын илимий жетекчиси. Демек, илим жаатында анын жасаган эмгеги бир топ.

Каарманыбыздын окутуучулук жана илимий эмгеги бааланып, сыйга татыган. Алсак, Ош мамлекеттик юридикалык институнун, Ош мамлекеттик университетинин юридикалык институтунун адвокатура жана юстиция факультетинин, Ош областтык мамлекеттик администрациясынын, билим, илим кызматкерлеринин Ош областтык профсоюздук комитетинин, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин бир нече Ардак грамоталары, ОШМЮИнин баалуу сыйлыктары менен сыйланууга татыктуу болгон. ОШМЮИнин жетекчилиги жана Казакстан Республикасынын эмгек жана социалдык мамилелер академиясынын ыраазычылык катары берилген.

Назира Колсариева жумуш сапары менен Казакстан, Турция мамлекеттеринде болуп, ал жерде иш тажрыйбалары жайылтылган.

Анын жан-дүйнөсү руханий байлыкка жык толгон. Бош убакытты кур кетирбей, музыка угуп, китеп окуу менен алектенет. Булардын баары ага руханий азык берет. Анткени,



жакшы музыкасыз, китепсиз жашоосун элестете албайт. Өзүнүн жашынан алган тарбиясына, табиятына жараша адамдардын адилеттүүлүгүн, тактыгын, тартиптүүлүгүн, жоопкерчиликтүүлүгүн жогору баалайт, турмушта да ушундай мамилени талап кылат.

Жашоодогу принциби да бөтөнчө: «Шашпа, бирок кечикпе». Бул анын турмуштагы эң керектүү принциби. «Калптын казанын кайнатканды » жек көрөт. Ак ниет эмгектенип, таза жашоону жактырат.

Туруктуу, бекем үй-бүлөсүндө жарокер жар, бир уул, бир кыздын мээримдүү энеси.

Өзүнүн эмгегин жалаң билим, илим жагынан өлкөбүздүн өнүгүшү үчүн жумшап келаткан каарманыбыз Назира Колсариева кыргыз мамлекетинин келечегин буюрса абдан өнүккөн мамлекет катарында көрөт. Бул мамлекеттин өсүп-өнүгүшү кадрларга байланыштуу болгондуктан, аларга жакшы билим, сапаттуу илимге сугарылган чыныгы адистик бергенде гана мамлекет анын жемишин көрө тургандыгыны ынанат.

Бул билим, илим тармагында татыктуу эмгектенип келаткан каарманыбыз Назира Колсариева туурасындагы баяныбыздын бир гана үзүмү.

# «Окуучуларымдын сыйы сыйлыктан жогору»

Улуу Ата Мекендик согуштан кийин эл эми гана ирдене баштаганда 1948-жылы Аксы районунун Кош-Дөбө айылында Мырзаназар Турановдун үйүндө алмончоктой болгон наристе төрөлдү. Жакшы үмүт, арзуу тилек менен Бурулжан деп ат коюп, элжиреген эне бооруна кысып, ата алпештеп, маңдайынан сүйүп, бөбөлөп өстүрүштү. Атасы Мырзаназар эмгек талаасында, кийин мал чарбасынын башчысы болуп иштеп, өмүрүнүн акырында дүкөндө сатуучу болуп эмгектенди. Апасы Зыяда он баласын тарбиялап, « Баатыр эне» деген улуу наамга арзып, төшүнө энелик алтын орденин тагып, балдарына үйдө энелик мээримин берди. Балдарынын алтынчы перзенти Бурулжан бир туугандарынын катарында балалыктын бактылуу доорун сүрүп, ата-энесинин мээрими менен эркелеп чоңойду.



Бурулжан Мырзаназарова, ардагер мугалим

-Жети жашымдан айылдагы «Иринжит» орто мектебине кирип, биринчи мугалимим Тыналиев Турдумамбет агайдын колунан окуп, 2-класстан Кербен мектеп-интернатынан Кыргыз эл жазуучусу Жунай Мавлянов агайыбыздын директорлугу астында жети жыл окуп, тарбия алдым. Агайыбыздын жумшак сөздөрү, аталык камкордугу алиге чейин эсимде,-дейт каарманыбыз. Айтымына караганда мектепте бош убактысында музыка ийримине катышчу. Абдыжапар Саттаровдун жетекчилиги астында комуз,аккордендо, мандалин аспаптарында ойноону үйрөнүп, мектепте майрам күндөрү ар кандай кечелерде концерттерге, мектептер аралык беттешүүлөргө катышып, мектеп-интернатынын намысын көтөрүп келген. Спорттук оюндарга да кызыкчу. Волейбол, баскетбол боюнча тандалма командаларда ойноп, ийгиликтерге жетишкен. Жазуучу Жунай Мавляновдун «Менин күндөлүгүм» деген китебинде «Тиштээк кыз» деген эскерүүсүндө бир беттешүүдө ( команданын башчысы) топ ойноп жатканда, топ талашып бир кыздын колун тиштеп алат, чыгармада ошол жөнүндө эскертилет.

1963-жылы Жалал-Абаддагы А.С.Пушкин атындагы окуу жайында окуп жүрүп, шаардык маданият үйүнүн комузчулар ансамблине кошулуп, шаардык, республикалык сынактарга катышып жүрдү. 1967-жылы окуу жайды ийгиликтүү аяктап, өз айылындагы «Иринжит» орто мектебинен биринчи эмгек жолун баштаган. Ал учурда мектепте бир да аял мугалими иштеген эмес экен. Биринчи аял мугалими Бурулжан Мырзаназарова болгон. Ошол кезде аны мектептеги кыздар уюмунун жетекчилигине шайлашкан. Бул милдетти көп жылдар аткарып, өздүк көркөм чыгармачылыгын жетектеп, малчыларга нечен курдай концерт тартуулашкан.

Көрсө мазмундуу иштептир. Азыр да эсинде. Райондо өтүлүүчү «Орус тили-тынчтыктын жана достуктун тили», В.И.Лениндин 100 жылдыгына карата өткөрүлгөн фестивалга окуучуларды даярдап, (Асатилла агайдын жетекчилиги астында) катыштырып, РИИБнын «Мактоо баракчасы» менен сыйланганын да унутпайт.

Отуз бир жыл мектепте окуучуларга билим жана тарбия берди. 1998-жылы 50 жашка чыгып, юбилейинде өзү демөөрчүлүк кылып, биология бөлмөсүн жасалгалап, кесиптештерине, окуучуларга эстелик калтырып, ардактуу эс алууга чыкты. Бул гана эмес, Сали Жоробаев атындагы

№65-мектептин орус тили боюнча залын жасалгалоого да демөөрчүлүк кылды.

Айылда үлгүлүү айым катарында да кадыр-баркы бар. Кош-Дөбө айыл аймагы тарабынан айылдар аралык кароосынакка катышып, «Үлгүлүү үй» номинациясын жеңип алды.

Үч уулдун, эки кыздын бактылуу энеси болгон Бурулжан Мырзаназарова азыр Дөөлөталы Карабаев атындагы балдар бакчасына да колдоосун көрсөтүп, демөөрчүлүгүн аябай келет, ошону менен бирге ата-энелер комитетинин төрайымы.

Татыктуу кесип ээси, демилгелүү айымдын билим берүү тармагындагы эмгеги өтө эле бааланган жок. Бир нече ирет КРнын билим берүүсүнүн мыктысы төш белгисине сунушталганы менен негедир ага бул наам ыйгарылбай калды. А балким муну райондук билим берүү бөлүмүнүн жетекчилигинин кайдыгерлиги болсо керек деген да ойго кабылa түшөт. Бирок, ал буга да анчейин кейий бербейт. Анткени окуткан окуучулары кезиккен кезде «Менин эжекем », деп жылуу саламдашып, анын кандай окуткан эске салып, эмгегин баалап, ал-ахвалын сурап турганын өзү бардык наамдан артыктай туюлат. « Мен бактылуумун, анткени менин окутуп, азыр жашоосунда зор ийгиликтерге жетишкен мыкты окуучуларым бар»,-дейт сөз соңунда каарманыбыз.

Бирок, өмүр бою билимин жана эмгегин келечек муундарына арнап, кесибинин канчалык оор жана түйшүктүү экендигине карабастан чаалыкпай иштеп, кала берсе каражатын да аябай билим уясына колдоо көрсөтүп келаткан Бурулжан Мырзаназароваға «Билим берүүнүн мыктысы» деген төш белгини берип коюу менен билим берүү министрлигинин капчыгы эңшерилип кетмек эместир болчу, бул наамды мына ушул өңдүү кесип ээлерине бербегенде кимге беришет? деген суроо менен бул аялзаты туурасындагы баяныбызга чекит коюуну туура таптык.



# Дасыккан билим саяпкери

***Инабат Ормонкулова,Ш.Тойматов атындагы №7-«Иринжит» орто мектебинин мугалими.***



«Айтылуу Аксы аймагында жайгашкан, сулуулугу көздүн жоосун алган, аскасы асман тиреген, уларлуу тоонун койнунда кожогат терип, туптунук суусуна чөмүлүп, таза абасынан кеңири дем алып, балалыгым Авлетим айылында өттү. Мен Ормонкулова Инабат Жороевна 1961-жылы Жалал-Абад областына караштуу Аксы районунун Авлетим айылында туулганмын».

Каарманыбыз өзүнүн өмүр баянын ушундайча баштаптыр.

Ошентип, билим уясынан учуп чыгып, окуп билим, кесип алсам деген жаштык эңсөөсү менен 1979- жылы Ош мамлекеттик педагогикалык окуу жайына тапшырып, бактысына аталган окууу жайдын студенти болуп калды. Атайын өткөндөн соң «окуй албай айылга келиптир» деген сөздөн намыстанып, куру бекер көчөдө жүрбөй сабагына үзбөй катышып, андан соң, жатаканасынан чыкпай, айрыкча экзамендер учурунда кирпик ирмебей китеп окуп, уктабай таң атырчу. Бири бирине окшобогон студенттик күндөр кудум эле кубалашкан куштай болуп, айдан айга алмашып, зымырап беш жыл өттү. Көрсө окуу деп жүрүп, убакыттын өткөнүн да туйбай калыптыр. 1983-жылдын жайында жогорку билимдүү адис болуп, колуна дипломун алган салтанаттуу учурунда кубанычтан көөдөнү толкундап, бир чети ишенсе, бир чети ишенбей, ушунчалык сүйүнүү менен айылына кайткан учуру алигиче эсинде. Биринчи окуучуларга берген биринчи

сабагын да унутпайт. Көздөрү жалжылдаган, балалыктын оюнуна тойбогон окуучулары күнү бүгүнкүдөй көз алдында турат. Жакшылыктан башканы ойлобогон, көөдөнүндө тазалык, жакшы иштеп, келечек муундарын татыктуу тарбияласам деген эңсөө турган дилинде. Ошентип, алгачкы эмгек чыйырын баштап, мектеп партасындагы окуучуларга сабак берген учуру бийиктикке карай кадамы эле. Ала-Бука районундагы Ленин атындагы мектептен мугалимдин орундугуна олтурган эле. Эки жыл иштеп, эмгек стажына ээ болгон жаш кадрдын кийинки иши Аксы районундагы №53-кесиптик-техникалык окуу жайында мугалим, жатаканада тарбиячы, окуу тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары кызматтарында улантылып олтуруп, мына ушул жайда 1995-жылга чейин, тактап айтканда он жылдай эмгектенди. Ошол жылдан Ш. Тойматов атындагы №7-«Иринжит» жалпы билим берүү мектебинде кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими болуп иштеп келатат.

Каарманыбыз өзүнүн ата-энеси тууралуу да учкай баяндайт.

« Атам Ормонкулов Жоро токой чарбасынын аарычылык бригадасында жумушчу, жылкы фермасында, дүкөндө дүкөнчү болуп иштеди. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Оозунан бал тили төгүлгөн сөзү бар, тарыхты, санжыраны, көркөм чыгармаларды мыкты билгендиги менен мени сөздү баалоого жетелесе, апам Айтиева Касиет Кызыл кыргыз атчандар эскрадонунун командири Сулайман Айтиевдин кызы. Апам макалдатып сүйлөгөн, кошокчулугу менен айырмаланган, кол өнөрчүлүгү менен өзгөчөлөнгөн уз чебердиги менен мени эмгекчил, аракетчил, өжөр кылып тарбиялады Үй-бүлөдө төрт кыз, үч уул жети бир тууган өстүк. Балалык кезде ата-энеме «Манас» эпосун окуп берген күндөрүм эсимден кетпейт. Мектепте окуп жүргөн кездерде кыргыз тили жана адабияты сабагынан берген Бузурманкулов Абдырагман атайдын көркөм адабиятты сүйүүгө, адабий китепти көп окууга түрткү берсе, Шабданкулов Ооган агайдын тарыхтан берген мугалимдик, алгебра сабагынан окуткан класс жетекчим Карбаев Абдиш агайдын мыкты педагогикалык ишмердүүлүгүнүн таасири мага мугалимдик кесипке чоң чыйырдын башатын ачты».



Ошентип, ал улуулардын таасирин алып, а бүгүн болсо өз артынан жаштарды ээрчитти, аларга өз тажрыйбасын үйрөтүп, дасыккан билим саяпкери болду. Жакшы иштеп, эмгегинин үзүрүн көрдү. Эмгек жолунун алгачкы жылдары кесиптик техникалык окуу жайынын Ардак грамотасы,1993-жылы УКРнын кесиптик-техникалык билим берүүсүнүн 50 жылдык маарекесине карата Ардак грамота менен сыйланды. Райондук жетекчиликтер, областтык билим берүү бөлүмү тарабынан алган грамоталары да бир топ. 2001-жылы Аксы райондук маданият бөлүмү тарабынан «Жылдын мыкты тарбиячысы» сынагына катышып, биринчи орунду жеңип алгандыгы үчүн да Ардак грамота менен сыйланган. Ушундай эле сыйлыкка КРнын билим берүү жана маданият министрлиги тарабынан да ээ болгон, «КРнын билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгисине татыктуу болгон. Түрдүү иш-чараларга үзбөй катышып, өзгөчөлөнгөндүгү үчүн Ч. Айтматов, Ш.Тойматов атындагы фонддору, ЖТР, областтык «Кыргыз тил» комиссиясы тарабынан сыйга татыган.

Өз үй-бүлөсү туурасында да минтип жазат: «Жолдошум Андабеков Арстан Кош-Дөбө айыл өкмөтүндө аскердик каттоо инпектору болуп иштейт. Эки уул, бир кызыбыз бар. Эки кызыбыз жогорку билим алышкан, уулубуз жогорку окуу жайынын экинчи курсунун студенти».

Азыр Инабат Ормонкулов өз үй-бүлөсү менен Кош-Дөбө айылында бактылуу жашоо кечирип келет.

# «Балдарымды эл кызматына жарагыла дечүмүн»

Тойматова Майрамкан Мырзаназаровнанын өмүр жана балалык чагы да бир топ кызыктуу. Ал 1931-жылы Аксы районунун Кош-Дөбө айылында жөнөкөй колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Туранов Мырзаназар согуш учурунда тылда чарбада жигердүү эмгектенген. Айылдык кеңешти да жетектеген. Элди эмгекке уюштуруп, Жеңиш үчүн жигердүү иштеп, салымын кошкон. Апасы он баланы тарбиялап өстүрүп, энелик камкордугун көрүп, «Баатыр эне» даражасына жетишип, ошону менен бирге согуш учурунда



**Тойматова Майрамкан Мырзаназаровна, эмгектин ардагери.**

орукта буудай оруп, кырманда буудай бастырып, башкаларга үлгү көрсөткөн. Балдарынын татыктуу тарбияланышында анын эмгеги чоң.

Жети жашында мектепке барган учуру эсинде. Кала берсе Какы, Жолдубай агайларынын кантип сабак өткөнү, окуучуларга өз баласындай төккөн мээрими карегинен кете элек.

-Менин окуучулук күндөрүм каардуу согуш жылдарына туура келди,-дейт Майрамкан Тойматова. -Биз сабактан кийин улууларга кол кабыш кылып, эгин эгүүгө, суу сугарууга жана буудай орукка катышып жүрдүк. Себеби, айылдагы эркектердин көпчүлүгү согушка кетип, колхоздун иши кары-картаңдарга, биз сыяктуу балдарга жүктөлгөн эле.



Мен да жайкы эс алууга чыкканда башка балдар-кыздар сыяктуу апама жардам бергени талаага жумушта иштечүмүн. Ошол учурдагы бир окуяны баяндап берейин: Биздин айылда башкарманы, бригадирди, табелчини улуу адам катарында көрүшчү. Мектепте 7-классты бүткөндөн кийин зирек балдар колхоздо кызматта иштеп калчу. Ошол мезгилде 7-классты бүткөн Шаки деген бала биздин колхоздо табелчи болуп иштеп калды. Эртең менен саат беште айылды кыдырып, элдин баарын тургузуп, ишке алып барып, жумушту бөлүштүрүп, жумушка келген адамдарды эсептеп, анан түшкү тамак алып келип таркатчу. Бир күнү бөлүнгөн жерди оруп бүткөндөн кийин талелчи келип, нан таркатып жаткан учурда, мага нандын күйгөнүн берип койгондуктан, экөөбүз урушуп кетип, ошондон тарта экөөбүз тааныш болуп калдык. Ошол табелчи бала, буйрук экен менин жолдошум болуп калды. Кийин жогорку окуу жайында окуп, мектепте мугалим болуп иштеди. Мен Шаки Тойматов менен 50 жылдан ашык чогуу жашап, ынтымактуу, туруктуу, бекем үй-бүлө күтүп, он баланы чогуу тарбиялап, өстүрүп, эрезеге жеткирдик. Балдарыбыздын баары жогорку окуу жайынан окуп, кесип алып, ата-энелик үмүтүбүздү актап, түрдүү тармак татыктуу иштеп жатышат.

Эненин айтымына караганда жолдошу экөө балдарынын коомго керектүү, жакшы адам болуп өсүп-жетилүүсүнө бардык аракеттерди сарпташты. Ата-эненин ак тилеги аткарылып, балдары эл керегине жараган жакшы адам болуп чыгышты. Он баланы эрезеге жеткирип, баарынын коомго татыктуу адам болуп чыгышында өзгөчө Майрамкан эненин эмгеги чоң. Анткени, ал балдарына чыныгы мээримин берип, акыл-насаат кебин айтып, дайыма элдин кызматына жараган адам болуп өскүлө деп айтып келди. Эненин үмүтүн актаган уул-кыздары дал ошондой жакшы өсүп-жетилишти.

Майрамкан Тойматова балдарын да тарбиялап, учурун-

да колхоздо тамеки өстүрүүдө да талыкпай иштеп келди. Берилген планын дайыма ашыгы менен аткарып, алдыңкылардын сабында колхоздун башкармасынын акчалай, баалуу сыйлыктарын алып, ар убак мактоо сөздөн түшкөн жок. Мунун бир мисалы 1980-жылы тамекинин планын 200 пайызга орундатып, «Москвич-412» маркасындагы унаа менен сыйланууга татыктуу болду. Бош учурунда уздук чеберчилик өнөрү менен алектенди. Дегиси бош олтуруп калган учуру ке м болчу. Айылда кийим тиктирүүнү каалагандардын көпчүлүгү мына ушул айымга келишчү, чапан, кемсели болобу, же башка кийимиби баарын бир жеринен тигишин билгизбей, кынтыксыз тигип, дароо белендеп берчү. Ал гана, эмес эркектерге териден ийлеп, тон, тумак, тебетей тигип, ат жабдыктарын, тердик, жалпоочторду жасачу. Аялзатына таандык болгон буюмдарды: кийиз жасап, төрбөлжүн тигип, шырдак шырып, букаары таарды согуп, жаздык курачу. Азыркы күндө өзүнүн чеберчилик өнөрүн неберелерине үйрөтүп жаткан кези. «Кийин чоң энем, тайэнем уз-чебер болгон», деп эскерип жүрсүн дейм», деп айтат. Кыздары да апасындай кийиз жасап, шырдак шырып, курак курап, төшөнчүлөрдү даярдашат.

Бүгүнкү күндө биз жылуу сөз козгогон бул «Баатыр эне» келин алып, кыз берип, 44 неберенин, 43 чеберенин таалайлуу чоң энеси, тайэнеси болуп, бактылуу карылыкты баштан кечирип жаткан чагы.

Ал үчүн эми жашоонун жыргалы, жашоонун бактысы балдарынын үйүнүн төрүндө олтуруп, баштан кечирип жаткан дөөлөттүү карылык.



# Аялзатынын артта калган изи



**Сооронбаева Гүлжакан Райышбековна**

Сооронбаева Гүлжакан Райымбековна 1953-жылы 1-июнда Аксы районунун (Жаңы-Жол) районундагы Ак-Суу айылында туулган. Анын балалыгы да өз айылында өттү, ата-энесинин камкордугуна бөлөнүп, алардын жакшы тарбиясын алган. Алар дайыма айтышчу: « кыз бала адептүү, токтоо болот. «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» дегендей дайыма тазалыкка үйрөн». Мына ушул сыяктуу акыл-насаат сөздөрдү кунт коюп угуп, дал ошондой болууга аракеттенчү. Жаштайынан тетик кыз мектепти А.Осмонбеков атындагы орто мектебинде окуп, аяктаган. Андан соң, өз курбулары сыяктуу эле ал да билимин жогорулатууну көздөп, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине тапшырып, жаштык эңсөөсү ишке ашканда аябай кубанган. Беш жыл студенттик доорду сүрүп, жакшы окууга умтулуп, ынтызар кыз, аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктаган.

1974-жылы өзүнүн биринчи эмгек жолун айылга келип, А.Осмонбеков атындагы орто мектебинен окуучуларга билим берүүдөн баштады. Бат эле кесиптештери менен тил табышып, окуучуларына көнүп, дегиси баарына жагып, иши, жакшы жүрүш турушу менен өзгөчөлөнгөн кыз мектептин комсомол комитетинин катчылыгына шайланды, кыздар уюмун да жетектеп жүрдү. Мугалимдик кесибине такшалып, мектепте кадыр-барк таап, директордун башталгыч класстар боюнча орун басарлыгына дайындалды. Бул милдетти да кынтыксыз аткарды.

1982-жылы анын эмгек жолунда чоң бурулуш болду. Эмгеги

менен райондук билим берүү бөлүмүнө чейин таанылган мугалим ошол жылы Кызыл- Туу орто мектебинин директорлугуна дайындалды. Бул мектепте 1987-жылга чейин иштеп, окутуунун сапатын жакшыртуу, материалдык техникалык базаны чыңдоо багытында бир топ өзгөрүүлөрдү жараткан. 1987-жылдан тартып, А.Осмонбеков атындагы орто мектепте директордун окуу иштери боюнча орун басары, кийин тарбия иштери боюнча орун басары, профсоюздук уюмдун төрайымы болуп иштеди. Ошону менен бирге кийин айыл өкмөттө аялдар кеңешинин төрайымдык милдетин аткарып, аялдар арасында бир топ иштерди жасаган.

Аны билим берүү тармагындагы жигердүү эмгеги үчүн «КРнын билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси менен сыйланган.

Каармамыбыздын жолдошу Жанузак Өмүралиев мектепте дене тарбия мугалими болуп эмгектенген, ден соолугунунун айынан бул аалам менен эрте коштошкон. Алар үч уул, эки кызы, жети небереси болушту.

Кызы Жайнарбү, уулу Гүлжигит ата-энесинин жолун улап, мугалимдик кесипти тандап алышкан. Ажарбүнүн кесиби энергетик. Кара-Көл шаарындагы политехникалык институттун энергетика факультетин аяктаган. Нуржигит жол курулуш тармагы боюна атайын жогорку билим алууга жетишкен. Айжигит мектепти ийгиликтүү аяктап, турмушта өз жолу менен баратат.

Эң өкүнүчтүүсү бул аялзаты азыр арабызда жок. Балдары эрезеге жетип, алардын төрүндө карылыктын дөөлөтүн көрөр чагында бул ааламдан кайырсыз тарапка жөнөдү. Ыр жазчу тура, аны баары эле биле бербеген. Акыркы мезгилде эрмеги ыр болуп калган. Ооруканада жатканда жазган ырын жакындары бизге жолдоптур.

Оору мени күндөн күнгө желкелейт,
Карылыкты сагынгансып кел-кел дейт.
Башты ийбей тике карап өмүргө,
Ал ооруга Гүлжаш деген эмне дейт.



Мейли мага келе берсин карылык,
Карылыкты калганы жок сагынып.
Кудайымдан тилегеним бир гана,
Өмүр менен күлкү мага дарылык.

Өмүр болбойт небере да, бала да.
Капа эмесмин кудай берет мага да.
Артымдагы урпактарым көбөйсө,
Бар болгону кубат болот алар да.

Үмүт менен жашайт адам пендеси,
Кызыгы жок жашооңдун эмнеси.
Бул турмушта туура жолдо бара албай,
Аттиң ай деп өкүнөбүз эртеси.

Бермет сымал шурудай тизмектетип ыр жазып, акындыктын да жемишин көрө албады. Ал гана эмес, бул адамдын өмүрүнүн өчкөнү, балдарын да, бир тууғандарын да сезимдерине өкүнүч отун жандырып, көөдөндөрдү буулуктуруп, жүрөктөрүн ыйлатып, ыр жаздырды. Бул аялзаты туурасындагы баяныбызды ал жөнүндө иниси Асылбек Сооронбаевдин ал тирүү кездеги «Оорубаңыз сак саламат жүрүңүз» деген ыры менен соңуна чыкмакчыбыз.

Союз мезгил партиянын курамы,
Мугалимдер болду анын куралы.
Ошондогу тарбияда такшалган,
Гүлжаканга бүгүн көңүл буралы.

Ошондогу жыйырма беш жаш курагы,
Турмуш кысса эжем карап турабы.
Партиянын тапшырмасын аткарып,
Директорлук кызмат ишин сурады.

Совхоз анда Кызыл-Тууну жеңишкен,
Жаңы мектеп салыныптыр келишкен.

Ал мектепке Райышбек кызы Гүлжакан
Башчы болду мөөрөй алып жеңиштен.
Ал мезгилде курчтук сезим ойногон,
Аткара албай ар биришин тойбогон.
Эжем менен сыймыктанып, эли-журт,
Даалай жеңиш тойлорунда тойлогон.

Ак-Суу айылы туулган Ата журтуна,
Кирип келди сүйүнүч арта кулпуна.
Ата сыйын, эне сүтүн актоого,
Белин байлап ишке кирди жулкуна.

Партиянын тапшырмасын күтпөдү,
Өз мойнуна өзү жумуш жүктөдү.
Ата Журттуна кызматы ал үчүн,
Аткарылды, дагы көбү бүтпөдү.

Билинбеди таңдын канча атканы,
Билинбеди күндүн канча батканы.
Өкмөт иши оорун жүктөп эжеме,
Сынап жатты Гүлжакандай датканы.

Даалай сыноо жеңиш менен аяктап,
Эжекенин көрдү ишин барактап.
Эл агартуу отличниги сыйлыгын,
Берди өкмөт эжекени ардактап.
Сак-саламат, аман-эсен болуңуз,
Асман жерип, айга жетин колуңуз.
Жездем менен неберелер жетелеп,
Куттуу болсун кутман курак тоюңуз.

Ошентип, анын өрнөктүү эмгеги жомок болуп калды.



# Жөнөкөйлүгү менен баарына жаккан



Эшалиева Мыскал Асанбековна, А. Осмонбеков атындагы орто мектептин мугалими.

Эшалиева Мыскал Асанбековна 1958-жылы 11-июлда Аксы (мурдагы Жаңы-Жол) районундагы Ак-Суу айылында туулган. 1965-жылы А.Осмонбеков атындагы орто мектепке биринчи класска барганы элес-булас эсинде. Мектептин босогосун алгач аттагандан тартып, окууга болгон эңсөө күчтүү болчу. Мектепте жакшы окуду. 1975-жылы орто мектепти жакшы жетишкендиктер менен ийгиликтүү аяктап, жетилүү аттестатын алгандан соң, жогорку окуу жайына тапшырып, билимин улантууну чечти. Ал тамга тааныганынан китеп окуганга кызыгаар эле. Кийин улам класстан класска көчкөн сайын анын китепканага баруусу көбөйгөн, айрыкча көркөм адабияттарды өтө көп окуп, бир китепти окуп бүткөндөн кийин экинчисин алууга китепканага карай шашылчу. Кызыгына батканда каармандары менен кошо жүргөндөй аягына чыкканга ашыкчу. Китепти көп окушунун таасириби, айтор орто мектепти бүткөндөн кийин Фрунзедеги Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык инстутутунун филология факультетинин «Библиотекар жана библиография» бөлүмүнө тапшырып, 1979-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктады.

Алгачкы эмгек жолу өзү окуган А.Осмонбеков атындагы орто мектебинде китепканачы болуп иштөө менен башталган. Алгачкы күндөн китеп дүйнөсүнө аралашып, окурман-

дар менен берилип иштеп келди. Китеп алганы келген ар бир окурманга өзгөчө көңүл бөлүп, ал окуп чыккан китептин маанисин сурап, кайсыл китепти окуса боло тургандыгы туурасында сунушун айтып, дегиси мазмундуу иштеди. 1980-жылдан бери китеп фондусун үзгүлтүксүз байытууга умтулуп келет. Ошону менен бирге мектепте окуучуларга адеп сабагынан мугалим болуп иштеп келет. Сабагынын натыйжалуу жана кызыктуу болушу үчүн атайын адеп сабагы өтүүчү бөлмөнү заманбап жасалгалап алган.

Бул жөнөкөй, өз кесибин жогору баалаган адистин эмгеги жамаатта кези келгенде эске алынып, ысмына таандык жылуу ой-пикирлер айтылып, сыйга да, сыймыкка да татып келет. Өзүнүн жөнөкөйлүгү менен баарына жаккан. Райондук, областтык сыйлыктарга ээ болгон. Билим берүү тармагындагы үзүрлүү эмгеги үчүн КРнын билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланууга жетишкен жана ага Кыргыз Республикасынын « Билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү, жети баланын энеси. Ардактуу «Баатыр эне».

Мыскал Эшалиеванын өмүрлүк жолдошу Нургазы Момункулов борборубуздагы политехинкалык институтту аяктаган. Ушул күнгө чейин айыл өкмөтүндө иштеп келет. Ал эми биздин каарманыбыз Мыскал Эшалива азыркы мезгилге чейин А.Осмонбеков атындагы орто мектебинде үзүрдүү иштеп келатат. Бактылуу чоң эне, неберелерин маңдайынан сүйүп, алар менен таалайлуу жашоо кечирип келет.



# Айылдын кадырлуу айымы



Турдалиева Роза, «Кербен келечеги» коомдук бирикмесинин төрайымы.

Биздин каармандарыбыз ар түрдүү кесиптин ээлери, ар кайсыл курактагы адамдар. Алардын ар биринин өздөрүнө таандык тарых-таржымалы бар. Азыр эми азыркы кааарманыбыз өзү туурасында минип жазыптыр:

«Мен жөнөкөй, орто үй бүлөдө тарбияландым. Атам көп кызматтарда иштеген, совхоздо директор болгон. Өтө жөнөкөй адам эле. Апам болсо атамдын таап келгенин ордуна койгон, сарамжалдуу, өтө таза колунан көөрү төгүлгөн чебер аял эле. Ата-энем жети баланы өстүрүп, баарыбыздын билим алууга өз салымдарын кошушкан. Биздин турмушка тың, жашообуздун эң жакшы болушуна себепкер ата-энебиздин тарбиясы деп ойлойм.

Өзүм жөнүндө айтсам. 1953-жылдын 10-июнунда Ысык-Көл облусундагы Түп районунда туулуп, 1970-жылы Кара Көл шаарындагы соода техникумдун товаровед бөлүмүн аяктадым. Андан кийин 1973-жылдан соода тармагында иштей баштадым. Турмуштун агымы 1976-жылы мени эжем менен бирге Ош шаарына карай алып келди. Оштогу Мамакеев атындагы автотресте эсеп бөлүмүндө эсепчи болуп иштеп жүргөндө болочок жолдошум Жылдызбек Турдалиев менен таанышып, 1977-жылы экөөбүз баш коштук.

Менин турмушумда кызыктуу ирмемдер көп болду. Келин болуп келгендеги бир кызык окуя эсимде. Кайын энем аш-

канага бийигирээк жерге узатасынан кеткен жыгачка этти туздап, кыдырата илип, марли менен ороп койчу. Кайын энем мен келин болгондон бир ай өткөндө бир күнү «кызым этти карап тур», деди жумушуна кетип баратып. «Апа карап турам, дедим. Ошентип, бир жума өттү. Баягы илинген этти карап коем, ордунда турат, бийик жерге ким жетип, тиет эле. Бир күнү карасам жерге соймоңдоп ак курттар түшүп калыптыр. Үйлөрү илгери салынган үй эле. Үй эски болсо, тамдын башы курттап жатса керек деп ойлоптурмун. Күнүгө шыпырам, күндөн күнгө баягы курттар көбөйө берди. -Апа тамыңарга көп жыл болсо керек ээ, десем, анда кайын энем: «Ооба, кайын атам НКВД болуп иштеген маалда салынган, андан бери көп болду»,-деп үшкүрүп койду. Мага бул жооп абдан туура келди да, мен ага:-ошондой тамыңардын башы курттап жатат, мен күнүгө тээтиги жерди шыпырсам деле болбой курттар түшүп жатат,-дедим. Апам болсо мени олурайып бир тиктеп койду да: «балам тамдын башы да курттачу беле»,-деди. Мен болсо жүрүңүз көрсөтөм,-деп, баягы эт илинен жерге алып келдим. Апам дароо эле эмне болуп жатканын түшүнсө кекрек. «Кызым чараны алып кел»,-деди. Мен чараны алып келип кармап турам, апам марлини чече баштаганда эле жанагы ак курттар түшө баштады. Мен болсо, апа көрдүңүзбү, айтсам ишенбейсиз,-дедим. Ал столдон жыгылып кеткенче күлүп, «кагылайын этти карап тур, десем карабапсың да»,-деди. Мен болсо:- апа күндүгө эле этти карап турдум, эч ким тийбеди, мышык болсо жете албайт да, дедим. «Кагылайын ошентип турмушка көнөсүң, бир элден бир элге келип.биздин шартыбызга көнүш оңой эмес»,- деди.

Ошентип мен Аксы элинин турмуш шартына тез эле көнүшүп кеттим. Жолдошум айдоочу болуп иштейт. 1978-жылы Кызжибек аттуу кыздуу болдук. 1979-жылы Кербендеги жол курулуш башкармасында кассир болуп ишке кирдим. Аз убакыт өткөндөн соң, кампачылык ишти кошумча беришти. Өзүм ишке тың болсом керек, мекеменин профсоюзунун төрайымдыгына шайлашты. 70-80-жылдары сотко заседатель деп ар бир сот ишине катышуу үчүн көрүнүктүү, ишкер айым жигиттерди көрсөтүшөөр эле. Мына ошол сотко заседатель болуп беш жыл иштедим. Андан кийин 1993-жылы Союз бузулуп, элдин баары коммерция менен алектене баштады. Биздин ишкана да жоюлуп, мен да соода-сатык жагынан ишкердикти баштадым. 2005-жылы Москва шаарында иштеп жүргөндө кыргыз маданий борборуна мүчө болуп, зордук-зомбулукка учурап, турмуштан кыйналган мигранттарга жардам көрсөтүүгө көмөктөшүп жүрдүк. Турмуш шартка байланыштуу 2007-жылы балдарымдын жанына келүүгө туура келди. Бир күнү айыл өкмөт башчысы Жунус Базарбаев мени конторасына чакырып: « айыл башчы болуп иштеп бербейсиңби?», деп айтып калды. Көпчүлүккө салып, эл колдоп, Кербен шаарындагы Жарду Колот айылында айыл башчы болуп беш жыл иштедим. Айыл элинин түйшүгүн көтөрүү оор болчу. Бирок, өзүмдүн өжөрлүгүм менен айылдын көйгөйлүү маселелерин өкмөткө жеткирип, бир топ социалдык маселелерди чечүүгө жетиштик. Сегиз көчөгө шагыл төктүрдүк. «Кербен таза суунун» жетекчиси мага «эже элге суу маселесин чечүү үчүн сиздин жардамыңыз зарыл, сиздин койгон маселелериңиз туура, ошондуктан мага сиз сыяктуу мекенчил аял керек болкуп жатат , бизге участка башчысы болуп иштеп берсеңиз жакшы болот эле»,-деп калды. Ойлонуп көрсөм айыл башчылык деле эл менен иштей турган жумуш, суу маселесин деле чогуу чечсек болот экен, мен бул сунушка макул болдум да, айыл башчылыгына кошуп, участка башчысы да болуп иштеп калдым. Эл менен иштөө оор, бирок эл мени тарбиялады десем болот. Анткени, мен өтө тез адаммын. Кээде адамдын туура эмес жактарын көңүлүнө карабай катуу айтып коер элем. Ал эми эки жумушту аткарып жаткандан кийин элге болгон мамилем өзгөрдү. Анткени, иштегенде

карапайым эл менен кеңешүүгө туура келип, жардам, акыл да сурайт экенсиң. Бул жумуштар менин элге болгон мээримимди, жылуу сезимимди ойготту. Эмгегимди баалап, райондук акимчиликтен, суу чарба жетекчилигинен, айыл өкмөттөн мага Ардак грамоталар бериле баштады. 2012-жылы шаардык кеңешке депутаттыкка да шайлашты. 2013-жылы «Өкмөттүк эмес уюмдарды колдоо борборунун директору Э.Мавлянованын катышуусунда «Кербен келечеги» фонду түзүлүп, бул фондго мени төрайымдыкка шайлашты. Аталган фонддун милдети башка республикалардан көчүп келишкен этникалык кыргыздар менен иш жүргүзүү болуп саналат. Кыска убакыттын аралыгында биз фонд аркылуу эл аралык донорлорго төрт долбоор өткөрүүгө жетиштик. 2014-жылы фонддун жардамы менен «Айкөл» тигүү цехин уштуруп, 1000 доллар грант утут алып, тигүү машиналары алынып берилди. «Ак шумкар» тигүү цехине да мына ушундай жардамдар көрсөтүлүп, үч мал чарба топтору-«Күлүк дөбө», «Жетиген», «Курманжан датка» топтору түзүлүп, 20-25 этникалык жарандар иш орду менен камсыз болушту. Кудай буюрса фонд Кербен шаарынын аз камсыз болгон тургундарын жана этникалык кыргыздарга укуктук, экономикалык жактан жардам берүүсүн мындан ары да уланта берет.

Фондго Кербен шаардык мэриясынан атайын иш бөлмө берилген. 102 эникалык кыргыздар менен иштешип келатабыз».

Бул кол жазмада Роза Турдалиеванын максат багыттары, көз караш, ой туйгуулары да жазылыптыр. Анда айтылгандай 2014-жылы аны Кербен шаарынын аялдары аялдар кеңешинин төрайымдыгына шайлашкан. Бул коомдук уюм болгонуна карабастан, эмгек акы төлөнбөсө да иштейм деген адамга чоң жоопкерчиликти жүктөйт. Бул багытта да этникалык кыргыздар менен кошо аялдар, мектептердеги кыздар советтери, аялдар кеңештери менен иш алып барууга



аракеттерди жасап келет.

« Мен бул кызматтарым аркылуу элге моралдык жактан жардам берүү менен өз өлкөмө салым кошуп жатам деп ойлойм. Кыргыздар биз өтө ашыкча чыгымды көп колдонобуз. Эгерде кимдир бирөө каза болсо колунда барбы, же жокпу анысына карабастан ири жандык союп, ашыкча мата-кездемелерди сарптайбыз. Буга чек коюу үчүн айыл-кыштактарда түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарылдыгы туулат. Ушул жагдайда көп нерсе аялдарга тиешелүү болот экен. Аялдар кеңешинин төрайымы болгондон тартып, аялдар менен иштөөнү чечтик. Айылдарда чогулуш өткөрүп, кадыр барктуу, сөзү өтүмдүү карыя апалардан, айыл башчыларды шайлап алдык. Ашыкча чыгымга жол бербөө үчүн алар көзөмөл жүргүзүп турушат»,-дейт каарманыбыз. Анын айтымына караганда «Аймира» коомдук бирикмеси аркылуу уюшулган «Ынтымак жарчыларынын» активдүү лидери да. Дал ушул багытта эл ынтымагын бекемдөө үчүн, кала берсе, коңшулаш өзбек элинин ортосунда да чыр-чатакты болтурубоо максатында ынтымакка байланышкан иш чараларды уюштурууга жетишкен.

Анын мындан башка да бир топ коомдук милдеттери бар. Коррупцияга каршы көзөмөл коомунда да инспекторлук милдетти аткарат. Коррупцияга каршы жасап жаткан иш аракеттери үчүн облусттык тиешелүү жетекчилик тарабынан Ардак грамоталар жана баалуу белектер менен сыйланган.

Ал өзүнүн эмгегин, тажрыйбасын мүмкүнчүлүгүнө жараша эл үчүн арнагысы келет. Москва шаарында иштеп жатышкан кыздары «ден соолугуңуз кандай?», деп сурашканда «менин ооруганга убактым жок»,-деп жооп берет. Апасынын мына ушундай деми кыздарына да жаккандыктан, « сиздин оорууга эч качан убактыңыз жок боло берсин»,-дешип кубанышат. Анткени, анын эмгеке акы төлөнбөгөн жумуштары көп. Эл менен аралашып жүрүп чарчаганын да унутат. Ал

эми аш-тойлордо болсо, анын чимирилип бийлеп жатканын көргөндөр ан сайын суктануу менен карашат.

Үйдө ашканада эң жакшы кожойке. Салаттын түрүн жасайт. Ал келин болуп келгенде салаттарды түрдөп жасап, помидор, бадырандарды идиштерге туздаганын көргөн кайын атасы өз жолдошторуна: « менин келиним заводдогу банкадагы помидор, бадыраңдар менен ашканадагы лагман менен мантуну өзү эле үйдө жасап берет»,-деп мактанчу экен. Анткени, ал дастаркон толтуруп, конок тосконду жакшы көрөт.

Азыр ага Жарду Колот айылынын улуу-кичүүсү, жашкарысы баары тааныш, алардын балдарына чейин кайда окуп, кайда иштеп жатканынан бери бүт билет. Ошондуктан, бул айыл боюнча тиешелүү маалыматтардын баарын андан алышат. Себеби, айылдын ар бир тургунун көзөмөлдөн өткөрүп, журналага каттап койгон.

И баса Өмүралиев атындагы орто мектепте ата-энелер комитетинин төрайымы. Бул милдетти да жоопкерчилик менен аткарып келет. Анын уюштуруучулук аракети менен мектептин чатырын жаңылап, таза суу киргизилген. Өз каражатынан окуу жылынын аягында мыкты окуган, жүрүш-турушу жакшы окуучуларга стипендия берип турат.

Тизмектей берсе, Роза Турдалиеванын демилгеси менен жасалган иштер бир топ. Анын дагы бир өзгөчөлүгү кыргыздын каада-салтын эң мыкты билгендиги, кала берсе зарылчылык туулганда койду союп, өзү жиликтерге ажырата алгандыгы, мындай айымдар сейрек учураса керек. Кыскасы, каарманыбыз өз айындагы, кала берсе Аксы районунун Кербен шаарындагы абройлуу айым. Үйүндө беш кыздын бактылуу энеси. Сегиз неберенин тайэнеси. Эл арасындагы мына ушундай татыктуу айымдардын катарын биздин каарманыбыз да толуктап келет.



# Ала-Бука

## «Биринчи күндөн өзгөрүү жасоого киришкенмин»



**Зулайка Кулбаева, Ак-Коргон айылындагы лицейдин директору.**

-Мага дейре кесиптик лицейде Айчүрөк Балтагулова директор болуп иштеген. Ыраматылык жакшы аял болчу. Бул ааламдан эрте кетти. Жалпы аянты 7 гектарды ээлеген лицейди сактап калууда тикесинен тик турган бул аялзатынын эмгеги чоң. Ал болбосо балким айрым жерлердегидей биздин лицейдин имараты да таланып-тоноп кетмек беле. Бул жерде кабаттуу окуу корпустары, жатакана, лабораториялык, практикалык окуу бөлмөлөрү, кала берсе мугалимдер үчүн өзүнчө үйлөргө чейин мына ушул аялзатынын аракетинен бүгүнкү күнгө чейин кызмат кылып келет. 2011-жылдын ноябрь айында бул жерге жетекчи болуп келгенимде окуу жайынын имаратынын абалы башка аймактарга салыштырмалуу бир кыйла канааттандырарлык экен. Бирок, имаратты жыл сайын ремонттоп турбасаңыз бат эле кунары качып, кала берсе керектен чыгып да кетет. Ошол себептүү лицейде өзгөртүү жасоону ылайык көрдүм.

Ошол күнү бизге Ала-Бука районундагы Ак-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан лицейдин директору Зулайка Кулбаева Айчүрөк Балтагулова тууралуу эң оболу

жылуу пикирин айтып, анан жетекчиликке келгенден берки ишмердүүлүгүнө токтолду.

Анын айтымында «Казак-Мыстольт Кыргызстан» компаниясынын жардамы менен «Казакмыс» окуу борборун ачууга жетишти. Аталган компаниянын башкы директору Иляз Тулекеев бул окуу жайын айылдагы чакан бир жай болсо керек деп элестетип келип, бышык кыштан салынган заңгыраган кабаттуу жайды көрүп, бир чети таң калса, экинчиден ишеним артып, жардам берүү үчүн айткан сөзүнүн өтөөсүнөн чыгыптыр. Жатакананын экинчи кабатынын бир тарабын жатакана, экинчи жагын окуу бөлмөлөрү үчүн капиталдык ремонттоп, заманбап жабдууларын сатып берген. Ошентип, ал кесиптик лицейге шарт жаратуу үчүн 2 миллион 642 миң сомдук көмөк көрсөткөндүгүн лицейдин директору Зулайка Кулбаева канааттануу менен билдирди. Мындан тышкары жатакананын биринчи кабатын райондук жаштар жана жумуш менен камсыз кылуу мекемеси жана өздөрү биригип, 80 миң сом сарптап ремонттоп алышкан.

Жолун билген адамга, иштейм деген жетекчиге иш табылат экен. Кийин анын МерсиКОго жазган долбоору өтүп, 10 жана миграциянын эл аралык уюму аркылуу 8 тигүү машинасын сатып алышты. Анын негизинде кыздарга шарт түзүү максатында эки тигүү цехин ачышты.

Ал жетекчиликке келген мезгилдин биринчи күнүнөн тартып, кадрлардын жетишсиздигин жоюуга аракет жасады. Анын негизинде окуу жайы кадрлар менен толукталды. Буга буга чейин 11 үйдүн сакталып калгандыгы пайдасын берди, сырттан келген кадрлар үй менен камсыз болушту. Заманга керектүү болгон адистерди даярдап чыгарган бул окуу жайындагы шарттын түзүлүшүндө анын эмгеги чоң.

Сөз соңунда Зулайка Кулбаеванын жеке таржымалы тууралында учкай сөз. Айтымына караганда кесиби тарых мугалими. Алгачкы эмгек чыйыры балдар бакчасында тарбиячылыктан башталгандыгын, кийин мектепте мугалим,



азыркы Пирматов атынагы мектепте директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары, Кең-Кол айылындагы башталгыч мектепте директор, Өрүктү айыл өкмөтүндө жооптуу катчы болуп иштегендигин айтты. Өз үй-бүлөсү тууралында да маалымат берип, жолдошу Темирбек Юсупов «Райондогу Россимбанктын» директору экендигин айтып, ал ишинде дайыма колдоо көрсөтүп тураарын белгиледи. Экөө эки уул, эки кызды татыктуу тарбиялап келишет. Тун кызы Айша атасынын кесибин жолдоп, Жалал-Абад мамлекеттик университетинде банк иштери боюнча жогорку билимге ээ болсо, уулу Мырзалы Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин студенти. Салтанат ЖАМУнун медициналык факультетинде, уулу Бегалы мектепте окуйт.

Анын максаты өзү жетектеген кесиптик лицейди көрүнүктүү атайын окуу жайларынын катарына кошуу, бул багытта жасаган аракеттери да жемишин берип, окуу жайдын материалдык техникалдык базасы улам жакшырып, кызматкерлер менен окуучуларга түзүлгөн шарт да жакшырып бааратат. Ал үчүн бүгүнкү күнгө чейин жасаган иши канааттанууну жаратпайт. Буюрса дагы да өзгөрүүлөрдү жасоо тилеги бар. Ар бир жасаган ишинде ага ар убак таяныч болуп келишкен эмгек жамаатынын колдоосуна таянат.

Эгерде сиз жаз көктөмүндө, же жайдын толуп турган мезгилинде бул окуу жайына барып калсаңыз, кудум эле эс алуу жайына туш болгондой сезимдерге кабыласыз. Жалбырактарын желге сеңселткен бой тиреген бак -дарактар, жыпар жыты аңкыган кооз гүлдөр ан сайын жарашык берип, эгер сиз чарчоо тартып келсеңиз дароо денеңиз көшүлө, көңүлүңүз сергий түшөт.

# Ак-Коргондун башчысы

**Ак-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы Юсуфбек Турабаев жөнүндө баян.**

Ал жетектеген Ак-Коргон айыл өкмөтүндө чакан бир райондун элиндей болгон 22 миңден ашуун калк жашайт. Кыргыз-өзбек улутунун өкүлдөрүн бириктирген бул аймактын эли негизинен жер иштетүү менен тиричилик кылышат. Бул айыл аймагына сапар алсаңыз, Союз мезгилиндегидей эл үчүн кызмат кылып жактан имараттардын бузулуп, таланып, тонолбой сакталып калганына күбө болосуз. Бир катар социалдык имараттар өкмөттүкү катарында кадимкидей иштеп жатат. А балким мында көп жылдан бери айыл өкмөтүн жетектеп келаткан Юсуфбек Турабаевдин эмгеги бар сыягы деген ойго келесиз. Бул калетсиз. Тактап айткан да алынган маалыматка караганда төрт балдар бакчасы,1,5 гектар жери менен техникалык устакана, кырмандар баары турат. Мындан тышкары бир маданият үйү, 3 айылдык клубу, 4 китепкана, 8 мектеп жайгашкан. Азыр 4 айылда айыл башчынын атайын иш бөлмөсү бар. Майда ажуаздар, майжуаздар, жыгач иштетүүчү цехтер, мончолор калк кызматында. Бул аймакта «Айыл банкынын» филиалы, райондук виза жана паспорт бөлүмүнүн бөлүмчөсү иштейт. Район боюнча эң көп техника аталган айыл өкмөттүн аймагында сакталып калгандыгын Юсуфбек Турабаев белгилейт. Азыр 120 айыл чарба техникасы бар айыл аймагы жок экендиги балким чындык чыгар. Азыркы тапта ал жетектеген айыл өкмөттүн аймагында калк негизинен буудай, тамеки жана ушул сыяктуу айыл чарба өсүмдүктөрүн эгишет. Башка аймактардан айырмаланып, алма, кокон гилас, кайналы, шабдалы бактары бар, мөмөсүн сыртка сатышат. Эл соода-сатык менен да алектенишет, балык чарбасын уюштуруучкандар да бар. Бул да киреше берүүчү тармак саналат. 486 гектар жери менен «Кыргызстандын 10» жылдыгы деп аталган кооперативдик чарбанын мүчөлөрү буудайдын үрөнүн даярдашат, тамеки көчтөттөрүн парникте өстүрүп алышып, бул өсүмдүктү багышат. Көптөн бери «Сумел- табак» деп аталган түрктөрдүн компаниясы менен кызматташып келишет. Бул компания алдын ала көчөт өстүрүү үчүн үрөн жана пленка менен камсыз кылышып, сырье даяр болгондо килосун 98 сомдон сатып алышат. Өндүрүлгөн тамекиге бир сомдон социалдык обьектилер үчүн колдоо көрсөтүшөрүн айыл өкмөттүн башчысы айтат. Алардын берген акчалай жардамынын эсебинен айыл өкмөттүн жетекчилиги балдар бакчаларын ремонттоого, кошумча курулуштарын курууга көмөк көрсөтүп келишет.




Айыл өкмөт башчысынын уюштуруучулук аракеттери сырткы донорлорду тартуу менен бул аймакта көрүнүктүү жумуштардын аткарылышына түрткү болду. Алсак, Араб өлкөсү тарабынан 130 миң доллардык каражат жумшалып, «Кыргыз мечит» күмбөзү кайрадан калыбына келтирилген. ПРООН аркылуу Падек айылына 2 миң чакырым аралыкkка суу түтүгү орнотулуп, 5000 эл үчүн таза суу чыгарылды. Евразия фондусунун жардамы менен айылга кризистик борбор, балдар акчасы курулган. Алар кондитердик цех үчүн үчмеш да алып беришкен. Окуу борборуна 20 миң доллардык колдоо көрсөтүштү. АРИС аркылуу жайытка жол салынып, көпүрө курулган. Ошол жылы 7 миллион сомдук инвестиция тартылды.

Мындан тышкары да бир катар сырткы жана ички инвестиция тартылып, бир топ социалдык маселелер аткарылган.

Бүгүн бир жумуш аягына чыкса, эртеси башкасын жасоо зарылдыгы чыгат. Чече турган маселелер бир топ. Аларды аткаруу үчүн аракет жасап олтуруп, биринин артынан экинчи күн келип, жашоо улана берет.

# Базар-Коргон району боюнча

## Өрнөктүү өмүр баяны



**Мамасалы Кадиров, Базар-Коргон районундагы Алишер Навои атындагы орто мектептин директору, "КРнын эмгек сиңирген мугалими.**

Өмүрүн жалаң билим берүүгө арнап келген  бул инсандын басып өткөн жолу өрнөктүү экендигин анын эмгектик ишмердүүлүгүнөн билинет. Аны да бизге тааныштырган Базар-Коргон районундагы Сай-Коргон мектебинин директору Урмат Колдошева эле.

-Менин канчалаган кесиптештерим бар, алардын арасында өзүнчө сөз кылууга, эмгегин үлгү катарында айтып, жаштарга сабак болчу таржымалын баяндай турган инсандардын бири Алишер Навои атындагы орто мектептин директору Мамасалы Кадиров. Менин билишимче жыйырма  төрт  жылдан бери мектептин директору. Иштеп турса буюрса жакында чейрек кылым да болот. Азыр бир  жерде, биркызматта ушунча жыл жетекчи болуп эмгектенүү баарынын эле бактысына туура келбесе керек,- деди Урмат Колдошева бул инсан тууралуу өзүнүн жылуу пикирин билдирип, анын сөзүнүн да калети жок.

Мамлекет өз алдынча бөлүнүп, эгемендүүлүккө ээ болгону менен жаңы  жашоонун кыйынчылыктарын өз башынан өткөргөндөн тартып, азыркы күнгө чейинки бирде жакшы, бирде жаман, бирде ийгилиги, бирде кыйынчылыгы туш келген кырдаалдардын баарында мектептерге, анда иштеген мугалимдерге да таасири тийип, көпчүлүгү кесибин таштагысы келбесе, айрымдары " мугалим" деген улуу кесипти базарга алмаштырган чакта да, бул инсан эч кайда кеткен жок. Тетирисинче өзү жетектеген мугалимдер жамаатынын башын бириктирип, аларды бул мезгилдер утурумдук экенин, кайсыл бир күнү өлкөбүз бул кыйынчылыктан сөзсүз чыгып кетерине ынандырып,эмгек жамаатын бириктирип, ушул күнгө чейин келечек муундардын татыктуу билим алып, тарбияга ээ болуп чыгышына эмгегин да, билимин да сарптап келет. Ошол  себептүү бирге иштеген кесиптештери арасында чоң кадыр-баркы бар экендигин бул мектепке болгон иш сапарыбызда бир нее ирет байкадык. Жетекчиге түгүл, бир бирине да тике карап сүйлөбөй, жылуу-жумшак иштешкен мугалимдерге бир чети ыраазы да болдук.

Мамасалы Кадиров жетектеген мектеп райондун борборунан өтө алыс эмес жайгашып, көзгө бараандуу көрүнгөн билим уясы экен. Короодон кире берип, жайнап ачылган гүлдөрдү, иреттүүлүктү көрүп, жагымдуу сезимдерге туш болдук. Себеби, "Эшигин көрүп төрүнө өт", деп айтылган элибиздин сөзүнүн түпкүрүндө  терең маани жатат. Көрсө, адамдын пакизалыгы мына ушул короосунун тазалыгынан сезилет тура. Бир караганда эле жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги байкалып турган  билим саяпкери өзүнүн өткөн  өмүр, эмгек таржымалы тууралуу айтып берди.

-Мен Наманган шаарындагы мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүрүп келгенимде 21 жаштагы жапжаш жигит элем. Колумда жогорку билимимди тастыктаган дипломум бар, бул менин өмүрүмдөгү эң бир унутулгус жана кайталангыс мезгил болгон. Өзүм билимдин уюткусун алган мектебимдин босогосун, жаш мугалим катарында аттап жатып, көөдөнүмдү кубаныч уялап, толкунданганым балким башкаларга да сезилим турду сыягы. Мурда ушул мектепте пар-

тада олтуруп, мугалимден билим алсам, эми ошол партада олтурган окуучуларга сабак берүү мага да буюрду. Бул жерде мени окуткан мугалимдерим жылуу кабыл алышты, алар менен аралашып, чогуу иштөө менин бешенеме да жазды. Ошентип, өзүмдүн мугалимдерим Махамаджан, Азимжан, Ибрагим, Пазылжан, Арыпжан, Асирдин деген агайдарым дале иштеп жатышыптыр. Мен алардын көз алдында такшалуунун мектебинен өтө баштадым. Билбегенимди тартынбай сурап үйрөнүп, кээде аларга " сабагыңызды өтүп коеюнчу?", деп суранаар элем. Канчалык үйрөнүп, билүүгө умтулган сайын агайларым билгендерин менден аяшчу эмес. Ошентип, билим берүү тармагында 40 жыл иштедим. Анын 24 жыл мектептин директорлугуна арналды,-дейт каарманыбыз сөзүн бышыктап.

Ал жетекчи катарында өзү башкарган билим уясындагы оң менен терсти ачык эле айтты. Кубанычтуусу ынтымактуу жамааттын аракети окуучуларга чыныгы билим берсек деген ниет. Кайсыл мугалим, окуучунун билими тайкы болсун дейт, көбүнүн эле максаты биздин эмгегибиздин үзүрү кайтып, окуучуларыбыз жакшы билим алышса деген үмүт менен эмгектенип келишет. Алишер Навои атындагы мектепке жетекчиликке келген 1992-жылы окуучулардын саны 820ны түзгөн. Жыл өткөн сайын алардын саны өсүп,1997-1998- окуу жылында 1300гө жеткен. Беш жыл катары менен окуучулар үч нөөмөт менен окуп жүрүштү. Биринчи нөмөттө таң эртең келишсе, акыркы нөөмөттө окуудан тараган окуучулар каш карайганда үйлөрүнө кайтышаар эле. Класстык бөлмөлөр жетишпей келген. Мугалимдер 12 саат бою мектепте жүрүшчү. Мына ошондо ар кайсыл тарапка кайрылып, кошумча мектеп куруу зарылдыгын айткан Мамасалы Кадыровдун өтүнүчү ишке ашуу үмүтү пайда болду. Мектептин жанында дубалы бүтүп, бирок чатыры жабылбай токтоп калган имаратты ашар ыкмасы менен курууга бел байлашты. Базар-Коргон айыл өкмөтү, ата-эне-



лер, областтык капиталдык курулуш башкармасы биргелешип олтуруп, 300 орундуу жаңы мектептин имаратын ашар жолу менен куруп алышты. Жетекчи болуп иштегенден тартып, бир да тыным албай, мектептин материалдык базасын чыңдоого аракет жасаптыр. Ондон ашык мамлекеттик эмес жана эл аралык уюмдар менен иштешип, мектепке он миллион сомдон ашык каражат тартып келиптир. АБРдин колдоосуна таянып, 3 миллион сомго мектептин капиталдык ремонтун жасап, компьютердик класс уюштурса, АКТЕД аркылуу мектептин короосун тосмолоп, Аристин жардамы менен керектүү мебель алып жана бир лингафондук кабинет түзүштү. ЮНИСЕФ башталгыч класстардын жана ата-энелер бөлмөсүн жыгач эмеректер менен камсыздап, жалпы билим берүүчү мекемелердин демилгелерин колдоо фондусу музыкалык жабдуулар, компьютердик комплектер, проектор, фотоаппарат, видеокамера сатып берди. Оператор-кабарчыларды даярдоо максатында окутушту, алар 7-каналдан стажировкадан өтүштү. Мектеп турмушунан тартылып алынган видеотасмалар аталган фондго жөнөтүлүп, ал тасмалар жактырылып, Шерзат Абидовго акысыз эс алуу үчүн он күндүк Ысык-Көлгө жолдомо берилди.

Айыл өкмөтү, ата-энелер жана демөөрчүлөрдүн жардамы менен 3 миллион 300 миң сомдук каражатка атайын ашкана куруп алышты. Азык-түлүк Программасы боюнча долбоор жазып, 520 миң сомдук ашканага керектүү эмеректер менен камсыз болушту. Мектептин директорунун айтымы боюнча 1 миллион 200 миң сомго ачык чакан футболдук аянча курулду. Ошону менен бирге жабык кичи футболдук аянтчаны куруу максаты да ишке ашып олтурат. Окуучулар 80 пайыз жаңы парталар менен камсыздалган.

Бул ийгиликтер мектептин жетекчисинин уюштуруучулук эмгегинин жемиши болсо, ал сөз арасында мектептин 66 мугалиминин биргелешкен аракетинин да натыйжасы экендигин айтты. Буга кошумча билим берүү мекемелери-

нин демилгелерин колдоо борборунун Түштүктөгү координатору Каныбек Эшматов Мамасалы Кадировду жаңычыл жетекчи катарында баалай тургандыгын, анткени акыркы үч жылдан бери билим берүү жана тарбиялоо багытында "Мектеп коомчулуктун борбору катары" деген долбоор менен иштешип келатканын белгиледи. Анын негизинде окууда жана жазууда "Сынчыл ойлоону өстүрүү" программасын киргизишкен.

Акырында айтаарыбыз Мамасалы Кадиров эки уул, үч кыздын атасы. 11 небереси бар. Жубайы Рахимахандын кондитер азыктары боюнча технолог адистигин алган. Ал эми каарманыбыз буга чейин катардагы мугалимдиктен эмгек жолун баштап, Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмүндө инспектор, кийин жети жыл лагерде директор болуп эмгектенген. КРнын билим берүү министрлигинини Ардак грамотасы менен сыйланган. "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисинин ээси. Билим берүү тармагындагы өлчөөсүз эмгеги бааланып, 2010-жылы "КРнын эмгек сиңирген мугалими" наамын алууга жетишкен.

Бул ийгиликтер анын талыкпаган эмгегинин жемиши.



# Атанын чыныгы уулу



**Замирбек Мурзабеков, Базар-Коргон райондук оорукананын директору, "Саламаттыкты сактоонун мыктысы".**

Азыркы каарманыбыз тууралында сөз кылардан мурда бул инсандын атасы эмгектин жана билим бершүүнүн ардагери Мырзабек Култаев жөнүндө айта кетүүнү туура деп таптык. Жердештери бул инсанды учурунда Ачы өрөөнүнүн агайы деп коюшчу. Жалал-Абаддагы мугалимдер институтун бүтөрү менен Базар-Коргон районунун эң алыскы токой арасындагы Жай-Терек кыштагында жайгашкан Жай-Терек жети жылдык мектебине өз кесиби боюнча кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеп, педагогикалык ишмердигинин алгачкы чыйырын салган.1959-жылы Оштогу мамлекеттик педагогикалык институтунда сырттан окуп, анын дипломуна ээ болгондон соң, Базар-Коргон райондундагы Чкалов атындагы жети жылдык мектепке директорлукка дайындалган. Педагогдорго жетекчилик кылуунун тажрыйбасына ээ болгон соң, 1958-жылы ушул эле Ачы аймагындагы Правда орто мектебинде директордук кызматын уланган.

Мырзабек Култаев өз кесибин өркүндөтүүдө өз алдынча талбай окуп, талбай эмгектенген, адамгерчилиги ашынган мугалимдер менен жалпы тил таап, аларга өз жакынындай мамиле кылып иштөө канына сиңген, ошонусу менен жамаат арасында кадыр-баркка ээ болгон карапайым жетекчи-педагог болгондугун көпчүлүк жаашы билет. Ошондуктанбы, айтор Мырзабек Култаевди партиянын район-

дук комитети менен райондук элге билим берүү бөлүмүнүн жетекчилиги 1963-жылы Чкалов атындагы орто мектебине кайрадан директорлукка дайындап жөнөтүшкөн. Максат ошол мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо болчу. Бул максат жүзөгө ашкан соң, Мырзабек Култаев 1960-жылы Правда орто мектебине кайра директор болуп которулган. Анын башкы себеби бул мектептин эки кабат жаңы имаратын бүткөрүү болчу. Орто мектептин жаңы имаратын куруу демилгесин гана көтөрбөстөн, аны аткаруу үчүн күн-түн чиновниктердин каалгасын кайра-кайра кагуудан жадаган эмес. Куруучулар менен жалпы тил таап, курулушту тездеткен жана мектептин жамаатынын күчү менен класстык бөлмөлөрдү жасалгалоого жетишкен. Билимдүү педагог, ишти уюштуруунун чебери, Мырзабек Култаевдин эмгегин Кыргыз Өкмөтү баалап, "Эл агартуунун мыктысы" төш белгиси менен сыйлаган.

Билим берүүнүн ардагери Мырзабек Култаев жубайы Бурул экөө өз уул-кыздарын ата-бабалардын наркында тарбиялоого өзгөчө көңүл бурушкан. Алардын бул багыттагы мээримдүү эмгеги менен балдары тилектегидей татыктуу өсүп жетилишти. Тун уулу Кемел журналист, Замир- райондук ооруkанынын башкы дарыгери, Эркин-прокурор, Марат ата жолун жолдогон мугалим. Талант-ишкер, келини Батма Кеңеш айылдык амбулаториянын башкы дарыгери, Нурлан чарбакер, кыздары да атайын орто жана жогорку билимдүү, өз ата-энесине, кайын-журтуна кадыр-барктуу, барган жеринен бак тапкан таалайлуу инсандар.

Мырзабек агай кийинки муунга улуу устат, замандашарына чыгаан атуул катары, эл-журтунун сый-урматын аркалаган инсан.

Базар-Коргон райондук ооруkананын директору Замирбек Мырзабеков мына ушул инсандын уулу. Алар бир үй-бүлөдө жети бир тууган тарбияланышты. Замирбек Мырзабеков борборубуздагы мамлекеттик медициналык



институтун аяктап, балдар дарыгери адистигин алган. Аталган окуу жайын аяктаган кесиптештери сыяктуу эле ал да алгач Жалал-Абад шаардык ооруканасында интернатураны өтөгөн. Андан соң, Базар-Коргон районундагы ооруканада балдар дарыгери болуп эмгек чыйырын баштоо менен балдардын саламатчылыгы үчүн кызмат кылууга дит койду. Алгач дарыгер болуп иштесе, андан кийин бөлүмдүн башчысы болуп эмгек жолун уланткан. 1983-1987- жылдары Базар-Коргон районунун Совет кыштагындагы амбулаторияны жетектеп,1987-2005-жылдары райондук ооруканынын балдарды жандандыруу бөлүмүндө кайрадан дарыгер, бөлүмдүн башчысы болуп эмгектенди. Ал эми 2005-жылы аталган ооруkананын директорлугуна дайындалды. Бул кызматтык бийиктикке ал өзүнүн эмгеги менен жетишти. Мына эми азыр бул саламаттыкты сактоо жайын жетектегенине он биринчи жылга баратат. Албетте, бул аз убакыт эмес.

Замирбек Мырзабеков директордук милдетти аткарган он жылдын аралыгында аталган ооруканада чоң өзгөрүүлөрдү жаратты. Анын уюштуручулук аракети менен жасалган иштерди тизмектеп айта турган болсок, өзүнүн айтымына караганда 30 миллион сомдон кем эмес ички, тышкы инвестицияларды тартууга жетишти. Анын айрымдарын көз алдыбыздан өткөрүү үчүн артка бир кылчайып көрөлү.

Жетекчиликке келген алгачкы жылдары ооруkананын бөлүмдөрүнүн жылытуу системаларын оңдоп, кышкы мезгилде жылуу бөлмөлөрдө дарыгерлердин иштешине жана оорулуулардын ден соолугун чыңдашына шарт түздү. Ага каражатты кайдан табышты? деген суроо туулат. Биринчи ооруkананын атайын эсебине түшкөн каражаттан пайдаланышты. Анан республикалык бюджеттен, Базар-Коргон айыл өкмөтүнөн жана демөөрчүлөрдөн колдоолор болду.

Анын алдында өтө зарыл болгон дагы бир максат турду.

Көптөн бери капиталдык ремонт жасалбай, кунарсыз абалда турганы мындай турсун, жакшы шарты жок жугуштуу оорулар бөлүмүнүн жайын зарылоо зарыл болду. Бул кезде да анын өтүнүч каттарынын жыйынтыгы менен областтык, райондук мамлекеттик администрациялары, райондогу айыл өкмөттөрү биригип, 175 миң сом каражат беришти. Ошону менен бирге оорукана тарабынан атайын эсептен 400 миң сом каражат жумшалды. Андан сырткары да колдоолор болуп, баары биригип, 1 миллион сомго чукул каражат жумшалып, 35 койкалуу жугуштуу оорулуулар бөлүмүнүн жайы толук жаңыланды.

2008-жылы акысыз медициналык камсыздандыруу фондусу аркылуу 1 миллионго жакын каражат сарпталып, оорукананын бөлүмдөрүндө керебеттердин 80 пайызы жаңыланды.

Муну менен чектелип калган жок, ооруканада эң керектүү болгон бир катар жабдуулар менен толуктоо зарылдыгы турду. Республикалык бюджеттин каржылоосу менен цифралык ренгтген, эндовидио-хирургиялык жабдуулар менен камсыз болушту. Ар бири 3,5 миллион сомдон турган 7 миллион сомдук бул медициналык жабдуулар менен камыздалган ооруканада оорулуулар үчүн заманбап шарттар жаратылды. Ал эми ЮНИСЕФ тарабынан төрөт бөлүмүнүн канализациясы оңдолуп, кабыл алуу блогу капиталдык ремонттолду.

2011-жылы оорукананын ачылып, иштей баштышына 10 жыл толгон эле. Анын шарапаты менен атайын марафон өткөрүлүп, андан түшкөн 900 миң сомго оорукананын ички канализациясы жаңыланды. Бардык бөлүмдөрдүн кире бериштеги эшиктери пластиктен жасалган эшиктер менен алмаштырылды.

2014-жылы республикалык бюджеттин каржылоосу менен Могол, Кызыл-Үңкүр участкалык ооруканалары да капиталдык ремонттолду. Бул үчүн 3 миллион сомдон ашык



каражат бөлүнгөн. Ага кошумча Кызыл-Үңкүр участкалык ооруканасы үчүн бул аймакта атайын марафон өткөрүлүп, 400 миң сом каражат топтолгон. Натыйжада ооруканада шаардагыдай шарт жаратууга жетишишкен. Жылытуу системалары орнотулуп, жылуу суу менен камсыз болуп, ашкана курулуп, айланасынан бери тосмолонду.

-Республикалык бюджеттен каражаттын бөлүнүшүнө Жогорку Кеңештин депутаты Сайдулла Нышановдун салымы болду,-деп белгилейт директор Замирбек Мырзабеков.- Ошону менен бирге өткөн жылы Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму тарабынан “ Финансылык акыркы жыйынтыктоо” долбоору боюнча иштеп, 2 миллион сом утуп алдык. Анын тиешелүү бөлүгүн оорулуулар үчүн шарт түзүүгө жумшап, кошумча каражат да сарптап, жалпысынан 2 миллион сомго заманбап медициналык жабдууларды сатып алууга жетиштик. Өткөн жылы Базар-Коргон айыл өкмөтү тарабынан 80 миң сом каражат сарпталып, хирургия бөлүмүнүн операция жасоочу блогу капиталдык ремонттолду. Ошондой эле балдардын, чоңдордун экиден жандандыруу бөлмөлөрүнө пластик эшик-терезелер коюлду. Жогорку Кеңештин депутаттары Бакыт Төрөбаев имене Мирлан Бакировдор “Дамаск” унаасын белекке беришип, бүгүнкү күндө бул да оорукана үчүн кызмат кылып жатат.

“Кызыл крест” коому тарабынан 3 миллион сомдук каражат жумшалып, медициналык калдыктарды жок кылуучу жабдуулар менен камсыз болушуп, бул үчүн атайын бөлүм ачышкан. Албетте, мындай жагдай бардык эле ооруканаларда кездешпейт. Ошону менен бирге өз күчтөрү менен ашкананын чатырын жаңылоого жетишишти. Бүткүл дүйнөлүк банк аркылуу 5 миллион сомго СПИД лабораториясынын имараты оңдолуп, жаңы жабдуулар сатылып алынды. Бардык эле райондордо мындай мүмкүнчүлүк да болгон эмес экендиги талашсыз.

Республикабызда төрөт бөлүмүндө балдарды уурдоо

фактыларынын учурашы министрлик аркылуу оорукана-ларга талап күчөтүлдү. Мунун негизинде республикалык саламаттыкты сактоо министрлигинин тапшырмасы менен директор менен төрөт бөлүмүнүн ортосунда видеокөзөмөл коюлду.

-Дагы бир жакшы мүмкүнчүлүк райондук социалдык жардам берүү мекемеси башка жайга көчүрүлүп, анын ордуна клиникалык лабораторияны жылдыруу маселеси чечилди. Ал эми бул жердеги клиникалык лабораториянын ордуна кардиологиялык бөлүм ачуу максатын ишке ашырганы турабыз. Буга кадр бар, жабдуулар алынган, -деп айтат оорукананын директору Замирбек Мурзабеков.

Баарлашуубуздун соңунда каарманыбыздын үй-бүлөсү тууралуу маалымат алдык. Айтымына караганда эки уул, эки кыздын атасы. Жубайы Батма да балдар дарыгери кесибин аркалап келет. Уул-кыздары чоңоюп, эрезеге жетишип, биздин каарманыбыз эки неберелүү да болду. Тун кызы Мээрим Бишкектеги улуттук университетти бүтүрүп, бухгальтер-экономист адистигин алган, ушул тапта өз кесиби боюнча иштейт. Уулу Марс Майлуу-Суу шаарында ички иштер бөлүмүндө эмгектенет. Бектур Базар-Коргон райондук электр тармактар ишканасында ага инженер, Кызы Үпөл мектепти ийгиликтүү аяктап, азыркы мезгилде Бишкекте президенттик башкаруу академиясында окуп жатат. Ошентип, уул-кыздары жакшы өсүп-жетилишип, ата-энесин сыймыкка бөлөгөн кези. Ал эми өзү ардактап сүйгөн кесибинде урмат-сый менен жемиштүү иштеп жаткан учуру.



# Жараткандын берген белеги



**Жолборс Парманов, Базар-Коргон райондук электр тармактар ишканасынын башчысы.**

Жолборс Пармановдун электр тармактарында иштегенине 33 жыл болуптур. Кол менен санай келсек, аз эле убакыттай көрүнөт. Бирок, бул мезгил кырчын жаштыкты, дасыгып, такшалып, тажрыйба топтогон орто куракты, дегиси кызыктуу да, баалуу да өмүр ирмемдерин өз ичине камтыды. Бул жылдар өмүрдүн ачуусу менен таттуусун, оор менен жеңилин, капалыгы менен кубанычын, эң акырында жеңиштери менен жемишин кучагына батырды. Кандай гана мезгилдер болбосун кудум эле кинонун лентасындай болуп, ал убакыттар артка сүрүлүп, бүгүнкү кезге келдик, буюрса бул күндөр да өтөт. Мурдагы иштөө ыкмасы менен бүгүнкү иш стиль окшобойт, улам өзгөрүү, улам жаңылануу. Өзгөчө бүгүнкү жетекчи үчүн иштөө жеңил эмес, адистердин жөндөмүнө, кулк-мүнөзүнө, керек болсо пейилине жараша мамиле жасоого туура келет, иште чоң жоопкерчилик боло тургандыгын жаңы келген кызматкерден тартып, мурдатан иштеп келдаткан кадрларга дейре керек болсо күн сайын айтууга туура келет. Анткени, өзгөчө ушул тапта эл менен иштөө оңой эмес, өз талабын коюп келген кардардын алдында күнөөкөр болбош үчүн дайыма мыйзам менен иштөө керектиги зарыл болуп калган жагдайлар болот. Кээде өзү күнөөлүү болуп турса да, электриктерге дооматын кое сала күпүлдөп келген кардар да, анын жүйөөлүү сөзүнөн кийин өзү туура эмес иш жасаганын моюнга алып, кечирим сурап кеткен күндөр

көп болду. Демек, адистер менен гана эмес, эл менен да өз ишинен кынтык чыгарбай, мыйзам менен иштесе, эч ким ага күнөөнү оодара албайт экен.

Биздин каарманыбыз ушул тапта адистик да, жетекчилик да жактан такшалып,тажрыйба артып, иштин ыгын, сырын билип калган мезгили. Анын өткөн эмгек таржымалына сарасеп сала турган болсок, кантип жетекчи болуп калганы эсинде.

Анда 1996-жыл. Базар-Коргон райондук электр энергиясын сатуу ишканасында инженер болуп иштеп жаткан. Асылбек Тагаев аталган мекемеде жетекчи. Ага бир күнү айтып калды:

-Жетекчи болгуң келеби?

-Келет,-деп жооп берди шыр гана токтолбостон туруп.

-Анда Эргеш Төрөбаевге баргын,-деди.

Ошол күндүн эртеси Эргеш Төрөбаевдин кабыл алуусунда олтурду. Мурдатан анын жетекчилик иш стили, кулк-мүнөзү ага белгилүү, жакшы билет. Бирок, бет маңдай олтуруп, жеке бет келип, сүйлөшө элек болчу. Ал бет маңдайында олтурган токтоо мүнөз, бир сырдуу көрүнгөн жаш кадрдын сүйлөгөн сөзүнө баа берип, бир тармакты берсе иштеп кетерине көзү жетти. Ошентип, жетекчиликтин купулуна толгон жигит Ноокен райондук электр тармактар ишканасынын жетекчилигине жөнөтүлдү. Ошондо ал отуз беш жашта болчу, турмуштук да, эмгектик да жактан такшалган мезгили. Ал жерге барганда кыйналган жок. Такшалган адистер бар болчу. Алардын арасында 15 жыл райондук электр тармактар ишканасын жетектеп, диспетчер болуп иштеп жаткан Бектен Арзыбаев бар эле, орун басары Арстан Турдумбетов болчу. Мына ушундай тажрыйбалуу адистер менен иштөө ага жеңил болду. Бир жылдан соң, Базар-Коргон райондук электр тармактар ишканасына жетекчи болуп келди. 2003-жылы кайра Ноокен районуна жөнөтүлүп, андан соң, бир мекеме экиге бөлүнүп, электр энергиясын сатуу



мекемеси түзүлүп, ага жетекчиликке дайындалды. 2006-жылы "Жалал-Абадэлектронун" башкы директорунун биринчи орунбасары, тактап айтканда техникалык директору кызматына которулду. Областтын электр тармактары боюнча түйшүгү, жоопкерчилиги анын мойнунда болчу. Күндөп сегиз сааттын ордуна он эки саат иштеген мезгилдер көп кайталанды.

-Түнкү саат үчкө чейин Токтогулга барып келет элек. Суунун аздыгынан электр жарыгы өчүп калганда саат менен эсептешпей иштеген күндөр али эсимде,-дейт каарманыбыз Жолборс Парманов.- Областта 2009-жылга чейин мына ушул жооптуу кызматты аркалап, дал ушул жылы Токтогул райондук электр тармактар ишканасын жетектедим. 2012-жылы директорлор кеңешинин мүчөсү болуп, 2013-жылдын январь айынан Базар-Коргон райондук электр тармактар ишканасынын жетекчилигине келдим. Кайсыл жерге барбайын жан отум менен иштедим, мен үчүн жоопкерчилик башкы орунда турду. Кызмат жөндөн жөн эле берилбейт, эл үчүн кызмат кыл деп берилет. Ошого жараша иштөө керек.

Өзү айтмакчы Базар-Коргон районунда инженер болуп иштегенден тартып, ушул күнгө чейин эртең мененки саат 7-7,30дан тартып, кечкисин 10го чейин иштөөгө көнүп калган. Ойлоп көрсө майрам, дем алыш күн дегенди билбей иштептир. Электриктен эмгек чыйырын баштап, жетекчиликке чейин жеткен кызматында көптү көрдү.

-Электр жарыгы жетиштүү болуп, эл пайдаланган акысын убагында төлөсө эле светти беребиз. Электр энергия деген бул - суу, суу - бул товар. Суу болсо, электр энергиясы өндүрүлөт. Ошондуктан, биз да суунун көп болушун тилейбиз. 90-жылдарга чейин мамлекеттик сектор 70-80 пайызын, ал эми эл 30 пайызын колдончу. Азыр болсо тескерисинче электр энергиясынын 80 пайызга чейинкисин эл, 25-30 пайызын мамлекеттик сектор иштетет. Азыр эл күнү-

түнү электр жарыгынан пайдаланат. Муктаждык көп. Муздаткыч, телевизор, үтүк, жылыткыч, муздатуучу буюмдар, нан, кондитер азыктарын бышыруучу мештер, дегиси ушул сыяктуу электр жабдууларынын түрлөрү көбөйдү. Былтыркыга салыштырганда күнүнө 13 миң киловат саат электр энергиясы көп жумшалат, он күндүктө 270 миң киловат саат электр энергиясы көп пайдаланып жаткандыгы белгилүү. Базар-Коргон району боюнча да муктаждык мурдагы жылдарга салыштырганда көбөйгөн. Жаңы турак үйлөр курулуп жатат. 2013 -жылда эле 1000 абонент жаңы кошулган. Быйыл алты айда эле абоненттердин саны дагы 400гө жакын үй-бүлөгө көбөйдү. Кошумча тамактануу, соода-сатык жайлары пайда болууда. Бирок, ошого жараша электр энергиясын өндүрүүчү кошумча электр кубаттуулуктар жок. "Датка-Кемин" долбоору аягына чыгып, элди электр энергиясы менен тейлөөдө жеңилдиктер пайда болду. Анан да Камбар-Ата-1 ГЭСи толук бүткөрүлсө эл толук электр энергиясы менен камсыз болмок,-деди бизге Базар-Коргон райондук электр тармактар ишканасынын жетекчиси Жолборс Парманов.

Электр тармактарындагы көп жылдык үзүрдүү эмгеги текке кеткен жок. Баарынан Базар-Коргон районунда иштеген акыркы жылдары жемиштүү болду. 2013-жылдын 3-июлунда "Алдыңкы бригадалар" сынагында "Мыкты бригада" номинациясын татыктуу болушуп, эмгек жамааты жеңил автомашина унутуп алышты. КРнын энергетика жана өнөр жай министри Осмонбек Артыкбаев тарабынан Базар-Коргон райондук электр тармактар ишканасынын эмгек жамааты электр тармактар компаниялары арасындагы мелдешти уюштурууга жана өткөрүүгө салымы үчүн Ардак грамота менен сыйланышкан.

Ал эми Жолборс Парманов электр тармагындагы көп жылдык үзүрдүү эмгеги жана электр компанияларынын арасында "Эң мыкты бригадасы" мелдешти өткөрүүгө кошкон



салымы үчүн деп, Кыргыз Өкмөтүнүн Жалал-Абад областындагы ыйгарымдуу өкүлү тарабынан 2013-жылдын октябрында "Алкыш" баракчасы менен сыйланды. Мындан тышкары КРнын энергетика жана өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасына татыктуу болду. Мына ушундай Ардак грамота менен Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрация тарабынан да ээ болду.

Эл ишенимине ээ болуп, эки жолу жергиликтүү кеңештин депутаттыгына шайланган. Азыр экинчи ирет депутат катарында эл ишенимин аткарып жаткан кези.

Жолборс Парманов үй-бүлөсүндө жубайы Анипанын ишенимдүү жолдошу, балдарынын татыктуу жана камкор атасы. Анын аталык камкордугу менен эки уул, төрт кыз мыкты өсүп жетилишти. Жубайы экөөнүн сүймөнчүктүү болгон 5 небереси бар. Кыздары Акдаана, Шайыргүл банк кызматын тандап алышты. Гүлзада ата кесибин улантып, энергетика тармагы боюнча жогорку адистик алды. Уулу Жолдошбек ЖАМУнун бухгальтердик эсеп жана аудит факультетинин аяктап, жогорку билимге ээ болуп, ал да банк кызматында эмгек жолун баштады. Таттыбүбү Ош мамлекеттик университетинин медициналык факультетинин студенти, Курбанбек мектепте 11-класстын окуучусу.

Каарманыбыздын эмгектик да, үй-бүлөлүк да бактысы бар. Жараткан тартуу эткен ушул бактысына ыраазы. Эң башкысы эл ишенип, өзү умтулуп насип эткен кызматында иштеп келет. Бул жакшылыктардын баары пейли таза, иши ак, эл кызматын аркалаган бул жөнөкөй инсанга Кудайдын берген белеги.

# Саламат сакчысы



Нуркан Парпиева
тиш дарыгери

Нуркан Парпиева саламаттыкты сактоо тармагында 40 жыл эмгектенсе, анын 36 жылы Базар-Коргон районунда тиш дарыгери болуп иштөөгө арналды. 1977-жылы борборубуздагы мамлекеттик медициналык институтта жогорку билим алып, тиш дарылоо адистигине ээ болгон. Жолдошу Касымкул Каимов менен аталган окуу жайында бир курста окуп бүтүрүштү. Кийинки жылы башкача айтканда 1978-жылы асыл максат менен турмуш жолуна бирге кадам ташташып, Ош шаарында тиш эмканасында интернатураны бирге өтөштү да, Майлуу-Суу шаарында өз кесиби боюнча эмгек жолун улантып, ал эми жолдошу шаардагы медициналык окуу жайында мугалим болуп иштей баштады.

Балким турмуштун агымыбы, же өз жеринде өз элине кызмат кылуу насип эттиби, 1980-жылы Базар-Коргон райондук эмканасына келип, иштей башташты. Экөө тең бир жерде. Үйдөн чогуу чыгып, чогуу кайтышат. Турмушта да, жумушта да бир бирине таяныч болушту. Бул мезгилдин аралыгында катарынан эки уул, бир кыз төрөлүп, алардын үй-бүлөлүк түйшүгү да көбөйдү. Балдарынын алгачкы бал тили, тамтуң баскан кездери, бакчага, мектепке барган учурлары, анан мектепти бүтүп, колдоруна аттестат алып, жогорку окуу жайынын студенти болушу, дегиси ар биринин мына ушул сыяктуу кубанычтуу мезгили, ата-эне үчүн бактылуу күндөрдөн болду. Ар бир ирмем, ар бир кубанычтуу көрүнүштөр, бул үй-бүлө үчүн эсте калаарлык, кайра кайталангыс мезгилдер эле. Ошентип, сабалап мезгилдер өтүп, айлар айга алмашып, жылдар зымырады. Бал тилдүү наристелери чоңоюшту, окуп, кесип алышып, элге кызмат кылаарлык деңгээлге жетишти. Экөө тең жарышып иштеп жүрүшүп, балдарын окутушту. Мына эми тун уулу Мендибай Каимовдун аскердик даражасы капитан, чек ара кызматында иштейт. Кызы Наргиза «Ларк» юридикалык компаниясында башкы эсепчи. Медербек ата-энесинин жолун улап, тиш дарыгери. Үй-бүлөлүк бактылары азыр алардын балдары, мотурайган он небереси. Балдарынан көңүлү тынчып, эми неберелеринин келечеги кең болушун тилешет.

Жолдошу Касымкул Каимов бир кесипте, бир жерде талыкпай иштеп, нечен курдай райондун, областтык жетекчиликтердин Ардак грамоталары менен сыйланса, Нуркан Парпиева мына ушундай сыйлыктарынан сырткары «КРнын саламаттыкты сактоосунун мыктысы» төш белгисине татыктуу болгон. Экөө тең жогорку категориядагы дарыгер. Ал эми уулу Медер да ата-энесинин кесибин улап, чогуу иштеп келишет, ал биринчи категориядагы дарыгер эсептелет.

Бул үй-бүлөнүн ортосунда бир күнү бир ой пайда болду. Анда да Медербек окуусун аяктап, дипломун алган учуру болчу.

- Азыр саламаттыкты сактоо тармагында да менчикке өткөн канча дарыгерлерибиз бар. Биздин үйдө үчөөбүз тиш дарыгерибиз. Биз да менчик эмкана курсак, кадр маселесинен тартыштык болбойт. Баары бир менчик медицина өнүгөт,-деп калды үйдүн кожоюну болгон балдардын атасы. Бул пикир жубайы Нуркан Парпиевага да жакты.

-Медер да Бишкектеги мамлекеттик медициналык институтун тиш дарылоо бөлүмүн бүтүрүп келген. Ишти биз баштап берсек, уулубуз өзү улантып кетет, ага чейин чогуу иштеп турабыз, көрө-көрө көсөм болот, бизден үй-

рөнөт, тажрыйбасы артат, биз улгайганда өзүнүн менчик тиш дарылдоо эмканасын өзү башкарып калбайбы,-дейт жолдошунун сөзүн кубаттаган жубайы. Ата-эненин мындай кадамы чынында Медерди да кубандырды.

- Албетте, бул пикириңер жагып турат. Өз алдынча иштөө деген кандай сонун,-деди уулу ата-эненин оюн кубаттай.

Көптөн бери көңүлүндө багылып келген ой сыртка чыгып, Касымкул Каимов үй-бүлөлүк каражаттан үнөмдөн чогултуп келишкен каражатка Базар-Коргон районунун автобекетине жакын жерден чаккан жер сатып алышты. Бул жерге заңгыратып, чоң кылып, имарат курууга болбойт. Жерге жараша чакан, бирок эки кабаттуу жай курушту да, биринчи кабатын өздөрү ойлогондой тиш эмканасы деп ачышты. Бул үчүн атайын банктан насыя алышкан. Чакан беш бөлмө, келген адамдар үчүн да атайын бөлмө уюштурушту. Ысык-муздак суу киргизип, жылуу пол жана бөлмөлөрдү жылытуу үчүн атайын жылытуу системаларын орнотушту. Керектүү болгон жабдууларды толугу менен сатып алышты. Ал эми экинчи кабаты азырынча туруп тураар, аны иштеп, каражат тапканда дагы бир пайдалуу жумуш жасаарбыз, деген ой менен атайын лицензия алып, баарын мыйзамдаштырып, 2010-жылы ишти башташты. Уулу Медербек бул жерде тишдарыгери болуп иштейт. Бардык шарты бар, таза, жайында салкын, кышында жылуу жайда иш баштоо көңүлдүү болду. Таза жайга кардарлар да келишет тура, бара-бара тиш оорусунун айынан жардам сурап келген адамдардын агымы көбөйө баштады. Нуркан Парпиева жолдошуэкөө тең райондук тиш эмканасында түшкө дейре иштешсе, түштөн кийин саат 14төн соң,.өздөрүнүн менчик иш жайында иштерин улантышат.Ошентип, бул үй-бүлөнүн аракетименен менчик тиш эмканасынын ишке кириши беш жумушчу орунун пайда кылды.

- Бул биздин үй-бүлөнүн ийгилиги. Жолдошум экөө бүз буга чейин элге адал кызмат кылдык деп ойлойм, башка



бирөөнүн акысын жебедик, артыбыздан эч кимди чуркатпадык, бирөөнү алдаган да жокпуз, бешене терибиз менен мамлекет берген маянаны алып иштеп келдик. Иштеп тапкан каражатыбыз менен балдарды окуттук, өзүбүздүн турмушубузду бекемдедик.-дейт НурканПарпиева.- Жолдошум экөөбүз отуз тогуз жыл бирге жашап, турмуштун жүгүн бирге көтөрүп келдик. Алгач бирөөнүн үйүндө ижарада жашасак, тынымсыз эмгектенип балдарыбызды да иштөөгө үйрөтүп, айылга заманбап үй куруп, шаардагыдай шартты жараттык, өз колубуз, өзүбүздүн таза эмгегибиз менен бардар жашоону куруп алдык.

Бирок, менчик тиш эмканабыз бар деп, мурда иштеп келген жумуштарын таштаашкан жок. Бул жерде уулу Медербек да эмгектенет, ал райондук тиш эмканасынын башкы дарыгеринин орун басары. Кыскасы дем алууга убакыт жок. Баштаган ишти токтотпой, жүргүзүп кетүү үчөөнүн тең милдетине кирет. Ата-энеси сыяктуу тынымсыз иштөөгө алгачкыйналып жүрсө, Медербек ушул тапта көнүп кетти.

-Кардалар кудайга шүгүр, биз тиш дарылайбыз, дароо алып таштабай, мүмкүн болушунча тишти дарылап, калыбына келтирип, сактап калууга аракет жасайбыз,-деп белгилейт Нуркан Парпиева. -Жаш өткөндө экинчи ирет тиш чыкпайт, ошондуктан бар тишти сактап калуу керек. Бизге келгендерге эң оболу мына ушундай кеңеш беребиз.

Биздин каармандарыбыз мына ушундай өз кесибине берилген адистер экендигине ынандык.

# «АККАН АРЫКТАН СУУ АГАТ»

Тээ Союз учурунда Түштүк эли « ак алтыны» менен даңкталып, күтүрөгөн мал багып, анысы кокту - колотко батпай жамырап көбөйүп, ак ниет эмгектин шарапаты менен өрнөктүү иштегендер эмгегинен баар таап, канчалары төшүнө жаркыратып, Алтын Жылдыз такты. Мына ушундай инсандардын катарында Базар-Коргон районунан чарба жетектеп, колхоздун экономикасын көтөрүп, элдин жашоо деңгээлинин жакшырышында эбегейсиз кызмат өтөгөн, Социалисттик Эмгектин Баатыры Акун Тарыхчиев да болгон. Ал кезде булар таза эмгеги, чыныгы кызматы менен белгилүү болушкан.



**Эмил Тарыхчиев, Базар-Коргон райондук мамкаттоо башкармасын жетектеген.**

Акун Тарыхчиевдин 11 уул-кызынын ичинен уулдарынын арасынан эң кенжеси Эмилбек Тарыхчиев бүгүнкү күндө ата жолун улап, Базар-Коргон районундагы жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармасынын башчысы катарында эл жүгүн, эл кызматын жоопкерчилик менен аткарып келет.

Мен бул адамды тааныгандан бери анын мүнөзүнөн, турпатынан, адамдарга болгон мамилесинен көбүнө окшобогон сапаттарды байкадым. Көп жетекчилерде кездешпеген чеч-киндүүлүгү менен айырмаланып турат. Бир караганда эле-турпатынан жетекчиликке тарбиялангандай сезилет. «Куш уядан эмнени көрсө учканда ошону алат» тура. Эмгектин Баатыры, Союз учурундагы даңазалуу башкарма Акун Тарыхчиевдин кенже уулу тууурасындагы баяныбыз ушундайча башталат.



Ал мамлекеттик каттоо кызматында такшалды. Бул жумушунда иштеп кызматынан көрүнүп, жумушунан да бошоп, акыйкаттык орноп кайра келип, дегиси бул иштин ийне-жибине чейин өздөштүрүп « менмин» дегенканча чиновниктерге камчы салдырбай, элдин жүгүн көтөрүп, элдин кызматын кылып келди. Ушул ишинин таасири менен турмуштун өйдө-ылдыйын өз башынан өткөрүп, кыйынчылыгы менен жеңилин, жакшылыгы менен жамандыгын, акырында жеңиши менен жемишин көрдү. Кандай гана кырдаалболбосун көңүл чөгөрүп, ийилбей, ошол турпатынан, мурдагы салабатынан жазбай келет. Жетекчи кезде кандай болсо, жумушсуз калганда деле ошол кебелбестигинен жазбады. Башчылык кызматын аткарып жатканда деле бут тосcондор, ишине бөгөт койгондор болду. Анын негизинде борбордон тартып, өзү иштеген кызматтын республикалык жетекчиликтерине чейин текшерип кетишти, анын кынтыксыз иш жасап, мыйзамды бузбаганын көрүп, ыраазы болгондор көп болду. Сыртынан байкап туруп, анын эркинин бекемдигинежана күчтүүлүгүнө таң калдык.

Базар-Коргон райондук мамлекеттик каттоо кызматына жетекчи болуп иштеп туруп, кызматкерлер үчүн шарт жаратып коюп, кийин бул жерден башка жакка которулуп кетип, кайра келгенде жасалган нерсе жок болуп, бир гана нерсени айтканда кала берсе олтурган орундуктардан бери пахтасы чыгып самсаалап турганына ичи ачышкан. Бул мекеменин мына ушундай кунарсыз абалын көргөн райондун ошол учурдагы жетекчиси, ал жетекчиликке келгенден айрым ушак-кептерге ишенип, сыртын салып жүрсө, кийин-жакшы санаалаш адамдардан угуп, «бу жигитти таарынтып алдым көрүнөт» деген ойдо болуп, бир аз убакыт өткөндө өз буту менен басып келип, иш бөлмөсүнө кирип алып, бир чети таң калса, экинчиден ыраазычылыгын жашыра ал-

бай, колун бек кыса кармап, «баракелде бу жигит кишинин иши», деп тамшанып кеткенин да уканбыз. Ошондон тарта бул жигиттин эмгегине ошол жетекчи баа берип, кээ-кээде-башкаларга мисал келтире айта да жүргөн.

Анын Базар-Коргон районунда өз орду, өз жүзү бар. Кээ бир адамдарга окшоп, кошоматтана жүгүрбөгөн, ар кандай-сөздү тайманбай бетке айткан, өткүрлүгүн жактырбагандар да аз болсо да кездешет.

« Менин бир гана куралым мыйзам. Ишимде мыйзамды бузбай, так иштесем, кимден коркмок элем. Кийин артымда жаман сөз калбасын деп, балдарга да туура иштегиле.-деп көп айтам»,-дейт каарманыбыз.

Чынында бир жерди эки, же андан ашык адамга берип коюп, артынан чыр чыгарган айыл өкмөттөрү жок эмес бар, анын айынан мамкаттоонун адистери убара чегишет. Мына ушундай кырдаал туш болсо, баары мыйзамдуу чечилмейинче, жердин, же мүлктүн ээсине күбөлүк жасап, карматасалбайт. Бул да чоң жоопкерчилик.

Аны сыртынан билген адамдар бай дешет.

«Албетте, мен баймым, менин байлыгым менин үйбүлөм. Мен аларды эч нерседен кем кылбай карап, багуугамилдеттүүмүн. Турмуштук керектөөлөрүн камсыз кылуу, балдарды окутуп, кесип алуусуна, жумушка орношуна, үйбүлө күтүшүнө камкордук көрүү менин мусулман баласы катарында да милдетиме кирет. Менин жакындарым эч нерсеге муктаж болбой жашашы керек. Ошондуктан, ашыкча дүйнө топтоп, ошол байлыгым менен мактангым келбейт»,-деген сөзүн уктук. Анан да « менде иштегенкызматкерлер жакшы маяна алып, жакшы жашаса кубанам, бул үчүн алар ошончолук так, жоопкерчилик менен таза жана көп иштөөлөрү керектигин» айтам,-дейт. Анын мындан башка райондогу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга, согуштун катышуучуларына, авганчыларга, аз камсыз болгон адамдарга кайрымдуулук жардамын берип жүргөнүн да билебиз.



Бул инсандын эмгек таржымалы туурасында учкай айта кетели. Эмилбек Тарыхчиев орто мектепти бүткөндөн кийин Ташкент шаарындагы ирригация жана механизация, инженерлер институтунун жерге жайгаштыруу факультетин аяктап, алгачкы эмгек чыйырын 1984-жылдын ноябрь айында Жалал-Абаддагы жерге жайгаштыруу экспедициясында жерге жайгаштыруу боюнча инженердик кызматтан баштаган. Ошондо ал 23 жашта болгон.1985-жылдын август айында Базар-Коргон райондук айыл чарба башкармасынын жерге жайгаштыруу боюнча башкы инженердик кызматына жиберилген.1991-жылдын ноябрь айынан жаңыдан уюшулган жер жана агрардык реформа боюнча райондук комитеттин төрагалыгына дайындалган.1993-жылдын апрель айынан райондо жер инспекциясынын директору, 1995-жылдын ноябрынан жер жана агрардык реформа боюнча райондук борбордун директору, 1997-жылдын январынан райондук жер башкармасынын башчысы,1999-жылдын август айынан 2007-жылга чейин райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармасынын башчысы, 2007-жылдын март айынан 2008-жылга чейин Сузак райондук мамкаттоо башкармасынын башчысы, 2008-жылдын февраль айынан ноябрь айына чейин Ош шаардык госрегистрдин башчысынын орун басары, ал эми 2008-жылдын ноябрь айынан баштап, 2010-жылдын 22-июнуна дейре Базар-Коргон раймамкаттоо башкармасынын башчысы болуп иштеген. Ал эми 2011-жылдын 7-июлунда бул кызматка кайрадан келген.

Анын өз ишинде татыктуу эмгеги бааланып, 2000-жылдагы «Мыкты жетекчи», ал эми ал жетектеген эмгек жамааты дал ушул жылдагы «Эң мыкты эмгек жамааты» номинациясына татыктуу болуп, Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган. 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо агентствосунун Ардак грамотасына жана баалуу

сыйлыгына татыктуу болгон. 2012-жылы областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, ошол эле жылы Кыргыз Республикасынын «Каттоо кызматынын отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

Эмилбек Тарыхчиев өз кесиби боюнча аталган кызматта 30 жылга чукул эмгектенип келди.

Эмилбек Тарыхчиев жетектеп турганда бул башкармалык жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо багытында иш жүргүзгөн көрүнүктүү мекемелердин катарына кирген.

Көбүнөн айырмаланган чыныгы жетекчиге таандык сапаты, маселе жаралса кечиктирбей чече билген чечкиндүү касиети, өз ишине тактыгы жана билгичтиги аны менен кызматташуубузга да түрткү болгон. Көрсө, жетекчилик деле чоң талант турбайбы. Жараткан деле сүйгөн пендесине ыйгарабы, айтор, баары эле жетекчи болуп туулбайт. Бир караганда өз ишинин устаты. Бул тармакта тажрыйбасы мол, ошол тажрыйбаны жашынан кукумдөп топтоп, мына эми баралына жетип, толуп турган кези. Кандай гана жумуш болбосун майын чыгара аткарып, өтөөсүнөн чыгып, бул тармакта такшалып, каныгып калды.

Бир курдай ал тууралуу бир кесиптешинин айтканы бар: «Эмилбек өз ишин билген такшалган жетекчи. Ага канчалары бут тосуп, сындырууга аракет жасашты, кетирип да көрүштү, анын таза, мыйзамдуу иштегенинен өз ордуна кайра алып келишти. Ал көп жылдар каттоо кызматында иштеп келсе байлык топтогон жок. Мынчалык билгичтик, билим, тажрыйба болгондо айрымдары эмдигиче байып кетмек». А балким, бул сөздүн чындыгы бар чыгар.

Алынган маалыматтарга таянсак, ал бул Базар-Коргон райондук мамлекеттик каттоо кызматын жетектегенден берисин эле айта кетсек, алсак планда белгиленген 3 миллион 800 миң сомдун ордуна 5 миллион 700 миң сомдук жумуш аткарышкан. Чындыгын айтканда айрым калкы көп жашаган



ири райондор менен барабар эле элге кызмат көрсөтүшкөн. Жыл ичинде 985 500 сом салыкка, 889 400 сом социалдык фондго төлөшкөн. 2013,2014,2015-жылдарда көрсөткүчтөр улам өсүп олтурду.

-Мамлекеттин бир сом да албайбыз. Биз бир гана чарбалык эсеп менен иштейбиз. Күнүнө 20дан кем эмес адамды тейлейбиз, жылына эсептегенде орточо 60 миңден ашык адамга кызмат кылабыз. Негизинен жерге, мүлккө болгон укуктарды каттайбыз, белекке берүү, мураска калтыруу, күрөөгө коюу, сатуу, сатып алуу, жана ушул өңдүү багыттарда элге кызмат көрсөтөбүз,-дейт Эмилбек Акунович.- Азыр бизде адистердин орточо эмгек акысы 15000 сомду түзөт. Иштеген ишибиздин жыйынтыгына жараша эмгек маяны мыйзамдуу түрдө көбөйтүп турабыз.

Бир курдай барлашуубузда ал ушундай дедит. Анын айтымына караганда иштеп табылган каражат өз орду менен жумшалат. Кызматкерлердин иштөөсүнө шарт жаратуу багытытында белгилүү өлчөмдө каражат сарпташат. Ар бир иштеген адис компьютерлер менен камсыздалган. Акыркы жылдары имаратты бөлмөлөргө чейин ремонттоп, керектүү болгон эмеректер, техникалар менен толуктап алышкан. Андан тышкары жыл сайын кезеги келгенде Улуу Ата Мекендик, Ооган согушунун катышуучуларына, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга, 1-июнь балдардын күнүнө карата жыл сайын акчалай жана материалдык колдоолорду көрсөтүп турушат. Кесиптик майрамдарга, даталуу күндөргө каражат бөлүнөт, кызматкерлерге материалдык колдоо көрсөтүлүп келди.

-Жаңыдан каттоо системасы киргенде кадрлар атайын окутуудан өткөрүлгөн болчу. Ага кошумча жыл сайын Бишкекте жана Ошто атайын окутуулар жүрүп, кызматкерлер кесиптик чеберчилиги жогорулатып турушту. Кезеги келгенде кадрдык толуктоолор жүрүп турду.

Ал жетектеген тармактын жоопкерчилиги чоң. Ошого жа-

раша жеңил деп айтууга болбойт.

-Кайдан жеңил болсун. Иштөө аябай оор жана жоопкерчилик өтө күчтүү. Туура эмес иш-аракеттерге, туура эмес документтер үчүн тиешелүү органдарга жооп беребиз. Ошондуктан, кызматкерлерди жумушка алууда да үч айлык сыноодон өткөрүп, бардык талаптарга жооп берген адистке гана буйрук чыгарылат. Демек, ишибизде дайыма тактык, туура, билгичтик менен иштөө талап кылынат. Мыйзамсыз жолго барбай таза иштесек, бизге элдин ишеними да ошончолук артат жана алардын алдында жүзүбүз жарык болот..

Артка бир кылчайып көрсөк. Каармаларыбыздын айтымына караганда:

-1999-жылы азыр биз олтурган имарат терезелери талкаланып, дубалдарынын шыбагы көчүп, жагымсыз абалда турган. Мындай жерде кантип, иштин ийгилиги болсун. 2001-жылы ремонттоо иштерин жасадык. 2007-жылы экинчи ирет, 2009-жылы үчүнчү ирет, толук жаңылап алдык. Кызматкерлер үчүн жетээрлик шарт жараттык. Заманбап техникалар менен камсыз болдук. Жашоо бир жерде токтоп турбайт экен, заманга жараша жаңылануу болуп туруш керек.

-Өз кесибин сүйгөн адис эртең менен жумушуна шашат. Анан жакшы жайда иштеген, эмгек жаматында ынтымак, жылуу маанай түзүлгөн шартта кызматкер күн сайын өз үйүнө шашкандай эле жумушуна да көңүлдүү маанай менен ашыгып келет. Анан эмгек маянасы турмуштук керектөөсүн канааттандырып турса адис өз жумушунда көңүлдүү эмгектенет. Биз дал ушундай шартта, көңүлдүү маанай менен иштеп жатабыз деп ойлоймун. Буюрса, мындан да жакшы болот. Баары жетекчинин ишмердүүлүгүнө жараша.-дейт биздин каарман.

Ал чыгармачыл адамдарды балаган инсан. Албетте баарына жетишүү кыйын. Бирок, жакшы чыгарма, жакшы китеп болсо баш көтөрбөй окуп чыгат. Бир курдай «Манзура Эшиева» аттуу жаш калемгер анын жетекчилик, бир чети инсандык сапатын баалап, атайын ыр арнаптыр. Ал ырынын темасын «Буюрса сен тарыхта каласың», деп коет. Автордун каарманыбызга арнаган ушул ырын кыстарма катарында кошуп коюуну туура таптык. А балким, ал да баамдаганын жазган чыгар.



«Кызмат кылдың канча жерде талыкпай,
Үй башчысы үй-бүлөдө алтындай.
Эмгегиңдин ырахатын көрүп сен,
Бир кызматта дүркүрөдүң жаркылдай.
Эмгегиңден жердин бети көгөрүп,
Ташка дагы гүл жайнады кулпуруп,
Жемиш өстү жер алдынан булкунуп.
Канча адамды колдоп сен ишинен,
Бакыбаттуу,бай жашоону куруштуң,
Айылыңды жаркыратып жашарттың,
Суктангандар канча сага жетпеген,
Тамшандыра көзүн буруп караттың,
Эл оозунан мактоо сөзү кетпеген.
Атың чыксын көтөрүлүп бийикке,
Даңкың чыксын кызмат менен элиңе,
Адал иштеп, урмат-сыйды ала бер,
Кут кондуруп, өзүң куттуу жериңе.
Ак кызматыңдан элден алкыш ала бер,
Элиң билсин, элим деген адамсың,
Сенин ысмың кылымдарга тарасын,
Кызматыңда кадыр-барктуу иштесең,
Дагы канча элден бата аласың.
Кылган ишиң, баскан изиң бараандуу,
Буюрса сен тарыхтарда каласың.
Өмүр берсе, оо Теңирим Жараткан,
Улуу жолдо, дагы алыска барасың.
А артыңда көрүнүктүү из калып,
Ала бергин элдин алкоо батасын».

Ойлоп көрсөк, баатырлар гана эмес, жакшы адамдын, жакшы багбандын да аты тарыхта калат. Ар бир адамдын өткөн тарыхы, таржымалы болот. Бири жакшы бала тарбияласа, башкаса элге айтаарлык жакшы иш жасайт.

Эмилбек Тарыхчиевди аша мактабайлы, бирок чындыгын айтканда өзүнүн билимине, иштеген кызматына жараша элге кызмат кылып келди. А ата катарында да жакшы бала тарбиялап, артынан жакшы муун өстүрүп, ай чырайлуу аялынын камкор жары катарында да бекем, туруктун үй-бүлөнүн ээси болуп келет.

Өз бешене тери, өз эмгеги менен жеткен кадыр-баркынан, бактысынан кудайым айырбасын. Тээ башында айткандай атасы Акун Тарыхчиев да эл башкарган адам болгон. Бул да Жараткан берген сый-урмат, жараткан тартуулаган кызматтыр балким. Кыргыздын азаматына Жараткан кезеги менен бакытты берет экен да, аны кармаган кармап калат тура. Ага да акыл, билим, эмгек, көрөгөчтүк керек экен.

Акырында айтар сөз, ийгиликтүү адамдардын досдушманы көп тура. Муну өткөн тарых да тастыктайт. Көп адамтар тоскоолдукка, бут тосууларга туш болот. Бирок, турмуш муну менен токтоп калбайт. Кайсыл бир күнү чындык бар экендиги ырас болсо, кимдин ким экендигин мезгил таразалап коеру акыл-эстуу адамга гана белгилүү. Эч ким бул жашоодо тирөөч болбойт. Бирок, бу тирүүлүктө « Аккан арыктан суу ага берет». Бул биздин сөз эле сөз эмес, тээилгертен айтылып келаткан элдин накыл кеби.



# Жалал-Абад

## Элге кызмат кылам деген жетекчинин аракети алгачкы күндөн байкалат



**Авазов Салайдин Абдувалиевич Жалал-Абад шаарынын мэри**

Жалал-Абад шаарынын мурдагы жетекчилери туурасында алар кызматтан кеткенден кийин өйдө-ылдый кепти айтуу бул инсандык сапатка сыйбаган көрүнүш, бирок ар биринин өзүнүн билим деңгээлине, тажрыйбасына жараша жасаган иши бар. Шаар шаар болуп түптөлгөндөн тартып, канча жетекчи келип иштеп кетсе, кимиси эмне жумуш жасап, артына кандай из калтырганын мурдагылар, алардан кийин азыркы шаардыктар жакшы билишет. Алардын көпчүлүгү туурасында мурда канча ирет жазылган.

Биз бул китепке бекеринен азыркы калаа башчысы Авазов Салайдин Абдувалиевичти жөн жеринен каарман катарында тандап алганыбыз жок. Бул инсандын жетекчиликке келген алгачкы учурун эске алганда башчылык орундукка олтургандан көп өтпөй эле өзгөрүүлөр боло баштагандыгы байкалды. Анткени, анын буга чейин эле бир катар жетекчилик кызматтардла иштеп, такшалган мол тажрыйбасы бар экендиги белгилүү. Ошол тажрыйбасынын жемишин дал

ушул кызматында көрсөтө баштагандыгын көп жетекчи көргөн шаардыктар да ачык эле баамдашты. Чындыгында буга дейре жетекчилик кызматтарда иштеп, такшалып, тажрыйба топтогон инсандын ар тараптан шаарды башкарып кетүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

Ошол учурдагы шаардык бийликтин абалын эске алсак, калк бул бийликке ишенбей калган кез эле. Эгерде калыс, таза иштей турган болсо, областтын борбору болгон Жалал-Абад шаарын ар тараптан өнүктүрүүгө анын кудурет жетет болчу. Бул үчүн биринчи кезекте шаар жетекчилиги менен шаардык кеңештин ортосундагы ынтымактын бекемделиши шарт эле. Анткени, кээ бир аймактардагы ынтымаксыз аракеттерден улам бийликтин да кадыр-баркы кетип, иштин да жыйынтыгы байкалбай жаткан жагдайлар бар. Албетте, бийликтин ортосундагы ынтымактын кеткени иштин бүлүнгөнү. Демек, ынтымактын башаты бийликтен башталат. Кыскасы, шаарды Салайдин Авазов жетектегенден тартып, шаар мэриясы менен шаардык кеңештин иши бир нукка түшүп, жумуш да өз ыргагы менен башталды. А балким бул ошол кездеги шаардык кеңештин жаш төрагасы Нургазы Нишанов жетектеген шаардык кеңештин депутаттары менен көз караштары бир келип, көздөгөн максаты да бир болгондугунун себеби чыгар.

Ошентип, эң оболу жүргүнчүлөр менен айдоочулар үчүн түйшүк тарттырган Ленин көчөсүндөгү унаа тыгыны иретке келтириле баштады. Көрсө, элге кызмат кылам деген жетекчинин көп ишти жасап койсо кудурети жетет тура. Көптөн бери сөз болуп, бирок аткарылбай келген максаттар ишке аша баштады. Мына эми оң-терс пикирлер айтылса да асма көпүрө курулду, жүргүнчүлөрдүн коопсуздугу үчүн Ленин көчөсүнүн эки тарабын тосмолоого туура келди. Бул да кээсине жакпаса, көпчүлүгү колдоого алды. Өжөрлүк менен жасалган иш шаардыктар тарабынан колдоого алынып жаткандыгы чындык. Ленин көчөсүнө кайчылаш турган Чехов көчөсүнөн Кыргыз Республикасы ( мурдагы Красин) кө-



чөсүнө чейинки аралыкта жолдун эки тарабынан биригип, кошумча төрт метрге кеңейтүү иштери жүрүп жаткандыгын айтат шаардын мэри Салайдин Авазов.

- Буюрса эми Ленин көчөсүндөгү кунарсыз турган короолор тартипке келтирилип кеңейтүү жумушу улантылат. Борбордук көчөнү сырттан келгендер суктана тургандай иретке келтирүү үчүн аракеттерди жасайбыз,-дейт шаар мэри.- Унаа тыгынын жоюудан мурда ал жердеги унаа токтоочу жайларды башка орундарга жылдыруу жагын ойлогонбуз. Мурда «Айгүл» соода борборунукн жанындагы Сузак, Жийде багытындагы унаалардын токтоочу жайын «Береке» базарына жылдырдык. «Кыргызстан» соода борборунун жанындагы Бишкек, Ош, Кара-Суу багытындагы унаалар жайын «Манас» акционердик коомунун аянтчасына, мурдагы «Келечек» соода борборунун жанындагы Бек-Абад, Барпы багытындагы унааларды да «Береке» базарына котордук. Азыр «Кыргызстан», «Келечек» соода борборлорунун аянтчаларына шаарга келген унаалар коюла турган болду. Ошонун натыйжасында шаардын борборунда унаа тыгыны, башаламандыгы болбой калды.

Бирок, буга наразы болгондор да чыккан. Чынында ким иш жасаса ага тоскооолдук болбой койбойт. Ошондуктан, шаар башчысы « биз бир ууч кызыккан тараптардын эмес, жалпы шаардыктардын кызыкчылыгы үчүн иштейбиз. Шаарыбыздын тургундары иреттүү, тартиптүү, көрктүү шаарда жашап-иштегиси келет. Ошондуктан, биздин жасаган иштерибизди алар колдоп жатышат. Ушул багыттагы аракеттерибизди токтотпой уланта беребиз»,-деп айтты. Анан да ал 2014-жылы бюджеттин эсебинен 40 миллион сомдук курулуш- инфраструктуралык иштери жүрсө, быйыл ага караганда 300 пайыз көп жумуштар аткарыла тургандыгын айтты.

- Бул жумуштарды жасоо үчүн каражатты кайдан таап жатасыздар,-дедик калаа башчысына суроо узатып.

-Биз бул максаттарды ишке ашыруу үчүн жергиликтүү

бюджетти көбөйтүүгө аракеттерди жасап жатабыз. Бюджеттин киреше бөлүгүн арттыруу, салык базасын кеңейтүү иштери аркылуу аны былтыркыга караганда 25 миллион сомго көп жыйнап алуу каралып жатат. Ошол эле мезгилде шаардагы мекеме-ишканалардын чыгымдарын оптималдаштырып, киреше бөлүгүн ушул аркылуу да арттыруу, бюджеттик каражаттарды кыйла натыйжалуу пайдалануу жагын максат кылдык. Анан да жергиликтүү салыктарды жана төлөмдөрдү өндүрүүнү жолго салуу, бул багытта иштерди иретке келтирүү үчүн мэриянын алдында жергиликтүү салыктарды жана төлөмдөрдү жыйноо бөлүмүн ачып, иштетүүгө жетиштик,- дейт шаардын мэри Салайдин Авазов.

Шаар башчысынын айтымына караганда бул бөлүмдүн аракеттеринин натыйжасы көрүнө баштады. Көмүскөдөгү салыктар табылып, өндүрүү иштери колго алынды, мунун негизинде жергиликтүү бюджеттин көлөмү дагы да бир кыйла арткан.

Калаа башчысы шаар элин таза суу менен толук, жетиштүү камсыз кылуу, эскирген суу түтүктөрүн жаңылоо багытында да иш-аракеттер кызуу жүрүп жаткандыгын белгилейт. Бул багытта эки ири долбоор ишке ашып, Көк-Арт кичи шаарчасынан сырткары шаардын бардык кичи райондорунда эскирген суу түтүктөрүн алмаштыруу жумушу аягына чыгып олтурат. Бул да болсо, калктын саламатчылыгы үчүн көрүлгөн камкордуктардын бири болуп саналат. Мына ушул долбоордун жыйынтыгы менен түтүктөрдү алмаштыруу аяктаган жерлерде бардык үйлөргө суу эсептегичтери коюлат, муну менен сууну сарамжалдуу жана үнөмдүү пайдаланууга шарт жаратыла тургандыгын айтат шаар мэри Салдайдин Авазов.

Мындан тышкары эң башкысы бюджетке киреше берүүчү муниципиалдык ишканаларды ачуу, курулуш иштерин жүргүзүү жагын көздөп жатышкандыгын, инвестиция тартуу менен биргелешкен ишканаларды уюштуруу, иштебей турган өндүрүштүк ишканаларды иштетүү зарылдыгы тургандыгын айтат. Жумушчу орундарын түзүү жагынан активдүү аракеттер зарыл экендигин белгилеп, дагы алдыда жүргүзө турган иштердин планын шаардык кеңешке сунуш кылышкандыгын, депутаттар бектип бере турган болушса, бул багытта да жумуш улантыларын кошумчалайт.



Ошондой эле, жергиликтүүбюджеттин эсебинен 35 миллион сом ака каражаты сарпталып жасалган Курманбек спорттук аянтчасын заманбап тартипте капиталдык ремонттоо иштеринин аягына чыгышы да колдоого ала турган жагдай. Бул эң биринчиден жаштарга көрүлгөн эң мыкты камкордук.

Шаардыктардын турак-жайга болгон муктаждыгын эске алып, инвесторлор аркылуу элдин шартына туура келе тургандай тартипте ипотека менен кабаттуу үйлөрдү куруу жагын максат кылышкан. Мектеп, балдар бакчаларына болгон жетишсиздик маселесин чечүү жагы да көңүл чордонунда турат. Элдин газга болгон муктаждыгы да көйгөйлүү маселе. Ал эми электр энергиясын толук жеткирүү максатында кошумча 13 трансформатор коюлуп, 20дан ашыгы башка кубаттуу трансформаторлорго алмаштырылган.

Шаар башчысынын айтымына таянсак, 2015-жылда мурдагы жылга салыштырганда курулуш иштери төрт эсеге көп пландаштырылган. Өткөн жылы ошол пландалган жумуштардын негизинен көпчүлүгү аягына чыгарылды. Демек, көчөлөрдү кеңейтүү, жаңы тротуарларды салуу, эс алуучу скверлерди жасоо, сейил бактарын жаңылоо, дегиси Жалал-Абад шаарын жашартып, көркөө келтирүү багытында мурда болуп көрбөгөндөй жумуштар жасалып жаткандыгын калыс баа беришкен көпчүлүк шаардыктар гана эмес, сырттан келген коноктор да ачык эле байкап жатышкандыгын айтышат.

Ал эми 2016-жылда да жасала турган жумуштар көп. Жалал-Абад шаарын кооз жана таза, көрктүү шаарга айландырууга бүгүнкү шаар башчыларынын мүмкүнчүлүгү бар. Буга тажрыйба да, билим да жетишет. Быйылкы жылы да жаңы

мүмкүнчүлүктөрдүн ишке ашырылышы күтүлөт.

Демек, биз белгилеген жасалган жана жасалып жаткан иштер чындык. Шаардын бир катар көчөлөрүндө бирдей эле мезгилде жолдор казылып, трубалар жаткырылып жаткан учурлар болду. Мындай жагдай унаа айдоочуларга да, жүргүнчүлөргө да убактылуу кыйынчылык жаратты. Ошол кезде бир улгайган адам « тезирээк бүткөрсө болбойт беле, ушул калыпта көмүлбөй калып кетет да», дебеспи түшүнүп түшүнбөй жатып. Анан бир курдай баратсак, жолдорго жаңы асфальт бастырылып жатканын көргөн жаш эле кызминтип айтат: « ушул жолду асфальттап жатып да, канчасын жеп жатышат». Мындай сөздөр албетте, биринчиси эмес. Жумуш болгон жерде ушул өңдүү сөздөр айтыла берет. Бирок, ал кыз, сырттагы башка адамдар деле, ким кантип жеп жатканын өз көзү менен көрүшкөн жок да, биз ушинтип айтууга үйрөнүп калганбыз, анткени, өлкөбүздөгү айрым атка минерлердин жеп-ичүү фактылары иштеп жаткан жетекчи тууралуу да мына ушул сыяктуу ойлорду пайда кылат. Ошентсе, иштеген жетекчини иштеди деп туура баа берүүгө үйрөнүүбүз абзел деген ойго кабылабыз.

Эгерде өткөн жылдагыдай Жалал-Абад областынын борбордук калаасында ыргактуу иштер жасоо улантылса, буюрса дагы да өсүштөр жаралары бышык.

Ошентип, жергиликтүү бийлик ээлеринин ынтымагы чечкиндүү аракеттердин жана бирдимдик менен жасалган эмгектин натыйжасынан даана көрүнөт. Муну менен баары жасалып бүттү деп айтууга болбойт. Дагы үчүн жасоого тийиш болгон көп жумуштар бар. Жараткан колдоп турса буюрса шаар жана шаардыктар үчүн көп иштер жасала тургандыгын калаа башчысы ишенимдүүлүк түрдө айтты.



# ИНСАН ИЗИ



**Акматов Мамасалы Такабаевич, КРнын өкмөтүнө караштуу Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары.**

Акматов Мамасалы Такабаевич 1961-жылдын 9-декабрында Сузак районунун Масадан айылында туулган.

Үй-бүлөлүү, беш кыз, эки уулдун атасы.

1984-жылы Фрунзедеги политехникалык институтун бүтүргөн, кесиби инженер-механик. 2008-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетин аяктап, экономист-менеджер адистигине ээ болгон. 1997-жылы Вашингтон шаарында «КМШ өлкөлөрү үчүн баалуу кагаздарды тейлөө боюнча мыйзамдарды көзөмөлдөөнүн проблемалары жөнүндө» квалификациялык жогорулатуу курсун бүтүргөн.

Эмгектик ишмердүүлүгү: 1984-1994-жылдардын аралыгында Жалал-Абад шаарындагы «Штепселдик разьемдор» (ШР) заводунда техник-технолог, инженер-технолог, экинчи категориядагы инженер технолог, участканын жетекчиси болуп иштеген.

1994-1995-жылдарда Жалал-Абад шаарындагы «Айып-Булак» акционердик коомунда (тамекиферм заводунда) башкы инженер,1995- жылдын январынан 1996-жылдын апрель айынан аталган мекемеде директор,1996-1997-жылдары КРнын Өкмөтүнө караштуу баалуу кагаздардын операцияларын көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик агентствосунун Жалал-Абад аймактык бөлүмүнүн жетекчиси, 1997-2001-жылдары КРнын Президентине караштуу ба-

алуу кагаздардын рыногу боюнча улуттук комиссиянын Жалал-Абад аймактык башкармалыгынын жетекчиси, 2001-2006-жылдары КРнын Өкмөтүнө караштуу баалуу кагаздардын рыногу боюнча Жалал-Абад аймактык башкармалыгынын жетекчиси, 2006-2014-жылдардын аралыгында КРнын Өкмөтүнө караштуу финансы рыногун тескөө жана көзөмөлдөө Мамлекеттик кызматынын Түштүк аймактык башкармалыгынын Жалал-Абад өкүлчүлүгүнүн башкы адиси-жетекчиси кызматтарында эмгектенген.

Ошону менен бирге 2000-2005-жылдары «Менин өлкөм» («Моя страна») саясий партиясынын координациялык кеңешинин мүчөсү, 2002-2005-жылдары аталган партиянын Жалал-Абад областы боюнча координатору, 2001-2004-жылдары «Нур» акционердик коомунун директорлор кеңешинин төрагасы, 1999- 2006-жылдары Жалал-Абад Мамлекеттик университетинин экономика факультетинин Мамлекеттик экзамендик комиссиясынын төрагасы милдеттерин да аркалаган.

Сыйлыктары: Студент кезинде айыл чарба жумушуна активдүү катышып, картошка жыйноо боюнча биринчи орунду алгандыгы үчүн 400 студенттен айырмаланып, Ардак грамота менен сыйланган. «Нур» акционердик коомунун көптөгөн Ардак грамоталары ыйгарылган. Республикадагы 7 заводдун адистеринин ичинен эки жыл катары менен «Эң мыкты технолог» деген номинацияга татыктуу болгон.

1995-жылы тамеки фермзаводун жетектеп турганда «Манас-1000» медалы жана баалуу кагаздардын рыногу тармагы боюнча кызматты жетектеп жатканда эки жолу республикалык жетекчиликтердин Ардак грамоталары менен сыйланган. 2003-жылы 3-даражадагы «Мамлекеттик кызматтын кеңешчиси» класстык чини ыйгарылган. 2011-жылы КРнын «Финансы рыногунун мыктысы» наамына ээ болгон. Ушул жылы ага Сузак районунун «Ардактуу атуулдугу» берилген.



X X X

Мамасалы Акматовдун атасы кырк жыл бою кышында кыштоодо, жайында жайлоодо малчы болуп эмгектенген. Атасы ага дайыма « Балам акчанын артынан кубалабагын, эгерде чыныгы эмгегиң менен таза жана ак ниет иштесең убагы келгенде бардык ийгиликтерди жана жакшылыктарды кудайым өзү берет» деп айтчу. Атасынын ошондогу сөзүнүн чындыгы бар экендигине бүгүнкү жашоосунда ынанып олтурат. Балалыгынан беш бир тууган ата-энесине жардам берип, бир чети иштөөгө үйрөнүштү. Ал да таң саарында туруп уй сааган күндөрү дале эсинде. 26-28 уйдан 8-10 уйдун сүтүн саап, анан таза жуунуп, мектебине жөнөөгө үлгүрчү. Апасы Эркайым бир гана саанчылык менен чектелбестен кыргыздын улуттук өнөрүн, маданиятын жакшы билген кыргыз айымы болгон. Самара Токтакунованын комузчулук, Сейитказы Андабековдун артисттик чеберчилигин жогору баалаган. Ошондуктан, ал студент кезинде эле үйлөнүп, келинчегиң кыз төрөсө атын Самара, уулдуу болсоң Сейитказы коемун дечү эле. Анткени, анын неберелеринин ошолордой даңктуу адамдардан болушун тилек кылчу. Атам менен апамды жакшы караган келинчек алсам деп жүрүп, окуусун бүткөндөн төрт жылдан кийин үйлөнүп, алты жылдан соң балалуу болуп, кызынын атын Самара койгону да ушундан. Бирок, апасы неберелерин көрбөй, 63 жашында бул ааламдан кетти. Катарынан төрөлгөн үч кыздан соң, уулдуу болуп, атын Сейитказы койду. Балдарынын ортосунда эгиз кыздар жарыкчылыкка келди. Атасы кенжеуулуна азан айтып, атын Курсантбек деп ысымын өзү койду. Ошондо « сени уулдуу болупсуң деп, уккан адамдын баары курсант болуп жатышат.Бул балаң башкасынан өзгөчө бала болуп, өсүп-жетилет буюрса. Ошондуктан, жат көздөн, жаман сөздөн сактагын, аман турса эл-журтун курсант кыла турган бала болот» деп айткан. Ошол Курсантбеги азыр тестиер бала. Атасы 90 жашка чыгып бул ааламдан кетип,

анын уул-кыздарынын тоюн көрбөй калды. Эки кызынын тоюн бир күндө өткөргөндө атайын видеотасма даярдатып, мына ушул эки арманын өзү айтты.

Ал жашоосунда ийгиликке өзүнүн чымырканган жөндөмү жана чыныгы бешене тери менен жетишти.

«Нур» заводунда иштеп жүргөндө тун кызы Самаранын аты менен алты кыздан турган «Самара» эстрадалык тобун түздү. Ошол кезде Барпынын «Өзгөчөм» деген ырын эстрада менен алып чыккан ушул ансамбль болгон. Эки кызынын тоюнда 20 жылдан кийин «Самаранын» кыздары жандуу үн менен ырдап, ушул тойдун ажаарын ачышты. Кезегинде бул ансамблдин бутка турушу үчүн бар эмгегин, болгон күчүн жана каражатын сарптады. Кыздардын кийимдерин өзү тиктирип, клиптерин тарттырып, беш жыл бою «Самара» эстрадалык ансамлин элге таанытууга жан үрөп келди. Ал кыздар өз турмуштары менен туш тарапка тарашканы менен тарыхта «Самара» эстрадалык тобу» деп жазылып калды.

Атасы Такабай ажы ( бул адамдын чоң атасы Темир ажы да ажы болгон) дайыма Алымкул аталык жөнүндө айтып калганын унутпайт. «Менин чоң атамдын атасы менен Алымкул аталыктын атасы бир тууган, биз бир атанын баласыбыз»,- деп айтаар эле. Анан да ушул адам туурасында сейрээк айтылаарын эстеп, капаланган күндөрү да болчу. Кокон хандыгы учурунда таасирдүү жана көрүнүктүү адамдардын бири болгон бул улуу инсан туурасында мына ушул уулуна саймедиреп береер эле. Анын көзүнүн тирүүсүндө уулу Мамасалы Алымкул аталыкты Өзбекстанга чейин иликтеп, өзбек жазуучулары жазган китепти тапты, анын авторлору менен макулдашып, өзбек тилинен кыргыз тилине котортуп, басмадан чыгарып, окурмандарга акысыз таратты. Муну менен өткөн тарыхты, Алымкул аталыкты кийинки муундар да билсин деди. Ошондо Алымкул аталык туурасындагы китепти неберези башынан аягына чейин окуп



бергенде көз алдынан өткөрүп жаткан сымал муюп угуп олтуруп, Такабай карыя уулу Мамасалыга өтө ыраазы болгонун жашыра албады. Атасынын өтүнүчүн канааттандырганына баласы да өз ичинен жетине албай кубанып, « ата сиз айткан Алымкул аталык чындыгында хан болгон тура, муну тарых ырастап турбайбы»,-деди. Чындыгында канчалаган тарыхчылар, жазуучулар өткөн тарыхты жазып жатышканы менен архивдик материалдардын баары эле толук изилденип, тарыхтын баары жазылып, бүтө электиги байкалат.

Айтымына караганда атасы Такабай ажы карапайым малчы болгону менен алдыны көрө билген өтө көрөгөч, акылман адам болуптур. Ал дайыма атасынан кабар алып турчу эле. Бир курдай барышында атасы эки атты токумдап, даярдап коюптур.

- Жүр, экөөбүз айланып келели,-деди карыя уулуна. Ата бала жол алышты. Ал «Жоробек ата» деп айтчу абасынан кабар алганы барабыз го деп болжоп жаткан. -Анын үйүнө жакындаганда аттын тизгинин башка тарапка буруп, жогору карай бир бел ашып, Курук Сай деген жерге бардык,- дейт каарманыбыз. Бул жерде атамдын өмүрүнүн мазмундуу да, кызыктуу да, эң башкысы жемиштүү да учуру өткөн. Ленин атындагы колхоздо атам малчы, апам саанчы болуп иштеп, дал ушул жерде байыр алып, пенсияга чыгышкан. Курук Сайдан бузулган сарайды, анын жанындагы эски үйдү көрдүк. Атам мага кайрылып мындай деди:

- Мен мында жаш кезимде, анан үйлөнгөндөн кийин да малчы болуп иштедим. Бул жер кыштоого да, жайытка да ылайыктуу жер. Азыркы заманда мына ушул жерде мал менен байыса болот. Сен ушул жерди алсаң, малдарды алып келебиз. Сен ошондой кыл.

Атама макулдугумду бергеним менен ( ошол кезде тамекиферм заводунда директор элем) жумушка алаксып, арадан эки күн өтүп кетти. Анан капа болуп калбасын деген ойдо атамдын көңүлү үчүн кимге карарын тактагандан кий-

ин Ырыс айыл өкмөтүнө барып, мал чарбасын уюштуруу үчүн атамдын атынан арыз жазып, анын өтүнүчүн аткардым. Анан атам мага дагы бир оюн айтты:

-Тигил жигулиңди саткын да ордуна кой алып кой.- Муну да жасадым.

Ошол кезде ал булардын баарын атасын капа кылбайын деп аткарган. Бирок, азыр ойлоп көрсө, мамлекеттик кызматта иштеген эмгек маянасы менен үй-бүлөсүн багып, балдарын окута албайт болчу. Ушуну эстегенде кийин атасына: «сиздин айтканыңызды кылганым туура болуптур», десе карыя: «Ээ балам, мындай кылбасаң да, кудайым сага башка жактан бермек», дейт. Ал атасынан: « менин айтканымды кылбаганда азыр көргүлүктү көрмөксүн», -деген кепти угам деп ойлогон. Ошондо атасынын өмүр бою малчы болуп иштесе да акылынын тунук, өзүнүн көрөгөчтүгүнө таң калган.

Акыл калчап, ойлонуп көрсөк, атасы Такабай ажынын алдыны көрө билген даанышмандыгын жана андан тарбия алган биздин каарманыбыз кандай адам экендигин бул баянды окуган адам өзү таразалап көрөөр.

## Эмгек жолундагы алгачкы ирмемдер

Каарманыбыз өз өмүрүндө мейли студенттик, мейли жумушка орношоор кездер болсун, андан кийинки кызматтагы учурларында, дегиси баарында тең алгач кыйынчылыктарды басып өтүп, аны өзүнүн тынымсыз жана туруктуу эмгеги менен жеңип, анан гана ийгиликтерге жетишкен. Көп жаштардан өзгөчөлөнгөн күчтүү, чечкиндүү аракеттери анын умтулууларына дайыма түрткү болоор эле. Ойлоп көрсө ар бир кадамында татаал кырдаалдарга, тоскоолдуктарга туш болуптур да кийин көңүл кубанткан жемиштүү ийгиликтерге жетишиптир.

Фрунзедеги политехникалык институтка кирген жылы жатаканага орношо албай эки күн аэропортто уктаган күнү дале



эсинде. Ошол кезде жаткан бөлмөсүн таза кармап, жакшы жана адептүү жүргөн студенттерге жатаканадан орун берчү. Мына ушундай жакшы сапаттары менен айырмаланган алдыңкы студенттердин катарында болсо да, жатаканада жүрүш-турушу начар студенттерге жай берилип, ал албай калган учурлар болгон. Ошондой учурда ар кайсыл жерде убактылуу баш паанек алган кыйынчылык күндөрдү ал да башынан кечирген. Шаарда башкаларчылап кимдир бирөөгө таянган адамы болбогондуктан, бир гана өзүнө ишенчү. Ошол күндөрдүн биринде жатаканада жашап жатканда дарегине бир да ирет жагымсыз сын айтылбагандыгын өжөрлөнүп олтуруп, далилдеп берип, бөлмө алууга жетишкен. Студенттик учурдагы ошол кырдаалдар азыр да унутулбай келет. Булардын баары аны дайыма курчутуп, турмуштун оор-жеңилине көнүп, ар убак даяр болууга үйрөткөн.

Окуу жайын ийгиликтүү аяктап, жогорку билимдүү инженер-механик адистигине ээ болгондон соң, атайын жолдомо менен Жалал-Абад шаарындагы «Штепселдик разьемдор» (ШР) заводунда келсе да кыргыз жигитинин колунан эмне келет дегендей көз караштар болгон. Биринен улам экинчи цехке жөнөтүлүп, дароо жумушка орношуу жеңил болгон эмес. Бир чети ал учурда жергиликтүү улуттун кадрлары бул заводдо сейрек иштешкен. Ошондо техникумду бүтүргөн кыз инженер-технолог болуп иштеп жатыптыр, 1984-жылдын октябрь айында жогорку билими бар туруп, ал мына ушул кызга жардамчы техник технолог жумушуна кабыл алынган. Бирок ал аз эле убакыттын аралыгында өзүн ишти эң жакшы өздөштүрө алган адис катарында далилдеп бергенде 1985-жылдын февралында башкы технолог анын аракетине жогору баа берип, өз жумушунан эки тепкич жогорку эсептелген жетектөөчү инженер технолог кызматына которгон.

- Мени аттестациядан өткөргүлө, -деп айтты жаш жигит заводдун жетекчилерине. Анткени, ал категориясыз иштеп

жаткан. Ошондо биринчи жолу бул өндүрүштүк мекемеде кадрларды аттестациялоо башталып, ошол аттестациядан Мамасалы Акматов биринчи болуп ийгиликтүү өтүп, экинчи категория берилген. Ал өз ишине берилгендик жана кызыгуу менен менен иштеген. Алгачкы эмгек күнүнөн тартып эле, бир тетиктин өзү көптөгөн станоктордон өтүп, анан даяр болгонуна сарасеп салып көрүп, аны саналуу эле ашып барса бир, эки станокто жасоого боло тургандыгын далилдеп берүүгө аракет жасады. Бир курдай штампопкалоочу автоматтык станокторду ишке киргизүү үчүн жетекчилик тарабынан Мари АССРинин Козмодемянск шаарына бир нече адистерге барып келүү сунушу айтылганда бири да макул болгон эмес, ошол учурда « Мен барам»,-деп чечкиндүүлүк менен айткан жаш жигиттин сөзүнө таңдана да, сынай да карашкан жетекчилери жумуш сапары менен Козмодемянск шаарына жөнөтүштү. Ошондо ал өзү ойлогон максатын ишке ашырып, бир тетикти көптөгөн станоктордо эмес, бир гана станокто жасоого боло тургандыгын көрсөтүп берди. Ошол станокту ишке киргизүү менен мындай ыкма аркылуу каражатты жана убакытты үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк жаралган.

Андан кийин Белоруссия республикасынын борбору Миниск шаарына барган сапарында ал жактан электрондук кол саат чыгарган заводдон тетиктерин алып келип «Нур» заводунда чогултуп, электрондук кол саатын жасоого жетишкен, бул ийгилик анын кызматтык жактан көтөрүлүүсүнө түрткү болгон. Ошентип ал өзүнүн ишке болгон жөндөмүнүн натыйжалуу ийгиликтери менен жетекчиликтин ишенимине, эмгек жамаатынын кадыр-баркына ээ болду. Андан соң, тетиктерин сырттан алып келип, чогултуп, «Наристе» радиопремнигин жасай турган заводдун филиалын Барпы айылында уюштуруунун да башында турган. Муну менен 120дан ашык жергиликтүү калктын өкүлдөрү жумуш менен камсыз болушкан. Барпы айылында компьютерлердин ту-



таштыргычтарын да чогултуп чыгарууга жетишкен.

Ал өндүрүштүк ишканадагы ийгиликтери тууpасында сөз кылып жатып, ошол мекемени жетектеген Тагаев Абдыжапар Абдыкаровичтин жетекчилик жана инсандык сапатынан таасир алганын кошумчалады.

-Мен Абдыжапар Абдыкаровичти өзүмдүн чыныгы устатым деп эсептейм. Өзгөчө эмгекке каныгып, турмушка бышып, кадр катарында өсүп-жетилишимде анын салымы бар. Андан көптү үйрөндүм, жардамына да, колдоосуна да таяндым. Ал «Бүгүн баштаган ишиңди эртеңкиге калтырбагын»,-дечү, -дейт.

Мына ушун инсан менен чогуу иштеп, ал өндүрүшкө жаңы технологияларды киргизип, иштин жеңилдетилген ыкмаларын колдонууну ишке ашырган. Тетиктерди чогултуп, жасалып чыгарылган кол сааттар жана радиопримниктер өлкөбүздүн бүт аймагында жана коңшулаш Өзбекстанга чейин рынокто өз ордун тапкан учурда Союз тарап, Россия менен карым-катнаш үзүлүп, өндүрүштүн аксашына алып келген. Анын үстүнө Кытайдан арзан жана сапатсыз товарлардын келиши да буга себеп болгон. Эгерде улуу держава аталган Союз тарабаганда «Нур» заводунун Барпы айылындагы филиалынын эки кабаттуу имараты үчүн ири долбоор ишке ашып, өндүрүштүк кубаттуулуктар дагы да жогоруламак болчу. Бул максаттар аткарыла турган болсо жергиликтүү калк дагы кошумча жумушчу оруңдары менен камсыз болмок эле.

## Тамекиферм заводундагы бурулуштар

Тамекиферм заводуна, тактап айтканда «Айып булак» акционердик коомуна башкы инженердик кызматка келгенде мындагы татаал кырдаалга туш болду. Буу казандарынын эскилиги жетип, жараксыз абалга келип калган болчу. Бул кайра иштетилген тамекинин сапатына терс таасирин тийгизген. Ошондуктан, продукциянын сапатын көтөрүү

үчүн башкы инженер болуп иштеген алты айдын аралыгында чыныгы адистерди таап, буу казандарын жаңылатууга жетишти. Анан заводго директорлукка дайындалгандан күндөн тартып, тамекини сапаттуу ферментациялоого көңүл бура баштады. Бул учурда заводдун банктан, социалдык фонддон, салыктан, эмгек акыдан болуп, 20 миллион сомдон ашык карызы бар эле. Тынымсыз, өжөрлүк менен жасалган аракеттердин натыйжасында бир жарым жылдын аралыгында бардык карыздардан кутулушуп, жумушчулар кадимкидей эмгек акы алышып, төлөмдөр өз убагында төлөнө баштады.

## Он сегиз жылдык эмгектин натыйжасы

Өлкөдөгү өзгөрүүлөрдүн натыйжасында 1996-жылы Жалал-Абадда баалуу кагаздар боюнча агенттик ачылып, бул мекемени жетектөө милдети биздин каарманыбызга жүктөлгөн. Бул мезгил базар мамилесиндеги финансылык рыноктун башталышы эле. Ушул жылдан тартып, он сегиз жыл аталган тармакты жетектеп, мамлекетибиздеги жаңы саясаттын маңызын, калкка жеткилең түшүндүрүүгө тынымсыз аракеттерди жасады. Анткени, мүлк фондусу ишканаларды акционердик коомго айландырып коюп, мыйзамдуу түрдө кантип иштөө керектигин түшүндүргөн эмес. Чогулуштар жөн эле өздөрүнчө өтө берген. Ал эми Мамасалы Акматов бул кызматта иштеп жатканда чогулуштарга мыйзам чегинде атайын каттоочу адистерди катыштырып, акцияларын да атайын көз карандысыз каттоочулар тарабынан каттаттууга көңүл бурган. Үч жылдын аралыгын эле эсептеп көргөндө чыгарылган акциялардын-облигациялардын суммасынын 0,5 пайыз эсебинен эле жергиликтүү бюджетке 8 миллион сом каражат түшкөн. Бул сумма башка облаcттарга караганда жогорку көрсөткүч болгон. Он сегиз жылдын аралыгында ал бул тармакты толук тартипке келтирип, бир нукка сала алды. Дал ушул кызматта турганда КРнын өкмөтүнө



караштуу финансы рыногун көзөмөлдөө Мамлекеттик кызматынын Түштүк аймактык башкармалыгынын башчысы Акимбаев Орозбек Кулмаматович менен чогуу иштеп, бул инсандын анын кесиптик жана кызматтык жактан такшалышында насаатчы катарында чоң салымы болгон.

## Кызматтык жогорулоо

Кайсыл жерде иштебесин ал мекемеде ишти жеткиликтүү жүргүзүп, жаңылык киргизип, жаңыча көз карашты, жаңыланууну жараткандыгы үчүн дайыма ийгиликке жетишип келди. Анын эмгегин республикалык жетекчилерге чейин маалым болуп, нечен курдай, жогорку кызматтарга сунуш беришкен. Бирок, негедир ал сунуштардын бирин да кабыл алган эмес. Акыркы ирет КРнын Жалал-Абад областындагы өкүлүнүн биринчи орун басарлык кызматына сунуш болгондо да көпкө ойлонуп туруп, макул болду. Ошондо да « мен иштей алар бекенмин?» деген суроо анын жан-дүйнөсүндө орноп,бир топко чейин ошол суроого кайра өзү жооп издеди. Акыркы бир бүтүмгө келип, макулдугун бергенден соң, аталган кызматка дайындалды. Өкүлдүн биринчи орунбасарлык кызматы айрыкча бүгүнкү шартта бул жеңил эмес, өтө оор, өтө жоопкерчиликтүү кызмат. Биринчи күндөн ал таза, натыйжалуу иштөөгө бел байлады.

Чындыгында Жалал-Абад областы ар тараптан өнүгүүгө мүмкүнчүлүгү бар алтын жана башка кен, ошону менен бирге жаратылыш байлыктарына бай аймак. Бекеринен сырткы өлкөдөн келгендер бул аймактагы баалуулуктарга кызыкпайт. Ошондуктан, ири долбоорлорду иштеп чыгып, ага инвесторлорду тартуу менен өндүрүштүк ири ишканаларды курсак кошумча, жаңы жумушчу орундарды түзгөн болоор элек. Ал Россияга, Кытайга болгон иш сапарында өнөр жай ишканаларын куруу багытында инвесторлорду тартып келүүгө кызыкты. Анын бир мисалы катарында областта терини кайра иштетүү максаты пайда болду.

Бүгүнкү күндө союз мезгилине салыштырганда элдин мал -койлору алда канча көбөйгөн. Анын терилери ар кайсыл жерде калып, сатып алуучулар болгон күндө да өтө арзан наркта бааланат. Эгерде тери иштетүүнү колго ала турган болсок, биринчиден жумушчу орун түзүлсө, экинчиден элге да, жергиликтүү бюджетке да киреше кирмек. Мындан башка да, бир катар өнөр жай ишканаларын куруу үчүн инвесторлолрду тартуу зарылдыгы туулат. Андыктан, бүгүнкү күндө бул багытта жаңы долбоорлорду ишке ашыруу керек. «Бул менин гана эмес, областтык жетекчиликтин ой максаты, ушул тапта бул багытта жаңы, ири долбоорлордун үстүндө иштеп жатабыз»,-дейт каарманыбыз.- Буюрса көздөгөн ой-максаттар ишке аша турган болсо Жалал-Абад областы Кыргызстандагы ар тараптан өнүккөн экономикасы бай, өнүп-өскөн гүлдөгөн аймакка айланаар эле.

Бул баяныбызды анын устаты жана насаатчысы болгон Акимбаев Орозбек Кулмаматовичтин атайын арнап жазган ыры менен соңуна чыгууну туура көрдүк.

Бир кылымдын бештен бирин өткөрдүк,
Баалуу кагаз майданын да көп көрдүк.
Бирге жүрдүк бир туугандай сыйлашып
Бүгүн көрсөк бир көз ирмем өткөндүк.

Өзүң бүгүн эл башкарып жүрөсүң,
Өргө тартып ата-эне мүдөөсүн.
Өсө бергин ден-соолугуң бек болсун,
Өткөндөрдүн арбактары сүрөсүн.

Атуул болдуң ата ишин улаган,
Ар-намысты чачыратпай кураган.
Жашооң болсун оору-сыркоо жолобой,
Жараткандан дал ушуну суранам.



# Окумуштуу айым баскан жол



Жылдыз Аванова, ЖАМУнун кафедра башчысы.

Биз азыркы каарманыбыз туурасында кеп кылардан мурда өткөн тарых барактарына бир сарасеп салып, Орустун чыгаан окумуштусу В.В.Иванов мындан 2-3 жыл кылым мурда өткөн Кубат бий ХУШ кылымдын экинчи жарымындагы кыргыздын эң көрүнүктүү аскер башчысы деп баалагандыгын айта кетмекчибиз. Кубат бий мамлекеттүүлүк үчүн күрөшүп, Анжиан кыргыздарын өз алдынча башкарып келген. Ал ошол кездеги Орто Азия элин бийлеп турган Кокон хандыгына баш ийбестен өз алдынча саясат жүргүзгөн. Өз аскери менен Чаткал аркылуу Таласка чейин жеткен. Санжырачылардын айтуусуна караганда Ноокендин Тамарык деген жеринде Хан ордосун орноткон.

Кубат бий туурасында учкай маалымат бергенибиздин да жөнү бар. Анткени, азыр биз жылуу кеп кыла турган айым Жылдыз Аванова өзүнүн айтымына караганда мына ушул Кубат бийдин урпагы экен. А балким кайсыл бир учурда Кубат бий туурасында кеп кыла турган кез келер. Азыркы биздин баяныбыз мектептеги катардагы мугалимден окумуштуу даражасына чейин өсүп жеткен Жылдыз Аванованын ийгиликтери туурасында болмокчу.

Ал Масы айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Апасы Кайринса алгач санитардык эпидемологиялык станцияда иштеп, андан кийин үй тиричилиги менен аралашып, алты баласына энелик мээримин жана тарбиясын берген. Атасы Аван Кулумбетов өмүр бою партиялык кызматта иш-

теген, мурдагы Ленин районунда таасирдүү адамдардын бири болгон. Жылдыз Аванова мектепти ийгиликтүү аяктап, жетилүү аттестатын алгандан соң, билим алуусун Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетинде уланткан да, кийин аталган окуу жайын бүткөрүп, жогорку билимге ээ болгон.

Бой жетип, турмуштук жолун баштап, өзүнө ылайык жигитке өмүр шерик болуп, анын жашоо тагдыры Аксы районунда жашап-иштөө менен өттү. Аталган райондо мектепте алгач математика мугалими болуп, окуучуларга сабак берди. Бул жерде билимин жана эмгегин келечек муундарына татыктуу билим берүүгө жумшады. Анан өз иши менен кесиптештеринен өзгөчөлөнүп, кадыр-барк таап, көпчүлүккө көрүнүп, жетекчилердин сынына толуп, окуу бөлүмүнүн башчылыгына дайындалды. Кийин мектептин директору болуп эмгектенүү насип этти.

Жашоонун агымы жолдошу Курманбек Алыбаев экөөн шаарга карай жетеледи. Бул Жылдыз Аванованын илимге карай умтулушуна жол ачты. Анын 1997-жылдан кийинки эмгектик ишмердүүлүгү Жалал-Абад мамлекеттик университетинде окуу-методикалык борборунун практика бөлүмүнүн методисти, улуу методист, жогорку математика кафедрасынын окутуучусу, улуу окутуучу болуп иштөө менен улантылды. Андан кийинки 2003-2005-жылдар аралыгында Ош технологиялык университетинде билим сапаты бөлүмүнүн жетектөөчү адиси кызматтарында улантылган. Ал эми 2005-жылдан тартып, Жалал-Абад мамлекеттик университетинде жогорку математика кафедрасынын ага окутуучусу, конкурстук негизде «Жогорку математика» кафедрасынын доценти, «Сынчыл ойлоону өстүрүүнүн өнөрканасы» илимий-усулдук лабораториясынын жетекчиси, ҮББҮнин директорунун орун басары, «Жогорку математика» кафедрасынын кафедра башчысы болуп иштеп келди.

Каарманыбыз аспирантура бөлүмүндө илимий изденүүчү



катарын педагогика илиминин кандидаты-окумуштуулук даражасын алуу үчүн педагогика илиминин доктору, кыргыз улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти Исак Бекбоевдин жетекчилигинде диссертациясын ийгиликтүү коргоду.

Дайыма өзүнүн көз карашын, кесиптик чеберчилигин арттырып, илимге умтулуп келген окумуштуу айымдын авторлугу менен 30дан ашык илимий макалалары басылмаларга жарыяланган. Анын ичинде басмага чыккан онго жакын окуу-усулдук эмгектери Ош, Жалал-Абад мамлекеттик университеттеринин студенттери үчүн баалуу колдонмо болуп калды. Азыр педагогика илимдеринин доктору Исак Бекбоевдин жетекчилиги менен «Болочок математика мугалимдерин окуучулардын таанып-билүү компетенцияларын өнүктүрүүгө даярдоонун илимий методикалык негиздери» деген темада доктордук диссертациясынын үстүндө иштеп жаткан учуру. Буюрса бул илимий эмгегинин жыйынтыгы да натыйжасын берер кез келет.

Анын билим, илим тармагындагы эмгеги Жалал-Абад облясттык мамлекеттик администрациясынын, эки жолу Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигинин Ардак грамоталары менен бааланган. «КРнын билим берүүнүн мыктысы» төш белгисине татыктуу болгон. 2011-жылы ЖАМУда өткөрүлгөн «Мыкты усулчу» кароо - сынагынын жеңүүчүсү болуп, КРнын билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 2012-жылы өзү эмгектенген окуу жайында өткөрүлгөн конкурста «Эң мыкты илимий эмгек» номинациясында экинчи орунга татыган. 2013-жылы «Эң мыкты окуу-усулдук колдонмо» номинациясы боюнча биринчи орунду жеңип алган. 2013-жылы ЖАМУнун 20 жылдык юбилейине карата «ЖАМУга эмгек сиңиргендиги үчүн» медалы менен сыйланган. Көптөгөн жолу билимин өркүндөтүү жана кесиптик чеберчиликти жогорулатуучу курстарга катышып, сертификаттарга ээ

болгон. Ошентип, тынымсыз изденүү, чымырканган эмгек менен улам алдыга умтулуп келаткан каарманыбыз өргө карай адымдап, ийгиликтерди багындырып барат.

Анын ийгиликке жетишинде биринчи өзүнүн эмгеги болсо, экинчиден өмүрлүк жолдошу ЖАМУнун илимий иштер боюнча проректору Курманбек Алыбаевдин дайыма колдоп турушу. Анан да айта кетчү сөз, бул үй-бүлөдө үч уул ата-эненин камкордугу менен эң мыкты тарбияланышты. Себеби, бала да ата-энеге карата өздөрү тарбияланышат экен. Өз балдарына ар тараптан өрнөк болушкан ата-эненин жолу менен уулдары да турмуштан өз ордуларын табышты. Бул тун уулу Асылбектин ишкердик чөйрөсүндө ийгиликтүү иштеп жатышы, Алмаздын республикалык жаштар министрлигине караштуу жумуштуулук жана КРнын жарандарын ишке орноштуруу борборунда башкы директордун орун басары, Нурмамбеттин «Жалал-Абад электро» акционердик коомунда директордун орун басарлык кызматты аркалап жаткандыктарынан ачык түшүндүрүлөт. Бул бактылуу үй-бүлөдө 5 небере татыктуу тарбияланып жатат. Буюрса алар да өз ата-энелеринин жолу менен барышат.

Ошентип, өзүнүн илим-билимге болгон умтулуусу, чымырканган эмгеги менен мектептен улам өрүш алып олтуруп, окумуштуулук даражага жеткен билими жана эмгеги менен өрнөк болгон кыргыздын кызы, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кафедра башчысы Жылдыз Авановнанын эмгектик ийгиликтери тууралуу баяныбыздын соңуна чыктык.



# Кечээги секелек кыз бүгүн такшалган адис



**Гүлбара Даниярова, Жалал-Абад шаардык жылуулук камсыздоо мекемесинин башкы эсепчиси.**

Жалал-Абад шаардык жылуулук камсыздоо мекемесинде иштеген кызматкерлердин арасында кыз-келиндер арбын. Эркек мырзалар капа болушпас, көбүнчө аялдар иштеген жайда негедир тазалык, коздук, анан да жылуулук байкалып тургансыйт. Мекеменин кенен короосунан баш бага берип, мезгилдин сулуулугун ашкерелеген бажырайып ачылган гүлдөрдү көрүп, дароо жагымдуу сезимге кабыласыз. Мына ушул гүлгө оронгон мекемеде иштешкен айымдардын арасында башкы эсепчи Гүлбара Даниярова да бар. Мектептен билим алып, андан соң, Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумун аяктап, дагы да билимин андан ары улантууну көздөп, кийин иштеп жүрүп, Жалал-Абад экономика жана ишкердик университетинин бухгалтердик эсеп жана аудит факультетинен жогорку билим алган.

Гүлбара Даниярова алгач борборубуздан техникумунду аяктагандан соң, атайын жолдомо менен келип, Жалал-Абад газ чарбасында эсепчиликтен эмгек чыйырын баштаганда жапжаш кези болчу. Жаштыгына карабастан жумушун бат өздөштүрүп, көптү билүүгө, адистик жагынан чеберчилигин артырууга умтулду. Эгерде 1984-жылы өзүнүн биринчи эмгек жолун баштаса, өз ишине үйрөнүп, каныгып, бай

тажрыйбага жетишип калганда 1994-жылы башкы эсепчинин орун басарлыгына, анан 2000-жылы башкы эсепчиликке дайындалды.

2007-жылы каарманыбыздын эмгек жолундагы өзгөрүү бул болду. Анткени, Жалал-Абад райондор аралык жылуулук мекемесинде экономист болуп иштөө насип этти. Мурдатан иштеп, такшалган жаш адис 2009-жылдын 1-октябрынан башкы эсепчилик кызматка олтурду.

Ал эмгектик бактысын жашынан тандап алган эсепчилик кызматынан тапты. Эмгек жолунун 30 жылдан ашык убактысынын 15 жылы башкы эсепчиликке арналды. Мекеменин финансылык-экономикалык абалынын жакшырышы мына ушул башкы эсепчинин да так, жоопкерчилик менен таза иштешине байланыштуу эмеспи. Бүгүнкү мекемедеги иштин ыргагы, жетекчи менен башкы эсепчинин ортосундагы жылуу мамиле, ынтымактуу аракеттен улам жөнгө салынган деп айтсак, балким аша чапкандык эмес чыгар.

Гүлбара Даниярованын эмгек жамаатында өз орду, өз жүзү, кадыр-баркы бар. Жасаган ишинен, жүрүш-турушунан кынтык табуу кыйын. Орундуу сүйлөп, кызматкерлер менен тил табыша билген сапаты менен да айырмаланып турат.

Ал эми үй-бүлөдө бир уул, бир кыздын бактылуу жана камкор энеси, жолдошу Шакирдин сүйүктүү жары. Сүймөнчүктүү болгон үч небереси бар. Жараткан насип эткен үй-бүлөлүк бактысына ыраазы. Жолдошу демекчи, ал Союз учурунда коомдук тамактануу мекемесинде иштеп келди. Турмуштук шартка байланыштуу азыр Россияда иштеп жаткан учуру экендигин бизге Гүлбара Даниярова айта кетти.

Сөз арасында каарманыбыз студенттик кездер, эмгек жолу, үй-бүлөсү туурасында айтып, анан эсинде калган ирмемдерден кошумчалады.

- Техникумда окуп жүргөндө бухгалтердик эсеп сабагынан окуткан Надежда Газизовна деген мугалимден баарыбыз чочулап тураар элек. Ал бизден күн сайын сабакка даярданып келишибизди талап кылаар эле, башка мугалимдердин сабагынан окубасак да, анын сабагынан жакшы даярданып келээр элек. Азыр да бирге окугандар чогулганда ушул эжекейибизди эстейбиз. Көрсө, ал бизди жакшы билим, татыкту кесип алсын деген максатта туура талап кылган экен. Окуумду кийин кантип иштейм деп да чочулаган күндөрүм болгон. Ишке орношкондо ойлосом окугандай эле экен. Себеби, теорияны терең окусаң, практиканы да бат өздөштүрөт экенсиң, ошол окуганыбызды иштеп жатабыз. Окуп жүргөндө Бишкектеги электро- эсептөө машина заводунан практикадан өттүк. Ошол учурдагы күчтүү завод эле. Эсеп-кысап боюнча да дасыккан, тажрыйбалуу адистер иштешчү. Бул заводдун бухгалтериясынан иштөөнүн ыкмасын үйрөндүк, заводдун кампасындагы жабдууларды инвентаризация жасайт элек, кийин адистигим боюнча бат өздөштүрүп кетишиме, практикадан алган билимим чоң таасир тийгизди.

Каарманыбыз 20 жашында эмгек жолун баштап, эсеп-кысап жаатын үйрөнүп, бара-бара телчигип олтуруп, ушул тапта такшалган эсепчилердин катарына кошулду.

-Газ чарбасында иштеп жатканымда, мекеменин жетекчиси Нарбаев Акрам Абдужапаровичтен тарбия алдым, менин катардагы эсепчиликтен, башкы эсепчиликке жетишимде мына ушул инсандын чоң салымы бар. Ал дайыма жаштарга көңүл буруп, колдоп келди. Балким, ал аракетимди баалап, колдоо көрсөтпөгөндө башкы эсепчиликке жетмек эмес белем. Ошол эмгеги үчүн ага ыраазычылык билдирип, ишинде ийгилик каалайм, мен газ чарбасында 23 жыл иштедим, бир-биринен жардамын аябаган ынтымактуу жамаат элек, ошондой эле жылуулукту мен азыр чогуу иштеп жаткан жылуулук менен камсыздоо мекемесиндеги азыркы кесиптештеримден да таптым -дейт Гүлбара Дани-

ярова. Анан да өзгөчө жолдошу Шакирдин иштешине шарт түзүп, жардамын берип, таяныч болгонуна ыраазычылыгын айтты. Эгерде үй-бүлөдө да жакшы колдоо болбосо аялзатынын өз ишинде да ийгиликке жетиши күмөн эмеспи.

Ал жаш кезинде башка бирөөгө шакирт болсо, эми өзү жаштарга устат болду. Анан бүгүнкү күндө чогуу иштеп жаткан ынтымактуу жамаатка келгенине ыраазы экендигин дагы баса айтып, кыргыз-өзбек, орус-татар, деги баары бир үй-бүлөдө өскөн сымал биримдикте иштеп жатышканын билдирди. Алардын ийгилиги да бир, кубанычы да бир.

Гүлбара Данияррованын татыктуу эмгеги кайсыл жерде иштебесин баалуу сыйлыктар, Ардак грамоталар менен бааланып олтурду. Шаардык, областтык жетекчиликтерден, республикалык «Турак жай жана коммуналдык » союзунун Ардак грамотасы менен сыйланды. Ага бир күнү «Каарман» медалы ыйгарылды. Балким, бул да акыркы сыйлыгы эместир. Иштеп турса, алдыда дагы мамлекеттик сыйлыктар турган чыгар.

Ал өзү тандап алган эсепчилик кызматы менен эмгектик бактысын тапты. Буга өзүнүн көптү билүүгө болгон умтулуусу, өжөрлүк менен жасаган аракети, бирге иштешкен кесиптештери менен тил табышып, жылуу мамиледе болуп иштей билиши, жогоруда айткандай үй-бүлөсү менен жетекчилеринин колдоосу аркылуу жетишти.



# Өмүр сакчысы



Гүлнара Жээналиева
Жалал-Абад
бирикккен
оорукананын
жугуштуу
оорулар бөлүмүнүн
башчысы.

Алар бир үй-бүлөдө сегиз бир тууган чоңоюшкан. Гүлнара Жээналиева бир туугандары арасында үчүнчүсү эле. Апасы Мырзайым балдарын тарбиялап, үй тиричилиги менен алектенип үйдө болсо, атасы Марат Жээналиев үй-бүлөсүн багуу үчүн жалгыз иштеди. Мектепте окуучуларга математикадан сабак берчү. Ошол мектепте иштеген эмгек маянасы менен балдарын бакты. Ал гана эмес, уул-кыздарынын окуп, кесип алышына да аталык милдетин өтөдү. Гүлнаранын балалыгы Жалгыз-Жаңак айылында өттү. Көк-Арт орто мектебин жакшы окуп бүткөрдү. Орто мектепти аяктагандан кийин секелек кыздын өз күчүм менен студент болом деген аруу үмүтү оңой менен ишке ашкан жок. Жыл сайын тапшыра бергенден тажабаган кыз окууга өтпөй калгандан соң, эки жыл Фрунзедеги бут кийим фабрикасында жумушчу болуп иштеди. Ошондон кийин борборубуздагы медициналык институтка (азыр медициналык академия) тапшырып, студент болуу бактысы насип этти. Ошондогу жаш кыздын кубанычын сөз менен айтып түшүндүрүү кыйын эле. Окуусун бүткөндөн кийин акыркы жылы интернатураны Жалал-Абад шаарындагы оорукананын терапия бөлүмүндө өтөдү. Ошондон кийин 1992-жылы оорукананын жетекчилиги жугуштуу оорулар бөлүмүнө « иштеп тур» деп жөнөтүшкөн. Ал оюнда

ушул сөзгө ынанып, кийин башка бөлүмдө иштейм го деп ойлогон. Бирок, андай болгон жок. Бул жерде биротоло иштеп калды. Бир курдай айтканында башкы дарыгер « көнүп калдың, иштей бер», дегендей маанини билгизди. Анткени, бул бөлүмдүн жумушу оор болгондуктан, көбү эле келе бербейт эле. Медициналык институтту бүткөндө адам өмүрү үчүн кызмат кылууга ант бергендигин ойлогондо бөлүм тандабай, иштин оор жеңилин ылгабай иштеп жүрүп, болгондо да өз кесибине берилип, жакшы эмгектенгендиктен, жетекчиликтин буйругу менен 2005-жылы жугуштуу оорулар бөлүмүнүн башчылыгына көтөрүлдү. Бир чети жаш кадрга болгон ишеним, аны дагы да жоопкерчилик менен иштөөгө түрткү болду.

- Бул бөлүмдө иштөө жеңил эмес. Бардык жугуштуу ооруларга кириптер болгондор ар кандай абалда келишет. Алардын көпчүлүгү аз камсыз болгон, турмуштук жактан жетишпегендер экендиги талашсыз. Жатып дарылан дегенге кээ бирөөлөрү көнүшпөйт. Оорулары жугуштуу болгондугуна карабастан, негедир түшүнгүлөрү келбейт. Биз аларды убагында дарылап, өмүрүн сактап калышыбыз керек. Дарылайсың, же жоготуп аласың. Биз дайыма биринчиси дарылап, айыктыруу жолун тандап алабыз. Адам өмүрү биз үчүн баарынан маанилүү болгондуктан келген оорулууну айыктыруунун аракетин көрөбүз. Бөлүмдө сегиз дарыгер иштейбиз. Бизде 40 койка бар. Анын ичинде интенсивдүү, же жандандыруу обочосу үчүн койкалар бар. Жайында ич өткөк, күзүндө-кышында сасык тумоо, ич келте, сарык оорусу көбөйөт. Эс алуу аз; жумуш оор, жумуштан кийин үйгө барганда да кооптонуп турабыз, оорусу өтүшүп кеткен адамдар келсе, кабарлашса, түн бир оокум болгонуна карабай келүүгө туура келет,-дейт Гүлнара Жээналиева.

Каарманыбыз мына ушулар туурасында айтып олтуруп, бөлүмдө улуу муундагы, тажрыйбалуу дарыгерлер калгандыгын билдирди. Эс алууга чыккан дарыгерлер да бар. Жаштар келишпегендигин, анткени «инфекция» дегенде эле чочуша тургандыгын, бирок, жугуштуу оорулар менен иштегендиктен алдын ала дарыланып турушаарын, ал эми союз учурунда сүт беришсе, азыр ал токтотулгандыгын, өздөрү сатып ичишээрин, өтө аз, бирок өтө жогору да эмес, орточо эмгек акы менен баарына кайыл болуп иштеп жатышкандыгын кошумчалады. Берген сурообузга жараша кыргыз мырзалары туурасында оюн мындайча билдирди:

- Көпчүлүк кыргыз аялдары үчүн азыркы мезгилде жашап-иштөө өтө кыйын. Үй-бүлөсүн багуу жоопкерчилиги биз аялдардын мойнуна жүктөлгөн. Биз да эс алгыбыз келет, бирок турмуштук муктаждык ага жол бербейт. Баарын деп айтпайлы кээ бир, ( көпчүлүк десек да болот) чыныгы кыргыз мырзалары болгондо түрктөргө окшоп, аялдарын үйдө олтургузуп, баары менен толук камсыздап багышканда, биздин кыргыз аялдары да балдарына чыныгы энелик тарбиясын берип, жолдошунун жакасына кир жугузбай, күн сайын жумушуна күлүп узатып, кечинде жылуу тосуп алууга жарайт болчубуз. Мына ушунун айынан кыргыз аялдарынын балдары энелик мээримге тойбой келет. Эркектерге окшоп балдары ойгоно электе кетип, кечинде уктап калганда келебиз. Кээде менин балдарым да: « апа бүгүн ишке барбай эле коюңузчу?!» ,-деп айтышат. Кантип барбай кое аласың, биринчиден оорулуу күтүп жатат, экинчиден иштеш керек. Көпчүлүк энелер балдарын багам деп көчөгө чыгып калышты. Аял робот эмес да, ал да эс алгысы, ден соолугун чыңдагысы келет. Кээ бир эркектер аялдарын күнөөлөшөт. Үй-бүлөнү багуу мусулман эркектин милдети экендигин билгилери, билишсе да түшүнгүлөрү келбейт. Азыр жогорку билимдүү адис аялдар гана эмес, окубай калган аялдар да балдарын багуу үчүн базарга чыгып жатышат. Алар балдарын ыйлаткысы келбейт. Мен да чогуу иштеген дарыгер, медайым, дегиси бөлүмдө иштеген ар бир аял-

дын көңүлүн көтөргөнгө аракет жасайм, аларды колдойм, үйлөрүнө көңүлдөрү чөкпөй жакшы маанайда кетсин деймин. Мүмкүн болушунча шарт жаратып, майрамдарда эс алдырганга умтулам. Себеби, биз аялдар бири бирибизди жакшы колдой албасак, башкалар кантип колдомок эле. Ал бөлүмдөгү иштин оордугуна карабастан айрымдарга окшоп сыртка иштегени кетип калышпай, ант берген кызматын таштабай иштеп жатышкан дарыгер Анара Ташболотовага, улуу медайым Уркия Сооронбаевага (Саламаттыкты сактоонун мыктылары), жаш дарыгер Акшоола Турдуматовага, дарыгер Кудлай Татьянва Васильевнага, медайым Бактыкан Эшиева, Нуркан Өмүралиева, Чынара Ормошоваларга ыраазылыгын билдирди. Алар көптөн бери иштеп келатышкан тажрыйбалуу адистер. Бул жерде ынтымак, биримдик бар. Ооруканада өткөн иш-чараларга да чогуу катышышат. Мисалы, 2013-жылда кесиптик майрамдарына карата өткөрүлгөн сынакта телевизор, жаңы жылда ырдап, компьютер утуп алышкандыгын айтуу менен бул да ынтымактын, бири бирин түшүнүү менен эмгектенүүнүн жемиши деди.



# Замандын инсаны

**"Алым ата" курулуш фирмасынын директору Абдибакы Имаров жөнүндө баян.**

Союз учурунда заңгыраган кабаттуу имараттардын баары мамлекет тарабынан курулчу. Мына эми өзүбүзчө эгемен мамлекет болдук деп, жар салгандан тартып, рыноктук экономиканын шартына жараша жеке курулуш мекемелери да көбөйдү. Кызык жери, техникасы түгүл, толук кандуу куруучулары болбой туруп, курулуш курабыз деп тендерге катышкан фирмалар да чыкты. Бирок, азыркы биздин каарманыбыздын жөнү башка. Ал инсан Имаров Абдибакы Алимович. Бул ысым азыр Жалал-Абад облустында тажрыйбалуу, белгилүү куруучу катарында таанымал ысым. Ал өзүнүн тарыхы бар, курулуш уюмун жетектейт. Тактап айтканда "Алым ата" фирмасынын, мыйзамдуу айтканда жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору. Анда эмесе сөз башынан болсун.

Абдибакы Имаровдун кесиби куруучу. 1976-жылы Фрунзедеги политехникалык институтту бүтүргөн.

-Окуумду бүтүп келгенде эле мен жол жээктеринде темир-бетондон жасалган жол белгилерин коюп, аялдамаларды курууга катыштым,-дейт ал.- Ошондо ДЭУ-22 курулуш мекемесинде мастерликтен ишимди баштап, андан соң, прораб болуп иштеп, кийин аталган мекеменин алдында уюштурулган "Хуод" деп аталган ишканада прораб болуп эмгектендим. Биз ошол кезде ДЭУ-31 жол куруу мекемесинин имаратын жана анда иштеген куруучулар үчүн жашай турган жыгачтан үч үй курганбыз. Мындан тышкары ДЭУ-22 ишканасынын короосуна кызматкерлер үчүн эки үй салдык.

Анда жаш кези. Прораб болуп иштеп жатканда бар болгону 23 жашта болгон. Кол алдында 30дай жумушчу иштечү. Тапшырылган иштин жана иштеген куруучулардын

жоопкерчилиги анын мойнунда. Тартип ошончолук бекем эле. Жумуш баарынан жогору турган. Жашынан кызматка бышып, такшалган жигит 1980-жылы Жалал-Абад шаарындагы универсалдуу соода базасына директордун экономика иштери боюнча орун басарлык кызматына дайындалды. Ошол учурда бар болгону 26 жашка чыккан. Бул база чоң соода базасы болгон.

Өзүнүн эмгек жолу туурасында сөз кылып жатып каарманыбыз соода базасында иштеген он жылдын аралыгында анын катышуусу менен жасалган иштери жөнүндө маалымат берди. Бул суроо үчүн жооп эле эмес болчу. Көп жылдар курулуш уюмун жетектеп, артына бир кайрылып сарасеп салып көрсө, же болбосо өзүнө өзү отчет бере турган болсо көп иштер жасалыптыр.

-Көп имараттарды курдук. Эң оболу 3 кабаттуу административдик корпусту,10 миң чарчы метр келген кампаны, базанын ичине жүк келүүчү кошумча 3 темир жолду, жүк түшүрүп, жүктөөчү чоң кран курдук. 10 миң чарчы метр жерге асфальт бастырылды. Өрт өчүрүүчү эрежелерди сактоочу бүтүндөй жабдууларды койдук. Бир караганда майда бараттай байкалганы менен чоң иштерди бүткөрдүк,-деп белгилейт Абдибакы Имаров.- Бул жерде баса белгилеп кетүүчү маанилүү курулуш 1000 чарчы метрди ээлеген көргөзмө залды жана азык-түлүк товарларын автоматтык фасофкалоочу цехти курууга жетишкенбиз.

1991-жылдан тартып, Жалал-Абад областындагы курулуш көчмө колоннасынын башчылыгына ишеним көрсөтүлдү. Бул мекеме областтык керек-жарак союзуна караштуу ПМК болгон. Бул жерде иштеп жатканында жетекчиликтин алгачкы жылында “Чилмайрам” ресторанын курушту. Жалал-Абад шаарынын Көк-Арт кичи шаарчасында областтык керек жарак союзуна караштуу 150 орундуу балдар бакчасын, дал ушул шаарчада 40 жана 48 квартиралуу эки турак жайдын курулушун бүткөрүштү. 10 миң



чарчы метр аянтты ээлеген Шамалды-Сай шаарчасында соода комплексин курду. Базар-Коргон районунун Акман, Сузак районундагы Барпы айылында соода комплекстерин, Рахманжан атындагы колхоздо консерва заводунун курулуштары курулуп, ишке берилди. Жалал-Абад областтык жогорку чыңалуудагы электр тармактар ишканасынын буюртмасы менен Жалал-Абад курортунда эки корпустан турган 50 орундуу имараттын курулушу башталып, тилекке каршы бүтпөй токтоп калды. Дагы бир мисал, Жалал-Абад шаарындагы борбордук базарга кире бериштеги “Кубаныч” соода үйүн куруп, бир кезде иштеп турган суу чыгаруучу “Гималай” заводун жана дал ушул жердеги балдардын тамак-аш чыгаруучу консерва заводунун курулушун курууга катышып, акырында анын эмгеги менен аягына чыккан.

Союздун тарашы менен улам иши солгундап олтуруп, областтык керек-жарак союзу 2000-жылы биротоло ишин токтотту. Анын аралыгында Абдибакы Имаров “Алым ата” коомун түздү. Анын максаты өзүнүн тажрыйбасына таянып, курулуш тармагында ишмердүүлүгүн жүргүзүү болчу. Мамлекеттик ишкана жоюлгандан соң, ал эч кимден жумуш сурабай өзүнө жана бир катар адамдарга иш орунун түздү. Алгач тендерге катышып, Жалал-Абад шаардык мамлекеттик каттоо мекемесинин имаратын капиталдык ремонттоо иштерин жасады. Ал эми 274 орундуу Атабеков орто мектебинин жаңы курулушу үчүн биринчи тендерге катышып, 2008-жылдын 7-июлунда башталган курулушту 2009-жылдын 19-июлунда аягына чыгаргандыгы алигиче эсинде.

- Биз тендерге катышып, баштаган курулуш дайыма 7-8 айдын аралыгында бүткөрүлөт. Алсак, өкмөттүн түрткү берүүчү грантынын эсебинен Барпы айылында айылдык дарыгердик амбулаториянын имаратын курдук. Октябрь айылындагы балдар үйүнүн имаратын ичи-тышын капиталдык ремонттон чыгарып бердик. Жалал-Абад шаарындагы Жусуп Бакиев, Михаил Бабкин көчөлөрүнө асфальт басты-

рып, иретке келтирдик. Мына ушул көчөлөрдөгү темир жолдун үстүн унаа менен өтүүгө ыңгайлаштырып курдук. Борбордук аянтка фонтан орноттук.

Ошондо биринчи жолу борбордук аянтка брусчатка төшөгөн да мына ушул инсан жетектеген курулуш уюму болгон. Токтогул, ВЛКСМ эс алуу жайларын да капиталдык ремонттон өткөрүшкөн. Кыскасы, алар Жалал-Абад шаарында бир катар курулуштарды куруп, капиталдык ремонт жасап, эс алуу жайларын жана көчөлөрүн тартипке келтиришти. 2010-жылы ЖТРдин имараты өрттөлүп кеткенден кийин эң мыкты ремонттоп, заманбап абалга келтирген да Абдибакы Имаров жетектеген куруучулар эле. Ошол кезде көзү азиздер үчүн кабаттуу турак үйдүн, Көк Арт кичи шаарчасындагы спорт залды, Курманбек кичи районундагы 150 орундуу балдар бакчасын куруп, Токтогул районундагы Ничке-Сай айылында Малабаев атындагы 200 орундуу жаңы мектепти 9 айдын аралыгында спорт залы менен куруп бүтүшкөн.

2014- жылы бар болгону бир жарым айдын ичинде Советтер Союзунун баатыры Тукубай Тайгараевдин эстелигин куруп тапшырышты.

Жасалган иштерди тизмектеп айтып жатсак, билбеген адамдар үчүн мактанычтуу болушу шексиз. Бирок, ал иштердин жасалгандыгы чындык. Бир чети бул аткарылган иштердин отчету.

Ойлоп көрсө мындан он төрт жыл мурда техникасы жок ишин баштап, бүгүнкү күндө ондогон техникалары бар, куруучулары тажрыйба артып такшалган ири курулуш уюмуна айланды. Азыр өздөрүнүн турган бардык ыңгайлуу шарты менен туруктуу иш жайы бар. Бир кезде өзү жетектеп, кийин башка бирөөгө тапшырган, акырында эч нерсеси калбай калганда сатып алган ПМКнын короосун капиталдык ремонттоп, азыркы кезде кадимки көрүнүктүү иш жайына айланткан. Бир кездеги кыйынчылыктар артта калып, мына бүгүн бутка турган курулуш мекемесин жетек-



тейт. Көп жылдар сарптаган аракетинин үзүрү кайткан убагы. Тендерге катышат, Жараткан Алла колдоп, канчалаган курулуштарды аягына чыгарды. Эмгегинин үзүрүн көрдү 2011,2012,2013-жылдары областта "Мыкты куруучу" номинациясын ыйгарышты. Жалал-Абад шаардык мэриясынын, Сузак райондук, облосттык мамлекеттик администрациясынын, КРнын маданият министрлигинин, республикалык керек-жарак союзунун, мамлекеттик курулуш агенттигинин Ардак грамоталары менен сыйланды. 2008-2012-жылдары Сузак райондук кеңешинин депутаты катарында да эл ишенимин аткарды. 2009-жылы "Сузак районунун ардактуу атуулу" наамын беришти. Бул тизмектелген сыйлыктар анын эмгегинин жемиши.

Ал курулуш иштеринен тышкары, ишкердүүлүктүн бир түрүн өздөштүрүүнү чечти. Сузак районундагы байпак токуу цехинин жабдууларын сатып алып, кошумча түрдө бул ишти да колго алууну чечти. Эгерде иш баштап, товар чыгарып, ийгиликтүү кадамдарды жасаса, буюрса жергиликтүү рынокко коюп, андан тышкары Москвага жөнөтүү максаты бар. Демек, ишкердүүлүктө да өзүнүн дараметин сынап көрүүгө бел байлады. Мамлекет мурдагыдай ири өндүрүштүк ишканаларды куруугa кудурети жетпей турган чакта, бир адамдын чакан өндүрүштү кошумча түрдө ишке киргизиши бул да чоң жетишкендик. Эң оболу жаңы жумушчу орун, жергиликтүү бюджетке кошумча салым.

Жумушу көп. Кээде чарчаганга да убакыт жок. Негедир белгиленген убакыт анын мелжеген жумуштарын жасоого үлгүртпөй келет. Суткасына жыйырма төрт саат эмес, кырк сегиз саат болгондо а балким дагы мындан да көбүрөөк жумуштарды жасамак беле. Өзү менен иштеп, андан турмушун оңдоп, жакшы жашоого үмүт эткен адамдарга дайыма жумуш таап бериши абзел. Ошол жоопкерчиликти өз мойнуна алгандан соң, өтөөсүнөн чыгуу инсандык парзы. Ошон үчүн мүмкүн болушунча чоң-чоң курулуштар үчүн жарыя-

ланган тендерлерге эч кимди алдабай, мыйзамды бузбай, таза, туура катышып, жеңип чыгып, бир чети өзү ырахат алып иштесе, бир чети жоопкерчилиги чектелген коомдо иштеп жатам деген ар бир жумушчуну иш менен камсыздап келет. Мындай кырдаал кыйынчылыктан чыгуунун жолун таппай алдастап турган, көп адамдардын, кала берсе жетекчилердин деле колунан келе бербейт. Бул турмушта жаман адамдар көбөйүп кетти дешет. Тетирисинче жакшы адамдар да көбүрөөк. Алардын бири мына ушул биз ысмын тилге алып, жактыруу менен эмгегин калыстык үчүн сиздерге саймедиреп берүүнү туура көргөн биздин каарманыбыз Абдибакы Имаров.



# Эмгеги менен жетилди



**Акылай Карабаева, «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын областтык башкармалыгынын башкы эсепчиси.**

Кесип ээсинин көпчүлүгүнүн такшалып, дасыккан адистердин катарына кошулушунда устаты болот. Азыркы биздин каарманыбыз Акылай Карабаева өзүнүн эмгек жолу туурасында айтып олтуруп, областтык деңгээлдеги мекеменин башкы эсепчилик кызматына келгенге чейинки эмгек таржымалы жөнүндө баяндап берди.

Беш жыл студенттик доордун мазмундуу жана кызыктуу ирмемдерин өз башынан өткөргөн жаш адис кыргыз мамлекеттик университетинен жогорку билимге ээ болуп, колуна диплом алгандан кийин алгачкы эмгек жолу Ноокен райондук социалдык жардам берүү бөлүмүндө башталды. Бул жерде көпкө эмгектенген жок, Аны Тоскоол байланыш бөлүмүнүн башчылыгына жөнөтүштү. Буга ошол кезде Ноокен районунда иштеп жаткан белдүү жетекчилердин бири көпкө дейре акимдин социалдык маселелер боюнча орун басары болуп эмгектенип жаткан Тажикан Самидинова себепкер экендигин айтат.

-Акылай сенин байланыш кызматын тандаганың дурус. Эл менен иштейсиң, жакшы иштесең өздөрү эле көтөрүп алышат, ал үчүн элге кызмат кыла бил. Жөнөкөй бол,-деди ал. Анан минтип кошумчалады: -иш бөлөмөңө чайнек жана пияла алып кой, келген кишини жылуу кабыл алып, бир пияла чай берип узатсаң, ошол учурда пенсиясы келбей турса да, сенин пейилиңе ыраазы болуп, алкышын айтып

кетет. Ал кез 1996-жылдын күз мезгили эле, Ошондогу эженин насааты ушул күнгө чейин эсимден кетпейт,-деди Акылай Карабаева.

Ал Тажикан Самидинованын көз алдында өсүп, тарбиясын алып, кесипке такшалгандыгын айтты. Чынында Тоскоол байланыш бөлүмүндө жакшы иштеди. Анан Ноокен райондук байланыш бөлүмүнө пенсия, пособие боюнча операторлукка которулду. Убакыт өтө берген сайын Акылай да ишинде үйрөнүп тажрыйбасы артты. Ишинен таанылган жаш кыз райондук байланыш бөлүмүнүн башкы эсепчилигине дайындалды. Бул жерде да таза, ак ниет иши менен көрүндү.

Акылай Карабаева өз ишинде такшалып, кесиптик чеберчилиги бир кыйла көтөрүлүп, чыныгы адис катарында жетекчиликтин сынына толуп, 2003-жылы «Кыргызпочтасынын» областтык башкармалыгына башкы эсепчиликке которулду. Дагы баса белгилеп кетүүчү жагдай бул ишенимге ал өзүнүн ишине тактыгы, та за, туура жана жоопкерчилик менен иштей билген адистик сапаты менен жетти. Бул тармакта иштеп көнгөндүктөн, мурда райондо иштесе, эми област боюнча эсеп-кысап жүргүзүү жоопкерчилигин да шыр алып кетти. Анын өз ишинде такшалып, тажрыйба арткан чыныгы адис экендигин республикалык департаменттин жетекчилиги да жакшы билишет. Эмгегин баалашып, Ардак грамота менен да сыйлашкан. Бул анын эмгектик ийгилиги.

-Областта иштеген он эки жылдын аралыгында алты жетекчи менен иштештим. Баары менен тил табышып, өз ишимде мыйзамды бузбай туура жүргүзүүгө аракеттенип келдим. Кызматымдан кемчилик кетирбөөгө умтулдум. Почтанын иши оор. Дайыма акча менен иштейсиң. Мүмкүн болушунча финансылык кемчилик кетирбөөгө аракет жасайм. Биз аркылуу өткөн ар бир акча ал элдики, ар биринин өз орду бар. Почта дегенде эле көбү гезит-журнал, кат-кабар менен иштешет деп билишет. Андан сырткары электр жарыгына,



газга, салыкка төлөмдөр, айып пулдар, пенсия пособие боюнча элге кызмат кылабыз. Мамлекеттен бир сом каражат албай, элге кызмат көрсөтүүнүн эсебинен жашайбыз,-деди Акылай Карабаева өз ишинин максат-багыты тууралуу учкай гана баяндап.

Анын үй-бүлөсү тууралуу да маалымат алдык. Жолдошу Бакыттын азыркы мезгилдин шартына жараша өзүнүн аткарган жумушу бар. Жеке ишкердик менен алектенет. Алардын Даниэл аттуу бир уулу, Адеми деген алмончоктой болгон кызы бар.Экөө тең балдар бакчасына барышат. Ар жылы үй-бүлөсү үчүн ал жайкы мезгилде эмгектик өргүүгө чыгууга аракет жасайт. Бул мезгилде балдарынын маңдайында, көпчүлүк убактысы ашканада өтөт. Короого кулпуртуп кооз гүлдөрдү өстүрүүгө да убакыт сарптайт. Анан эмгек өргүүсүнүн белгилүү бир убактысын өзүнүн ден соолугуна камкордук көрүп, Ысык-Ата курортунда өткөрөт.

- Мен өзүн сүйгөн аялзаттарынын катарына кирем деп ойлойм,-дейт ал.-Өзүмдү кароого сөзсүз убакыт табам. Башкаларга, же жолдошуңа көрүнүү үчүн эмес, өзүң үчүн дайыма жаш, сулуу болуп жүрүү өзүңө жагымдуу. Ошондуктан ар бир аялга өзүңөргө убакыт бөлгүлө деп айтаар элем.

Биздин каарманыбыздын жасаган ишинен, баскан турганынан, турпатынан, кулк-мүнөзүнөн азыркы замандын татыктуу аялзатына таандык сапаттарды байкап турдук. Эң башкысы анын өз кесибинин чыныгы устаты, тажрыйбалуу, дасыкан адис экендигин бааладык. Мындай деңгээлге өз эмгеги менен жеткен айымдар арабызда бир топ экендиги талашсыз.

# «Атам бизди окугула», деп туура айткан



**Нурбу Каримова, Жалал-Абад шаардык мамлекеттик каттоо кызматынын башкы эсепчиси.**

- Мен өзүм жөнүндө айтаардан мурда атам туурасында бир-эки ооз сөз кылайын деп турам,-деп белгилейт Нурбу Каримова.-Ал азыр Жалал-Абад шаардык мамлекеттик каттоо башкармасында башкы эсепчи болуп иштейт.

- Мен Токтогул районунун Өзгөрүш айылында карапайым жумушчунун үй-бүлөсүндө туулганмын. Атам Рыскул атайын жогорку билимге ээ болбогону менен ой жүгүртүүсү терең, мезгилдин агымын түшүнгөн, акылдуу, жеткилең пикири бар, мындайча айтканда турмуштук илими бар адам болгон. Апам Алиш болсо бизди тарбиялап, үйдө олтуруп иштеген жок. Бирок, апабыздын энелик мээрим, адамгерчилик, айкөлдүк менен берген тарбиясынын жемишин кийин биз көрдүк. Атам совхоздо иштеп, көп текшерүүчүнү башынан өткөрүп, канча башкаруучу менен иштешип, алардын ар биринин кыял-жоругун көрүп, оң менен терсти, жакшы менен жаманды таразалап көрүп келгендиктен, өзүнүн окубай калганына аябай өкүнчү. Анан дайыма бизге айтаар минтип эле: «Окугула, силер окуп, билимдүү адамдардан болгула. Жок дегенде он адамга башчы болгула. Мына мен бир башчынын астында жүрөм, эгерде окуп, кесип алган болсом мен да башкаларга башчы болмокмун, мен жетпеген нерселерге, мен жетпеген бийиктиктерге силер жеткиле». Атам үйдө жападан жалгыз өзү иштеп, биздин баарыбызды күчүнүн жетишинче окутту. Бир үйдө тогуз бала тарбияланып өсүп, мен эң кенжесинин экинчиси болчумун. Атам жалгыз иштесе да бизди эч нерседен кемөксү кылбай багып-өстүрүүгө умтулду. Дайыма бир койдун бүтүн этин алып келип, бышыкчылык мезгилде тележкалап үйгө дарбыз түшүртүп, дегиси оокат-аштан, кийимден муктаж болбой жакшы жашайт элек. Бүгүн болсо биз базардан азык-түлүктү килолоп гана сатып алабыз. Ушул бүгүн да атамдын «Окуп, билим алгыла» деген сөздөрү оюмдан кетпейт. Көрсө биздин келечегибизге камкордук көрүп, кийинкилигибизди ойлогон экен.

Чынында камкор ата, балдарынын окуп, эл катарына кошулушун алар кичине кезинде эле эңсеп келген. Айтканындай болду. Нурбунун эң улуу агасы Шамалбек борборубуздагы политехникалык институтун, кийинки бир туугандары Калыбек жол куруу техникумун, Зуура политехникалык институтту, Айдай кооперативдик техникумду, Нуркалил Магнитогорский деги педагогикалык институтту, Нурлан Санг-Петербургда педагогикалык инситутту, Нурила Бишкектен дизайнерликти бүтүрүштү. Ал эми Нурбу болсо алгач борборубуздагы финансы-экономика техникумун, кийин кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин, ЖАМУнун бухгальтердик эсеп факультетин аяктады.

-Азыр да окуп жатам дейт каарманыбыз. —Ушул тапта ЖАМУнун көзөмөлдөө башкаруу факультетинин 4-курсундамын. Окугум келди, ошондуктан бир нече окуу жайын аяктадым. Анткени, бүгүнкү жашоодо канчалык көп окуп, көп билсең эч зыяны жок.

Көрсө каарманыбыз мезгилдеги өзгөрүүлөргө жараша билим алгысы келет экен, ошого жараша көз карашын өзгөртүп, кесибин алмаштырууга туура келген учурлар болду.

Нурбу Каримова мектепте эң жакшы окуп бүткөргөн. Кесип алгандан соң, Кара-Көл шаарында авто мектебинде

алгач иш жүргүзүүчү болуп кирсе, көп өтпөй башкы эсепчи жашы жетип, эс алууга кетип, ордуна үч айдан кийин эле башкы эсепчи болуп иштеп калган. Ошондо бул жумушту үйрөнүп кетүү үчүн жан оту менен аракет жасаган. Иш кагаздарын баарын чогултуп, зерикпей көтөрүп алып, башкы эсепчи болуп иштеп кеткен Гончарева Надежда Петровнанын үйүнө алып барып, тартынбай эле андан сурап үйрөнүп жүрдү. Мындай көрүнүштөр тез-тез кайталанаар эле. Ошентип, өжөрлүк менен бир жылда башкы эсепчинин ишин толук өздөштүрүп кетти. Эми ал кайсыл мекемеде иштесе да, башкы эсепчинин кызматын кынтыксыз аткарып кетүүгө жөндөмдүү болуп калды. Андан соң, шаардагы керек-жарак коомунда башкы эсепчи болуп бир жарым жыл эмгектенип, дагы такшалды, тажрыйба артты. Бул мезгилдин аралыгында турмушка чыгып, үй-бүлөлүү болду. Убакыт закымдап өтүп, иштеп да, үй жумушун да жасоого көнүктү. Жашоосу уланып, кыздуу, уулдуу болду.

Жаш кезинен кызматка үйрөнүп, жаштыгынан такшалган. 2001-жылы Кара-Көл шаардык мамлекеттик каттоо кызматынын башкы эсепчилигине которулду. Ошол кезде өлкөбүздө реформалар башталып, мамлекеттик каттоо кызматынын иши чоң саясат болуп, бул тармактын кадыр-баркы өсүп турган. 2001-2006-жылдардын аралыгында дал ушул жерде башкы эсепчи болуп иштеп, дагы тажрыйба артып, дасыккан адис болгондо анын ишин баалаган жетекчилер аркылуу Жалал-Абад шаардык мамлекеттик каттоо мекемесине башкы эсепчиликке которулду.

Ошондон тарта дал ушул мекемеде- бир жерде талыкпай иштеп, өз кесибинин устаты аталды. Эмгегинен баар таап, өздөрүнүн мекемесинин жетекчилигинен, шаардык мэриядан, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинен алкыштарды алды, бул тармактын отличниги төш белгиси менен сыйланды. Бул да болсо Нурбу Каримованын башкы эсечилик иштеги үзүрдүү эмгегинин жемиши эле.



Алазыр үй-бүлөсүндө үч баласынын бактылуу энеси. Кызы Асел менен уулу Эмир мектепте окушат, кенже уулу Өмүрбек алты жашка чыккан.

-Атам бизге дайыма окугула деп айтса, азыр мен балдарыма « жакшы окуп, элибизге керектүү болгон татыктуу уулкыздардан болушуңар керек»,-деп айтам. Билимдүү адам турмуштан өз ордун таба алат, үй-бүлөдө да билим керек,-дейт каарманыбыз. Ал ушул тапта өлкөбүздүн өсүп-өнүгүшү билимдүү кадрларга байланыштуу экендигин тастыктайт. Мамлекет үчүн иштейм деген адам сөзсүз эле борбордо эмес, өлкөбүздүн булуң-бурчтарында өз иши, эмгеги менен салым кошо аларын белгилейт. Ата сөзүн көңүл түпкүрүндө сактап, окуп, билим алуудан, үйрөнүүдөн тажабаган, өз кесибинде такшалып, дасыккан бир кесип ээсинин мисалында учкай гана баян кылдык.

# Инсандын көз ирмеминдеги таржымалдар



**Максуталы Кочоков, областтык архивдин башчысы, КРнын "Маданиятына эмгек сиңирген ишмери".**

Максуталы Кочоковдун бүгүнкү жашоодо өз орду, өз кадыр-баркы бар инсан. Мен бул инсанды кызматтык байланыш аркылуу көптөн бери тааныймын. Өз ишине бекем, талапчан, жоопкерчиликти жогору сезген, анан адамдык сапаты жагынан жөнөкөй, калп айтпаган, так жүргөн, сөзүндө турган инсан экендигин танууга болот. Биз сөз кылчу болгон адам областтык архивди жетектейт.

Ар бир адамдан тартып, областка чейин тарых барактары сакталган архив кызматы акыл-эстүүлүк, терең ой, көз караш менен талдай келсек, баарынан баалуу, баарынан ыйык жана көп кызматтардан өзгөчөлөнгөн айырмачылыгы менен баркталат. Бул инсандын дал ушул кызматта иштегенинен тартып, көз ирмеминде канчалаган кайталангыс таржымалдар өттү. Эң оболу мына ушул инсандын балалыгынан тартып, ушул кезге чейинки тарых- таржымалы туурасында баяндай кетели. Тарых демекчи, ар бир адамдын өмүрү өзүнчө тарых.

Каарманыбыз Өзгөн районунун Жалпак -Таш сельсоветинде Үч - Капчал айылында карапайым жылкычы Салы атанын үйүндө бул ааламга келди. Апасы Бурул өз балдарын тарбиялаган эне, кыргыздын каада-салтын билген нарктуу аялы эле. Бир үй-бүлөдө үч уул, эки кыз өсүп-жетилип,



алардын туну биздин каарманыбыз Максуталы Кочоков. Адамгерчиликти, меймандостукту туу туткан карапайым үй-бүлөдө бир туугандар ата-эненин мээрими астында өсүштү. Азыр баарынын турмушта өздөрүнүн бакыбаттуу жашоолору бар, бир туугандарынын баары мезгилдин агымы менен жарышып, ишкердикти жакшы өздөштүрүштү. Анткени, биз каалайбызбы, каалабайбызбы рыноктук экономика жөндөмдүүнүн жөндөмүн сынаган мезгил, Анын бир туугандары да өзү баш болуп, мына ушул мезгилдин сыноосунан мүдүрүлбөй өтүштү.

Бирөөнүн акысын жебей өз- бешене тери менен жашаган ата-эненин тарбиясы жаман болгон жок. Орто мектепти бүтөөрү менен жогорку окуу жайына тапшырып, бирок өтпөй калды. Чарбанын жумуштарына аралашып, чөп жыйноо, сакманчылык иштерди аткарып, кара жумуш жасап эки жылдай жүрдү да, 1974-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, Латвияга кызмат өтөөгө жөнөтүлдү. Алты ай авиациялык полкто окуп-үйрөнүп, сыноодон ийгиликтүү өтүп, 3-класстагы авиация механиги деп аталган аскердик квалификациясын алууга жетишти. Аны бүткөндөн кийин Алтай крайына Барнаул шаарындагы жогорку авиациялык полктун спорт бөлүмүнө келип түштү. Бир ай бою жүгүрүү менен машыкты.

- Бир айдан кийин Алтай крайынын Славгород шаарындагы авиациялык аскердик полкко караштуу аэропортто авиамеханик катарында кызмат өтөөгө жөнөтүлдүм,-деп белгилейт каарманыбыз. -Ал жерде аскердик учактардын иштөө абалын көзөмөлдөн өткөрчүмүн. Менин жүрүш-турушум, жоокердик милдетимди кемчиликсиз өтөп жатышым жаккан сыяктуу бир жылдан кийин мени спорттук комплекстин начальниктигине ( башчылыгына) дайындашты. Бул жооптуу милдет болчу. Муну менен бирге эркин күрөш боюнча машыгып жүрдүм.

Жоокердик милдетин өтөп жүргөн учурдагы кызыктуу

бир ирмем алигиче көз алдында турат. Ошол кезде полкто спортакиада болуп калды да, 56 килограмм салмак менен спорт мастери, летчик лейтенант (аты-жөнү эсинде калбаптыр) жана байланыш бөлүмүндөгү жоокер Морозов менен эркин күрөштө беттешип, экөөн тең жеңип алып, полк боюнча биринчиликкке ээ болду. Ошондо аны ийгилиги менен куттуктап, грамота менен сыйланган.

- Күрөшөм деп, дене боюм жанчылып, ооруп калыптырмын. Ошондон кийин бир апта санитардык бөлүктө дарыланууга туура келди. Кечинде чыгып барсам, эскрадондун командири, подполковник Озеров, полктун штабынын башчысынын орун басары менен жоокерлерди кечки текшерүүдөн өткөргөндөн соң, мени бардык жоокерлердин астына чыгарып, спортакиададагы жеңишим үчүн алкышын айтып, грамота менен куттуктап, бир жарым ай мөөнөтүнөн мурда мага үйгө кайтууга уруксат беришти. Ошол эле түнү Барнаулга чейин поездге олтургузуп узатып, Барнаулдан учакка билет алып, Кыргызстанга жөнөтүштү. Барнаул-Алма-Ата-Фрунзе-Ош багыты менен жүргөн аба каттамы аркылуу ошентип мен бир жарым ай мурда үйгө кайттым.

Армиядан кийин 1976-жылдан Фрунзедеги комволдук нооту комбинатында жумушчу болуп иштеди. Андан кийин 1979-жылдан тартып, Оштогу текстиль комбинатына келип, кездеме цехинде эмгек жолун улантты. Ошол жылы өзүнө жаккан кызга үйлөнүп, келишимдүү жар күттү. Ош мамлекеттик институтунда сырттан окууга кирип, иштеп жатып, жогорку билимге да ээ болду.Текстиль комбинатында мастердин жардамчысы болуп иштеп, анан текстилдин турак жай бөлүмүнө которулуп, жатаканада тарбиячысы болуп, 1985-жылга чейин эмгектенди.

Анын жашоосунда ошентип бурулуштар боло баштады.1985-жылы Ош областтык мамлекеттик архивдин жетекчиси Назаркулов Эргеш Атабаевич аны жакшы таанычу. Мына ушул инсандын жардамы менен областтык архив-



ге биринчи катардагы архивист болуп жумушка орношту. Кийин бөлүм башчы жана андан соң, профком болуп, деги-си ушул мекемеде үч жыл иштеди. Ал кезде Жалал-Абад, Баткен аймактарында да областтык архивдин филиалдары болгон. Ошол кезде архивдин Жалал-Абадддагы филиалынын башчысы жумуштан бошоп, дал ушул кызматка район-шаарлар аралык архивдер башкармасынын жетекчиси Самат Рысбеков Максуталы Кочоковдун талапкерлигин сунуш кылып калды.

-Мен ойлоноюн, убакыт бергиле, үй-бүлөм менен кеңешейин,-деп суранды. Эртеси жумушка келсе кесиптештеринин баары бул сунушту колдой тургандыгын ачык эле айтышты.

-Максут сен ойлонбой эле макулдугуңду бер. Мүмкүн сенин тагдырың ошол жакта күтүп тургандыр,- деп жапырт менин талапкерлигимди колдоп кетишти, -дейт каарманыбыз.- Ал учурда кызматка жөнөтүүдө эмгек жамааты сунуштачу. Азыркыга окшоп, бирөөнү ортого салган көрүнүш болгон эмес. Андан соң, мен областтык архивдин директору Эргеш Атабаевич менен акылдашууума туура келди, анткени, иштеп жаткан ишиме келишимде анын жардамы болгон. Ал үйрөнүп калган, жакшы кадр кетип калабы дегендей таризде кыйылып туруп араң макул болду. Ал учурда областтык архивди облисполкомдун алдындагы архив бөлүмү көзөмөлдөй турган. Бул бөлүмдү Скрипко Николай Кузмич жетектеген. Жетекчим мени мына ушул адамга алып келди. Ийри олтуруп, түз кеңешип олтуруп, ал да менин талапкерлигимди колдоду. Мен ага маселени кабыргасынан койдум.

- Жалал-Абаддагы филиалга караштуу 8 район, 5 шаар архивинин кадр маселесин жана финансылык иштерди ушул жерде чечип берсеңер, мен ал жакка барып иштеп берейин,-деген талапты койгонумда, ал ойлонбой туруп эле менин сунушумду туура эле кабыл алды да, мага республикалык жетекчиликке сунуш даярдап жөнөтүштү. Ал

убакта КРнын өкмөтүнүн алдындагы Архив агенттигинин төрагасы Сарбанов Талгарбек Сарбанович болгон. Ал Союз учурунда көрүнүктүү саясий ишмерлердин бири эле. Мен ошол кишинин кабыл алуусунда болдум. А менден "иштей аласыңбы?",-деп сурады. Мен "Талгарбек Сарбанович колдон келишинче иштеп берем",-деп жооп бердим. "Сен жөнүндө мага маалымат беришти, жаш экенсиң, иштей аласыңбы?, деп айтып жатам",-деди. Андан соң, анын орун басары Төлөгөн Абдыкаровдун кабыл алуусунда болуп, эртеси макулдуктарын беришти.

Андан эки жылдан соң, Жалал-Абад областы өзүнчө область болуп түзүлдү,-деп белгилейт Максуталы Кочоков. — Бул кызматка келгенде областтын бардык район-шаарларын кыдырып көрсөм, биринин да маңдай жылыткан шарты, өз имараты жок экен. Бардык архивдер үйлөрдүн, имараттардын повалдарында, тактап айтканда пайдубалдарынын астында, же өздөрүнө таандык эмес, сыз жыттанган ыңгайсыз жайларда ижара менен жашап, иштеп жатышкан. Тарыхый документтерди мындай жайларда сактоо мүмкүн эмес эле. Анан да кадрлардын өңчөйү орус тилдүүлөр болчу, жергиликтүү калктын өкүлдөрү өтө сейрек эле. Адам ыйлагыстай абалдагы архив кызматын оңдоого, ишин жүргүзүүгө туура келди.

Ошол кезде архивде тарых сакталгандыгын, кайсыл бир учурда анын баары керектигин жетекчилер билишкен эмеспи, айтор кайдыгерлик орун алып келген. Биздин каарманыбыз бир жылдан ашуун Ош шаарына каттап, Жалал-Абадада иштеп жатты. Шарттын начардыгы мындай турсун, кадрлардын эмгек маянасы да маңдай жылытпаган. Атайын эсептин негизде маяна алышат. Анан эле Союз ыдырап, орус тилдүүлөрдүн көбү сыртка кетип калышты. Кадрлардын жетишпестиги кошумча түйшүктү арттырды. Ошол кезде колхоз-совхоздор, элдик көзөмөлдөө жана башка мекемелер жоюлуп, алардын иш кагаздарын сактап калуу өтө



оор болду.

Максуталды Кочоковдун айтымында кеткен кадрлардын ордун толуктоо жеңил турбады. Жумушка алынган кадрлар архив кызматын билишпейт, үйрөтүүгө айлар эмес, жылдар сарпталды. Иштеген кызматкерлердин көпчүлүгү орус улутундагылар болчу, жергиликтүү улуттагылар саналуу эле болгон. Кадрларын ичинен өзгөчө бөлүп караган адис Любовь Николаевна Хальзова эле. Өз ишин жакшы билчү. Дароо эле аны орун басарлык кызматка дайындады. Ал ушул тапта да областтык архивде иштеп келет. Мындайча айтканда тажрыйбалуу адис. Каарманыбыз аны өзүнүн устаты катарында баалайт. 1991-жылы областтык архив түзүлгөндө Ошто граждандык коргоодо иштеп жатып, атайын окуу өткөрүү үчүн келип калган Сүйүнбай Кудайбердиев ага жакшы адис катарында сезилди. Ошол жеринен жумушка чакырып, орунбасарлык кызматты сунуш кылды. Ал алты айдын аралыгында бардык өндүрүштүк иштерди үйрөнүп, өздөштүрүп алды. Анан да өзүнүн адамдык эң сонун сапаттарын көрсөттү.

Каарманыбыз эмгек жамаатында мыкты иштешет деп эсептеген бир катар адистердин ысымдарын атады. Алардын катарында өзү устат деп эсептеген кадрлар да бар болчу. Алардын дагы бири башкы адис Гадаева Марина ошол кезден ушул күнгө чейин иштеп келет. Көп жылдан бери эмгектенип келаткан Сузак райондук архивдин башчысы Калбаева Зульфия да башкы адис жана Фатима Жороева. Мындан тышкары Жалал-Абад шаардык архивдин башчысы Эрнис Зыяидинов, Майлуу-Суу шаарында Гүлнара Расулова, Ноокенде Кыялбек Жамантаевдер областта тарбияланып, архивдин башчылыгына жетишкен. Токтогул районунан архив башчысы Дүйшөнаалы Касымовдун, башкы адис Карыбек Кудакеевдин ( ал Токтогул районук кеңештин төрагасы), Кара-Көл шаарында Зейнеп Жороева, Ала-Букада Тажикан Дуулатова, Таш-Көмүрдө Назгүл Эргешова

сыяктуу дасыккан кадрлар иштешет.

-Мен мына ушундай кадрлар менен бирге иштеп, бирге ийгиликтерди жараттык дейт Максуталы Кочоков. Ал менчиктештирүү саясаты архивге да терс таасир тийгизгенин, анткени имараттар сатылып, алардын жакшыларын акимдер алып алышкандыгын, ал эми архив үчүн жарытылуу жайлар жок болгондугун, болгондо да эскиси жетип, авариялык абалга келген жайлар туура келгендигин айтты. Мына ушундай кырдаалдарда эмгек жамааты дайыма бир бирине таяныч болуп, колдоо көрсөтүштү.

Артка чегинүүсүз, улам алдыга умтулуу, жаңылануу үчүн өжөрлүк менен жасалган аракеттен улам эски жайлар капиталдык ремонттолуп, жаңыланып, заманбап түргө келди. Тоо арасындагы Чаткал районуна чейин архив үчүн атайын имарат курду. Бул үчүн көп эмгек, билим, ал гана эмес ден соолук да жумшалды. Каарманыбыз алигиче жергиликтүү бийлик архив кызматына маани бербей келаткандыгын, эми бутка турганда тетирисинче колдоо көрсөтүүнүн ордуна жардам сурашаарын айтат.

Ар бир адамдан тартып, мекеме-ишканага чейин тарых-таржымалы архивде сакталат. Ошондо да кийинкини ойлоп, жоопкерчиликти сезген жетекчи, же адис болсо убактысы келгенде ошол ишкананын иш кагаздарын толугу менен архивге тапшырат, болбосо көрүнгөн жерде жатып, кайсыл бир учурда ал ишканада иштеген адам пенсияга чыкчу болсо, архивге кайрылууга туура келсе, өзүнө таандык маалыматты ала албай убара чегери бышык. Эс алууга жашым келип калыптыр, эми пенсияга чыгышым керек,-деп көп адамдар келерин айтты ошол күнкү баарлашуубузда биздин каарман.

- Бир күн бир карыя келди. Бир кезде өзүм да, сөзүм да күчтүү, ошого жарашат күчтүү акча кармаган адам элем, карыганда ошол күчтүү акчалар да качат турбайбы, эми минтип жашым жетимиштен өтсө да пенсияга чыкпай жүрө



бериптирмин,- дейт ал карыя. Ал адам сыяктуулар көп келишет. Баарына колубуздан келишинче тиешелүү иш кагаздарын таап, жазып беребиз.- Кээ бир адамдардыкы чыкпай калат. Себеби, бир катар ишканалар аркылуу иш кагаздары жасалып, архивге өткөрүлбөй калат. Ошондуктан, биз ар жылы үч-төрт ирет түшүндүрүү үчүн атайын семинарларды өткөрүп келебиз. Баары бир кези келгенде пенсияга чыгууга туура келет. Ошол учурда бир да адам убара болбошу үчүн тиешелүү мекем-уюмдар архивдик материалдарды өткөрүшү зарыл.

- Кошуна мамлекеттер менен чектеш жашаган аймактар боюнча карталар архивге убагында тапшырылган эмес. Бүгүнкү күнгө чейин чек аранын толук такталбай келаткандыгы да мына ушундан,-деп белгилейт Максуталы Кочоков.
- Өз учурунда архивге тийиштүү документтер тапшырылып турулса, үй-бүлөлүк да, жер, мекеме-уюмдардын талаштартыш маселеси туура чечилмек.

Кандай гана кырдаал болбосун, жумуштун эң оор мезгилинде да биздин каарманыбыз кызматын таштап, бизнеске кеткен жок. Бир гана максаты бутка турбаган, оо абалдагы архив кызматын иретке келтирип, тартипке салып, андагы иштегендерге жакшы шарт жаратуу болчу. Ошол максаттилегине жетти. Азыр ар бир район-шаарда архив кызматынын өзүнө таандык мекемеси бар. Жылына областытк архив эле он миңден ашык тактамаларды берет. Областтын гана эмес, өлкөбүздүн аймагынан сырткары сырт жактардан да атуулдар келип кайрылышат.

Областтык архивдин башчысы Максуталы Кочоковдун айтымына караганда 30 жыл архивде иштесе, 27 жыл жетекчилик кызматты аркалады. Ушунча жыл бир тармакта иштөө ар кимдин эле колунан келе бербейт. Бул да болсо өз милдетин кынтыксыз аткарып, жоопкерчилик менен иштей билгендигинин натыйжасы болсо керек.

- Биздин район-шаарларда да бөлүмдөрүбүз бар, атай-

ын адистер иштейт. Ал эми областта да чоң эле жамаатпыз. Ар бир адиске көңүл буруп, жылуу-жумшак мамиле жасап, шарт түзүп бербесең, бүгүнкү күндө кадрды сактап калуу кыйын,-деди бир курдай.

-Архив жаатында эмгегиңиз бир топ болуптур. Ошого жараша эмгегиңиз баалandыбы?-дедик ага суроо узатып.

- Сыйлыктан кур калганым жок. Профсоюздук, областтык Ардак грамоталарды бир топ эле беришти. 2000-жылы архив иштери боюнча отличниктикти алдым. 2005-жылы Президенттин Ардак грамотасы ыйгарылды. 2011-жылы КРнын "Маданиятына эмгек сиңирген ишмердикке" татыктуу болдум. Кыргызстан профсоюздары тарабынан "Эң мыкты иш берүүчү жетекчи" номинациясын ыйгарышты.

Үч кыз, бир уулдун атасы, кубанычка бөлөгөн тогуз неберелүү болгон. Уул-кыздары турмуштан орун табышты. Кызы Нургүл «Экобанкта», Кубаныч шаардык финансы бөлүмүндө иштешет. Кызы Мээрим атасынын кесибин тандап алып, областтык архив кызматында эмгектенет. Кенжеси Бегимайы мектепте 11- класста окуп жатат. Жубайы Сайкал Кочокова ишкердик менен алектенип келет. Убагында ал жумушун таштап, коммерция жасап, чет жерлерди кыдырды. Ушул тапта өзүнүн бизнеси бар, ветеринардык дары-дармектер сатуучу аптекасын иштетет. Дагы соода тармагын кеңейтсем деген ою бар, бул мезгилдин талабы, болбосо жолдошунун мамлекеттик архив кызматындагы маянасы менен жашоо кечирүү жеңил эмес эле.

Каарманыбыз Максуталы Кочоковдун архив жаатына сиңирген эмгеги да жерде калган жок. 27 жылдык жетекчилигинде архивдин ишин тартипке келтирип, жумушту өз нугуна салды. Аз маяна алса да жумушун таштабаган эмгек жамааттын башын бириктирди. Бир курдай бийликтегилердин баары, кала берсе эл эгемендүүлүктү белгилөөгө шаймашай даярданып, эртең майрам деп белсенип жатышкан кезде 30-августа архив кызматкерлеринин кесиптик майрамы



белгиленген. Көз карандысыздыкты белгилейбиз деп олтуруп, архив кызматкерлерин куттуктап коюуну көбү этибарга албай калышат.

Каарманыбыздын эң жактырганы адамдагы карапайымдык, инсандык сапат. Анан да эмгектенүүнү жактырат. Анын жашаган жер үйүндө жайынан, күзгө чейин бакчасында жашылча-жемиши, багында алма-өрүгү бышып турат. Жайлоого малын берсе, короосунда үй канаттууларын өстүрөт, булардын баары күндөлүк керектөөгө жумшалган кошумча киреше, турмушумду түптөйм деген адам эмгектенүүдөн качпаш керек, балдарын да ушуга үйрөткөн.

Сүйлөгөн сөзү орундуу, көбүнөн айырмаланып менменсинүүнү жактыра бербеген жөпжөнөкөй мүнөзү менен өзгөчөлөнгөн инсан Максуталы Кочоковдун эмгек таржымалы туурасындагы баяныбыз мына ушундай.

Бул инсан аталган тармакта көп жылдар жетекчилик кесипти аркалап, өлчөөсүз эмгек жасап, республикадагы жападан жалгыз архив тармагы боюнча КРнын "Маданиятына эмгек сиңирген ишмер" наамына татыктуу болгон. Балким, өзү айткандай Жараткан кудайдын ага берген сый-урматы, сыйлыгы болгон чыгар.

# «Мамлекеттин ишин баарынан жогору коер элем»



**Абыда Кочкорова, Жалал-Абад шаардык мэриясынын алдындагы жергиликтүү салыктар жана төлөмдөр башкармалыгынын башчысы.**

Келишимдүү турпатына сүйлөгөн сөзү, адамдарга жасаган мамилеси, кулк-мүнөзү төп келишкен бул аялзатынын Жалал-Абадда өз орду, өз жүзү бар. Көп жылдар салык кызматында иштеп, бул тармактын маңыз, маанисин, максат-багытын жакшы билет, дегиси аталган тармактагы тажрыйбалуу адистердин бири.

Айтымына караганда мугалимдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Атасы Бекен Кочкоров Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайын биринчилерден болуп аяктап, Сузак районундагы Мундуз айылындагы азыркы Жаанбай Узаков атындагы мектепте мугалим болуп эмгектенген. Ысмы кийин мектепке коюлган Жаанбай Узаковду да Бекен Кочкоров окуткан, кийин анын ошол окуучусу эр жетип жетилип, окуп, билим алып, мектепте директорлукка жеткен. Ал кезде Каганович колхозу болгон. Бекен Кочкоров кийинки эмгек жолун мына ушул колхоздо агрономдуктан улантып, акыркы жылдары бригадир болуп иштеген. Бирөөнүн акысын жебеген, элге жылуу мамиле кылып, таза иштеген бул адамдын ысмында «Бекен Кочкоров» атындагы көчө пайда болгон. Жубайы Этибар да колхоздо иштеп,



бешене тери менен эмгектенип, үйдө жети баласын энелик мээрими менен тарбиялаган. Абыда мына ушул үч эркек, төрт кызынын эң кенжеси болгон. Баарынан кичүү болгондуктан, өзгөчө көңүл бурулуп, ата-эненин, бир туугандарынын сүймөнчүгү болуп, эркелеп өсүп-чоңойду.

- Ата-энемдин тарбиясы астында мектепти айылда окуп бүткөрүп, дарыгер болом деген эңсөө менен Тажикстанга медициналык институтка окууга тапшырганы барып, кабыл алуу мөөнөтү аяктап, бир күн кечигип калыптырмын. Айылга келүүдөн намыстанып, Орджонкидзе-Абад шаарындагы статистика техникумуна тапшырып, окуп калдым да, бул окуу жайын аяктагандан кийин Сузак районундагы Эркин колхозунда ага эсепчиликтен алгачкы эмгек чыйырын баштаганмын,-дейт Абыда Кочкорова.- Кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетинде окуп бүтүрдү.

Ишке тетик, жөндөмдүү кыз көзгө бат эле көрүнүп, жетекчилердин сынына толуп, мына ушул сапаты аркылуу колхоздун комсомол комитетинин катчылыгына шайланды. 1985-1989-жылдар анын чартылдаган жаштыгы комсомол-жаштар менен иштөөгө арналды. Комсомол бригадаларын, жаштар иштеген аймактарды кыдырчу, ар кандай иш чараларды уюштуруп, кайсыл жерде кандай жумуш болсо « комсомолдун катчысы», деп жөнөтүшчү. Комсомолдук мүчөлүк акыларды убагында төлөбөгөндөр болсо, аларды да комсомолдук чогулуштарда талкуулап, чара көргөнгө чейин барчу.

- Көрсө жаш, курч, эч нерседен тайманбаган кезим экен,- деп белгилейт каарманыбыз. Ошентип, комсомолдо иштеп, тарбияланды. Кийин партиянын Сузак райкомунда инструктор болуп иштеп жатканда Союз тарап, «райком, горком» дегендер болбой калды да, система алмашып, өзгөрүүлөрдүн катарында салык системасы түзүлдү. 1992-жылдан салык кызматында иштей баштады. Областтык салык кызматында

отчет, учет бөлүмүнүн башчысы болуп, он жыл эмгектенгенден соң, Сузак райондук салык инспекциясынын жетекчисинин орун басары болуп, үч жарым жыл, кийин жетекчилик кызматта бир жыл иштеди. Кайрадан областык салык башкармалыгында бөлүм башчы, структура өзгөргөндө аталган кызматтын жетекчисинин орун басары болуп иштеди. Бул система да мезгилдин агымына жараша улам өзгөрүүлөргө туш болду. Ошондо жаңыдан түзүлгөн Түштүк аймактык салык башкармалыгынын Жалал-Абад областтык бөлүмүнүн башчысынын орун басарлык кызматын аткарды.

Ал эми Кыргыз Өкмөтүнүн 2014-жылдын 23-июлундагы №413-токтомун ишке ашыруу үчүн Жалал-Абад шаардык мэриясынын алдында жергиликтүү салыктар жана төлөмдөр башкармалыгы уюштурулуп, өткөн жылдын 24-декабрында мына ушул башкармалыкты жетектөө жоопкерчилиги жүктөлдү.

- Мэриянын алдында бул башкармалык түзүү зарылдыгы жөн жеринен келип чыккан жок. Максат жергиликтүү эл менен жергиликтүү бийликтин түздөн түз иштеши, төлөнбөй көмүскөдө калган салыктарды өндүрүү мүмкүнчүлүгү пайда болду. Муну менен экономикалык ишкердүүлүктү жүргүзгөн физикалык жана юридикалык жактардын көрсөтүлбөй көмүскөдөгү кирешелерин ачык калып чыгып, алардын учетун тактоо менен тыгыз иш алып баруу максаты да бар. Бул жумушту баштоо алдында алты ай бою толук тактоо иштерин жүргүздүк, эми салыктарды толук кандуу чогултуу гана керек. Бирок, мэриянын алдындагы жергиликтүү салыктар жана төлөмдөр башкармалыгын түзүү жеңилге турган жок. Салык коомдук муктаждыктар менен байланыштуу болгондуктан, элге да жеңилдиктерди берүү белгиленет. Бирок, салыктарды убагында өз ыктыяры менен төлөөгө шарт түзүп берүүгө тийишпиз. Биздин максат ар бир алынган салык, мамлекеттин казынасына түшүшү зарыл жана аларды өз убагында төлөөнү камсыз кылып беришибиз абзел.



Абыда Кочкорова мына ушундайча кошумчалады. Ошентип ал, бул кызматында жооптуу жана түйшүктүү жумушту өз мойнуна алды.

- Мурда үй-бүлөнү экинчи планга коюп, мамлекеттин жумушу да иштеп жүрүптүрмүн. Бирок, мен буга өкүнбөйм. Мына азыр да ушинтип эле иштеп келатам,-дейт каармаnыбыз. Анан ал Тариэл аттуу уулу бар экендигин, ал азыр Бишкектеги финансы академиясын аяктап, Москва шаарындагы мамлекеттик университетте өз билимин улантып, жаткандыгын, ага энелик мээримин берип, камкордугун көрүп, эл кызматына жараган татыктуу кадр болуп өсүп чоңойсо деген үмүтү бардыгын кошумчалады.

Артка бир кылчайып караса, салык кызматында 22 жылдык тажрыйба топтоптур, бир караганда аз убакыттай сезилгени менен бул жылдар өз ичине бир чети машакаттуу, бир чети мазмундуу ирмемдерди камтыды. Бул тармактын ысык-суугуна күйүп, оор-жеңилин башынан өткөрүп, акырында дасыккан адис болуп жетилди. Эмгегинин үзүрүн көрдү. Союз учурунда комсомол комитетинин катчысы болуп иштеп жатканда Кыргызстан Ленин комсомолунун Ардак грамотасын алгандыгы эсинде, сыйлыктарынын арасында аны да бек сактап койгон. Андан соң, финансы министрлигинин, салык кызматынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Жалал-Абад областында бул тармак боюнча алып карагandа «Салык кызматынын мыктысы» төш белгиси менен биринчилерден болуп татыктуу болду.

Азыркы кызматында да балким татыктуу иштеп, төлөмдөрдү төлөбөй көмүскөдө каткандардын жүзүн ачып, салыктарды өз ыктыяры менен милдеттүү төлөөнү камсыз кылып, жергиликтүү бюджетке салым кошуп, Жалал-Абад областын экономикалык жактан өнүккөн аймакка кошулушуна салым кошор. Буга каарманыбыздын билими да, тажрыйбасы да жетишет деген ишеним бар.

# Эл үчүн кызмат кылган



**Курбаналы Максытбеков 1976-2002 жылдары Жалал-Абад шаарындагы Ош областык кан куюу станциясынын башкы дарыгери болуп эмгектенген.**

**СССРдин Саламаттык сактоосунун отличниги, Кыргыз Республикасынын «Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери», жогорку категориядагы дарыгер.**

Курбаналы Максытбеков 1942- жылы 6-ноябрда азыркы Аксы районундагы Ринжит айылында туулган.

1966- жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун стоматология факультетин аяктаган. Андан кийин Жалал-Абад шаарындагы Учукка каршы диспансерде врач-стоматолог болуп эмгек жолун баштаган. Бул жумушта 4 жыл иштегенден кийин, жакшы уюштуруучулук сапатына байланыштуу 1970- жылы Жалал-Абад шаардык стоматологиялык поликлиникасына башкы врач болуп дайындалат. Бул кызматта да 4 жыл иштеп поликлиниканын материалдык базасын жакшыртуу боюнча бир топ иштерди жасаган. Айтсак поликлиниканын имаратына кошумча 4 кабинет, склад, гараж, физиотерапиялык кабинет, жайкы душ курдурган жана жаңы медициналык жабдыктар менен камсыздоого жетишкен. Ал келгенде стоматология поликлиникасында эки гана врач-стоматолог иштеген болсо эки жылдан кийин алардын саны тогузга жеткен . Алардын кесиптик билимдерин жогорулатуу максатында Россиянын, Украинанын ири шаарларына окуу курстарына жөнөтүп



турган. Натыйжада ооруларды дарылоонун сапаты жогорулаган, стоматологиядагы жаңылыктарды практикада колдонууга киргизген, маданияттуу тейлөөнү да жакшырткан.

Курбаналы Максытбеков 1974 - жылы Жалал-Абад шаардык оорукананын башкы дарыгеринин биринчи орун басарлыгына дайындалган. Ал жерде да ооруларды сапаттуу дарылоо жана маданияттуу тейлөөнү жогорулатуу максатында көп иштерди жасаган, конференцияларды уюштуруп турган. Балдардын жана энелердин өлүмүн азайтуу максатында көп чаралар каралып, көрсөткүчтөр жакшыртылган. Ошондой эле шаардык оорукананын материалдык базасын жакшыртуу максатында, шаарда жаңы 95 койкага эсептелген 3 кабаттуу, стандарттуу корпустун курулушуна салым кошкон. Натыйжада ооруларды дарылоо жана тейлөө жакшырган.

Ал жерде 2 жыл иштегенден кийин 1976-жылы Жалал-Абад шаарындагы Ош областтык кан куюу станциясынын башкы дарыгери болуп дайындалган. Ал станция бүткүл түштүк Кыргызстанды тейлеген. Ушул кызмат ордунда 2002 жылга чейин же болбосо 26 жыл иштеген.

Бул жылдар ичинде Курбаналы Максытбековдун жетекчилиги астында Ош областында кан жана анын препараттарын даярдоону жакшыртуу жана өркүндөтүү боюнча көптөгөн иштер аткарылган. Биринчиден материалдык- техникалы базасын жакшыртуу максатында чет мамлекеттерден чыккан алдыңкы техникалар сатып алынып, ишке киргизилген. Кадрларды өстүрүү боюнча көп иштерди жасаган. Ал келгенде станцияда 3 эле врач болсо врачтардын санын 8 ге жеткирген. Ал эми кыргыз улутундагы бир да кызматчы болбогон, бардыгы европа улутундагылар болгон. К. Макстбеков келгенден кийин, станцияда жергиликтүү улуттардын өкүлдөрүн жумушка кабыл алып, саны жылдан - жылга көбөйүп барган. 1976 - жылы Москва шаарында билимин жогорулатуу курсунда окуп, станциянын ишин жак-

шыртуу максатында бир топ жаңылыктарды киргизген, мисалы: донорлорду маданияттуу тейлөө, даярдалып жаткан кандын жана анын компоненттеринин сапатын жакшыртуу жана кызматчыларды өз ишине жоопкерчилик менен мамиле жасоону, айлык акысын көбөйтүү жана ишке кызыктыруу максатында, саламаттыкты сактоо министрлигинин буйругунун негизинде, планды ашыгы менен аткарганда ар бир кварталына айлык акысына 40 пайызга чейин сыйлык катары кошумча айлык акы төлөп берүүнү киргизген.

1978 - жылы кандын белокторун фракциялаштыруу лабораториясы, 1988-жылы дүйнө жүзүндө СПИД оорусу пайда болуп анын кан аркалуу жугуусу белгилүү болгондон кийин бардык даярдалган канды СПИДге текшерүүдөн өткөрүү үчүн «СПИДге текшерүү лабораториясы» түзүлгөн, 1996-жылы бардык донордун канын жугуштуу болгон гепатит «С» га текшерүү уюштурулган.

Жогоруда жасалган иштердин натыйжасында кан жана анын компоненттерин даярдоонун айлык жана жылдык пландары ашыгы менен аткарыла баштаган, кандан жасалган препараттардын сапаты жакшырган, алардын саны 5тен 18ге чейин көбөйгөн: атап айтсак кургатылган плазма, фибриноген протеин, альбумин, антистафилакок плазмасы, криопреципитат антигемофилдик плазмасы ж.б. даярдап чыгарууну уюштурган. Ушул препараттар менен бүткүл түштүк кыргызстандын ооруканаларын камсыз кылып турган. Ош областындагы район, шаарларда жайгашкан 32 кан куюу бөлүмдөрүнүн иштерин көзөмөлдөп, методикалык жардамдарды берип, ал жерде иштеген адистердин билимдерин жогорулатуу боюнча курстарды уюштурган. 1984 - жылы областтык кан куюу станциясы жогорку көрсөткүчтөргө жетишкендиги үчүн Ош областык «Ардак тактага» жазылган.

Ар 2 жылда бир жолу граждандык коргонуу штабы менен бирдикте канды массалык даярдоо максатында атайын 2



күндүк окуулар уюштурулуп, Ош, Жалал- Абад шаарларында Өзгөн, Фрунзе райондорунда 300дон 500го чейин донордон кан даярдалган.

Ошондой эле коомдук иштерге да активдүү катышкан, мисалы шаардык элдик көзөмөл комитетинде саламаттыкты сактоо бөлүмүнүн башчысы, областык саламаттыкты сактоо башкармасында Аксы району боюнча саламаттыкты сактоону уюштуруу боюнча өкүлү болгон.

1999-жылы Кыргызстанда «Саламаттыкты сактоо жылы» деп аталып, ага карата областа медициналык мекемелердин арасында «Ыр кесе» сынагы уюштурулуп, областык кан куюу станциясынын жамааты да катышып, шаардагы 10дон ашык медициналык мекемелердин ичинен баалуу 3-чү орунду ээлеген. Ошондой эле медициналык жамааттардын арасында спартакиада өткөрүлүп, анда ОККСтин кызматкерлери: клиникалык лабораториянын башчысы Н.Н.Романенко шахмат жана стол үстүндө ойноочу теннис боюнча биринчи орунду, инженер А.А. Каленов кол күрөш боюнча биринчи, лаборантка А Ураимова шашки боюнча биринчи, айдоочу И.Шаймерденов гир көтөрүү боюнча биринчи орундарды ээлешкен.

К.Н.Максытбеков 26 жыл бою ОККСда башкы врач болуп иштеп бир топ кадрларды даярдап өстүргөн. Алардын ичинде азыркы областтык кан борборунун директору С.И. Мусаев, кан даярдоо бөлүмүнүн башчысы А.К. Капарова, башкы медайым К. Султанбекова ж.блар бар.

2002- жылы үй-бүлөлүк турмуш шарты боюнча Бишкек шаарына көчүп кеткен. Борборубуз Бишкекте «Кыргыз врачтрансфузиологдорунун ассоциасынын» түзгөн жана анын Президенти болуп шайланып, 2007- жылга чейин иштеген. 2004- жылы «Биздин кызматка 70 жыл» аттуу Кыгызстанда кан куюу кызматынын 70 жылдык тарыхын кыргыз жана орус тилдеринде жазып, атайын китеп кылып чыгарган.

Курбаналы Максытбеков өз билимин жогорулатуу үчүн

Харьков, Ташкент, Москва шаарларында окуу курстардан өткөн. 1995-жылы АКШ мамлектинин Канзас шаарына барып, илимдин алдыңкы жетишкендиктери менен таанышып келген. 3 жолу кан куюу кызматкерлеринин жана 2 жолу Кызыл крест жана Кызыл жарым ай коомунун бүткүл союздук (СССР) сьездерине делегат болгон.


Саламаттыкты сактоодо жана коомдук иштерде сиңирген эмгектери үчүн 1970 - жылы «Лениндин 100 жылдык» юбилейлик медалы, 1979 - жылы СССРдин Кызыл Крест коомунун «Ардак белгиси» медалы, 1988 - жылы СССРдин «Саламаттыкты сактоосунун отличниги», 2000 - жылы «Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоосунун ардактуу кызматкери» төш белгилери жана көптөгөн республикалык, областтык, шаардык саламаттыкты сактоо мекемелеринин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Курбаналы Максытбеков өмүрүк жары Насипа экөө 1 уул, 2 кызы, 8 небереси, бир чебересинин бактылуу ата-энеси, чоң ата чоң эне, таята, тайэнеси. Улуу кызы Айнура, күйөө баласы Октябр экөө тең дарыгер болуп эмгектенишет, алардын 1 уул, 2 кызы жана бир небереси бар. Уулу Азамат менен келини Жамал экөө тең банкта иштешет. Алар да 1 уул, 2 кыздуу болушкан. Кичүү кызы Айүл Германияга турмушка чыккан, күйөө баласы Махяр экөөнүн 1 уул, 1 кызы бар. Айгул ассистент- менеджер, күйөө баласы Махяр, илимдин доктору, профессор Бремен университетинде иштейт.

Курбаналы Максытбеков азыр ардактуу эс алууда, борборубуз Бишкек шаарында уул-келиндеринин төрүндө бактылуу карылыктын доорун сүрүп жаткан убагы.



# Жашоо көчү



**Салахидин Мусаев, Жалал-Абад областтык кан борборунун башкы дарыгери.**

Жылдын төрт мезгили бар. Кыш, жаз, жай, күз. Ар бир мезгилдин өзүнө жараша сулуулугу, жылуулугу, жоомарттыгы, өктөмдүгү болот. Мезгилдер жыл сайын кайталанып турат. Бирок адам өмүрүн мезгилге окшото албайбыз. Өткөн өмүр кайра кайталанмак турсун бат эле зымырык куш сыяктуу сабалап кете берет. Балалыктан кийин жаштык, андан соң дароо эле орто курак, анан бат эле жүзүбүздү кат-кат болгон бырыштар ээлеп, улгаюу башталат. Эч бир адам баласынын картайгысы келбейт экен. Кана эле күлгүн курак, мезгил сыяктуу кайталанып кайра келсе. Ошол кайра кайталангыс болгондугу үчүнбү, айтор адам өмүрү кымбат да, таттуу да болгон сыягы. Ошентип өмүрлөр кербен баштаган көч сыяктуу улам алга карай жүрүп барат.

Биздин каарманыбыз Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосунун мыктысы, Жалал-Абад Областтык кан борборунун башкы дарыгери Салахидин Мусаев.

Анын бул дүйнөгө келиши да өзүнчө жомоктогудай. Киндик энеси - чоң апасы Атийма эненин айтымына караганда атасы Ысмайыл зоотехник болуп иштеп, жайында малчылар менен бирге Саз жайлоосуна барышып, ошол жерден кош бойлуу келин ушул баласында катуу толгоо тартып калат да, балким толгоосунун оордугунанбы, кан көбүрөөк

кетип, кыйнала түшүп, эс учун жоготот. Ыңаалап жарыкчылыкка келген наристе кала калып, келиндин өмүрүн сактап калууга шашылып калышат. Жанында күйпөлөктөп жүргөн абысыны, наристенин чоң апасы Атийма буга чейин канча бала төрөткөн, колу жеңил, көптү көргөн, Умай энедей касиети бар адам экен. Ошол кезде кан кетүүдөн эс-учун жоготкон келиндин бутунан жогору карай көтөрүп, катуу силкилдетип, анан колун таза жууп, түшпөй жаткан баланын тонун колу менен ажыратып алат да, келиндин өмүрүн сактап калат. Жайлоодо кайда дарыгер болсун. Бирок ар бир дарыгер эле ушунчалык да жардам көрсөтө алышпайт. Капысынан толгоо тарткан келиндерди мына ушинтип эле төрөтүп алышчу тура кыргыздар. Анан аял эс-учун жоготкондо өзүнө келтирүү үчүн бутун жогору карай көтөрүп, силкилдетип, ичин сыдыра тартып, оозуна калемпир куюп, сыртта «мылтык аттырып» эсине келтирчү тура. Алардын да бир билгени бар да!.

- Ошентип мен апамды бир топ кыйноого салып жарык дүйнөгө келиптирмин,- дейт каарманыбыз. - Биз сегиз бир тууганбыз. Улуубуздун кийимин кичүүбүз кийип, кадимки кыргыздын көп бүлөөлүү үй-бүлөсүндөй шартта чоңойдук, анткени атам гана иштеп, баарыбызды бакчу. Бирок, жаман жашаганыбыз жок. Ал учурда береке бар эле. Баарыбыз окуп, жогорку билим алдык. Атам өз кесибинде иштеп, бизди камсыз кылып, окушубузга шарт түзүп берсе, апам үйдө балдарын тарбиялап, баарыбызга энелик мээримин төктү.

Азыр артка бир кылчайып көрсө, балалыгы кечээ эле өткөндөй. Жалал-Абад шаарынын аймагындагы жалгыз кыргыз айылы- Моңолдор айылында ( азыркы Могол көчөсү) башталгыч кыргыз мектебинен окуп, анан шаардын четиндеги Дөмөр айылындагы азыркы Ж. Бакиев атындагы орто мектебин бүтүрүп, жашоонун жаңы максаттарын түзө баштаган кез. Мектепти бүтөөр мезгилде « Ленинчил жаш» журналына басылган анын биринчи ыр саптары анын ошол



кездеги турмушка болгон ой-максаттарын, тилектерин чагылдырса керек.

Келечектен үмүтү чоң жаш жаным,
Улам жаңы максат ойлой баштадым.
Улуу сапар, татаал жолдуу жарышта,
Чапкым келет кыргызымдын аттарын.

Бата элекмин кызыгына турмуштун,
Тата элекмин ачуусун да, таттуусун.
Бирок дагы жеңгим келет өмүрдө,
Баш ийбеген, батынбаган каттуусун.

Окуусун улантууну ойлоп, 1973-жылы ошол кездеги «адам жанынын инженери болом» деген тилегин орундатуу максатында Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун дарылоо факультетине кирди.

-Ал кезде жогорку окуу жайына кирүү жеңил эмес эле. Бир туугандарымдын айрымдары Ленинград, Ташкент шаарларындагы жогорку окуу жайларында окуп, кесип алышты. Мен болсо, Фрунзедеги мамлекеттик медициналык институтту аяктадым да, 1980-жылдан Базар-Коргон райондук ооруканасында хирургия бөлүмүндө дарыгер болуп иштей баштаганда үйлөнө элек жапжаш жигиттик куракта элем. -Ал өзүнүн өмүр баяны тууарасында кеп учугун ушундайча улады.

Анын дарыгер болуп калышы да атасынын тилеги эле. Ал баласынын дарыгер болуп, ак халат кийип, адамдардын ден соолугу үчүн кызмат кылса деп тилек кылды. Ошентип, жогорку окуу жайын аяктап, колуна диплом алып, Ысмайыл ата эңсегендей адам баласынын саламатчылыгы үчүн кызмат кылууга кадам таштады.

Арадан эки жыл өткөндө 1982-жылы Жалал-Абаддагы Ош областтык кан борборунун көчмө бригадасынын жетекчиси болуп дайындалды. Бул кызматынын шарапаты менен

мурдагы Кыргызстандын жарымы болгон Ош областын түрө кыдырып бир топ жыл иштеди. Анын Жалал-Абаддагы Ош областтык кан борборунда иштеген учурлары да мазмундуу ирмемдерди камтыды. Ишинин шарапаты менен кайсыл жерге барбасын өз кесибинен тышкары, башка тармактарды үйрөнүүгө да ынтызар болчу. Анткени, мезгилдин агымы кайсыл бир күнү кайсыл жакка буруп жибериши белгисиз болчу. Областтык кан борборунда көчмө бригаданын башчылыгынан кийин канды иштетүү боюнча лабораториянын башчысы, директордун орун басары болуп эмгектенди. Бул мекеме ал үчүн тарбиялануунун мектеби болуп калды.

- Мен бул жерде башкы дарыгер Максытбеков Курбаналы Нурмановичтин такшалуу мектебинен өттүм деп айта алам,- деп белгилейт Салахидин Мусаев. «Жакшы адам болбой туруп, жакшы дарыгер боло албайт» деген сөз бар. Бул жетекчилерге да тиешелүү. Адамгерчиликтүү адамдан гана жакшы жетекчи чыгат. Мен ал адамдын башкаларга жасаган адамгерчиликтүү, маданияттуу мамилесин көрүп, дал ушундай болушум керек деп өзүмдү тарбиялачуумун. Ал жетекчимди мен өзүмө идеал туттум. Аны менен алты жылдай чогуу иштеп, андан көптү үйрөнүп, үлгү алдым. Азыр деле ошол адамдын жолу менен эмгек жамаатын жетектеп келем. Анткени, анын башкаруу ыкмасында жетекчинин жөнөкөй турпаты элестеп турат. Жамаатты сөзсүз эле кыйкырык-бакырык менен башкаруу жарабайт. Курбаналы Максытбеков бизди адамдыктын чоң сапаттарына тарбиялады. Ал ачуусу келип турса да, үнүн бийик чыгарчу эмес, бирок ошол эле учурда талапты катуу койчу. Ал жөндөмдүү, таланттуу жетекчи болгон. Мен андан мына ушул сапаттарды үйрөнүүгө аракет жасадым. Анын көз алдында үйрөнүп, тарбияландым деп айтсам да болот.

1988-жылы областтык учукка каршы борбордо урологдарыгери болуп иштеп турганда, өпкөдөн сырткары учук оорулар бөлүмү уюштурулуп, Салахидин Мусаев аны ички



органдардын учук оорусу боюнча бирден бир адис катары жетектеп калды жана бул бөлүмгө алыскы Лейлектен баштап, Токтогул, Чаткал өрөөндөрүнөн оорулуулар келип дарыланып, сакайып кетип жатышты. Көптөгөн оорулуулардын алкышын укту, көптөгөн үй-бүлөлөр сакайгандан кийин перзенттүү болушуп, ата-эне болуу бактысына жетишти. Бул учур да каармaныбыздын өз эмгегинен жакшы натыйжаларага жетишип, эл оозуна алынып калган мезгил эле.

Кургак учукка каршы областтык диспансердеги эмгек жолу, бул жердеги иштин кыйынчылыгы, жоопкерчилик, адам өмүрү үчүн тынымсыз аракеттер, деги баары аны жаштык кайрат, жигер, жоопкерчилик менен иштөөгө түрттү. Теориялык алган билиминен тышкары жумуш үстүндө дагы көптү үйрөнүү керектигин туйду. Өз алдынча окуп, тажрыйбалуу дарыгерлерден тартынбай сурап, бара-бара кесиптик жактан такшала баштады.

Кийинки жумуш орду Жалал-Абад областтык саламаттыкты сактоо башкармалыгы болду. Ошол кезде саламаттыкты сактоо тармагында да реформалар башталган. Областтагы саламаттыкты сактоо башкармасын Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери, дасыккан уюштуруучу, өзүнө жана башкаларга да катуу талап койгон тажрыйбалуу жана билимдүү инсан - Жахангир Өмүрзаков жетектеп жаткан. Ал башкы адистикке чакырып калды.

-Сен билесиң медицинада да реформалар башталды. Бул саясат сага маалым, келип, башкы адис болуп иштегин,- деди. Кыргызстан эгемен мамлекет болуп, саламаттыкты сактоо тармагы да жаңылануу жолуна түшкөн мезгилинде Жалал-Абад областтык саламаттыкты сактоо башкармалыгында саламаттыкты сактоону реформалоо боюнча башкы адис болуп иштеп, бул тармактын да жаңылануусуна өз салымын кошо алды. Эл менен иштөөдө, медицина тармагындагы уюштуруу иштеринде Жахангир Өмүрзаков анын экинчи устаты болуп калды.

Ал бул жерде иштеп жаткан учурда Жалал-Абад шаарындагы балдар үчүн сүт ашканасын иштетүүгө сүт жок деп ымыркайлардын дени сак өсүүсүнө өтө керек болгон биолак жана башка продукциялар чыкпай калды. Буга себеп малдардын баары менчиктештирилип кетип, элдин колундагы малдардан сүт топтоо кыйынчылык болуп жаткан. Дал ушул жерден Салахидин Мусаев, «Ысмайыл-Муса» дыйкан чарбасын уюштуруп, банктан 200 миң сом кредит алып, 10 саан мал сатып алды жана сүт ашканасын сүт азыктары менен камсыз кылды. Кийинчерээк балдардын психоневрологиялык интернаты тендер жарыялап, ага катышып, утуп алды да, алар которгон акча каражатына сүт, жашылча-жемиш жана андан даярдалган азыктарды өткөрүп, дыйкан чарбасынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтти. Айыл өкмөттүн карамагынан саан малга тоют өндүрүү үчүн 5 гектар жер ажыратып алып иштетип дыйканчылык да кылды.

Ал бала кезде эле кичинекей короодо буудай өндүрүп, аны карап өстүрүп, анан ооруп-жыйнап аракет кыла берчү. Көрсө ал дыйканчылыкка жаш кезинен да ынтызар болгон экен. Мына эми окуп, кесипке ээ болуп, анан андан тышкаркы иштерге да аралашып, бирде мал багып, бирде жер иштетип, дегиси бул тармакта да аракеттерди жасап көрдү, пайдасын да билди, зыянын тартты, дегиси бул жаатта да такшалды, дасыкты, каражат табуунун жолдорун өздөштүрдү, экономикалык багытта көз карашы кеңейди. Балалыктагы эңсеген ой-максатын ишке ашырууга умтулуп көрдү. Ойлоп көрсө сүт багытындагы малды багып көргөнү менен биздин малдар чет өлкөлөрдөгүдөй 35-40 литр сүт бербейт экен, ашып барса, 7-8 литр сүт берет. Ал үчүн асылдандырылган мал багыш керек экен, болбосо өз башынан өткөргөндөй канчалык аракет жасап, каражат жумшаган менен чыгым көп сарпталып, пайдасы болбой калаары бышык. Ал 2009-жылы ЮСАИД тарабынан Америкага барып калып, сүт фермасын көргөндө аябай таң калып



олтурат. Аларда кышында уйлар турган жай жылууланып, асты тактай пол, анын асты жылуу суу менен жылытылган, акырын классикалык музыка ойноп, аларда малга адамдан да жакшы шарт түзүлгөн. Ар бир асыл тукум мал кичинекей завод сыяктуу. Күнүнө 40 литрге чейин сүт берет. Ордунан жылдырбай багылат, бардык жумуш техникалаштырылган, 100 саан уйду эки гана жумушчу толук тейлейт экен.

Мезгилдин агымы анын эркин ар тараптан сынады. Мамлекет берген маяна менен иштеп жүрүп, эмгек өргүүсүнө чыкканда турмуш шартын жакшыртуу максаты менен соода сатык кылып Кытай, Венгрия, Югославияга чейин барды. Пайдасынан зыяны көбүрөөк болду. Ошондо өзүнүн жолу коммерцияда эмес экенин билди. Жер иштетип, буудай, күн карама экти. Дыйкандардын айтканындай эле карады. Буудай бышканда, түшүмү жакшы болбой калып жатты. Анткени, дан толоор маалда убагында суу берилбей калат экен. Күн карама эксе, анысы да суюк чыгып калат. Көрсө, « чымчык сойсо да кассап сойсун» тура. Башына шляпа кийип алып, жүзүн күнгө күйгүзүп, талаада эмгектенди. Колунан келгендин баарын жасап көрдү. Өтө көп болбосо да ийгиликке жетишип жүрдү. Демек, мал баккан фермер да, жер иштеткен дыйкан да болду. Бул жумуштардын баарын, өзүнүн негизги кесибин таштабай аралыгында жасап жүрдү.

Кантсе да анын эмгектик бактысы өзүнүн саламаттыкты сактоо тармагында иштеген жумушунда болчу. Ошентип, ал өз кесиби боюнча медицина тармагын, анын ичинде менчик медицинаны өнүктүрүүгө кадам таштады. Буга да анын чет өлкөлөрдө болгон таасирлери себеп болду. Анткени, чет өлкөлөрдө болуп, алардагы оорулууларга түзүлгөн бардык ыңгайлуу шарты бар жеке медициналык ооруканаларды, борборлорду көрүп, таң калды. Ошондо анын жадында мына ушундай жайларды бизде да ачсак болор беле? деген суроо пайда болду.

Атайын шаардын ортосунда жайгашкан бир каралбай

калган имаратты ижарага алып, капиталдык ремонт жасап, заманбап шарт жаратайын деп аракет жасап жатканда, ага сатып алуу сунушун айтып калышты. Мал-мүлкүн сатып, болгон каражатын топтоп, акырында бул жайды сатып алды. Көпкө ойлонуп акыры тобокел жасап, бул имаратты бузуп, банктан дагы насыя алып, төрт айдын аралыгында эки кабат имаратты куруп бүткөрдү. Эми «Ден соолук» борборун иштетүүгө өзүнүн менчик имараты бар. Ошентип, Жалал-Абадда менчик медицинаны алгачкы уюштуруучулардын бири Салахидин Мусаев эле. Чынын айтканда эки жумушун бирдейинен алып кетүү мүмкүн болбой калды. Анткени, областтык кургак учукка каршы диспенсерде бөлүм башчы болуп иштеп жаткан. Баштаган ишин аягына чыгаруу үчүн бөлүм башчылык ишин тапшырып, «Ден соолук» борборун биротоло иштетүү үчүн келе берди. Бул Жалал-Абадда саламаттыкты сактоо тармагындагы жаңылык болду. Бул максатын ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн билимин өркүндөтүүгө туура келди. Ошол себептүү атайын Ленинграддан окуп, иш тажрыйбасын, билимин дагы жогорулатып келди.

Тилекке каршы, жеке медициналык борборду иштетүү мамлекеттик саламаттыкты сактоо тармагынан өзгөчөлөнүп, жоопкерчилиги чоң болчу. Себеби, жеке ишкананы текшерүүлөр, кантээр экен деп сынагандар көп болот. Эң башкысы, мамлекет каржылоосунда болбогондуктан, өздөрү иштеп, каражат табышат. Бирок, башкалар үчүн пайданы ушунчалык көп алып жаткандай сезилет. Ошентсе да, бул «Ден соолук» борборунун ишин жандандырууга бардык аракетин жумшады. Бир нече медициналык кесип ээлерин: терапевт, тери оорулар дарыгери, гинеколог, тиш дарыгери, медайымдарды жыйнап, УЗИ, процедура кабинеттерин ачып иштете баштады. Ачыдан белгилүү элдик табып Амира сыныкчыны да чакырып, бөлмө берип, аны да кошо иштетти. Ош, Жалал-Абаддын ар райондорунан оорулуулар келип, бул борбордун адистеринен жардам алып жатышты.



Медициналык борбор шаардын дал ортосунда болгондуктан, айланасына соода түйүндөрүн куруп, жумуш орундарын түзүп, 40-50дөй кишини жумуш менен камсыз кылды. Бул учур өмүрдүн дагы бир мазмундуу, ары жемиштүү ирмемдери болду.

К. Максытбеков Бишкек шаарына жумушка которулуп, Областтык кан борборуна жетекчиликке эмгек жамааты областтык администрацияга жана саламаттыкты сактоо министрлигине кайрылуу жолдошуп Салахидин Мусаевдин талапкерлигин көрсөтүп, колдоп берүүнү өтүнүштү.

Каарманыбыздын айтымына караганда бул мекеменин өзгөчөлүгүн билбей сырттан келген адам жетектөөсү кыйын эле. Себеби, мында биринчиден медицина, экинчиден өндүрүш-кайра иштетүү бар. Ошол себептүү кан борборунун эмгек жамааты да Салахидин Мусаевди бул мекеменин өзгөчөлүгүн, иш ыкмасын билет дешип, суранышынын да жөнү бар болчу.

Ошентип, 2002-жылдын май айында Жалал-Абад областтык кан борборуна жетекчиликке келди.

- Биздин жумуш бир караганда өрт өчүрүүчүлөрдүкүнө окшоп кетет.- дейт каарманыбыз.- Себеби, ооруканаларда ар кандай кырдаалдар күтүлөт. Бири катуу кырсыкка кабылат, дагы бири аз кандуулуктан өтө жабыр тарткан болот жана ушул сыяктуу көрүнүштөр менен кан талап кылынат. Көбүнчө тороттон кийинки чукул кан кетүүлөр биздин көп шаштыбызды алат. Ар кандай шартта кан кетүү-жан кетүү менен барабар. Бул учурда ар бир минута чечүүчү мааниге ээ. Ошондуктан, биз канды даярдап, күнү-түнү ооруканаларга суроо талабы боюнча токтоосуз берип турабыз.

Областтык кан борборунун уюшулганына 48 жыл болуп калса да, Салахидин Мусаев үчүнчү гана жетекчиси. Андан мурдагы жетекчилер Штаркман Герш Пинхесович областтык кан борборун 9 жыл, Максытбеков Курбаналы Нурманович 26 жыл башкарган. Бул инсандын каарманыбыз тууралуу

ой-пикирлерин угуп коюуну туура таптык. Ал азыр Бишкекте жашайт экен. Телефон аркылуу байланышканыбызда Салахидин Мусаев тууралуу жылуу пикирлерин билдирди.

-Мен ал жигит тууралуу жакшы билем,- деди. - Менин көз алдымда жетилип, чыныгы адис болуп такшалды. Үч жыл көчмө бригаданы жетектеди, лабораторияны башкарды. Аны мен түштүктөгү такшалган жана өз кызматында таанылган чыныгы адис деп билем.

Бул 26 жыл жетекчи болуп иштеп, кызматта такшалган инсандын өз шакирти Салахидин Мусаев тууралуу айткан акыйкат пикири эле.

Салахидин Мусаев областтык кан борборун 13 жылдан бери жетектеп келет. Кантсе да, кандай жумуш аткарбасын кыйынчылыгы да болду, тоскоолдугун жеңип чыгып, ийгилигине да жетишти. Эмгегинин ийгилигин көрүп, Саламаттыкты сактоо министрлиги, Кыргызстан кесиптик кошундар бирлиги тарабынан бир нече ирет Ардак грамоталары менен сыйланды. Кыргызстан Трансфузиологдор Ассоциасынын вице-президенти, Кыргыз Республикасынын Кызыл Ай коомунун Президиумунун мүчөсү болуп шайланды. «Саламаттыкты сактоонун мыктысы» төш белгисине татыктуу болду.

Азыркы жетекчилик кызматында иштеп жатып, эмгек жамаатынын кызыкчылыгын коргоп келди. Аларга шарт жаратууга умтулду. Донорлор менен иштеди. Кан борборунун ишин ар тараптан илгерилетүүгө аракет жасады. 2014-жылы мамлекеттер аралык кызматташуунун негизинде германиялык грант менен кан борборуна 140 миң доллар каражат ажыратылып, имаратты толук капиталдык ремонттоо максаты ишке ашып жатат. Андан сырткары 65000 доллардык атайын транспорт менен камсыз болушкан. Ремонт иши аягына чыкканда керектүү болгон атайын жабдуулар менен толук камсыздандырылат. Ошентип, ал жетектеген кан борборуна да заманбап шарттар жаратылып жатат. Бул



да болсо жалпы элибиздин ден соолугуна, мында иштеген кызматкерлерге көрүлгөн камкордук.

Каарманыбыздын үй-бүлөлүк ийгилиги болсо, уул-кыздары турмуштан өз ордун табышкан. Алардын турмушта туура багыт алып, кесипке ээ болушунда аталык милдетин аткарды. Эгиз кыздары - Анара менен Динара Кыргыз улуттук университетте окуп, финансы-кредит факультетин бүтүшкөн. Анара Бишкекте, Динара Жалал-Абадда өз турмуштары бар. Уулу Канат тиш дарыгери, ушул тапта бизнес менен алектенип жатат. Өмүрбек эл аралык университеттин 3-курсунун студенти. Беш небереси бар. Жубайы Гүлүмкан Сулайманова, жеке менчик ден соолукту чыңдоо борборун жана «Ден соолук» жоопкерчилиги чектелген коомун жетектейт.

Дегиси саламаттыкты сактоо тармагындагы көп жылдык тажрыйбасы артып, бүгүнкү күндө толуп-ташып, ар тараптан дасыккан кезинде «Ден соолук» борборун толук кандуу иштетүүгө ниет жасап олтурат. Болгондо да, адам баласынын ден соолугуна чоң таасир эткен, көйгөйлүү ооруларга каршы күрөшүү багытында чечкиндүү кадамдарды жасамакчы. Бул багытта аталган борборду толук капиталдык ремонттон чыгарып анан жумушту баштоого бел байлаган убагы. Анткени, анын көз карашында азыркы мезгил менчик медициналык ишканаларды өркүндөтүү зарылдыгы туулган мезгил. Себеби, жеке медициналык борборлор мамлекеттик медициналык мекемелерге аз да болсо атаандаштык жаратып, медициналык тейлөөнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Мына азыр мыкты дарыгерлер мамлекеттик структурадан бөлүнүп, өз алдынча чыгып, жеке медициналык жайларды уюштуруп жатышат, - деп белгиледи Салахидин Мусаев.- Алардын катарында сапаттуу кызмат көрсөтүп жаткандар кездешет. Булар да шарт жакшы. Бир жолу эле болгондо да кассага барып, төлөнгөн акча каражатынын ичинде дары-дармеги, лабораториялык изилдөөлөр, дарылоо кыз-

мат акысы да бар. Оорулуу бир ирет акчасын берип коюп, ошол сумманын ичинде толук медициналык жардам алат. Жеке медициналык жайларда иштеген дарыгерлер кынтыксыз сапаттуу иштөөгө аракет кылышат. Себеби, оорулуунун ыраазы болуусу алар үчүн акысыз реклама. Алар өздөрүнүн айлык маяналарын, имараттын кеткен каражатын, дары-дармектерди өз маңдай тери менен камсыз кылышат. Андан сырткары салык да, ижара акы да төлөп турушат. Ал эми мамлекеттик саламаттыкты сактоо жайларында болсо, бул эч кимге жашыруун сыр эмес, ооруканага жаткан адам мурунку төлөп келген мамлекеттик салыгынан (1), милдеттүү медициналык камсыздандыруу төлөмүнөн (2) сырткары ооруканага жатуудагы кошумча төлөмүн (соплата)(3) төлөйт, эгерде акы төлөп жатуучу бөлмөсү болсо ага да төлөйт (4), лабораториялык анализдерге да төлөйт (5) буларга кошумча дарыгер жазып берген дарыларды да сатып алат (6). Ага кошумча дарыгердин акысын (7) да берет. Анан дагы оорулуулар муктаж болгон жакшы мамиленин жетишсиздиги кездешет. Ошондуктан, наразычылыктар да, арыздануулар да көп. Ошондон улам, азыр көпчүлүк оорулуулар жеке дарыгерлердин кызматына көбүрөөк кайрылууга мажбур.

Анын «Ден соолук» медициналык борборунун ишин кайра жандандырып, жакшы шарт жаратып, иштетүүгө болгон аракетинин да себеби мына ушунда тура.

- Убада берип, аткарбай калган учуруңуз болгон беле? Негедир ушул суроону бергибиз келди.

- Убада бергенден соң, аны аткаруу керек. Ошондуктан, колумдан келбесе убада бербейм. Менин атам карыганда Меккеге барам деп ниет кылчу. Мен жанына келгенде эле олтура калып, «кагаз, калем ал, жаз», деп калчу. Анан минтип айтаар эле: «Кыргызстандын муфтийине арыз. Мага Сауд Аравияга ажыга барууга уруксат бериңиз». Бирок, ал кезде бул жакка баруу үчүн чек ара жабык болчу. Карыганда



акыркы убакта барууга аракеттенип калды. «Өзүм алып барып келейин, сиз жалгыз бара албайсыз» деп, убада бердим. Бирок, кийинки жылга жетпей атам бул ааламдан өтүп кетти. Убадамда туруп атамдын үмүтүн актоо үчүн 1995-жылы атамдын жана өзүмдүн мусулманчылык парзымды аткарганы Меккеге барып келдим. Биз алты киши чакан унаа менен Иран, Сирия, Иордания, Турция аркылуу Сауд Аравияга он үч күн жол жүрүп жеттик. Жолдо баратып, Турцияда жеке медицинанын өскөнүнө, Иранда дыйканчылыктын өнүккөнүнө күбө болдук. Иранда адырларга чейин иштетип, тектирлеп жүзүмдөрдү эгип салышыптыр, шалыны көчөт кылып олтургузганын ошол жерден көрдүк. Бир жерден эки ирет түшүм алышат экен. Күндүз тоо үстүнөн кар, муздуу жолдон өтсөк, кечинде буудай өсүп жаткан талааларды көрүп, тоонун арасындагы эң сонун сулуулукка күбө болуп, булбулдар сайраган таңды тостук. Алыстан кубулган кубулуштарды көрүп, канча жол жүрсөк да жетпей калып, аттиң деген учурларга туш келдик. Мына ушул керемет жолдор менен Сауд Аравияга барып, зыярат кылып, ыйык жердеги талаптарды аткарып, отуз беш күн жүрүп, үйгө келдик. Ыраматылык атам мына ушуну эңсеп, убагында бара албай калды. Бирок, мен атама берген убадамды аткардым. Турмуштун агымы деңиздин толкунундай бирде аркы, бирде берки өйүзгө чапкылап олтуруп, мына бүгүн өз нугуна салды, -дейт каарманыбыз.

-Өзүңүз айткандай мезгил сизди ар кандай сыноолордон өткөрүптүр, утушуңуз болдубу?- Биз ага суроо бердик, оюн билүүгө кызыгып.

-Биринчиден турмушту үйрөндүм, экинчиден ишкердикти өздөштүрдүм. Кызматым менен элге кызмат кылсам өз үй-бүлөм үчүн да пайдалуу бир жумуш жасадым, балдарым алдында аталык парзымды аткардым, алардын келечегине пайдубал куруп бере алдым, чоң болбосо да өз үй-бүлөбүзгө жараша бизнеске ээ болдум, бул ишимди азыр

бир туугандарым, өз үй-бүлөм улантып жатат. Азыр болсо өз кесибимден сырткары боюнча «Ден соолук» борборунун ишин жандандырып, адамдардын саламатчылыгы үчүн дагы кызмат кылсам деген үмүттөмүн.

Ошентип, Салахидин Мусаевдин жашоо көчү, бирде оңго, бирде солго, кээде ылдый, кээде жогору карай адымдап, акырында бийикти көздөй уланып келет. Анын жаш кезинен тартып бүгүнкү күнгө чейин басып өткөн өмүр да, эмгек да жолунун кызыктуу ирмемдери эсинде. Мектептеги окуучулук кезинде классташтарын үгүттөп, пахта талаасында кошумча иштеп, «тапкан каражатыбызга Ысык-Көлгө барабыз» деп уюштурганы, достору менен Самаркандга саякатка кетүүсү, велосипед менен Кара-Алмага, Арстанбапка кетип калуулары, аскалуу тоолор арасындагы Саймалуу-Таш коругуна жөө саякаты, мектепти бүткөндөн кийин Фрунзеге окууга жөө барабыз деп үгүттөөсү балалык фантазиясы десек, токтоо кезинде Кытайга, Югославияга, Венгрияга, Германияга, Турцияга, Иранга, Сирияга, Иорданияга саякаты, акырында Сауд Аравияга 35 күндүк ажылык сапары жана Америка Кошмо штаттарына жазган долбоорунун натыйжасында 20 күнгө баруусу каармандыбыздын өмүр жолунда улам жаңы кырларды ашып, жаңы ачылыштарга жетүүгө аракети дагы да болсо басаңдай электигин, тетирисинче турмушка улам дасыгып, каныгып, тажрыйба артып, иштөөгө ар тараптан кудуретинин байып турганын ашкере айгинелейт. А өмүр көчү дале уланып, сызгыч менен чийгендей, бирининин артынан экинчиси тизилип, артта кала берет. Ал күндөрдүн арасында кызыгы да, түйшүгү да бар. Эң маанилүүсү адам өмүрүнүн баркталып өтүшү.



# Саламат Мусаева: «Уул-кыздарым бактылуу болсо дейм»



**Саламат Мусаева- Жалал-Абад областтык үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда кеңеш берүү бөлүмүнүн терапевт-дарыгер, шаардык мериянын алдындагы медициналык-социалдык реаблитациялоо борборунун жетекчиси, «КРнын саламаттыкты сактоосунун ардактуу кызматкери».**

Бул айымдын ысмы бизге тааныш. Ал туурасында бир курдай Жалал-Абад шаардык мэриянын аттуу-баштуу адистери тарабынан жылуу ойлор айтылганда Саламат Мусаева жөнүндө өзүнчө кайсыл бир күнү кеп кылууну максат кылып жүргөнбүз. Жаратткан ошол тилегибизди кабыл кылды көрүнөт,бүгүн бизге бул аялзаты тууралуу сиздерге саймедиреп берүү насип этти сыягы.

## Каармандыбыздын балалык чагы

Саламат Мусаева жумушчунун үй-бүлөсүндө чоңойгон. Балдарынын келечегин ойлоп, жакшы тарбия, билим алсын деген ниетте ата-энеси Сузактын Ачысынан 1958-жылы Жалал-Абад шаарына көчүп келишкен. Атасы жумушчу болуп иштеп, апасы үйдө балдарын тарбиялаган. Өкмөттүн жумушунда иштебегени менен аял үчүн бала төрөп, тарбиялоо баарынан оор жана жоопттуу милдет эмеспи. Мына ушул жүктү бардык энелер сыяктуу эле ал да өз мойнуна алып, Саламаттын катарында он бир баланы тарбиялап-өстүрүүгө чоң эмгек жумшаган, 1972-жылы СССР Минис-

трлер Советинин чечими менен ага « Баатыр эне» ордени берилген. Бул улуу жана ыйык наамды ошол кезде аталган министрлер Советинин өкүлү атайын Жалал-Абадга келип көп энелердин катарында Саламаттын апасына да өз колу менен тапшырып кеткен. Мына ушул Баатыр эненин он бир баласынын төртүнчүсү бул кызы үч жашынан балдар бакчасына барып, орус тилин үйрөнүп, №4-орус мектебин окуп бүткөрдү.

## Артекке пионер лагеринде болгон

Саламат Мусаева көп классташтарынан айырмаланып, мектепте эң жакшы баалар менен окуган. Анын тырышчаактыгын, зээндүүлүгүн байкаган мугалимдери келечекте кыргыздын татыктуу кыздарынан болуп өсүп чыгышынан күмөн санашкан эмес. Кыскасын айтканда, сабакты мыкты окугандыгы үчүн окуучулар жайкы эс алууга тараганда 1972-жылы ал Артекке пионер лагерине жолдомо менен жөнөтүлгөн. Бул учур анын балалык доорунун бактылуу күндөрүнүн бири болгон. Себеби, өлкөнүн булуң-бурчунан мектептердин алдыңкы окуучулары мына ушул жерде жайкы каникулун өткөрүшкөн. Артекте ал эң жакшы досторду тапкан. Ошол мезгилде ал алтынчы классты аяктап, жетинчи класска көчкөн, 13 жаштагы секелек кыз эле.

## Студенттик мезгилден ирмемдер

Ата-энеси бардык балдарынын жогорку билим алышына бардык күч-аракеттерин жумшашты. Үйдө жалгыз өзү иштегендигине карабастан атасы уул-кыздарынын келечекте окуп, эл үчүн кызмат кылган татыктуу муун болуп өсүп жетилишин алар жаңы төрөлүп, ат койгондон тартып эңсеп келген. Саламат Фрунзедеги мамлекеттик медициналык институтунда жогорку стипендия менен окуду. Өзү окуган тайпанын старостасы катарында окуу жайынын турмушуна да активдүү катышаар эле. Эсинде унутпаса 1977-жыл



болсо керек, Баткен эли жер титирөөгө кабылып, турак жайлар, башка социалдык чоң сыяга учураган. Ошондо Саламат баш болгон кырк кыз «Ай шоола» студенттик курулуш отряды менен аталган районго курулуш иштеринде иштөөгө барышкан. Башка окуу жайларынан студент жигиттер курулуш курууга катышса, кырк кыз шыбак жасап, сырдоо иштерин аткарып, жигиттерден калышпай, мектеп, балдар бакчаларынын курулуп, бүткөрүлүшүнө салым кошушкан. Ошондо алардын «Ай шоола» кыздардан түзүлгөн студенттик курулуш отряды Кыргызстан Ленин комсомолунун Борбордук Комитетинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Аталган райондо эки жыл катары менен жайкы эс алуу мезгилинде барышкан. Биринчи жылы Саламат Мусаева отряддын комиссарлыгына, экинчи жылы командирлигине дайындалган. Комиссарлар менен командирлер жана жакшы иштеген алдыңкы студенттер 1978-жылы Германиянын, Болгариянын борбор шаарларына атайын жолдомо менен саясатка барып келишкен. Каарманыбыз бул саякатка Жалал-Абад шаардык төрөт үйүн көп жылдар жетектеген, азыркы күндөгү тажрыйбалуу акушер-гнеколог дарыгер Динара Байжумаева да кошо болгонун белгилейт. Ошондогу Софья, Пловдив шаарларындагы көңүлдүү саякат ушул бүгүнкү күнгө чейин карегинен кетпей келет. Бул учур анын студенттик кезиндеги кызыктуу ирмемдердин бири болгон.

## Эмгек чыйыры

Анын алагчкы эмгек чыйыры Фрунзедеги №6-клиникалык ооруканада терапевт-дарыгер болуп иштөө менен башталган. Анын жалындуу жаштыгы менен коштолгон алгачкы эмгек ирмемдери бул жерде эки жылга созулган.1985-жылы Жалал-Абад шаарындагы №1-эмканада участкалык дарыгер болуп, эмгек жолун улантып, бул жумушунда 2001-жылга дейре иштеди. Анын алгачкы эмгек жылдары жалаң теория менен практиканы айкалыштырып, саламаттыкты сактоо

тармагында дагы да көптү үйрөнүп, билүүгө, улам такшалып, дасыгууга мүмкүнчүлүк болгон. Табиятында көптү билүүгө умтулуусу, аны бат эле ийгиликтерге жетишүүгө шарт жаратты. 2002-2003-жылдардын ортосунда Кара-Суу базарында ведомстволук дарыгер болуп, бир гана жыл иштеп, 2002-жылдан Жалал-Абад шаарындагы №2-эмканада үй-бүлөлүк дарыгер болуп эмгектене баштады. Бул мезгил саламаттыкты сактоо тармагындагы реформалардын жүрүп жаткан учуру эле. Жаңылыкты ал бат кабыл алып, бул системага жан оту менен үйрөнүп, кесибине биротоло киришип кетти. 2009-жылга чейин дал ушул кызматында иштеп, тажрыйба артып, такшалды. Ал эми 2009-жылдан тартып, Жалал-Абад облесттык үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда кеңеш берүү бөлүмүндө терапевт-дарыгер болуп иштеп келет. Азыр ага кошумча УЗИде да дарыгерлик милдетти аткарат. Мындан тышкары келечектеги саламаттыкты сактоо тармагынын кадрларын даярдоого салымын кошуп, медициналык колледжде үй-бүлөлүк медицинадан студенттерге сабак берет.

## Энелик бактысы анын таалайлуу балдары

Каарманыбыздын эмгектик ийгилиги анын жеке аракетинен жаралган сыяктуу эле үй бүлөлүк ийгилиги да Саламат Мусаеванын бекем эрки менен байланышкан. Ал бир уулдун, эки кыздын бактылуу энеси. Мотурайган үч небереси балалыктын бактылуу доорунда өсүп келатат. Эненин ак үмүтү өздөрүнүн ата-энелери сыяктуу эле мына ушул неберелеринин да тынч замандын бешигинде эркелеп, жамандык көрбөй тарбияланып, окуп жетилсе деген аруу үмүт менен ширелишкен. Эл керегине жараса деген тилек менен өстүргөн уул-кыздары анын арзуу үмүтүн актап, жогорку билим алып, заманга ылайык кесипке ээ болуп, мезгилден артта калбай, мезгилдин агымы менен жашап-иштеп,ушул тапта эл үчүн кызмат кылып жатышат. Эки кызы өзүнчө үй-



бүлө күтүп, өз бактыларын арзып күткөн өмүрлүк жолдоштору менен тапса, уулу Нургазы Нишанов азыр Жогорку Кеңештин депутаты, ага чейин Жалал-Абад шаардык кеңешин жетектеген. Эненин жан-дүйнөсүндө түн терметип, бешик ырын ырдап, наристесин алдейлеген сыяктуу таза сезим, дайыма асыл ой бийлеп, «уул-кыздарым, алар менен бирге бардык балдар оорудан алыс болуп, саламатчылыгы чың, бекем жана туруктуу үй-бүлө күтүп, бактылуу жашаса» деген арзуу жашап келет.

## 43 жыл мурдагы достору менен жолукту

Ушул жерден кошумча сөз. Өткөн жылдын жайында Саламат Мусаева кызынан кабар алууга Москва шаарына барган кезде мындан 43 жыл мурда 13 жашында Артекте пионер лагеринде чогуу балалыктын кызыктуу ирмемдерин өткөрүшкөн окуучулук кездеги досторуна жолукту. Мындан үч жыл мурда интернет аркылуу алар Саламатты таап алышкан. Ошондон тарта байланыштарын үзбөй бири бири менен кабарлашып, келишет. Москвага барышынын биринчи себеби кызы болсо, экинчиден мына ушул Артекте таанышкан достору конокко чакырышкан. Алар менен фонтандын жанында чогуу сүрөткө түшүп, шаар кыдырып, чай үстүндө маектешип, пионер лагериндеги көңүлдүү ирмемдерди эске салышты. Бул жолугушуу кызыгаарлык ирмемдерди камтыды.

## Каарманыбыздын эмгектик ишмердүүлүгү

Саламат Мусаева өзүнүн негизги жумушунан сырткары Жалал-Абад шаардык мериянын алдында медициналык социалдык реаблитациялоо борборун ачкан. Имарат жергиликтүү бийлик тарабынан жана өзү кошо каржылап, капиталдык ремонт жасалган. Жеке өзү үч бөлмөнү ремонттоп, эшик-терезелерин алмаштырып, темир тосмо орнотту. Ага кошумча бул жерде иштеген чакан жамаатка жана оорулу-

уларга жагымдуу шарт жаратууга мүмкүнчүлүгүнө жараша аракеттерин жумшады. Натыйжалда ийне саюу, укалоо, дарыгердин кеңеши, тринажердук зал үчүн иш бөлмөлөрү камсыз болгон. Атайын долбоор менен ЮСАИД тарабынан жаңы эмеректер сатып алынды. Бул медициналык борбордун ачылгандан тартып, согуштун ардагерлерине, авган согушунун катышуучуларына, мүмкүнчүлүгү чектелген жана аз камсыз болгон адамдарга акысыз медициналык жана моралдык жардамдарды көрсөтүп келет. Октябрь айында карылардын күнүнө карата эле 167 адамга акысыз кызмат көрсөтүүгө жетишкен.

- Борбордо төрт адам иштейт, жогорудагы белгиленген катмарга акысыз кызмат көрсөтүп келаткандыгыбыздан улам иштеген төрт кызматкерге эмгек акы төлөп берүү максатын көздөп, Гүлнара Анарбаева менен биргеликте атайын коомдук фонд уюштурганбыз. Бул фонду Гүлнара Анарбаева жетектейт. Ушул тапта бул фонддун ишин илгерилетүү аракеттерин көрүп жатабыз,-дейт Саламат Мусаева.-демек, мындан ары да биздин жасай турган иштерибиз көп. Эң оболу ысык, муздак суу менен камсыз кылып, жылытуу системаларын орнотуу зарылдыгы турат. Келечекте акушердик кресло, жүрөктү тарта турган портативдик ЭКГ аппаратын алууга жетишишибиз зарыл. Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн долбоорлор менен иштемекчибиз. Мындан тышкары кайрымдуулук жардамын көрсөтүү үчүн кардиолог, уролог, невропатолог дарыгерлерин атайын графиктин негизинде кызматташууга чакырып жатабыз. Бул ишти баштагандан соң, аягына чыгуу зарыл деп эсептейм.

## «Иш деп жүрүп, өзүмдү унутуп коем»

Саламат Мусаеваны анын кызматынан пайдаланып жана ишине күбө болгон адамдар «өз кесибин сүйүп, ишине берилген, иш бөлмөсүндө кезек күткөн оорулуулар көп болсо, кээде тамактанууга да барбай, аларды кабыл алып,



иштеген учурлары көп»,-дешет. Анан да « тынып-тынчыбаган, баштаган ишин аягына чыгууга умтулган, байлыкка, мансапка кызыкпаган, ичинде кири жок, табиятында жөнөкөй аялзаты экендигин көрүп-билип жүрөбүз», дегендер да бар.

- Оорулууларды кабыл алып жатып, кээде убакыттын жетпей калганын сеземин. Ошондо, айрым учурда чынын айтсам, түшкү тамактануу болуп калганын унутуп калган күндөр көп болот. Анан аларды таштай албай, иштегенге туура келет. Аларга «мен тамактанып келейин силер олтуруп тургула»,-деп кантип айтам. Деги алгачкы эмгек жолумду баштагандан тартып, эч убакта оорулууларды күттүргөндү жактырбайм. Анын үстүнө оор-жеңилине, ысык - суугуна чыдайм деп, өзүм сүйүп, тандап алган кесибим эмеспи. Оорулууларга кызмат кылуу мен сыяктуу ар бир дарыгердин милдети жана ыйык парзы. Биз ошону үчүн Ант бергенбиз.

Ал «Сен бирөөдөн кандай жылуу мамилени күтсөң, сен да оорулууларга дал ошондой жылуу мамиле жасашың керек»,-деп белгилейт. Анын жасаган ишинен, сүйлөгөн сөзүнөн, баскан-турганынан бардык эле айымдарга окшошо бербеген аялдарга таандык жакшы сапаттарды байкадык. Андагы чечкиндүүлүк, гендиги чындык. Мындай айымдарды ар убакта колдоо гана керек деген ой менен бул айым тууурасындагы баяныбыздын азырынча аягына чыга туралы.

# «Байлыкка жетүү үчүн өзүң умтулушуң керек»



**Айжамал Төрөбекова ЖАМУнун окутуучусу**

- Атам Эгемназар менен апам Айша тээ Союз учурунда өмүр бою мурдагы Ленин (азыркы Ноокен району) районундагы Бирдик атайын адистештирилген чарбада карапайым эле жумушчу болуп иштешкен. Өмүр бою бизди бешене терлери менен тапкан каражаты менен багып өстүрүштү. Бир үйдө төрт кыз, алты уул эч нерседен кем болбой тарбияландык. Көрсө таза эмгектен табылган каражат да берекелүү болот көрүнөт. Балалыгымдан атамдын ар бир сөзү эсимден кете элек. Жөпжөнөкөй, карапайым адамдын оозунан улуу инсандардын ойлорун угаар элем. Атам мага дайыма мындай деп айтчу: «пайдасы тийбесе да, колуңдан келсе бирөөгө жардам кыл, кайсыл бир учурда ал адамдын сага кереги тиет. Кекчил болбо, ал адамдагы начар сапат». Атам бизди дайыма жакшылыкка үндөөр эле. Көрсө, дайыма жакшы ойлор менен жакшы нерселерди максат кылсаң, кудайым сени ийгиликке жеткирет тура. Чынында атам айткандай башыңа иш түшүп турганда жакын адамың жардам бербесе да, сен күтпөгөн башка бир адамдын пайдасы тиерин бул турмушта көрдүм.

Дайыма жакшылыктар тuурасында ойлоп, алдына максат кое билип, ага жетүүгө умтулган бул айым Жалал-Абад мамлекеттик университеттин педагогикалык факультетинин окутуучусу Айжамал Төрөбекова.

Биз аны менен күтүлбөгөн жерден жолугуштук. Айтымына караганда балалыгы Бирдик айылында өткөн. Ата-энесинин мээримине бөлөнүп, капалыкты, кусалыкты сезбей эркин өсүп-чоңойду. Мектепте жакшы окуду. Ал окуган Гагарин атындагы ( азыркы Жумалы Татыкулов атындагы орто мектеби) орто мектепте Турдукан Турдумбетова директор болчу. Сүйлөгөн сөзү орундуу, зыңкыйган турпаты менен эле окуучуларды сүрдөнтүп турчу. Ал окуучулардан гана эмес, мугалимдерден да катуу тартипти талап кылчу.

- Мага мектептин директорунун сүйлөгөн сөзүнөн тартып, кыймыл-аракети, жасаган иши, баары таасир берчү. Окуучулук күнүмдөн менин ата-энемден кийинки тарбиячым ушул эжекем болду. Ал бизден дайыма кыргыз тилин так, туура, таза, адабий тил менен сүйлөөнү талап кылаар эле. Бул биздин өз эне тилибизди баалап, урматтай билишибизге жана таза сүйлөшүбүзгө түрткү болгон. Ал мугалимдерге да ушул талапты койгон. Мен келечекте журналист болууга умтулушум да мына ушундан эле. Бирок, мен мугалимдик кесипти тандап алдым,-дейт каарманыбыз.

Айжамал Төрөбекованын сөзгө маани бергени сүйлөгөн сөздөрүнөн байкалып турду. Ал бизге айтып бергендей 10-классты аяктагандан соң, мектепте пионер вожатый болуп иштеп калды. Ушул жумушунда ал уюштуруучулукту үйрөндү. Төрт жылдан соң, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогикалык факультетине тапшырып, студенттик доордун кызыктуу ирмемдерин өз башынан өткөрүп, жогорку билимге татыктуу болгондон кийин, кайрадан өзү окуп, иштеген мектепте эмгек жолун улантты.

-2000-жылы мен өзүм кесип алган Жалал Абад мамлекеттик университетинин педагогикалык факультетине окутуучу болуп орноштум. Ошондон бери он жылдан ашык дал ушул окуу жайында иштеп келем.

Ал билим берүү тармагында жыйырма алты жыл эмгектенди. Каарманыбыздын билим берүү тармагындагы эмгеги бир нече Ардак грамоталар менен бааланган. КРнын «Би-

лим берүүсүнүн мыктысы» төш белгисине татыктуу болгон.

Ал бир гана ушул жердеги жумушу менен чектелип калган жок. Улам алдыга умтулуп, билимин тереңдетип, турмушту дагы да тереңиреек үйрөнүүгө, ошол үйрөнгөндөрүн студенттерге берүүгө аракеттенди. Бул үчүн тынымсыз иштеп келди. Эл аралык уюмдар өткөргөн семинарларга көбүреөк катыша баштады. Өзгөчө ал ЮСАИД өткөргөн семинарлардан көптү билди. Тренерликти окуп-үйрөндү. Чоң адамдар менен иштөө, окутуунун ыкмаларын үйрөнгөндөн кийин атайын серитификат беришти. Анан аталган уюм өткөргөн сынакка катышып, ийгиликке жетишти. Мурда өзү окуп-үйрөнсө, 2000-жылдан тартып, ал башкаларды окутуу мүмкүнчүлүгүө ээ болду. Буга чейин окуп-үйрөнүп, «Улуттук тренер»деп аталган сертификатка ээ болгон. Эми ал мектептердин мугалимдерин окута баштады. 2010-жылы «Өзгөчө кырдаалдарда жагымдуу социалдык, психологиялык жагдайды түзүү» темасындагы семинар-тренингди эң оболу Сузак районунун тоолуу районундагы мектептеринде баштап, акырындап барып, Токтогул, Чаткал райондорунан башка бардык аймактарда мугалимдерди окутууга жетишти. Ошол тренерлердин катарында Айжамал Төрөбекова да бар эле. Ал да ошол жылдагы кайгылуу окуядан кийин мугалимдер арасында жагымдуу маанайды жаратууга салым кошту. 2012-жылы бул долбоор аяктады.

Дайыма изденүүнүн жолунда бараткан каарманыбыз Россиянын колдоосу менен Дүйнөлүк банк каржылаган долбоорго катышып, бул жолу башталгыч класстардын мугалимдерин бир жыл бою окутуп келди. Ал эми азыр болсо, дале Дүйнөлүк банктын каржылоосу менен ишке ашкан «Билим берүү максатындагы глобалдык өнөктөштүк долбоорунун мектепке даярдоо багытындагы «Наристе» программасы менен иштеп жаткан учуру.

-Ушул тапта биз бул долбоор боюнча 480 сааттык- семинар өтүп жатабыз. Аталган программа 2015-жылдын апрель



айында башталган, буюрса 2017-жылга чейин созулат. Мындан тышкары ЮСАИДдин « Бирге окуйбуз» деп аталган долбоору менен да башталгыч класстардын мугалимдери менен директордун окуу иштери боюнча орун басарларын окутуп жатабыз. Бул долбоор Кыргызстан боюнча тиешелүү аймактарды өз ичине камтыган,-деп белгилейт Айжамал Төрөбекова.


Каарманыбыз мындан тышкары да көп нерселерди билүүгө жана жасоого кызыгат. Ош убактысы болгондо кагаздан жана кездемеден түрдүү картиналарды жана кооз буюмдарды жасоого жетишет. Анан да ЖАМУнун баскетбол, волейбол, тогуз коргоол командаларында ойноп, неченкурдай окуу жайларынын ортосунда уюштурулган мелдешке катышкан. Ал эми тогуз коргоол боюнча окуу жайда алдыңкылыкты бербей келерин кошумчалады.

Мезгилдин агымы аны көп нерселерди үйрөнүүгө, алдыга умтулууга жетелеп келет.

-Акыркы мезгилде мен баюу боюнча китептерди окуй баштадым. Бул өзүм үчүн эле эмес, билгенимди башкаларга да айытп берем. Ойлоп көрсөм биз, экономикалык сабатсыздыгыбызды жоюшубуз керек экен. Болбосо, байышыбыз мүмкүн эмес. Каражат табабыз да, көпчүлүгүбүз аны кантип пайдаланууну билбейбиз. Кирешебизге караганда күндөлүк жумшаган чыгымыбыз ашып түшөт. Көбүбүз акчаны кантип топтоону билбейбиз. Ошону үйрөнүшүбүз керек. Буюрса ушул жаатта билим берүү үчүн атайын бизнес ачууну максат кылып койдум,-дейт сөз соңунда каарманыбыз.

Айтымы боюнча экономика боюнча билим алуунун натыйжасында ал каражат топтоп, аны пайдалуу иштерге жумшап, жашоосунда ийгиликке жетише баштаптыр. Жолдошу Майрамбек экөөнүн биргелешип жасаган аракеттери натыйжасын берип, азыр ошол умтулууларынын жемиштерин көрө баштаган учуру экен.

# Чыныгы инсандын чыныгы уулу



**Мирлан Туманов, «Жалал-Абад таттуусу» акционердик коомунун директору**

« Келечек» акционердик коомунун башкы директору Келдибек Туманов туурасында канча ирет массалык маалымат каражаттарында жазып чыгышты. Эмгек жамааты менен бирдикте Союз таркатылгандан кийин иштебей, талкаланып жок болуп кетүүнүн алдында турган жана таланып-тонолгон бир катар ишканаларды сатып алып, мезгилдин талабына ылайык кайрадан жаңылап, өндүрүштүк ишканаларын түзүп, 1000ден кем эмес адамга жумуш берип, шаардын экономикасына салым кошуп келди. Ал эми биздин азыркы каарманыбыз мына ушул инсандын уулу, бүгүнкү күндүн жаш адамы Мирлан Туманов.

Жаш каарманыбыздын турпатына, сүйлөгөн сөзүнө, көз караштарына байкоо салып жатып, азыркы өсүп келаткан жаш адамды көрүп турдук. Чыныгы ишкер өз ордуна татыктуу кадры даярдап жатыптыр.

Мирлан Туманов өзүнүн айтымына караганда Жалал-Абад мамлекеттик университетинин техникалык факультетинде биринчи курста окуй баштаганда эле ишкердикке кадам койгон. Жайкы эс алуу мезгилинде бир катар студенттер үйлөрүндө эс алып жатканда ал атасы жетектеген ишканага келип, жүк ташып иштечү экен. Анын бир тууган агасы Нурлан да алгачкы ишин жумушчулуктан баштаган. Окуу жайын бүтүргөнгө чейин Мирлан да ишти ылгабай, карапайым жумушчунун ишин аткарып жүрдү. Бул жерде



ал мээнеттин артыкчылыгын, эмгектин маңызын түшүндү. Жогорку билимге ээ болгондон соң, «Жалал-Абад» арак заводунда слесарь-наладчиктиктен ишин баштады. Бул кезде өндүрүштүн ыгын өздөштүрө баштаган. Арадан үч ай өткөндөн кийин механиктин жардамчысы болду, анан технологдун жардамчысы. Бул кызматта иштеп жатканда өндүрүшкө каныгып калган. Мына ушул жумуштарда 2004-2006-жылга чейин иштеп, өндүрүштүн булактары улам кеңейе баштаганда «Жалал- Абад» арак заводуна жаңы дизайнды ишке киргизүү үчүн маркетолог кызматына которулду. Бир жылдан соң, 2007-жылы «Жалал-Абад» арак заводунун директорунун орун басарлыгына дайындалды. Бирок, аталган завод өз ишин токтотту. Анан Мирлан Туманов «Жалал-Абад таттуусу» акционердик коомуна директорлукка которулду. Бул өндүрүштүк мекеменин карамагында бир катар ишканалар кирген. Ал турмуштук да, эмгектик да, жетекчилик да мол тажрыйбасы бар дасыккан ишкер, атасы Келдибек Тумановдун көз алдында жетилип баратты.

Алгачкы ирет жумушчулуктан баштап, тепкичтерди басып өтүп, бул мезгилдин аралыгында жаш каарманыбыз өндүрүштүн сырын жакшы өздөштүрдү. Дээринде бар жигитке бир чети үй-бүлөлүк тарбия болсо, экинчиден интернеттин өнүккөн мезгилинде маалыматтарды да, жаңылыктарды да дүйнөлүк байланыш аркылуу издеп таап, өзүнө сиңирип алып жатты. Анын кызыгуулары өндүрүшкө жаңылыктарды киргизүүгө шарт жаратты.

- Мезгилдин шартына жарашбы, айтор көп нерсе акча менен өлчөнө турган болду. Айрымдары байыса, кээси мурдагыдай эле кыйынчылыкты башынан өткөрүп жатат. Ал адамдар бир иш жасайын дейт, жашоомду жакшы жагына өзгөртсөм деп эңсейт, бирок билбейт. Жаш туруп, ишкердик дүйнөсүнө аралаштың, мына ушундай адамдарга эмне кеңеш берээр элең? - Биз ушул суроого жаш ишкерден жооп алууга кызыктык.

- Жашоону өзгөртүү үчүн мээнеттенүү керек. Баары Алланын насибине жараша болот,-деди кыска сүйлөп.

- Ийгиликтин сырычы?

-Ийгиликтин көп деле сыры жок. Ийгилик да мээнеттен жаралат. Экономиканы жакшы билиш керек. Ар бир жасаган ишиңдин эсеп-кысабын так жүргүзмөйүнчө анын пайдасын көрбөйсүн.

- Бир чыгарган товарды кайталап чыгара берсең, элдин да көңүлү калат. Азыр «Жалал-Абад таттуусунда» өндүрүштүк жаңылыктар барбы? -Аны менен өндүрүштө болгон жаңылыктар туурасында баарлаша баштадык.

-Албетте. Улам жаңы технологияларды ишке киргизип жатабыз, эскилеринин ордуна жаңы жабдууларды сатып алып, өндүрүштү жаңыладык. Кадимки чайды кайнатып, анан муздатып, бөтөлкөлөргө куюп жасай баштадык. Кызыл-Кыя, Баткен аймагына, Жалал-Абад областынын Токтогул районуна чейин жөнөтүп жатабыз.

Жаш ишкердин жасаган иши бул эле эмес. Мурдатан иштеп жаткан Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылындагы жашылча -жемиштерди иштетүүчү заводдун эски жабдууларын Германиянын өндүрүшүнөн чыккан заманбап жабдуулар менен алмаштырышты. Азыр бадыраң жана помидорду иштетип, акыркы үлгүдөгү 3-5 литрлик идиштерге куюп, Казакстан, Россияга экспорттоп жатышат. Бул жерде иштеген 30дан кем эмес адамга туруктуу жумуш оруну түзүлгөн.

- Кыргызстанды байытам деген ишкерлер иштеп чыгарган товарын экспортко жөнөтүшү керек,-деди ал. Айтымында бул багытта 2010-жылдан башталган жумуш жемишин берип келатат. Өзгөн районундагы «Өзгөн сүт» өндүрүштүк ишканасында да жаңылануу болгон. Бир кезде иштетилген эски жабдуулардын ордуна чакан, бирок сапаттуу, акыркы үлгүдөгү жабдуулар орнотулуп, элден сатып алышып, иштетип, сүтүнөн кургак сүт чыгарып жатышат. Мында иштеп 25 адам үй-бүлөсүн багып келет.



Кытайлар дүйнөлүк рынокто өтө жөндөмдүү экендигин далилдеп коюшту. Азыр базарларда кытай товарлары каптап кетти. Таза сууга керектүү болгон алар иштеп чыгарган полиэтилен трубаларын басымдуу көпчүлүк иштетет. Бирок, сапаты да ар кандай. Мирлан Туманов өндүрүшкө дагы бир жаңылык киргизип, мына ушундай полиэтилен трубаларын чыгарып жатат. Сапаты рыноктун бардык талабына жооп берет. Жабдуулдарын Шанхай шаарынан алып келип орноткон. 15тен тартып, 110 диаметрге чейинки өлчөмдөгү полиэтилен трубаларын Жалал-Абаддын базарларынан сырткары кошуна областтарга да чыгарып жатышат. Аны таза сууга, канализацияга эч күмөн санабай эле иштетүүгө болот.

-Ийгиликтин башаты эмне?- Ага кайра суроо узаттык.

-Ийгиликке жетишем деген адам сөзсүз түрдө интернет аркылуу дүйнөлүк байланыштан пайдаланышы керек. Анда баары бар. Маалыматтарды да, өндүрүштүк жаңылыктарды ди интернеттен алууга болот. Бизнес жасайм деген адамга интернет кеңири жол ачып берет. Экинчиси базар. Сыртка чыгуу колуңдан келбесе өзүң жашаган шаардын базарын кыдырып, бааны билип туруу абзел. Мал менен иштеген адам мал базарды, темир менен иштегени темир базарын, жыгач менен алектенген адам жыгач базарын үйрөнүшү шарт. Кимдир бирөө малын базарга алып баратса, андан «малыңды мага сат», десе. « Базарга алып барып сатам» дейт. Бир чети туура, ал адам да, сатып ала турганы да канчага сатарын, канчага сатып аларын билбейт. Баа базарда чечилет. Анан Жалал-Абаддан тышкаркы базарларды, Оштун, Бишкектин, колдон келсе, чет өлкөгө чыгып, базарды билүү керек. Алсак, нефтинин баасы да биржада чечилет, пахтанын наркын да дүйнөлүк биржада билинет дешчү эле го. Ишкердин бутка турушу базарды үйрөнүп, билишине жараша болот. Анткени, баа бир жерде турбайт, рыноктун шарты ушундай. Анан бардык көргөзмөлөргө катышуу зарыл. Мен

интернет аркылуу кайрылам (заявка берем), интернеттен мага чакыруу келгенде Казакстандабы, Россиядабы, же башка өлкөдө болобу көргөзмөгө катышып, ал жерден экспортко товар жөнөтүүнү, же өндүрүшкө жаңы технология киргизүүнү үйрөнүп келем. Өзүбүз иштеп чыгарган товарлар менен катышкан учурлар да болот. Сен өндүргөн товардын сапаты мына ошол көргөзмөлөрдө бааланат.

Жаш ишкердин сүйлөгөн сөздөрүнөн, көз карашынан азыркы мезгилдин жетилип бараткан, бир чети каныккан адамын көрдүк. Ал азыркы жасап жаткан иши менен алымсынган жок, өзү айтмакчы күн сайын изденип, маалыматтан алыстабай, жаңылык алып, улам кызыгууулар менен өзгөрүүлөрдү жасоого умтулуп келет. Сөз түпкүрүндө өз эмгегим менен өз мамлекетимдин өсүп-өнүгүшүнө салым кошсом деген мекенчил жигиттин арзуусу бар эле. Эл ичинде алдыга умтулган, келечекти көрө билген, көптү билүүгө кызыккан азыркы мезгилдин жаш адамдары өсүп келаткандыгы бул элдин сыймыгы, мамлекеттин келечеги эмеспи. Ушундай жигиттерди жаш кезинен сындырбай, колдоп, таяп, билимин жана эмгегин өлкөбүздүн келечеги үчүн пайдалана билсек, бул биздин улуулугубуз болмок.



# Ар бир үйдө бала үнү жаңырса…



**Алтынай Эрназарова, жеке медициналык борбордун жетекчиси.**

Анын да жашынан эңсеп келген тилеги-келечекте дарыгер болсом деген арзуу үмүтү борборубуздагы мамлекеттик медициналык институттун биринчи курсуна кирген жылы эле. Ал да өзү теңдүү курдаштары менен студенттик күндөрдүн эң машакаттуу, кызыктуу күндөрүн өз башынан өткөрүп,1982-жылы аталган окуу жайын аяктап, бир жыл жылдык интернатураны Жалал-Абаддагы төрөт үйүндө өтөдү. «Жогорку билимдүү дарыгер» деген дипломун колуна алгандан соң, эми элдин ден соолугу үчүн кызмат кылуга даярмын деген ишеним пайда болду.

1984-жылдан Сузак районундагы төрөт үйүндө иштеген жылдары эмдигиче эсинен кетпейт. Ал учурда турмушка чыгып, Жолдош Төрөбаев менен Орто Азия айылында жашашчу. Экөөнүн үй-бүлөлүк, туруктуу биримдигине данакерлеш болгон алмончоктой бир кызы, бир уулу төрөлгөн. Экөө тең бири Сузакка, экинчиси Жалал-Абадга каттап иштешет. Уулкыздарын балдар бакчасына жайгаштырып коюп, эки тарапка өз жумуштарына карай ашыгышат.

-Ал учурда кол телефону жок кез. Оорукана боюнча бар болгону эки дежурный врач иштейт. Жумуштан үйгө кеткенде да, ооруканага оорулуу түшүп чакырып калышат деген ой менен мейли дем алыш күнүбү, же майрамбы эч кайда барбай үйдө болобуз. Кээде балдарымды бакчадан алып үйгө келсем, менден мурда «Тез жардам » машинасы турган болот. Ошол замат артыма кайрылып, балдарым менен кошо кайра ишиме жөнөйм, анткени ооруканада кош бойлуу аял жардам

күтүп жаткан болот. Бир курдай балдарымды алып, төрөт үйүнө барганда бир бөлмөгө тамагын берип олтургузуп койсом, уулум жаныма келип алыптыр. Мен кош бойлуу аял менен алпурушуп жатканмын. Ошентип, түндөсү да балдар менен төрөт үйүнө келип, иштеген учурлар көп кайталанды,-деп белгилейт Алтынай Эрназарова.

Ошондогу машакаттуу күндөр, уйку көрбөгөн түнкү кечтер бир чети чарчатса, экинчиден өз кесибинде улам такшалып, тажрыйба артып, дасыккан акушер-гнеколог болууга жеткирди.

Ал Жалал-Абад областтык жогорку чыңалуудагы электр тармактар ишканасын көп жылдар жетектеген, Жогорку Кеңештин депутаты да болгон, белгилүү энергетик Эргеш Төрөбаевдин бүгүнкү күндө атасынын кесибин улап, бир кезде ал жетектеген мекемени башкарып жаткан уулу Жолдош Төрөбаевдин келинчеги. Алардын бир уул, төрт кыздын энеси, 11 небереси бар.

Үй-бүлөдөгү аялдык милдет, энелик парз, анан жумуштун көптүгү, бирок баары керек болчу. Кандай гана кырдаал, кандай гана учур болбосун ишин таштаган жок, ал балалыктагы арзуу-үмүтү, жаштык максат-тилеги болчу. Анын кийинки эмгек жолу алты жылдай Сузактагы аялдарга кеңеш берүү бөлүмүн жетектөөгө арналды. Андан соң, Жалал-Абад шаардык төрөт үйүнүн акушердик бөлүмүнүн башчысы болуп иштөө менен улантылды. Азыр төрөт үйүнүн кош бойлуулуктун патологиясы жана гнекология бөлүмүндө дарыгер.

Өз кызматында татыктуу эмгек сиңирип, «Саламаттыкты сактоонун мыктысы» төш белгиси менен сыйлангандыгын, жогорку категориядагы дарыгер экендигин, райондук, шаардык, областтык Ардак грамоталар менен сыйлангандыгын, бирок эң баалуу сыйлык ага элдин ишеними, жасаган ишинин үзүрү экендигин кошумчалайт. Айтымына караганда 2011-жылы Жалал-Абад шаардык мэриясы тарабынан «Жылдын мыкты тейлөө кызматкери» номинациясына татыктуу болсо, 2014-



жылы «Жетиген» журналы «Жылдын мыкты дарыгери» номинациясын ыйгарган.

Саламаттыкты сактоо тармагында эмгектенип, эс алууга чыккандан соң, уулу Эркин менчик медициналык борбор ачууга сунуш кылгандыгын айтат.

- Апа өмүр бою төрөт үйүндө иштеп, күнү түнү эс албаган учурларыңыз көп болду. Эми күндүзү эле жумушка келип, кайра үйгө кетип, бир калыпта иштеңиз, бир чети эс алганга убактыңыз болот.

-Анын сунушун кабыл алдым. Ал каралбай кеткен үч кабаттуу имаратты сатып алып, анан түп тамырынан бери кайра жаңылап чыгып, медициналык борбор ачууга жардамдашты. Кыштары гана калган болчу. Бөлмөлөрүн көрүп болбойт, таштандылар толуп кеткен. Кеминде 6-7 унаа таштандыны сыртка алып чыгарды. Азыр деле жогорку кабатында ремонт жүрүп жатат. Кыскасы, 12 койкадан турган медициналык борбор ачууга жетиштик. Жабдуулардын баарын сатып алдык. Эң негизгиси кош бойлуу аялдардын ден соолугун көзөмөлдөө, тукумсуздукту, гнекологиялык ооруларды, эрте болчу талгакты дарылоо кызматтарын аткарып жатабыз. УЗИ диагностика, ультра үн менен изилдөө кызматтары да бар.


Албетте, бул жасалган иштер. Анын натыйжасы болдубу? деген суроо туулат.

-Албетте,-дейт каарманыбыз.- Тукумсуздукту айыктыруудагы дарылоо иштерибиздин жемиштүү жыйынтыгы бар. Үч ирет боюнан түшүп калып, балалуу болбой жүргөн 42 жаштагы аял жети жылдан кийин эгиз наристе төрөдү. Ынтымак айылынан үч кыздуу аял арадан 17 жыл өткөндөн кийин кош бойлуу болду. Октябрь айылынан жети жыл төрөбөй жүргөн аялдын да боюнда болгон,-деп белгилейт Алтынай Эрназарова.

Эне менен баланын бактысы үчүн ыйык жана кымбат кесипти аркалаган каарманыбыздын тилеги: « ар бир үйдө наристенин таалайлуу үнү жаңырса…».

# Кара-Көл

## Эненин бактысы



Каныкей Акимова,
эмгек ардагери

Уулбу, же кызбы, деги кыргыз баласы өзүнүн ата-тегин жакшы билиши абзел. Жок дегенде атасы ким, кандай адам болгондугун билип жүрүүсү да тийиш. Кадыр-барккы менен жашап-иштеп өткөн ата-эне менен оо кийин балдары да сыймыктана алат. Азыркы биздин каарманыбыз Каныкей Акимова да, өзүнүн ата-энеси тууралуу айтып берип олтуруп, анын сезиминде жылуу ойлор уялап жэатканын туйдук. Айтымына караганда атасы Өмүрбек Таш-Көмүрдө шахтыда иштечсү экен. Ал кезде «шахтер» деген ардактуу да, сыймыктуу да кесип болгон. Аксынын Кичи-Акжолунда төрөлүп өсүп, эр жигит болуп жетилгенде мына ушул шаарга көчүп келген. Согуш бүткөндө ал он жети жашта болгон. Ошол кезде жетилип, өзүнө жар тандап, Уулкызга үйлөнүп, Таш-Көмүрдө шахтада иштеп жашап калышты.

Кыргызстандагы эң улуу курулуш болгон Токтогул ГЭСинин курулушунун башталышы менен көп жаштар Кара-Көлгө карай агылышты. Алардын катарында Өмүрбек да болгон.

-Ошентип, менин атам менен апам Кара-Көл шаарына 1963-жылы көчүп келишиптир. Атам болсо негизги жабдуулар (УОС деп аталган мекеме болгон) башкармасында иштеп, ГЭСтин курулушуна катышыптыр. Аскага чыгып, таш кесип кулатып, ошол аскаларды тазалашкан. Бул оор жана опурталдуу жумуш болгон. Буттарына темир ботинка кийип,



аны жип менен байлап, аскага чыгышчу экен. Мен мектепте окуган кезим. Атамды гезитке жазганы биздин үйгө жазуучулар, журналисттер, киночулар келишчү. Атамдын эмгеги тууралуу Мурза Гапаровдун «Ала-Тоо » журналына жазганын билем. Биздикине жазуучулар келгенде кудум эле улуу коноктор келгендей даярдык көрүп, ошол күн үйүбүз шаңга бөлөнүп кетеер эле. Билем. Камбаралы Бобулов, Салижан Жигитовдор да нечен курдай биздикинде болушкан. Алар атам менен кадимки жакын адамдардай мамиле кылышчу. Ал кезде мен 7-класста окуур элем. Барак үйлөргө жайгашкан политехникалык институтун имаратында окучубуз. Биз эртең менен келип,окуп кеткенде кечинде институттун студенттери окушчу. Биз классты жууп-тазалап бүткөнчө алар сыртта күтүп турушаар эле. Ал эми биздин үйдө бир уул, үч кыз тарбияландык. Ата-энебиз бизди жокко кейибей, барга манчыркабай сабырдуу болууга, турмуштун оор-жеңилин көтөрө билүүгө, эмгектенүүгө тарбиялашты.

Каарманыбыз өз үй-бүлөсү тууралуу мына ушуларды айтып берди. Андан кийин Кара-Көл шаарындагы Токтогул атындагы орто мектепти аяктап, жетилүү аттестатын алгандан кийин Фрунзедеги кыргыз мамлекеттик университетине тапшыргандыгын, бирок турмушка чыккандыгына байланыштуу окуусун уланта албай, сырттан окуу бөлүмүнө которулуп окугандыгын кошумчалады. Мына ушуга байланыштуу эмгек жолун да эрте баштады. Токтогул ГЭСинин курулушуна катышып, УОСто, тактап айтканда негизги жабдуулар башкармасында бетончу болуп иштеди. ГЭСтин курулушуна аял-эркек дебей, катышып, ошол кезде кыз-келиндер да бул улуу курулушка салым кошушкан. Антке-ни, бул ГЭСтин курулушу 1962-жылы башталып, агрегаттары улам кошулуп олтуруп, узак жылдар созулган. Алгач бул жерде орус аялдары иштешсе, кийин кыргыз аялдары да эмгектене башташкан.1971-жылдан мектепке келип иштей баштады. Таш-Көмүр шаарындагы №3-орто мектепте

окуучуларга кыргыз тилинен сабак берди. Көп өтпөй Кара-Көл шаарына көчүп келишип, №12- мектепте кыргыз тилинен окуучуларга сабак берип, мугалимдик кесибин улантты. Арасында балалуу болуп, алар торолгончо үйдө карап, анан жумушуна чыгып, ошентип эмгек жолу да, жашоосу да улана берди. Бара бара балдары чоңоюп, улуусу кичүүсүн багып, түйшүгү бир кыйла жеңилдеди. 1983-жылы шаардагы №1-орто мектепке которулуп, сабактын жетишпестигинен башталгыч класстарды окутууга туура келди. Бул аны кейиткен жок, эң негизгиси өзү сүйгөн мектебинде келечек муундардын ызы-чуусуна аралашып, аларга билим берүү насип эткенинин өзү кубаныч болчу. Ошондон тарта ушул мектепте иштеп келет. Арасында (1994-2012-жылдары) өзүнүн негизги адистиги болгон кыргыз тил жана адабиятын да окутуп жүрдү.

- 2012-жылдан мага кол эмгек сабагын кошуп беришти. Балдарга ак-караны таанытып, билимдин уюткусун берүүдөн тышкары эмгекке үйрөтүү да мен үчүн өтө кызык эле. Ушул эки баалуулукту жаш муундарга үйрөтүү мага өтө кымбат милдет эле,-дейт каарманыбыз.

2007-жылы Каныкей Акимова эс алууга жашы келди. Бул учурда эмгектик да, турмуштук да мол тажрыйба топтогон, каныккан, дасыккан мезгили эле. Бирок, мектебинен, өз окуучуларынан ажырай албады. Иштеп көнгөн мугалим дале мектептен кеткен жок. Бул биринчиси, экинчиси мектепте мугалимдердин жетишпестиги да бар эле.

- Мектепте мугалим үчүн талап күчтүү, текшерүү көп, ага жаштар чыдабайт, дейт каарманыбыз. -Бирок баары бир кези келип, сүйгөн, көнгөн кесипти таштоого туура келет, жашоонун мыйзамы ушул, бири кетет, экинчиси келет.

Кандай болгон күндө да, бир кесипте татыктуу иштеп, кадыр-барк топтой алды. Өз ишин мыкты билген мугалим катарында көбүнөн айырмаланат. Республикалык билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланды.



63 жашында «КРнын билим берүүсүнүн мыктысы» наамына ээ болду. Кеч берилди. Ошентсе да, буга ыраазы. Канчалаган кесиптештери эс алууга чыгып кетишкени менен мындай наам ала алышкан жок. Чыныгы мугалимдин эмгегин таразалай келсек, бир тобуна андан жогорку наам ыйгарылса да аздык кылчуудай. «Окуучуларымдын сыйынан артык мен үчүн чоң сыйлык жок»,-дейт Каныкей Акимова. Бул ырас.

Ал өз балдарын да татыктуу тарабиялады. Тун уулу Нурлан көп жаштар сыяктуу Россияда иштеп жатат. Кызы Назгүлдүн кесиби экономист. Жазгүл да эң жакшы бүтүп, юрист адистигин алган. Алгач №10- кесиптик лицейди артыкчылык менен аяктап, кийин кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин окуп бүткөрдү. Аскердик прапорщик даражасы бар. Уулу Мухаммеддин азыркы мезгилге ылайык келген электро-ширетүүчүлүк адистиги бар. Балдарынын убайын көрүп, сыйына ээ болуп, жети неберенин бактылуу чоң эне, тайэнеси болуп олтурат.

Бир кездеги кыйынчылыктардын баары артта калды. Азыр эмгегинен да, үй-бүлөсүнөн да бакыт тапты. Аялзаты үчүн мындан артык эмне бар. Эң башкысы саламатчылыгы чың болуп, балдарынын маңдайында жадырап-жайнап жашоо кечирип олтурса болгону. Булардын баарын Жараткан Алла Каныкей Акимовага насип эткен. Ушуга ыраазы болуп, ушуга сүйүнөт.

# Жаркыраган заманбап шартты жараткан



**Раткан Джайлообаева, балдар бакчасынын башчысы.**

Борборубуздагы Маяковский атындагы кыз-келиндер институтун аяктап, жогорку билимдүү адис катарында эң алгач эмгек чыйырын «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесине караштуу Шамалды-Сай шаарчасында жайгашкан «Аленушка» балдар бакчасында тарбиячылыктан ишин баштагандан тартып, мотурайган наристелерге байланып калган болчу. Алардын күлкүсүнө, тили чыккан учурдагы балалык кыялына, дегиси мүнөзүнө көнүп калгандыктан, кесибин башкага алмаштыруу капарына да келбеген. Бул жерде жети жыл иштеп, анан жогоруда аталган мекеменин Кара-Көл шаарындагы №1-балдар бакчасында эмгек жолун улантган. Ан сайын балдарга сиңишип кетти. Анткени, алардын кыял-жоругу, күлкүсү, айтор деги баары чоңдорго таптакыр окшобойт. Балдар менен бирге болгонунда өзүн бактылуу сезчү, баарын түз, туура кабыл алган баео балдар менен аралашып жүрүп, ушул чөйрөгө көнүп бүткөн. Анан эле бир калыпта доорун сүрүп жаткан Советтердин тарап кетиши балдар бакчасынын жоюлушуна алып келди. Бакча жабылып, бул жерге жүзүнөн балалыктын күлкүсү төгүлгөн балдар келбей, алардын ызы-чуусу угулбай калды. Бул өкүнүч болчу. Баарынан да жумушсуз калуу өтө оор болду. Жашоо үчүн күрөшүү керек болгондуктан, коммерция менен алпурушууга туура келди. Бул жумушу көпкө созулган жок.



Шаарда балдар бакчасынын тартыштыгы балдарын үйдө калтырып, жумуш жасайын деген энелерге түйшүк алып келди. Анын үстүнө мектепке барганча балага тамга таанытып, китеп окууну бир гана балдар бакчасы үйрөтө алат болчу. Анан ата-энелер жеке менчик балдар бакчасын ачууну Раткан Джайлообаевага сунуш кылышты.

- Бакчага берели десек, орун жоктугунан жумуш иштегенде балдарыбызды ар кайсыл жерге калтырууга туура келет. Сиз балдар бакчасын ачыңыз?

Күтүлбөгөн бул суроо аны ойлонууга аргасыз кылды. Ал акыл калчап, бир ойго келүү үчүн ата-энелерден эки ай убакыт сурады.

- Сиз ойлонбой келе бериңиз, анткени, балдар бакчасында иштеп, тажрыйбаңыз бар, биз жардам беребиз,-дешти.

Шаарда каралбай, ремонтсуз турган имарат бар болчу, ата-энелердин суранычынан соң, ал балдар бакчасын ачууга бүтүм кылып, мына ушул оюн айтып, ошол кездеги шаардын жетекчиси Ильяз Еркеевден ошол имаратты берүүнү суранды.

-Эгер сиз иштете алам десеңиз, колуңуздан келсе берели, мына ачкыч,-деди дароо эле.

Ал шаар башчысына бул жумуш колунан келе турганын айтып, ачкычты алды да, баягы бош турган жайга келип, электр зымдары үзүлүп, самсаалап турган, аңгыраган кунарсыз бөлмөлөрдү көрүп бир чети чочуп кетти, бир да эмерек жок болчу. Бирок, убада бергенден соң, жасоо керек болчу. Ремонт үчүн мамлекеттен кредит алды, уулу энергетик болчу, достору менен келип ремонт жасап, электр зымдарын толук өзү орнотту. Алгач 300 миң сом, ата-энелер ар бири 5000 сомдон чогултуп, жалпысынан 600 миң сомго толук капиталдык ремонт жасап, бир жылдан кийин 250 миң сом, экинчи ирет кредит алып, ашкана буюмдарын жана керектүү эмеректерди толук салып алды. Эки айдын аралыгында ремонтту аяктап, алгач бир тайпа бир жарым жаштан

мектепке чейинки жаштагы балдардан элүүнү кабыл алды.

-Көп өтпөй эки тайпа, жарым жылдан соң, үч тайпа, акырында төртүнчү тайпаны уюштурдук. Ата-энелер жана өзүбүз жетээрлик оюнчуктар менен балдарды камсыз кылдык. Балдар бакчасынын кире беришинен тартып, ар бир бөлмөсүнө чейин балдардын табитине жараша коооздоп жасалгаладык, аларды китептер менен камсыздадык, азыр да Бишкекке барган сайын жаңы китептерди сатып келем. Ошентип, бир жарым жылдын аралыгында 120 орундуу балдар бакчасы менчик болгондугуна карабастан, балдар үчүн эң сонун, заманбап шартта тарбиялануга мүмкүнчүлүк жаралды. Азыр күн сайын 70-80ден кем эмес бала келет. Биз ата-энелерден балдары үчүн төлөгөн акы менен аларды тамактандырып, тарбиялап, окутабыз. Республика боюнча биздин балдар бакчасында төлөм акысы эң төмөн. Ата-энелерди кыйнабай, алардын жашоо шартына карап, баа койгонбуз. Балдардын тамагынан тышкары жумшалуучу каражаттар бир топ, ысык, муздак суу үчүн, салык, соцфонд, эмгек акы беребиз. Кыскасы, керектөө күн сайын талап кылынат.,-деп белгилейт Раткан Джайлообаева.-Бир жарым жылдын аралыгында жасаган аракеттерибиздин негизинде ийгиликке жетиштик. Шаарда өз ордубуз, өз жүзүбүз бар. Бирок, биздин имарат жергиликтүү бюджеттин балансында тургандыктан, бир жарым жылда араңдан зорго лицензия беришти. Жергиликтүү бийликтин эсебинен шаарда дагы жаңы балдар бакчасы ачылды. Ошол кезде, эми сиз кантесиз, балдар ошол жакка кетип калат го,-дешкендер болду. Анан да « Эч кандай пайда болбосо иштетип эмне кылсыз?»,- деп да айтышат. Бирок, мен ал сөздөргө маани берген жокмун. Мен үчүн балдар бакчага келип, энелерге жеңилдик туулуп, аз болсо да бул жерде келин-кыздар жумуш менен камсыз болушса, ошол утуш. Ильяз Еркеев мэр болуп иштеп турганда балдарды коргоо күнүндө, жана башка майрамдарда балдарга көңүл буруп, белектери менен



келип турчу. Азыркы бийликке биз иштеп жатабызбы, же жокпу, баары бир, бирөөсү да бут басып келишпейт, балдардын эл аралык күнү этибарга да алып коюшпайт. Биздин бакчада ушул Кара-Көл шаарынын балдары тарбияланып жатат, менчик болгонго карабастан, балдарды тарбиялап, багып, алардын энелерине шарт жаратып, ал гана эмес, кошумча жумушчу орунун түзүп, аз болсо да жергиликтүү бюджеттин экономикасына салым кошуп жатабыз. Өкмөттүн балдар бакчасындагыдай бирдей укугубуз, бирдей шартыбыз бар.

Балдар бакчасынын иштей баштаганына үч жылдын жүзү болду. Бирок, мындагы шартты карап туруп, он жылдан бери иштеп келаткан балдардын жайынан кем калышпагандай шарттар жаратылган. Сынган эмеректердин ордун улам жаңысы менен алмаштырып турушат.

Раткан Джайлообаеванын айтымына караганда шаардык кеңештин сессиясынын чечими менен айына 3500 сом ижара акысын төлөшөт, башка төлөмөйлөрдү да эске алганда көп учурда бул сумма деле оорчулукту жаратат. Кышындагы иштетилген муздак, ысык суу үчүн эле айына 15000-18000 сомдон төлөп келишти. Балдар бакчасынын башчысынына айтымына караганда бул балдар бакчасында күн сайын жаңылануу жаралып турушу абзел. Балдардын тамак-ашына да ар күнү каражат керектелет, андан сырткары да каражатты талап кылган учурлар болот. Раткан Джайлообаева долбоор жазып, өткөрүү үчүн аракеттерди да жасап жаткандыгын, бирок, менчик балдар бакчасын колдой турган мамлекеттик эмес уюмдарды кездештирбегендигин кошумчалады. Мына ушундан улам, жоктон барды жаратып, 70-80 баланы камкордукка алып жаткан жаркыраган шарты бар, мүмкүнчүлүгү чоң бул балдардын сүйүктүү жайын колдоо зарылдыгын байкадык.

# Каарманыбыз башында турган ийгиликтер



**Дамира Кожошова, Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы.**

Дамира Кожошованын кесиби мугалим. Жогорку билимге ээ болгондон кийин өзүнүн алгачкы эмгек жолун мектепте орус тили жана адабияты сабагынын мугалими болуп иштөө менен баштаган. Анын эмгек жолунун 12 жылы билим уясында окуучуларга билим жана тарбия берпүүгө арналды. Андан кийинки эмгек жолу Кара Көл тшаардык билим берүү бөлүмүндө методист жана андан соң, башкы адис болуп иштөө менен улантылган. Ал эми акыркы алты жылдан бери аталган билим берүү бөлүмүнүн башчылык кызматын аркалап келет. Ал өзүнүн эмгек жолунда билимин жана эмгегин жалаң мына ушул билим берүү тармагынын өнүп-өсүшүнө, билимдин сапатын көтөрүүгө, мектептердин материалдык техникалык базасын чыңдоого жана мугалимдердин кесиптик чеберчилигин көтөрүүгө салым кошууга арналды. Ага берилген «КРнын билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси да тынымсыз жана жемиштүү эмгегинин натыйжасы катарында бааланат.

Каарманыбыз шаардагы мектептердин жана балдар бакчаларынын эмгек жамааты менен биргеликте балдарды жана окуучуларды татыктуу тарбиялоого, терең билим берүүгө бардык күч аракеттерин багытташкан. Акыркы төрт жылдан бери шаардык билим берүү бөлүмү ийгиликти колдон чыгарбай келет. Анын бир мисалы облассттык мамлекеттик администрациясынын экинчи жана үчүнчү даражадагы дипломдору менен сыйланып, республикалык билим берүү министрлигинин «2010-жылдын мыкты шаардык билим берүү бөлүмү», областтык усулдук борбордун «2011-жылдын мыкты методикалык кабинети» номинацияларына татыктуу болгон. «Келечек »№3- балдар бакчасы « 2011-жылдын мыкты балдар бакчасы» номинациясына ээ болуп, эмгек жамааты областтык мамлекеттик администрациясынын үчүнчү даражадагы дипломуна ээ болушкан. Түлөбердиев атындагы №2- инновациялык орто мектеби КРнын өкмөтүнүн Жалал-Абад областтык ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү тарабынан « 2014-жылдын мыкты инновациялык мектеби» номинациясын алып, акчалай сыйлык менен сыйланды. Республикалык билим жана илим министрлигинин « КРнын 100 инновациялык мектеби» долбоорунун алкагында аталган №2- мектеби акыркы үлгүдөгү 10 комплект компьютер столу менен, үч интерактивдик доска, эмеректер, информатика жана физика бөлмөлөрүнө мугалимдер үчүн орундуктар жана столдор менен камсыздалган.

## Сүйүнүчкө айланган саамалыктар

Ар жылы билим берүү тармагындагы жасалган аракеттердин жыйынтыгын чыгарып, алдыга максат кое турган август кеңешмеси өткөрүлөт, бул күн мугалимдердин турмушундагы маанилүү жана жооптуу учурлардын бири, дал ушул күн чыныгы билим берүү саяпкерлеринин эмгеги да бааланчу күн. Ар жылы мугалимдердин август кеңешмесинде биздин каарманыбыз Дамира Кожошова өзүнүн докладын окуп, алдын ала атайын даярдалган слайт менен окуу-тарбия ишиндеги аракеттердин жемишине баасын берет.

2010-жылдын 30-августу шаардын мугалимдеринин турмушундагы жагымдуу окуя менен коштолгон. Ошондо өлкөбүздүн экс-президенти Роза Отунбаева окуучуларга 12 комплект компьютерди белекке берди.

2012-жылы Кара-Көл шаардык мэриясынын буйругу менен «Келечек», «Байчечекей» балдар бакчаларына кошумча тайпалар ачылып, келечек ээлерине дагы бир жагымдуу камкордуктар

көрүлдү. Шаардын бөбөктөрүнүн турмушунда жагы бир кубанычтуу саамалык 2015-жылы «Аленушка» балдар бакчасынын имараты жергиликтүү бийлик тарабынан кайра кайтарылып алынып, жаңы «Баластан» балдар бакчасы ачылды. 360 орунга ылайыкташкан бул балдар бакчасында азыр 300 бала тарбияланат.

Дасыккан мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу багытындагы өлкөбүздүн 76 аймактарынан алдыңкы мугалимдер жана көрүнүктүү инсандар катышкан республикалык семинар бир курдай шаардагы №4- Шопоков атындагы орто мектептин базасында өткөрүлүп, анда кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Байышбек Мусуралиев өз чыгармачылыгы туурасында баяндаган. Мына ушул саамалыкка Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти, профессор Советбек Байгазиев да күбө болгон.

Ушул өңдүү областтык жана шаардык семинарлар, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу багытындагы кароо-сынактар нечен жолу өткөрүлүп, ошол учурдагы мугалимдердин турмушундагы унутулгус ирмемдер көп ирет кайталанган. 2013-жылы «Жылдын мугалими» сынагында №1- Токтогул атындагы орто мектептин чет тили мугалими Сезим Чотиева шаарда да, областта да биринчи орунду жеңип алып, шаардык билим берүү бөлүмүнө, дегеле мугалимдер жамаатына сыймык алып келген. Анан ал ошол эле жылы республикалык «Жыл мугалими» кароо-сынагына катышып, үчүнчү орунга ээ болгон жана «Смарт ТВ» түстүү телевизору менен сыйланган. Мугалимдердин турмушундагы мындай ийгиликтердин жаралышы салтуу көрүнүш болуп калган.

Шаардык билим берүү тарабынан уюштурулган «Мыкты класс жетекчи» кароо-сынагы да салтка айлана баштады. Мындай сынак, 2015-жылы «Энергетик» маданият үйүндө өткөрүлүп, жыйынтыгында №3- орто мектептин математика мугалими «2015-жылдын мыкты класс жетекчиси» номинациясына ээ болду.

2015-жылы жалпы республикалык тестирлөөгө катышкан 147 окуучунун 72си 110дон жогору баллга, ал эми №3-орто мектептин окуучусу А.В.Валиуллина 208 балл алууга жетишкен.



Мектеп окуучулары арасында спорттун түрлөрү боюнча мелдештерди өткөрүү да салтка айланып, анда дүйнөнүн биринчилиги үчүн спортакиадаларда шаардын мектеп окуучуларынын арасында ийгиликке жетишкен окуучулардын санынын улам көбөйүшү, билим берүү жаатындагы спорттук жетишкендиктердин жагымдуу мисалдары. Ал эми « жылдын окуучусу» сынагынын өткөрүлүшү да салттуу көрүнүш болуп калды. Ар окуу жылында окуу-тарбия иштеринин жүрүшү боюнча атайын мониторинг жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы белгиленет, мындай жагдай билимдин сапатынын жакшырышына оң таасирин тийгизип келет.

Эң негизгиси билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасын чыңдоого да олуттуу көңүл бурулуп келаткандыгы да жашыруун эмес. Атайын долбоорлордун негизинде «Баластан» балдар бакчасынын имараты капиталдык ремонттон чыгарылып, Токтогул атындагы №1-орто мектептин спорт залы, чарбалык имараты жана ашканасы жаңыланган. «Мерсико» эл аралык уюму тарабынан Хуриев атындагы №5- жана №4- орто мектептерине курулуш материалдары, «Баластан» балдар бакчасы үчүн аянтчанын курулушуна жардам берилген. №6-орто мектептин жылытуу симстемалары да «Мерсико» тарабынан бүткөрүлгөн.

Жыл сайын шаардык мэриянын жардамы менен балдардын эс алуу лагерлери уюштурулуп, 600 бала жайкы эс алуусун өткөрүп келишет.

Мындай жагымдуу иштердин башында Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Дамира Кожошова турат. Ар бир мектепте өзүнө таандык ийгилиги да, кемчилиги да бар. Ошого жараша талапты коюп, ишти жүргүзүү жеңил эмес. Азыркы мезгилде коюлган талап бирине жакса, экинчисине жакпайт. Ошондуктан, кээде ар биринин кулк-мүнөзүнө жараша мамиле кылууга туура келет. Ошентип, канчалык ардактуу болгону менен ошончолук түйшүктү, жоопкерчиликти талап кылган кызматта барды-гына кайыл болуп, иштөөгө туура келет.

# Ноокен району

## Кудуреттүү эмгектин жемиши


**Абдрешов Шамшидин Камчыбекович, Ноокен райондук оорукананын башчысы.**

Абдрешов Шамшидин Камчыбекович- 1990-жылдан Кочкор-Ата шаар тибиндеги ооруканасынын башкы дарыгеринин орун басары, 2000-жылдан тартып башкы дарыгери, ал эми 2003-жылдан Ноокен аймактык ооруканасынын башкы дарыгери болуп эмгектенип келет. КРнын саламаттыкты сактоосунун мыктысы, Президенттин Ардак грамотасына татыктуу болгон. Эмгектик да, турмуштук да тажрыйбасы мол, дасыккан дарыгер, ар тараптан такшалган, мыкты уюштургуч жетекчи, бүгүнкү күндүн чыныгы инсаны.

Үй-бүлөлүү. Эки уул, 3 кыздын атасы. Жубайы Фатиманын саламаттыкты сактоо тармагында 30 жылдык тажрыйбасы бар.

Калыстык үчүн айтып коелу бир учурда Ноокен райондук ооруканасы туурасында ар кандай сын-пикирлер айтылып, кээ бир дарыгерлердин дарегине наразы кептер да болгон. Оорулуулардын арасында «»Ноокен райондук ооруканасына караганда Кочкор-Атага барып дарылануу жөндүү», деген кептерди угуп-көрүп жүргөнбүз. Буга бир чети бул саламаттыкты сактоо мекемесиндеги оорулуулар үчүн шарттын жоктугу да себеп болгон. Бирок, андан бери аймактык оорукананын шарты бир топко жакшы жагына өзгөргөн.



Азыр дартына шыпаа тапканы келгендер Кочкор-Ата ооруканасына эмес, Шамшидин Абдрешов жетектеген дал ушул ооруканага келип, дарыланып кетишет.

Шамшидин Абдрешовдун аталган ооруканага жетекчилик кызматка келиши менен саламаттыкты сактоо жайында эмгектенген ак халатчандар менен дартына шыпаа табууну көздөп келген адамдар үчүн шарт жаратууга кадамдар башталды.

Ошол күнү каарманыбыз жетектеген ооруканага келип алып, көргөн көзүбүзгө ишенбей турдук. Ага чейин мурда келгенде дубалдары көчкөн, жамгыр тийип саргайган, кунарсыз имараттарды көрөр элек. А балким, жетекчинин жолунан чыгар, а балким анын чыныгы эмгедидир, айтор Ноокен аймактык ооруканасынын короосунан кире берип, катарынан салынган жаңы имараттарды көрүп, бир чети таң калсак, экинчиден кубанып «ой боой шарт бир топ жакшырып кетиптир го»,-деген пикирге келдик.

Ошол күнү аймактык оорукананынын короосунда ак халатчандардын спорттук мелдешине күбө болдук. Адам баласынын өмүрү үчүн күрөшкөн бул кесип ээлери кол күрөшү, теннис, шахмат,болейбол оюндары боюнча бири-бири менен теңтайлашып таймашып жатышты. Бул мындай иш чаралардын биринчиси эмес эле. Булардын баары алардын көңүлдүү иштөөлөрүнө дем берет эмеспи.

Ооруканадагы шартын жакшырышына башкы дарыгер Абдрешов Шамшидин Камчыбековичтин эмгеги өлчөөсүз экендигин дарыгерлер ачык эле айтышты. Алар айтпаганда да сырттан кирген адам мурдагыга караганда чоң өзгөрүүлөр жаралгандыгын көрүп турат.

Бул жерге башкы дарыгерликке келген 2003-жылдагы оорукананын абалын көз алдыга элестетип көрөлү.

- Чынында мен келгенде оорукананын абалы жакшы эмес болчу. Имараттар ремонтсуз калган, сууну сырттан

ташып иштетишет. Мени оорукананын абалын оңдойт деп дайындагандан кийин жетекчилердин ишеничин актоом керек деген ойго келдим, ага чейин эле мындагы жагдайдан кабарым бар болчу. Каражат таап, шартты жакшыртуунун аракетин көрүүгө кириштим.

Башкы дарыгер кеп учугун ушундайча баштады. Бул үчүн атайын долбоор жазуу керек эле. Ошондо ал эң оболу ооруканнын балдар бөлүмүнүн чатырын жаңылап, эшик-терезелерин алмаштырууга жетишти. Каражатты өкмөттүн алдындагы түрткү берүүчү гранттын эсебинен беришти. Мына ушундай аракеттин натыйжасында жугуштуу оорулар бөлүмүнүн да чатырын алмаштырып, эскиси жеткен эшик-терезелерин алып, ордуна пластиктен орнотту. Бул 2003-жылда ал алгачкы жетекчиликке келгендеги жумуштун натыйжасы болчу. Ал эми 2007-жылы жандандыруу бөлүмүнүн жаңы имаратын куруу демилгесин ишке ашырды. 5 миллион 400 миң сомго эсептелген бул бөлүмдүн курулушу түрткү берүүчү грант аркылуу каржыланып, бир жылга жетпей соңуга чыгып, оорулуулардын жаңы жана таза, бардык ыңгайлуу шарты бар бөлмөлөрдө дарыланып чыгуусуна шарттар түзүлдү. 2011-жылы болсо төрөт бөлүмүнө жылуу жана муздак суу киргизилип, атайын ажаткана курулду. Бул да болсо ЮСАИД уюмунун 8 миң доллардык колдоосу болду. Ага райондук мамлекеттик администрациясы 500 миң сом салым кошту. Мунун шарапаты менен кошумча ремонт иштери жасалды. 2012-жылдын акырында башталып, 2013-жылдын ортосунда бүткөрүлгөн дарылоо бөлүмүнө республикалык бюджеттен 17,5 миллион сом жумшалды. Мындан тышкары 2 миллион сомдук керектүү жабдуулар менен камсыз болушту. Бөлүмдүн ачылыш салтанатына Кочкор-Атадагы «Кыргыз геофизика» мекемеси 50 миң сомдук комплект шейшеп, Таш-Көмүр шаарындагы «Тегене» жеке менчик көмүр кенинин жетекчилиги 80 комплект шейшеп, Жогорку Кеңештин депутаты Гүласал Садырбаева 2



компьютер жана 20 комплект шейшеп, областтык аптекалар Союзу 8 телевизор тартуулады. Ооруканнын шартын жакшыртууга жергиликтүү бийлик да көмөктөшүп, райондук акимчилик, айылдык округдан 250 миң сомдук колдоо көрсөтүлдү.

Быйылкы жылы сыртка орундуктарды орнотуу, жарыктандыруу, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу жумуштары үчүн жергиликтүү бюджеттен 1 миллион 381 миң сомдук жана өздүк салым 383 миң 750 сомдук каражат жумшалды.

Алынган маалыматка таянсак, 2003-жылдан бери баары болуп 6 долбоор ишке ашып, ага 30 миллион сомго чукул ички жана тышкы инвестиция тартылды. Мындан тышкары 15 миллион сомго жакын медициналык жабдуулар сатылып алынды. Ошондой эле спидге каршы күрөшүү боюнча глобалдык фондо тарабынан 5,5 миллион сом жумшалып СПИД лабораториясы ремонттолуп, суу киргизилип, муздаткычтан тартып, жабдууларга чейин коюлду. Физкабинеттер акыркы үлгүдөгү жабдуулар менен камсыздалган.

Аймактык ооруканнын бардык бөлүмдөрүндө ак халатчандар акыркы үлгүдөгү медициналык жабдуулар, компьютерлер менен камсыз болуп, ар бир бөлүмгө ысык жана муздак суу киргизилген.

Оорулууларга берилчү дары-дармектер менен тамакаштарга жумшалчу каражат да бир топко көбөйгөн. Маалыматка таянсак, кант оорусунан дарылануучулар күн сайын төрт маал, калган оорулууларга 3 убакыттан тамак берилет. Күн сайын тамакка орточо баасы 85 сом, дары-дармектерге 185 сом жумшалат.

Жетекчиликтин уюштуруучулук аракети жана эмгек жамаатынын биргелешкен эмгеги менен жаралган бул ийгиликтер жалпысынан 315 дарыгер менен медайымдардын жана калган бардык техперсоналдардын ынтымактуу эмгегинин жетишкендиги. Мына ушундай ийгиликтери үчүн 2012-жылы аймактык оорукана областта «Эң мыкты эм-

гек жамааты» номинациясын жеңип алып биринчи орунга, 2013- иштерман жылында башкы дарыгер Шамшидин Абдрешов райондо «Эң мыкты иштерман» номинациясына татыктуу болгон. Ошондой эле 2013-жылдын жыйынтыгы менен оорукана райондун өтмө Кызыл Туусун жеңип алып, 1 даражадагы диплом менен сыйланышкан.

Ал эми быйылкы жылы да алдыда бир топ максаттар ишке ашканы турат. Кыргыз өкмөтүнүн Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын көмөгү менен аймактык ооруканaнын короосу толугу менен асфальтталды. Ошону менен бирге кызматкерлер үчүн өзүнчө ашкананын имараты курулду. Мындан тышкары буюрса бардык шарты менен комплекстүү эс алуучу жайын куруу максаты бар. Анан да мына ушул жерде иштеп, саламаттыкты сактоо тармагына эмгеги сиңген, тажрыйбалуу хирург, Социалисттик Эмгектин Баатыры Шамшидин Сүйөркуловдун эстелиги орнотулду.

Мындай аракеттер саламаттыкты сактоо тармагында көп жылдык мол тажрыйбасы бар саламаттыкты сактоонун чыныгы сакчысы аталган каармaныбыздын дасыккан эмгегинин жемиши. Көрсө өз жүрөгүнүн каалоосу менен тандап алып, жашынан алган билимин иш жүзүндө өздөштүрүп, улам үйрөнүп, улам такшалып олтуруп, бүгүнкү күндө кийинки жаштарга насаатчы болуп калган бул кесип ээси ушул бүгүн да чарчабай, улам жаңылык издеп, жаңыланууга кадам койгон убагы экен. Азыр Ноокен райондук ооруканасынын короосуна кире берип, көөдөндө жылуулуук пайда болот. Бул жерге ден соолугунан жабыр тартып келгендер эң оболу сырттагы жагымдуу маанайды көрүп, түзөлө калгандай таризде болушса, ичиндеги түзүлгөн эң мыкты шартта дарыланып, дарыгерлердин колунан оорусунан шыпаа таап кетишет. Анткени, оорулуу адамга сырткы таза, кооз чөйрө таасир этет экен. Суунун шоокумун тыңшап, ачылган



гүлдү тиктеп олтуруу да оорудан айыгуунун бир жолу дешет. Көрсө медициналык дарылоо менен кошо дарыгердин жылуу мамилеси, көрктүү табият оорудан шыпаа табуунун жолу экен. Ал кудуреттүү билиминин, мол тажрыйбасынын, дарыгерлик чебер эмгеги менен өзү жетектеген саламаттыкты сактоо жайына шаардагыдай шарт жаратты.

Бул инсандын өрнөктүү ишмердүүлүгүнөн менменсиген канчалаган жетекчи болумуштар үлгү алса болчуудай экен. Мына ушундай ардактуу, баалуу, табылгыс кесиптин ээси Шамшидин Абдрешов тууралсындагы баяныбыз мына ушундай.

# Капар атанын эмгекчил кызы



Жаңыл Култаева, Кытайдын Кочкор-Ата шаарындагы «ТенИ» нефть-газ компаниясында башкы эсепчи.

Азыркы каарманыбыз Жаңыл Култаева туурасында сөз кылардан мурда бул аялзатынын атасы Капар Култаев жөнүндө бир эки ооз сөз айта кетүүнү туура таптык.

Капар Култаев кыргыз элине эмгек сиңирген инсандардын бири болгон. Алгачкы эмгек жолун Арстанбап өрөөнүндөгү Могол айылдык кеңешине караштуу Сары-Булак кыштагындагы толук эмес орто мектепте пионер вожатый болуп иштөө менен баштаган. Кийин Фрунзе шаарындагы атайын финансылык окуу жайын аяктагандан соң, Үч-Терек районуна финансы бөлүмүнө техникалык эсепчи кызматына жиберилген. Андан кийин Базар-Коргон районундагы Чкалов атындагы колхоздо башкы эсепчи болуп эмгектенип, кийинчерээк ушул эле райондогу Могол айылдык кеңешине катчылык кызматка которулган. Андан соң, эл депутаттарынын райондук аткаруу комитетине жооптуу катчылык кызматына көтөрүлүп, ал жерден Киров атындагы айыл Кеңешине төрага болуп шайланган. Ошондо Капар Култаев токой чарбасынын ишине көмөк көрсөтүп, жергиликтүү жаштардан токой чарба адистерин даярдоо маселесин көтөргөн. Натыйжада, Арстанбап аймагынан токойчулук адистикке окугандар көбөйгөн.

Култаев Капар 1950-жылдын 20-апрелинен баштап, эл депутаттарынын Ачы райондук аткаруу комитетинин төрагалыгына шайланган. 1955-жылдан баштап, Базар-Коргон районунда райондук финансы бөлүмүнүн башчысы, эл депутаттарынын райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары кызматтарында иштеп турган мезгилде май заводунун, нан заводунун, райондук эмкананын, Тентек-Сай көпүрөсүнүн курулуп, пайдаланууга берилишине Капар Култаев салмактуу салымын кошкон. Кайсыл жерде, кайсыл тармакта иш начарлап, солгундаса ал ошол жерге ишти оңдоп, жолго салуу үчүн жөнөтүлүп турган. Маселен, Базар-Коргон айылдык кеңешине, Базар-Коргон райондук керек-жарак коомуна мына ушул максатта жөнөтүлүп, ишенимчи актаган. Базар-Коргон айылдык Кеңешинде төрага болуп да иштеп турган. Макаренко атындагы орто мектептин курулушун бүткөрүп, Базар-Коргон-Беш-Бадам кышактарынын аралыгындагы жолду реконструкциялатып, шагыл төшөткөн. Базар-Коргон айылынын борборундагы китепканага китеп сатып алуу үчүн чоң каражат бөлдүрүп, балдар китепканасын уюштурган.

Мамлекет тарабынан Капар Култаевдин ушундай жигердүү эмгектери жогору бааланды. Ал айылдык, райондук Кеңешке 15 жолку чакырылышында тең депутат болуп шайланган.СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1945-жылдын 6-июнундагы Указы менен Капар Култаев «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы татыктуу эмгеги үчүн» медалы, СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1951-жылдын февраль айындагы Указы менен «Ардак белгиси» ордени, 1966-жылдын 22-мартындагы Указы менен «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн»,1970-жылдын 21-мартындагы Указы менен В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата «Татыктуу эмгеги үчүн» медалы менен сыйланган. Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишинин 20,30,40,50,60-жылдыгына карата юбилейлик медалдар менен сыйланган. Базар-Коргон райондук Кеңешинин 2003-жылдын 9-сентябрындагы чечими менен Капар Култаев «Райондун ардактуу атуулу» деген ардактуу наамга ээ болду.

Ардактуу карыя бир уул, тогуз кыздын сүйүктүү атасы болгон. Өмүрлүк жубайы Уркуя 10 бала төрөп-өстүргөн «Баатыр эне» болчу. Улан-кыздарынын, неберелеринин убайын көрөр мезгилинде шум ажал 76 жаш курагында бул дүйнөдөн алып кеткен. Бул дөөлөттүү карылар отуз жети небере, төрт чебере, төрт кыбыралуу болушкан. Бардык уул-кыздары билимдүү болушкан. Тун кызы Жеңишкан кесиби боюнча дарыгер. Уулу Тургунбек-инженер, кийинки кызы Зууракан кесиби башкы эсепчи. Кийинки кызы Замира-финансы кызматкери. Ортончу кызы Жаңыл жогорку билимдүү экономист. Кызы Сырга-филолог, кийинки кыздары Майрам,Зыяда, Динара, Гүлнара бардыгы жогорку билимдүү, турмуштан өз ордуларын табышкан бактылуу үй-бүлөлөрдүн ээлери.

Эми биз мына ушул инсандын ортончу кызы Жаңыл Култаева турасында баян этели. Ата-эненин татыктуу тарбиясын алып, мектептен окуп, кийин Фрунзедеги финансы техникумунан кесип алды.Эми гана бой жетип, адистикке ээ болгон кыздын алгачкы эмгек чыйыры мамлекеттик банкынын Жалал-Абад шаарындагы бөлүмүндө инспекторлуктан башталган.1976-жылы Ленин-Жол бөлүмүнө кредиттик инспектор болуп которулган. Анын эмгек китепчесинде андан соң, дал ушул мекемеде экономист, ага экономист, кредиттик бөлүмдүн башчысы кызматтары жазылган. Жаштайынан эмгек чыйырын баштап, бир чети дээринен болсо керек, улам үйрөнүп.телчигип, такшалып жүрүп олтуруп, жетекчиликтин ишенимине кирип, ал гана эмес райондо көзгө көрүнүп, анын эмгек жолунда 1985-жылы өзгөрүүлөр болду. Ошол жылы 15-августа Ленин ( азыркы Ноокен) райондук аткаруу комитетине жооптуу катчылык кызматка келди. Бул жер да ал үчүн такшалуунун мектеби болду. Ишине тактыгы, жоопкерчиликтүү сапаты анын 1991-жылы Ленин райондук №4517-сактык банкынын башкаруучулугуна дайындалышына түрткү болду. Анын эмгек жолу 1997-жылы



райондук почта бөлүмүнүн башчысы болуп иштөө менен улантылды.1999-жылдын 14-октябрында Жалал-Абад областтык мамлекеттик финансы көзөмөлдөө комитетинде мамлекеттик жетектөөчү инспектор болуп иштеген жылдары да бир топ кызыктуу ирмемдерди өз ичине камтыды. Бул мекеме республикадагы эсептөө палатасынын Түштүк бөлүмү аталып, мында уюштуруу бөлүмүндө иш жүргүзүүчү милдетин 2001-жылдын 21-октябрынан «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунун финансы бөлүмүндө биринчи категориядагы экономисттик кызматта 2003-жылдын 5-декабрына дейре эмгектенген. 2003-жылдын 3-ноябрынан Базар-Коргон райондук социалдык фонддун башчысынын орун басары-кирешелер боюнча бөлүмдүн башчысы болуп эмгектенип келип, 2007-жылдын 29-июнунда эс алууга чыккан. Айта кетчү сөз, иштеп жүрүп, борборубуздагы мурдагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы мамлекеттик университетинин банк иштери боюнча факультетинен сырттан окуп бүткөргөн.

Жаңыл Капаровна эс алып үйдө олтуруп калган жок. 2008-жылдын 1-июль айынан тартып, Кытайдын Кочкор-Ата шаарындагы «ТенИ» нефти газ компаниясында башкы эсепчи-экономист болуп эмгектенип келатат. Анын эмгегин, билимин жана тажрыйбасын баалаган аталган компаниянын жетекчилиги менен жети жылдан бери кызматташып келет.

Каарманыбыздын эмгеги өзү иштеген мекемелердин жетекчиликтери, Базар-Коргон, Ноокен райондук, областтык мамлекеттик администрациялары, «Кыргыз сактык банкынын» Ардак грамоталары менен бааланган.

Кааарманыбыз кайсыл жерде иштебесин өзүнүн ишине болгон жоопкерчиликтүү мамилеси, эң башкысы эмгекчилдиги менен өзгөчөлөнүп турган. Анын айтымына караганда өзгөчө Ленин райондук сактык банкынын башкаруучусу болуп иштеп жаткан учурун унутпайт. Ошол учурда катуу жер титирөөдөн айрыкча Бүргөндү айыл өкмөтүнүн жашоочу-

ларынын көпчүлүгүнүн турак үйлөрү керектен чыгып, эгин талаалары зыянга учурап, катуу жабыр тартышкан. Мындан сырткары да зыянга учураган айыл өкмөттөрү болгон. Жабыр тарткан адамдарга сактык банкы аркылуу мамлекет тарабынан кредиттик ссудалар берилген.

-Эсимде Бүргөндүлүктөргө 119 миллион рубль берилген. Ноокен, Момбеков, Достук айыл өкмөттөрү, Кочкор-Ата шаарынын калкы да жер титирөөдөн зыян тартышкан. Ошондой эле Коминтерн айылынын жашоочуларынын көпчүлүгүнүн турак үйлөрүн кайрадан курууга туура келген, аталган айылга 45 миллион рубль ссуда берилген. Ошондо мен ссуда алуучулардын иш кагаздарынын так, туура, мыйзамдуу жүргүзүлүшүн талап кылып, мыйзамдын бузулушуна жол берген эмесмин. Кайсыл бир учурда отчет берүүгө туура келерин билгенмин. Ошол кезде мыйзамсыз иш-аракеттерди жасаган айрым райондордун тиешелүү адистери кийин жооп берген учурлар да болгон. Ошол учурда элге миллиондогон кредиттик ссудалар берилген, жер титирөө экинчи ирет кайталанып,ссуда алган адамдарга жеңилдик берилген,-дейт каарманыбыз.

Ошол кезде табияттын кырсыгынан жабыр тарткан эл алган ссудаларын төлөө жагынан кыйынчылыкка туш келбесин деп, тиешелүү иш кагаздарын тактап жөнөтүп, өкмөт аркылуу миллиондогон рубль каражаттан куткарууга салым кошкон да мына ушул аялзаты болгон.

Ал райондук почтанын башчылык кызматына келген мезгилде да пенсионерлерге пенсиянын ордуна ар кандай буюмдар, эскирген азык-түлүктөр берилип жаткан.

-Ошол учурда кампаларда турган эскирген товарларды кайра кайтарууга аракеттерди жасадым, анткени пенсионерлерге пенсиянын ордуна буларды берүү мүмкүн эмес болчу. Ошонун айынан почта бөлүмдөрүндө жетишпестиктер чыкты, канчалаган кызматкерлер жетишпестиктерди ордуна коюуга аракет кылышты. Бул жердеги менин бир жарым



жылдык убактым мекемени тазалоо менен өттү. Бул мезгил канчалык оор болгону менен акырында ишти өз нугуна түшүрүп алганда бир топ жеңилдеп калдым, ошол учурларда мазмундуу, натыйжалуу иштедим деп айта аламын,-деп белгилейт Жаңыл Култаева.- Ошол учурда республикалык социалдык фонду Ахматбек Келдибеков жетектеп, чынында бир топ оң жагына жылыштар болгон, ошол мезгилден пенсионерлер товарлардын ордуна накталай өз пенсиясын ала баштады. Муну калыстык үчүн айтып коюу керек.

Айта кетчү сөз, анын эмгек жолунун мазмундуу учуру Ленин райондук аткаруу комитетинде жооптуу катчы болуп иштеп жаткан мезгили да болгон. Бул жерде эмгектенип жатканда шайлоо учуруна туш келген. Биринчи жолу Ош областтык аткаруу комитетинин чечими менен Кочкор-Ата шаарында бир округда депутаттыкка талапкер эки талапкер катышкан эксперименттик шайлоо ийгиликтүү өткөн, бул окуя Кыргызстанда демократиянын башталышы болгон. Ошол учурда СССР Жогорку Советине шайлоодо да эки адам талапкерликке коюлган. Мына ушул кырдаалда сегиз саат эмес, убакытты эсептешпей иштешкендигин, мына ушул шайлоонун демократиялык принциби ал жооптуу катчы болуп эмгектенген учурга дал келгенин белгиледи. Райондук кеңешке Кара-Булак шайлоо округунан депутаттыкка шайланып калды. Кийин элден кабар алганы барып, ал жердеги элдин суроо-талабы менен ашар жолу менен уюштуруп ФАП, мектеп курдурган. Ошол кезде райондо жол курулуш мекемесин ыраматылык Максат Абасбеков жетектеп турган. Анын куруучулары ал жерге көпүрө курушкан. Райондук автобазанын башчысы Нематжан Азбаровду атайын алып барып, транспорт кыйынчылыгы бар экендигин айтып, айланпа автобус жүргүзүүгө салым кошкон.

Кийинки чакырылышта Кочкор-Ата шайлоо округунан райондук кеңешке депутаттыкка шайланганда медициналык санитардык бөлүктүн алдында атайын сүт ашканасын куру-

уга башкы дарыгер Ибатулина Софья Алиевна менен бирге аракеттерди жасап, ал аракети ишке ашкан. Натыйжада эки чакырылышта жоoптуу катчы болуп иштеп, эки чакырылышта тең райондук кеңешке депутат болуп шайланып, элдин суроо-талабын аткарууга умтулган.

Бирөөнүн акысын жебей, колунан келсе жардам берүүгө умтулган бул аялзаты «таза иштесең, кудай да ар дайым колдоп келет экен. Мына мага ырыскысын берип, ушул ишимде иштеп жатканымдын да жөнү ушундай го деп, кээде ойлоп кетем»,- деди. Кыскасы, анын кырк жылдык эмгек жолунда эл үчүн бир топ пайдалуу жумуш жасаптыр.


Маматраим Жуманов менен 37 жыл бирге жашап, экөө беш балалуу болуп, алардын турмушта өз жолун таап кетүүлөрүнө кам көрүштү, баары окуп, адистик алышкан. Тун уулу Алтынбек Жуманов Ош технологиялык университетинде окуп, салык кызматы боюнча адистик алган. Алгач Базар-Коргон районунда салык кызматында иштеп, кийин Ноокен районунда бөлүм башчы болуп эмгектенип, ошол жерден «салык кызматынын мыктысы» төш белгиси менен сыйланган. Ушул тапта Бишкекте жашап, иштейт. Үй-бүлөлүү 3 баланын атасы. Кызы Аселя болсо Ош мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин аяктаган, өз алдынча кыймылсыз мүлк боюнча агентство ачып, иштетип жаткан кези. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси. Чолпон жолдошу менен Москвада иштейт, 3 баласы бар. Өзү болсо Ош технологиялык университетинде сырттан окуйт. Анарбек Жуманов Ош технологиялык университетинин энергетика факультетин бүтүргөн. Жеке ишкер. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы. Замирбек болсо кытайлыктардын нефть компаниясында, Ош юридикалык институтунун соттук, прокурордук факультетин бүтүргөн. Ага кошумча азыр Кочкор-Атадагы колледжде нефть адистиги боюнча сырттан окуйт. Үй-бүлөлүү, эки баланын атасы.



Союз учурунда бардык аймактарда иштеп турган балдар бакчалары колунда бар адамдар тарабынан менчикке кетип, бүгүнкү күндө саналуу гана бакчаларда орундун жетишсиздиги туулгандыгы белгилүү. Мына ошондон улам, бул айым атайын жеке мектепке чейинки мекемесин, так-тап айтканда балдар бакчасын ачкан. Муну менен балдар бакчаларына орундун жетишпестигин кыскартууга салым кошуп олтурат. Ушул тапта ал уюштурган «Уркуя эне» деп аталган балдар бакчасы 3 жаштан жогорку наристелерди кабыл алып, мындагы тарбиячылар аларга камкордук көрүп жаткандыгы туурасында да маалымат алдык. Бул да болсо каармanыбыздын мезгилдин талабына жараша ишмердүүлүгүнүн жакшы бир белгиси. Ошентип, эс алууга чыкса да тынып-тынчыбаган бул айымдын эмгек жолунан үлгү алса гана болот. Анткени, ал жалкоолукту жактырбай, бош олтурууну каалабайт, өз жүрөгүнүн каалоосу менен кандайдыр бир жаңылык издеп, чыгармачылык менен иштөөгө дайыма ынтызар.

# Жерди барктагандар Бүргөндүдө

Ноокен райондундагы Бүргөндү айыл аймагын Эркин Маматаев жетектейт. Ал 1993-жылы борборубуздагы Скрябин айыл чарба институтунун зооветеринардык факультетин бүтүргөн. Беш жыл өз адистиги боюнча эмгектенген.1998-жылы Ош мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин аяктаган. 2000-2009-жылдардын аралыгында кыргыз агро Швецариялык фонддун Ноокен району боюнча жетектөөчү кеңешчиси болуп иштеген. 2009-жылдын декабрь айында жергиликтүү кеңештин депутаттарынын колдоосу менен Бүргөндү айыл өкмөтүнүн башчылыгына келген. 2013-жылы 21 депутат толук колдоп, экинчи ирет айыл аймагынын башчылык кызматын аркалап келатат.



**Эркин Маматаев, Ноокен райондундагы Бүргөндү айыл аймагынын башчысы.**

«Муниципиалдык кызматтын отличниги», «Чек ара кызматташтыгын бекемдегендиги үчүн» , өлкөнүн айыл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн « Айыл чарбасынын отличниги» төш белгилери менен сыйланган.

Күндүн нуру так төбөдө ойноп, чазырап тийип, кудум эле мээни көзөп өткөндөй жайкы аптапка жерди баккан дыйкандан башка адам чыдоочудай эмес. Бүргөндүлүктөр дээринде мээнеткеч калк болобу, же мезгилдин өктөмү алардын эркин курчутуп, эмгекке чыйралтып салганбы, айтор жердин өйдө-ылдыйына, түзүнө, адырына карабастан, суу жеткирип, жашылча-жемиш, бахча өсүмдүктөрүн өстүрүүгө машыгып калышыптыр. Бадыраң, помидорунан бери таякка артылган зымдарга жип байлап, көтөрүп коюшкан, көрсө мындай ыкма өсүмдүктүн түшүмүнүн ысырапка учурабай, сапатын жоготпой, таза бойдон базарга жеткирилишине шарт жаратат тура. Бара-бара дыйкан да жаңылык издеп, жумуштун ыкмасын өзгөртүп, жасаган ишинин натыйжасын көбүрөөк көрүүгө үйрөнө баштагандыгын тастыктайт. Мурда дыйкан эмгегин эсептебесе, эми баарын эсеп менен жасоого көнүккөн, демек алар мезгилдин дыйканы, мезгилдин адамы болууга үйрөнүшүптүр.



Эркин Маматаев жетектеген Бүргөндү айыл аймагы боюнча 2248 гектар жерди иштетишет.

Айыл аймагынын башчысы Эркин Маматаевдин айтымына караганда жыл санап актабай калгандыктан пахтанын аянты кескин азайып кетип, 2015- жылга бар болгону 30 гектар жерге пахта эгишкен. Эл пайдасына карап, жашылча-жемишке көбүрөөк басып жасай башташкан.

- 1300 гектар аянтка жашылча жемиш, 150 гектарга беде өстүрүшкөн. Жүгөрү да жакшы актагандыктан, анын аянты 500 гектарды түзөт. 336 гектар улуттук фонддун жерин да дыйкандарга иштетүүгө беребиз,-дейт айыл аймагынын башчысы.

-2009-жылдан бери жерлер элге аукцион менен берилбей келген болчу. 2015 жылы 75 гектар суулуу жер аукцион аркылуу сатылды. Баасы гектарына 8000 сомдон 50000 сомго чейин чыкты. Муну да аукциондун жүрүшүндө эл өзү көтөрүп салды, деп белгилейт айыл аймагынын башчысынын орун басары Болот Кубатов.- Бул да болсо жердин баркы өсүп жаткандыгын белгилейт.

Айыл аймагынын башчыларынын айтымына караганда айылдыктар келерки жылдын түшүмүнө ноябрь айынан тартып даярдык көрө баштайт. Парниктерди камдап алгандан кийин декабрдын аягында үрөн сээп, январь айында өсүмдүк жер бетине өнүп чыккандан тартып, түйшүк улана

берет. Март айында талааларга өсүмдүк эгүүнү баштайт. Ошентип, алгачкы түшүм жаздын ортосунда эле бышып, базарга чыгат. Бул аймакта дыйкандар бир жерден эки ирет түшүм өстүрүп алышат.

Бирок, дыйкан өз бешене теринен жаралган өсүмдүктү базарга өзү алып чыгып сатууга убактысы жок, анткени, талаада далы толгон-токой жумушу бар. Түшүмдүн көбүрөөк пайдасын ортодогу ортомчулар көрүшөт. Көп жер ээлери талаадан эле мына ушул ортомчуларга өтө кымбат эмес наркта сатып жиберет.

Өткөн жылы июнь айынын башында бадырандын наркы Бүргөндүдө дароо 2-3 сомго түшүп кетиши дыйканга көп эле пайда берген жок. Дал ушул наркта алган базарчылар аны базарга алып чыгышып, эң арзан дегенде 10-15 сомдон сатышты.

Бүргөндү айыл аймагында инвестициялардын тартылышы бир топ арбын. Курулушу 2012-жылы башталган айылдык оорукананын имараты курулуп, бүткөрүлүшү дагы утуш болду. Башкасын айтпаганда да акыркы мезгилде ички, тышкы инвестициянын жардамы менен бир катар социалдык жайлардын курулушу жүрүп жатат. Ур-Жар айылында Алибек Ташиев атындагы №47- негизги мектептин жайы өрттөлүп кеткендиктен атайын долбоор менен түрткү берүүчү гранттын эсебинен 4 класска ылайык сметалык баасы 3 миллион 683 миң сомдук кошумча курулуш куруу белгиленген.

Түрткү берүүчү гранттын эсебинен көчөлөргө түнкү жарык берүүчү 885 971 сомдук долбоор ишке ашканы турат.

Жашоочулардын айтымына караганда Бүргөндүдө элдин муктаждыгы чечилип, таза суу менен камсыз болушкан.

Айыл аймагынын башчысы Эркин Маматаевдин пикирине таянсак, карыяларга, Баатыр энелерге, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга, ар кандай уруштун катышуучуларына колдоолорду көрсөт-



үүгө аракет кылып келишет. Акыркы мезгилде жергиликтүү бюджеттин бир кыйла көтөрүлүшү мына ушул адамдарга камкордук көрүүгө мүмкүнчүлүк жаратты. - Албетте, баарына бирдей мезгилде жетиштирүү мүмкүн эмес. Ошентсе да, бул адамдар көңүл сыртында калбай келет. Күн сайын суроо-талаптар менен кайрылган адамдардын аягы үзүлбөйт, ар бир кайрылууларды четке какпай, оң жагына чечүүгө аракеттер болуп жатат, деп белгилейт Эркин Маматаев.

Демек, эмгектенүүгө мүмкүнчүлүгү бар ар бир адам өз аракети менен турмушун оңдоого белсенип киришсе, алардын иштөөлөрүнө шарт жаратып берип, ал эми жогоруда белгиленген жардамга муктаж адамдарга колдоо көрсөтүү жергиликтүү бийликтин парзы. Анткени, карыларга берилген пенсия, балдарга жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга төлөнүп жаткан пособие бүгүнкү шартта алардын күндөлүк керектөөсүн толук канааттандыра албайт. Ошондуктан, аларга камкордук көрүү жергиликтүү бийликтерге жүктөлгөн. Себеби, эл бар үчүн аларга кызмат кылган бийлик бар.

# Элдин сыйы



**Райма Осорова- Ноокен районундагы Сакалды айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан №5- Аримжан үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун клиникалык башчысы. "КРнын саламаттыкты сактоонун мыктысы", бир нече Ардак грамоталарга татыктуу болгон. Жогорку категориядагы дарыгер.**

Үй-бүлөсү: Жолдошу Чолпонбай Осоров. Кочкор-Ата шаардык мэриясында иштейт. Кызы Рыскүлдүн кесиби юрист.Уулу Заурбек ички иштер кызматкери, кесиби юрист.

Артка бир кылчайып, каарманыбыз тууралуу маалымат бере кетели. Райма Осорованын атасы Абидин Курмушуев Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Азыр 97 жашта, эң өкүнүчтүү байбичеси Касиет бул ааламдан эрте кеткени болбосо карыя ушул тапта уул-келинин төрүндө дөөлөттүү карылыкты сүрүп, жашоо кечирип жаткан убагы. Райма Осорова үй-бүлөдө тогуз бир тууган тарбияланып, алардын экинчиси катарында өсүп, жетилип, ата-эненин мээримин көрүп, окуп, жогорку билимге ээ болгон. Фрунзедеги медициналык институттун дарылоо бөлүмүн бүтүрүп, Жалал-Абад шаарындагы оорукана интернатураны өтөшүнүн себебинен да ага Ноокен районунда турмуштук байыр алышы насип эткен. Алгачкы эмгек чыйырында Кочкор-Атадагы медициналык санитардык бөлүктө иштеп калды. Ал кезде кыргыз нефтичилерин тейлей турган бул саламаттыкты сактоо жайы көрүнүктүү мекеме болгон. Андан кийинки эмгек жолу Сакалды участкалык ооруканасында, андан соң,



Рахманжан үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда улантылып, ал эми 2011-жылдан тартып, азыркы кызматын аркалап келет. Анын саламаттыкты сактоо тармагында иштегенине 38 жылдын жүзү болгон.

Өлкөбүздө улам реформалар жүрүп, жашоо кыйындаган мезгилде да кесибин таштап, башка маяналуу жумуш издеп кеткен жок.

-Ошондо менин сыртка иш издеп, же башка жакка кетпегенимдин утушу, эл арасында кадыр-барк таптым. Анткени, мага келген адамдар оорунун азабынан ыйлап келишсе, илдеттен арылып, кубанып кетишкен учурлар көп болду. Ошол адамдардан ыраазычылык кептерди угуп, ырахматын айтып турушканын эстесем, мен үчүн чоң утуш болду,-дейт каарманыбыз канааттануу менен.- Эс алууга да чыктым, бирок, дайыма менин кызматымды көрүп, үйүмө чейин келип жүрүшкөнүн карап туруп, аларды кыйбай, жумушумдан кете албадым. Дагы иштей турайын дедим. Анткени, тажрыйбамды аябай, эмгегимди сарптап, адам баласынын саламатчылыгы үчүн кызмат кылуу мага сыймыктуу туюлат. Жаштыгымды кесибиме арнап, эмгегимди адамдардын ден соолугуна жумшадым. Жаш кезимде супсулуу кыз элем. Суктангандар болгон. Биринчи көргөндөр япон кызыбы? дешээр эле. Ошолордун арасынан жолдошум Чолпонбайга жар болуп, экөөбүз бактылуу жашап, сүймөнчүктүү балдарды тарбияладык. Экөөбүз тең, мамлекет берген маяна менен жашап, бар-жогуна кайыл болуп, мына эми үзүрүн көрүп жаткан убагыбыз. Анткени, балдар чоңоюп, үй-бүлө күтүп, өз турмуштарын алып кетишти. Биздин азыр өзүбүз үчүн кам көрүп, элге кызмат кылууга дале убактыбыз да, мүмкүнчүлүгүбүз да бар. Азыр ойлосом күлгүн курагымда да жакшы эмгек акы төлөй турган жумуштарга кетпей, башкаларчылап, жумуш издеп, Россия, Турция, Казакстан сыяктуу башка чоң шаарларга чейин жер кезип, акчанын артынан кубалабай, өзүм жүрөгүм менен сүйгөн, ысык-суугуна

күйгөн кесибимди аркалап келем.

Райма Осорова клиникалык башчы болуп иштеген Ноокен районундагы Сакалды айыл өкмөтүнө караштуу №5 -Аримжан үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда республикабыздагы жер-жерлердеги үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунан айырмаланып, оорулуулар ден соолугун көзөмөлдөн өткөрүп, дарыгерлердин кеңешин алгандан сырткары, ден соолугунан жабыр тартса, жатып дарыланып кетүүгө шарттар түзүлгөн. Бул үчүн атайын 12 койка уюштурулган. Демек, айылдыктар райондун борборуна, же Кочкор-Ата шаарына барып убара болушпай, өз айылында жатып дадарылануууга мүмкүнчүлүктөр бар. Ошого жараша бул жерде тажрыйбалуу, дасыккан ак халатчандар иштешет. Аталган топтун клиникалык башчысы Райма Осорованын айылда кадимкидей шарттын түзүлүшүндө чоң салымы чоң.

-Мындай шартты жаратуу үчүн өз каражатыбызга атайын жыгач керебеттерди сатып алып, 3 палатаны уюштурганыбызга саналуу гана айлар болду,-дейт Райма Осорова.- Күндүзү дарыланып, кечке жатып , кечинде үйүнө кеткендер жана 5-10 күндөп дарыланып жаткандар да бар.

Ал өз каражатына ички органдарды текшерүүчү УЗИ медициналык жабдуусун сатып алып, аны өздөштүрүү үчүн төрт ай окуду. Анан акыркы үлгүдөгү электр менен укалоо, кийин жыныстык оорууларды олтуруп дарылоочу жабдуусун алды. Ага да өз каражатын сарптады. Ал эми ага мээрбан Мээринса Мисирова болсо вакумдук ванна аппаратын сатып алды. Азыр медициналык жабдуулар менен толук камсыздоого мамлекеттин каражаты жетишсиз,-деп белгилейт каарманыбыз. Ошентсе да, өкмөт тарабынан орундук, стол, акушердик жабдуулар, темир керебет, жууркан жана кушеткалар жана башка эмеректер менен камсыз болдук.

Алынган маалыматка таянсак, бул үй-бүлөлүк дарыгер-



лер турган имарат бош турган, ремонтсуз жай болгон. Элдин жана айыл өкмөттүн колдоосу менен капиталдык ремонттон өткөрүлүп жеткиликтүү иштөөгө шарт жаратылып берилген.

Тактап айтуучу жагдай, Сакалды айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан №5-үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда ички органдарды көзөмөлдөн өткөрө турган УЗИ, жыныстык органдарды дарылай турган жана электр менен укалоо ( массаж) жабдуулары аркылуу тажрыйбалуу дарыгерлердин кызматынан ким гана болбосун дарылануууга мүмкүнчүлүгү бар.

Ал эми биздин каарманыбыз Райма Осорова жолдун алыстыгына карабастан, күн сайын Кочкор-Ата шаарынан каттап иштейт. Анткени, ал сакалдылыктарды таштап башка аймакка иш которун кете албайт. Себеби,бул жерде ага болгон элдин сый-урматы бар.

# Балдарга арналган өмүр



**Адина Салимова, ишкер айым**

Ошондо бул айым менен балдар бакчасында кезиктик. Ал Ноокен районундагы «Нооруз» балдар бакчасын жетектей турган. Балдар бакчасында иштеген кырк жылга чукул эмгек жолунда 37 жыл мектепке чейинки балдар мекемесин, тагыраак айтканда балдар бакчасын жетектеп келди.

Айылдын дал ортосуна жайгашкан заңгыраган эки кабаттуу имараттын короосуна кире берип, жылуу маанайга бөлөнө түштүк. Коридорунан тартып, бөлмөлөрүнө чейин зерикпей кыдырып жүрүп, балдардын чыныгы жайын көрдүк. Укмуштуудай кол чеберчилиги менен жасалган дубалдардагы илинген кооздуктарды карап турсаңыз эс ала түшөсүз да, анан аны жасаган адамдардын эмгегине сугуңуз артат. Алар кимдир бирөөгө буюртма бергизип, жасатышпайт, бул жердеги балдар бакчасынын башчысынан тартып, тарбиячысына чейин чыгармачыл, жөндөмдүү адистер экендигине ынандык. Ал да болсо жетекчинин уюштуруучулук эмгнегинин натыйжасы го.

- Ар бир тайпадагы идеялар өзүмдүн кызыгуумдан жаралган. Балдар бакчасындагы өткөргөн өмүрүмдүн теңинен көбүн балдарга сулуулук, кооздук тартулоого арнадым. Бир дубал газетасынын үстүндө эле бир ай иштейбиз. Кээде бардыгын полго төшөлгөн килемдин үстүнө жайып алып, ишибиздин аягына чыкканча түнү бою олтуруп иштеп, балдар бакчасында жатып калып, таң атырып кеткен күндөр болот. Биздин кыздар да эң аракетчил, эмгекчил, баштаган



жумушунун аягына чыгармайынча тынышпайт,-деген ошондо Адина Салимова.

Азыркы каарманыбыздын жан дүйнөсүн арнаган балдар бакчасындагы эмгекчик ийгилиги туурасында айтпай коюуга болбойт. Балдар бакчасы балдардын табитине ылайык келген кооздуктар менен көркүнө чыгат. Анын бардыгы бирден колдон, бирден көздөн өткөрүлүп жасалат. Бардык тайпада толеранттуулук боюнча мындай сөздөр жазылып турат: «Мен чоңоюп, Мекенимди коргоймун. Шаар куруп, айылымды оңдоймун».Балдардын ой туйгуусун, келечек максатын чагылдырган мындай дубал газеталар эсепсиз болчу. Узундугу 13 метрге жеткен дубал газета « Менин укугум», деп аталып өтө кызыктуу чыгарылган эле. Тарбиячылар өз колдору менен оюнчуктарды да жасашкан. Бул айылда кыргыз, өзбек башка улуттар жашагандыктан, бакчадагы балдар да түрдүү улуттун өкүлдөрүнүн наристелери эле. Дубал газеталардын өзөгүн да ынтымак, достук темалары түзгөн. Наристелердин табитине жакын келген айбанаттардын достугун чагылдырган темалар арбын болчу.

Дубал газеталар пенопластан, жаратылыш материалдарынан, кездемелердин кесиндилеринен, кооз таштардан, шурулардан, кадимки эле биз көрүп жүргөн таштардан кооздолуп жасалган. Кала берсеп балмуздактын таякчаларын да кооздоп пайдаланышкан. Өтө кылдаттык менен саймаланган жасалгалар да бар. Табиятты коргоо темасы боюнча жаратылыш бурчтарын уюштурушкан. Алардын эмгегин сөз менен айтып түшүндүрүү кыйын болчу.

Адина Салимова жетектеген балдар бакчасы 90 орундуу болгону менен 185 бала алты тайпада тарбияланып жатканын айткан. Бөлмөлөр дайыма жайында салкын, кышында жылуу.

Бир да балдар бакчасынан кезиктирбеген жагымдуу бир саамалыкты ушул жерден кезиктиргенбиз. Ал балдардын телестудиясы болчу. Адина Салимова муну айылдык жи-

гит Алижан Абдырахманов уюштуруп бергендигин айтты. Каражатты өздөрү табышкан. Телестудиядан жомокторду, кызыктуу маектерди, куурчак театрларын тартышып, ошол эле мезгилде ар бир тайпанын балдарына өз бөлмөлөрүндө түз алып көрсөтүлүп турулат.

Бакча Адина Салимованын эмгеги менен сакталып калгандыгын айтышкан ошондо.

Адина Салимованын балдар бакчасындагы эмгеги ийгиликтүү болгон. Жетекчиликтеги эмгек жолунда 2 миллион 200 миң сомдук инвестиция тартууга жетишкен. Анын шарапаты менен эс алуучу жайлар, бассейн, балдар ойноочу жайлар курулуп, жылытуу системалары жаңыланып, бакчанын имараты толугу менен ремонттон чыгарылган. Анткени, баса белгилеп кетүүчү жагдай бул балдар бакчасы Союз таркаардан бир жыл мурда эле курулуп, пайдаланууга берилгенден көп өтпөй токтоп калган. Бирок, Адина Салимова эч кимге талатып-тонотпой өз чөнтөгүнөн эмгек акы төлөп берип күзөтчүнү иштетип турган. Ошол кезде 1997-жылы бар болгону бир гана тайпаны иштетип, 2007-жылы эки тайпа болуп, улам долбоор жазып, каражат таап, бакчанын шартын жакшыртунун аракетин көрүп олтуруп, жагымдуу шарты бар, эң сонун балдар бакчасын уюштуруп алган.

## Кызыктуу ирмемдер

Анын жана тарбиячылардын бакчадагы турмуштары кызыктуу ирмемдер менен коштолоор эле. Нечен курдай райондук, областтык, республикалык сынактарда байгелүү орундарга жетишишти. Анын шарапаты менен жайында айтылуу Арстанбаптын салкын абасынан дем алып, эс алып келишти. Көгүлтүр Ысык-Көлдүн керемет суусуна чөмүлүштү. Бир курдай Швейцария жана Великобритания колдогон эл аралык « Муниципалитет» деп аталган журналдын журналисттери мактап жазышты. Сыртта иштегени кетип, келгенинде ажайып коздукка бөлөнгөн эң мыкты шарты бар бакчаны көрүп алып, баласына мына ушул жайда тарбияланып жатканына ыраазы болгон эне да алар тууралуу таттуу оюн басылманын бетине калтырды. Жогоруда аталган эл аралык уюмдун форуму Жалал-Абадда өткөндө Адина Салимова балдар бакчасынын ийгиликтери, тажрыйбалары тууралуу 15 мүнөттүк баяндама менен сүйлөп чыкты. Эмгек жамаатынын «Биримдик бийик мураска жеткирет»,-деген девизи бар болчу. Бакчасына дайыма ата-энелер колдоо көрсөтүп турушкан.



## Жумушун таштоого аргасыз болгон

- Менин ордум кимдир бирөөлөрдү кызыктырды көрүнөт. Акыркы учурларда бут тосуулар көбүрөөк боло баштады. Жергиликтүү бийлик, айрым депутаттардын буга таасири бар болчу. 2013-жылы «Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» дегендей өз заманынын тушунда оппозициялык жол менен келип калган айыл башчысынын- айылдык депутаттын уюшулган тобунун сокккусу менен аргасыздан мен балдар бакчасын таштоого мажбур болдум,-дейт каарманыбыз. Алардын мага койгон дооматы «Кормоцех» айылынан Чоң Багыш айылына келип иштейт, экинчиси пенсия жашында, анан медреседе окуйт деп айыпташты. Башка айылдан болгону менен бул балдар бакчасында менин жылдар бою жумшаган эмгегим калды го, азыр пенсия жашындагылар иштебесин деген мыйзам бар бекен? Дале бир аз иштеп, балдар үчүн жасап жаткан ишимдин аягына чыгайын дегенмин. Анан калса менин медреседе окуганым айып бекен? Бул жерде окуп дагы жан дүйнөм тазаланды, адамдарга болгон мээримим дагы жанды, балдарга сүйүүм ан сайын артты. Эми мен биротоло балдарга берилип калган болчум. Азыр да балдар менин түшүмө кире берет, унута албай койдум, кусалык кээде жан дүйнөмдү кыйнап салат.

Ал ушуларды айтып жатканда мынчалык өз ишине берилип, балдарга чыныгы сүйүүсүн арнаган инсанды сейрек

кездештирип жаткандыктан, бул аялзатынын мекенчилдик сезимине суктандык. Айтымына караганада иштөөгө мүмкүнчүлүгү бар туруп, анын эмгегинен пайдаланып калгандын ордуна кетирүүгө шашылышкан жетекчилердин бул жоругун чынында туура көргөнүбүз жок. Дагы да мүмкүнчүлүк берип, бүтпөгөн иштерин бүткөргөнчө, билимин, тажрыйбасын пайдаланып калышса бийликтин жүзү, бийликтин кадыр-баркы болмок, деген ойго келдик. Анткени, ушул тапта бардык эле адамдарда өз кесибине болгон сүйүү боло бербегендиктен, маяна аз деп, жумуштарын таштап, сыртка иштегени кетип жатышканын эске алсак, айылда, болгондо да жайында топурагы ызгып, жаан-чачында баткакка чалынган айылда жан оту менен иштөөгө берилген кадрларды неге иштете алышпай деген көз карашка да кабылдык.

- Ошондогу кырдаал мен үчүн аябай эле чоң сокку болду,- дейт ал.- Мен ал адамдарга жамандык кылууну туура көрбөдүм. Алла баарын көрүп турат, кези келгенде баарын өз ордуна коет.

Өмүрүн балдарга арнап, жан дүйнөсү менен үйдөгү тиричилигин, башка зарыл иштерин, балдарын да таштап коюп, балдар бакчасындагы өткөргөн өмүрү кызыктуу эле. Азыр ошол керемет мезгилин таптакыр унута албайт. Анын көздөрүнөн балдарга болгон сагыныч-кусалыктын издери көрүнүп турду. «Азыр да бакчада иштеп жатканымда балдарга бардык билимимди, күчүмдү, тажрыйбамды аябай берер элем. Негедир балдарга арналган жумушум ойлоп көрсөм менин каным дан жаралган сыяктуу эле»,-деп белгилейт Адина Салимова.- Мүмкүнчүлүк болсо азыр деле бакчага иштегени бараар элем.

Ал азыр ишкер, анан ыйман жолуна түшкөн.

Иштеп жүргөн адамга үйдө олтуруу кыйын болду. Үйдө майда-барат жумушка аралашканы менен дале бакчадагы балдардын чурулдашкан үндөрү угулуп тургандай болуп, эстегенде буулуга кетчү. Балким, анын жан-дүйнөсүн байкаганбы, бир тууган иниси Кочкор-Ата шаарында жолдун жээгине атайын тамактануучу эки кабаттуу жай салып, эжесин « келип иштеңиз», деп чакырды. Бир чети алаксый түшсө, бакчадагы жумушун унутат дегени го. Ошентип, ал ашкананы башкарып калды.

Ал мурдатан эле ислам динindеги китептерди окуп, арап тилин үйрөнүүгө дит кое баштаган. Эми ал ислам динин жан дүйнөсү менен окуп-үйрөнүүгө дит койду. Иликтеп көрсө, андан үйрөнө турган көп жакшы нерселер бар экен. Илим үйрөнө баштады, барган сайын бүт дили тазарып, ыйман, адеп-ахлакты жаштарга көбүрөөк үйрөтүүгө умтулду. «Биз адамдар ыйманыбызды сактап, мыйзамды мыкты билсек өзүбүз гана эмес, мамлекетибизде чоң өзгөрүүлөр болуп, экономикалык жактан кубаттуу өлкөгө айланаар элек»,-дейт каарманыбыз баарлашуубуздун соңунда.

# «Колдоочубуз болгондо «Зуурakандар» жүздөп жаралмак»



**Жамила Сеитова, Момбеков айылдык кеңештин депутаты**

Июль айынын башталышы болчу. Күндүн ысыгын айтпаңыз, бешенеден мончок-мончок тер агызып, дароо көлөкөгө жетелей турган ушул убакта башына бир байлам жоолугун салып алып, күндүн ысык аптабында буудай талаасын аралап жүргөн ушул аялды карап туруп, Даниярдын Жамиласын көз алдыма элестетип турдум. Күндүн аптабы мээни көзөп өткөндөй тызылдатып турса да, бирде көйкөлүп, көз кумарын кандыра өсүп жаткан жүгөрү талаасын аралай басып, бирде саргайып бышкан буудайларды сарасеп салып, кетирген чыгым, жумшаган мээнеттин ойлоп, эмгегинин акыбети кайтса деген үмүттө турду. Бул айымдын ысмы Жамила, азыркынын Жамиласы, болгондо он беш жылдык эсепчилик тажрыйбасы бар, акыркы мезгилде башкаларга окшоп, базарды, же дагы бир жеңил ишти тандап албай, оор, машакаттуу, аялзатынын табиятына тура келбеген дыйканчылыкты тандап алды. Айрым дыйкандарга окшоп эсептебей эгин экпейт, жерге бир дан эксе да зэрикпей санап, анан жерге таштайт, анын бул мүнөзүнө кээ бири таң калса, айрымдары анын эсепке тактыгын кубатташат. Анын айтымына караганда дыйканчылыкта да эсеп менен эгин эгип, жумшаган каражатын, эмгегин да санап, тактай билсе, кайтарымын да билет.



Өткөн жылы эле жүгөрүнүн «Пионер» деп аталган үрөнүн себер алдында ушул үрөндү андан мурдарак сепкен тааныш дыйкандан сурап алып, анын айтымы боюнча, анын айтканындай жасап, бир караса азыраак сарптагандай, анан ар жыйырма беш сантиметрге бирден эсептеп олтуруп, беш жүз метр жерге канча кетерин билип алгандан кийин, 5 гектар аянтка жүгөрү ташталбай калган жерине кол менен эгип олтуруп, 28 килограмм жүгөрү сеялкадан ташталбай калганын билип жатпайбы. Анан кантип, гектарынан белгиленген түшүмдү алууга болот, мунун тактыгын карап турган тракторист жигит да аябай таң калды.

Дыйканчылыктын ыгын да, сырын да 1996-жылдан бери иштеп келатып, биротоло билип калды. Мына эми азыр, буюрса жыйылкы жылы жүгөрүнүн гектарынан 130 центнерден дан алууну божомолдоп турат. Баарын мамлекет даярдап берген Союз учурунда да мынчалык жогорку көрсөткүч болбогон чыгар.

Бирок, анын өкүнгөнү бар. Союз демекчи, ошол кезде жер ээси деген адамга үрөнү, жер семирткичи, техникасы баарын мамлекет белендеп берчү. А азырчы таптакыр башка.

- Азыркы дыйкан агроном, экономист, тракторист, сугатчы, анан түшүм бышканда өз товарын сатуу да анын мойнунда, эгерде мурдагыдай баарын даярдап, шартты түшүп беришкенде азыр деле Зууркан Кайназарова, Саадат Ногоева сыяктуу Баатырлар чыкмак, баарын өзүбүз жасасак, мамлекеттин дыйкан менен жумушу болбосо, анан кантип белгилүү болмокпуз,-дейт Жамила Сеитова. - Түштүктө буудай Түндүккө караганда эрте бышат. Ошол кезде баа чечилбейт. Сурасак, «Түндүктө буудай бышканда анан баа чечилет» дешет. Ал кезде биздин буудайларды эч ким албайт. Анан сатып алуучуларга менин будайымды алып кой дейбиз, алар баасын өтө түшүрүп алышат. Буудайды эгип алып, бышканда сата албай кыйналабыз. -Ушул тапта ал

жүрөк өйүткөн ичтеги чын сырын айткандай болду.

Чынында пайданы дыйкан эмес, коммерсанттар көбүрөөк көрүп жатышкандай. Анан да эмгеги бааланбаган дыйкандын кадыр-баркы түшүп бараткандай. Анын айтымына караганда, кооператив түзүшүбүз керек, деген жат болгон сөздөрдү айта беришет, бир чети андан да жыйынтык жок, экинчиден азыркы дыйкандар таптакыр колдоого алынбай жатат.

- Азыркы чыныгы дыйкандардын жасаган эмгегин карап туруп, айга алып барып кондуруп койсо болчуудай. Өткөн жылы Кытайга барганыбызда аларда дыйкандарды колдоо бизден алда канча мыкты экендигин көрдүк, анткени, аз эгилген өсүмдүктү эктирүү үчүн мамлекет ал дыйканга дотация берет экен, алсак бизде акыркы мезгилде дыйкандар пахта эгишпей койду, эгилсе да өтө аз. Муну менен мамлекетин иши жок. Биздин мамлекетте ири өнөр жай ишканасы, же жарытылуу өндүрүш жок, өндүрүш бул айыл чарбасы. Ошондуктан, бул тармакты көтөрүүгө мамлекеттик колдоо зарыл.

Билимдүү дыйкан гана ачык жана туура сүйлөй билестен, биз көргөндөй талааны берекеге толтуруп, иштей да алат. Кандай гана кыйынчылыкка карабасын, Жамила Сеитова жыл сайын жер иштетип, каражатын да, эмгегин, билимин да жерге жумшап келет. Өткөн жылы 15 гектарга буудай, 5 гектарга жүгөрү, 2 гектарга беде эккен. Кээ бири бедени үч ирет оруп алса, ал төрт ирет ооруп-жыйнап алып, кеч күздө бешинчи орумун башкаларга акысыз берет.

Жамила Сеитова Момбеков айылдык кеңешинин депутаты. 21 депутаттын ичинен 4 аялдын бири мына ушул айым. Сессияларда маселени ачык коюп, жергиликтүү бийликтин туура, туура эмес иштерин тайманбай, ачык айткандыгы менен бир тобунан өзгөчөлөнүп турат. Айылдагы төрт балдар бакчаларынын башчыларынын финансылык тартип бузууларынын да бетин ачып, жергиликтүү бийлик тарабынан аларга кызматтык чара көрүүсүнө таасир көрсөткөн да Жамила Сеитова. « Сен айтпай жашырсаң, мен айтпасам, анан кантип биз жеп коюуларга тыюу сала алабыз»,-дейт. Анан да өзү жашаган айылдан талааны аралап кетчү жолго шагыл төгүп, оңдоп-түзөп, дыйкандарга да шарт түзгөн бул депутат-айымдын эмгегин баалагандар жок эмес, бар, алар өз айылдаштары, карапайым дыйкандар. Кээде суу каптатып, жолду бузгандарга капа болот, анын жаман көргөнү жалкоолук, өз жерин иштетүүдөн да ээринип, чөп бастырып, күчү бар туруп, иштебей үйүндө жатып алып, ач калдым дешет. Жерин иштетип, жашылча-жемишин эгип, базарга сатса да акча.Талаада иштегенди уят көргөндөр бар, адамды бирөө кембегал кылбайт, ал өзүн өзү кембагалдыкка алып барат. Жаздын ар бир күнү кымбат, аны сарамжалдуу пайдаланып, иштей билген адам эмгегинин үзүрүн көрүп, ток, бакыбаттуу жашайт.

Эненин тарбиясы, эненин эмгекчилдиги менен кызы Айдайым, уулу Мамбет да иштегенге үйрөнгөн. Алардын эмгегинен талаада өсүмдүгү кулпуруп, түшүмүн мол берип, аракеттин жемишин ар убак көрүшөт.

Парламенттик шайлоодо өзүнүн дараметине баа бербей депутат болом деп, шымаланып турган канча аял-эркек жүрдү. Алардын көбү Жамилачалык да жумуш жасаган эмес, бирок капчыгы калыңдар, а биздин каарманыбыздын миллиондорду айланткан байлыгы жок. А бирок Жамиланын чыныгы эмгекчилдик, чыныгы Мекенчилдик эң сонун сапаттары бар.

# Сузак району

## Билим саяпкери



**Дилярам Дүйшеева, Талып Муратов атындагы орто мектептин директору**

Экөөнүн үй-бүлө күтүшү да жомок сыяктуу. Салынын атасы Халил менен Диларамдын атасы Жоробек жаштайынан бир нанды бөлүп жешкен бир бирине кадырлуу дос болушкан. Өздөрүнчө жар күтүп, үйлөнүшкөндө антташкан кеби бар эле: "Эгерде экөөбүздүн жубайларыбыз боюна күтүп уулдуу болушса дос кылалы, кыз төрөлсө курбу болушсун, ал эми бирибиздики уул, экинчибиздики кыз болсо бир бирин баш коштуруп, экөөбүз куда бололу". Бир учурда Халилдин аялы уул төрөйт, бир жылдан кийин Жоробектин келинчеги кош бойлуу болуп, ай күнүнө жетип, жарыкчылыкка кыз төрөлөт. Экөөнүн бир куздеги убадасы кайра козголуп, кудай кошкон бел куда болушат. Ошентип, эки наристе балалыктын доорунда чоңое башташат, бирге ойношот, мектепке бирге барышат, бала тарап да, кыз тарап да өз балдарына мурдатан эки атанын убадасын айта беришип, кулагына сиңирип коюшат. Ушул себепби, же жаш жүрөктөр өздөрү жактырыштыбы, балалык кез, жаштык учуруна туш болуп, бирин бири жактырып калышат да, бой жетип, гүлгүн куракка келгенде баш кошушат. Турмуштун таттуу доорун сүрүп, 34 жыл чогуу бактылуу жашап, катарынан беш балалуу болушат. Он төрт небере көрүшөт. Көрсө улуулардын жакшы кебин тыңдап, жакшы тарбия алып, ыйман, адеп менен өскөн эркек балабы, кызыбы экөө тең турмуштан жаңылбай ордун таап, таалайлуу өмүр сүрөт тура. Бакыт өз колубузда деген кеп да бекеринен айтылбаптыр. Салы менен Диларамдын ата кебин таштабай үйлөнүп, таалайлуу жашоо кечириши бул азыркы турмуштун чындыгы эле.



Сузак райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары Мажит агай (буга дейре райондук билим берүү башкармасын көп жылдар жетектеп келген) биздин журнал туурасында жылуу кеп кылып жатып, Жаңы-Дыйкан айылындагы Талып Муратов атындагы орто мектептин директору Диларам Дүйшеева жөнүндө жакшы бир макала жазуубузду сунуш кылды. Каарманыбыз менен бет келип, баарлашуубуздун да себепкери мына ушул мугалимдердин жетекчиси болду. Кийин аны биз азыркы китептин каармандарынын катарына да кошууну туура көрдүк.

Ал алгач 1980-жылы Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайын аяктаган. Анын биринчи эмгек чыйыры пионер вожатыйлыктан башталып, мугалимдиктен улантылган. Иштеп жүрүп, ЖАМУда билимин улантып, башталгыч класстар мугалими адистиги менен жогорку билим алууга жетишти.

Убакыт учкаяк куш экендиги ырас тура. Анын билим берүү тармагында иштегенине 34 жыл болсо, анын алты жылында мектепте директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары болуп эмгектенди. Ал эми 2012-жылдан бери мектептин директору. Буга дейре тактыктуу иштеп, улам издеңип, улам үйрөнүп олтуруп, чыныгы дасыккан мугалимге, такшалган жетекчиге айланды.

-Мен мектепте окуп жүргөнүмдө эле мугалим болууну эңсейт элем. Анткени, көбүнчө мугалимдер зарыл жумуштар болгондо, же дээринде барларын үйрөнсүн дешеби, айтор жогорку класстын жакшы окуган окуучуларын башталгыч класстарга сабак өткөртүп коюшчу. Ошондо кадимки-

дей окуучуларга тапшырма аткартып, сабак өткөн күндөр болгон. 8-класста окуп жатканымда комсомолго өтүп, мектепте тазалык, жетишүүнүн жыйынтыгын чыгарып тураар элек. Ошондо бизди көргөндө окуучулар мугалимдер келаткандай тизилип калышат болчу. Кесип албай туруп, мугалимдикке үйрөнгөнмүн. Менин мына ушул кесипти тандап алышыма да мектептеги үйөрнгөнүм, ошол кездеги бизди окуткан мугалимдердин да таасири болгон. Өзгөчө Нарынбетова Турдукан эжеке "ушу сенден бир нерсе чыгат",- деп калчу. Анан " сенин өзүңдүн каныңда бар, окуп билимиңди жогорулаткын",-дээр эле.

Ошентип, өз кесибин сүйүп, балдарга чыныгы билим берүүгө умтулду. "Жылдын мугалими" сынагына катышып, жеңиштүү орундарды да алды. Көрсө бул сынак да тажрыйба арттыруунун чыныгы мектеби экен.

-Балдардын билим алууга болгон кызыгуусун арттырып, жан отум менен эмгектенүүнүн натыйжасында ийгиликке жетиштим. Көрсө баары кудайдан экен,-дейт каарманыбыз. - Пайдубалын жакшы куйсаң, жакшы балдар тарбияланат экен. Азыр менин окуткан окуучуларымдан дарыгерлер, мугалимдер, экономисттер, бухгальтерлер, дегиси түрдүү кесиптин ээлери чыгышты. Билим берүү тармагындагы эмгегим бааланып, "КРнын билим берүүсүнүн мыктысы" төш белгиси менен сыйландым. Айыл өкмөттүн, райондук, облакттык билим берүү тармактарынын жана республикалык билим берүү министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланууга татыктуу болгом. "Эмгек ардагери" төш белгисин беришкен. Булардын баары менин эмгегимдин ийгилиги.

Анын турмушун эмгектик гана эмес, үй-бүлөлүк ийгиликтер да коштоп келди. Жолдошу Салы Дүйшеев 38 жыл бир мекемеде электр тармактарында үзүрдүү эмгектенди. Алар 3 уул, 2 кызды тарбиялап, эрезеге жеткиришти. Уулдары-Афтандил, Анарбек, Советбектер финансы-экономика тар-



магын боюнча атайын адистик алышып, азыр өз кесиптери боюнча иштеп жатышкандыгын биздин каарманыбыз баяндады. Кыздары Асылкан, Айдана апасынын жолун жолдоп, мугалимдик кесипти тандап алышкан. Балдардын жакшы болушу жакшы тарбиядан тура.

Каарманыбыз жетектеген мектеп Талып Муратовдун ысмын алып жүрөт. Бул билим уясында 316 окуучуга 24 мугалим сабак берет. Акыркы жылдары Дилорам Дүйшееванын эмгеги менен инвестиция тартуунун эсебинен мектептин материалдык-техникалык базасы бир топ жакшырды. 2013-жылы ата-энелердин чоң колдоосу менен, тагыраак айтканда 89500 сомдук каражат сарпталып, мектепти жасалгалоого жетишишти. Ушул эле жылы айыл өкмөттүн жардамы менен 75 миң сомго мектептин кире бериши оңдолду. Ашкананын жоктугунан башталгыч класстардын окуучулары класстарда чай ичишчү. Атайын марафон өткөрүп, элдин колдоосуна ээ болушуп, жылытуу жайын куруп, 400 миң сомдук каражат жумшап, ашканага ээ болушту.

-Бизге 2014-жылы Мерсико эл аралык уюму чоң колдоо көрсөттү. Жазган долбоорубуз өтүп, билим уясынын бир бөлүгү эсептелген эски мектептин чатыры 512320 сом каражат сарпталып оңдолду. Ошентип, жаан жааганда тамчы өтүп, анын негизинде дайыма ным жыттанып турган абалдан арылдык. Ал эми ата-энелердин жардамы менен кол жуугучтарды орнотуп алдык. Ушул мектепти бүтүрүп чыгышканына 20 жыл болгон мурдагы бүтүрүүчүлөрүбүз 60000 сомго мектептин короосунун гүл өстүрүлгөн жайларын темир тосмолоп, сыртка орундуктарды орнотуп беришти. Натыйжада, 2012-жылы 72180, 2013-жылы 71250, 2014-жылы 70985 сомдук каражат мамлекет тарабынан мектептин ремонтуна жумшалды. Тыйынына чейин үнөмдүү пайдаланып, сарамжалдуу иштеткендиктен, мамлекет тарабынан берилип жаткан каражат ар жылы ремонт иштерин ийгиликтүү жасоого жетишет. Ар кандай колдоолордун эсебинен бир

топ жаңы эмеректерди сатып алдык. Мына ушундай аракеттердин натыйжасында мектептин материалдык-техникалык базасын бир топко жакшыртып, таза, ирееттүү, жасалгалуу, заманбап класстык бөлмөлөрдү түзүүгө жетиштик. Бизге дайыма ата-энелер жана айыл өкмөтү чоң колдоолорду көрсөтүп келет,-деп айтты Дилорам Дүйшеева.

-Каарманыбыз эң башкысы билимдин сапатына жетишүү экендигин, бул багытта жетишкендиктер болуп жаткандыгын айтып, быйылкы окуу жылында мектептин 25 бүтүрүүчүсүнүн 23ү теске катышып, экөө жогорку окуу жайларына бюджетке өткөндүгүн айтты. Анан өзү эмгектенген мектеп типтүү, заманбап билим уясы экендигин айтып, бул жерден ЖКнын депутаты Абдилатип Режавалиев, Сузак районунун мурдагы акими Нурмамат Муллокелдиев, Сузак айыл өкмөтүнүн башчысы Аскар Сариев өңдүү татыктуу муундар окуп кетишкендигин кошумчалады.

Билим берүү тармагында өз орду, өз жүзү бар татыктуу инсан. Айылда, кошуна-колоңдорунун, туугандарынын арасында аброю бар. Кандайдыр бир маселе чыкса, андан кеп-кеңеш сурап турушат. Үй-бүлөдө балдарына сүйүктүү эне, жолдошуна күйүмдүү жар болуп келген бул аялзаты азыр 14 неберенин бактылуу чоң эне, тайэнеси. Жолдошу менен 34 жыл бирге жашап, туруктуу үй-бүлөнү сактап келишет. Өрнөктүү үй-бүлө, жакшы адамдар катарында өз айылында алар тууралуу дайыма жылуу ойлор айтылып келет.



# Эл сыйлаган жетекчи



**Маматов Абдумуктар Темирбекович, Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы.**

Бүгүн адам менен коомдун тазалыгы Кыргызстан үчүн аба менен суудай зарыл болуп турган чагы. Мамлекетибиздин өркүндөп өсүшү, эртеңки келечеги ар бирибиздин ак иштеп, адал жашоого, патриоттуулугубуз менен мекенчилдигибизге муктаж болууда. Кыргызстанды он бир жыл башкарып, адам менен коомдун тазалыгы үчүн жан аябай күрөшкөн улуу инсан Искак Разаков «Жакшы кызматкер болсоң да өзүңө, жаман кызматкер болсоң да өзүңө. Бирок жаман кызматкер болсоң, зыяның элге тиер» деп бекеринен айткан эмес экен. Анткени, кадрлар илим-билими, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү, калыстыгы, адамдарга күйүмдүү касиет-сапаттары менен эл жүгүн аркалайт эмеспи. Акыркы мезгилде Сузак райондук мамлекеттик каттоо кызматын жетектеп келген, ал эми азыр аталган райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими Маматов Абдумуктар Темирбековичти да бул китептин каарманы катарында тандап алышыбыздын да жөнү бар. Ал биздин баамыбызда жогоруда айтылган ойлорго бап келген эл сыйлаган жетекчилердин бири деп ойлойбуз.

Ал 1959-жылы 3-январда Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Октябрь айылында туулган. Ошол эле айылда А.С.Макаренко атындагы орто мектепте окуган. Орто мектепти аяктандан кийин борбор шаарыбыздагы Скрябин атындагы кыргыз айыл чарба институтуна тапшырган. Аталган жогорку окуу жайын 1981-жылы институтун

бүтүрүп, окумуштуу-агроном адистигине ээ болгон.

Маматов Абдумуктар Темирбекович алгачкы эмгек жолун 1981-жылы Базар-Коргон районундагы Жыйырма экинчи партсьезд атындагы колхоздо агроном болуп баштаган. 1981-1982- жылдары Базар-Коргон райондук айыл чарба башкармасында агроном болгон. 1984-1988-жылдары Ф.Энгельс атындагы колхоздо, андан кийин райондук айыл чарба башкармасында башкы агроном,1991-1995-жылдары «Мундуз» колхозунда башкы агроном, колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары болуп иштеген.

Абдумуктар Маматовду базар-коргондуктар бүгүнкү күндө да биздин кадр деп сыймык менен оозго алышат. Анын келечекке ишенимдүү караган жалындуу жаштык кези Базар-Коргондун чарбалары менен даркан талааларында өттү. Бул жылдардын аралыгында ал өз ишин мыкты билген адис, келечегинен көптү үмүттөндүргөн кызматкер катары өзүн ар тараптан көрсөтө алды. Кандай гана кызматка жөнөтпөсүн түндү түн, күндү күн дебей эмгектенди. Иш билгичтиги, кажыбас эмгеги менен ошол кездеги партиялык, советтик жана чарбалык жетекчилердин сынына толду. Базар-Коргондо иштеген жылдарда ал кадрларды даярдоонун чоң мектебинен өттү.

Маматов Абдумуктар Темирбекович 1995-1997-жылдары башкы директордун биринчи орун басары болгон. 2000-жылы Жалал-Абад облустук мамлекеттик администрациясына айыл чарба секторунун башчысы кызматына которулган. 2001-2008-жылдары Мамлекеттик кыймылсыз мүлктөрдү жана үлүш жерлерди системалык каттоонун Жалал-Абад облусу боюнча координатору, 2008-2010-жылдары «Интеркоп» соода сатып алуу кооперативинин төрагасы болуп эмгектенген.

1988-жылы айыл чарба министрлигинин алдындагы кадрларды даярдоо бөлүмүн, 1995-жылы Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук мамлекеттик университетинин



юридика факультетин бүтүргөн. 2004-жылы менеджмент, финансылоо жана мамлекеттик кыймылсыз мүлктү баалоо боюнча курстан өткөн. Кызматтык иш сапарлары менен Египет, Чыгыш жана Батыш Европа, КМШ өлкөлөрүндө болгон. Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинин, Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик каттоосунун отличниги» төш белгисине татыктуу болгон.

Маматов Абдумуктар Темирбекович 2010-жылдын 4-августунда Сузак райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды катттоо башкармасына жетекчи болуп дайындалган. Бул жооптуу кызматта жамааттагы ынтымакты чыңдоо, аларга шарт түзүү жана моралдык, психологиялык маанайды жакшыртуу багытында бир топ жумуштарды жасаган. Башкармалыктын азыркы жайгашкан имаратын оңдоп-түзөдү. Иш бөлмөлөрүнө жаңы жабдуулар менен компьютерлер алынды. Эмгек тартиби чыңдалып, элге кызмат көрсөтүүнүн сапаты менен маданияты жакшырган. Кызматкерлердин эмгек акылары өскөн. Эң аз алган техникалык кызматкерлердин эмгек акысы 7000-8000 сом болсо, адистердики 10 000-12 000 сомдон ашкан, 17 миллион сомдук элге кызмат көрсөтүшкөн. Жасаган ишине, көрсөткөн кызматына жараша кызматкерлер сыйланып келди. Ушундан улам кызматташтары А.Маматовду калыс, ыймандуу таза жана камкор жетекчи катары сыйлашчу.

Жоро-жолдоштору арасында А.Маматовдун кадыр-баркы чоң дешет. Мурдагысыбы, азыркысыбы, кимиси менен болсо да карым-катнашты үзбөй, жылуу сөзү, жумшак мамилеси менен көңүлүн алат. Колунан келген жардамын аябайт. Анын ачык, жайдары мүнөзү, чынчылдыгы менен карапайымдыгы ким менен болсо да мамиле, кызматташууга өбөлгө.

Аны көбү үй-бүлөдө жакшы таалим-тарбия алып, өскөн

инсан катарында билишет. Он эки бир туугандын эң улуусу болгондуктан, бир туугандарына жашоодо баш-көз болуп, турмуштун татаал жолунда аларга таяныч болуп келет.

Абдумуктар Маматов турмуштан өз ордун, өз жолун тапкан бактылуу үй-бүлөнүн ээси. Төрт кыз, эки уулду тарбиялап, эрезеге жеткирди. 7 неберege чоң ата, таята болду. Турмуш жана эмгек жолунда ал мезгил менен канатташ болуп, адал жашап, ак эмгектенип, эмгегин элге арнап келет.

Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясында талаачылык жана механизация боюнча сектор башчысы, мамлекеттик каттоонун мониторинг боюнча Жалал-Абад областындагы координатору болуп иштеген учурларында да жаш эле. Кызматтык жактан дасыккан кезинде 2008-2010-жылдары айыл чарба, соода-сатык «Интеркооп» кооперативинин төрагасы болуп да иштеди.

2010-жылдын 4-августунан тартып, Сузак райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармасын жетектеп келди. Бул кызматтын акыркы учурунда каарманыбыз менен маектешкенибиз эсимде.

Эң негизгиси мамлекеттик каттоо кызматында да чоң тажрыйбага жетишкен. Ансыз да бул жерге жетекчилик кызматка такшалып калганда келген. Кезегинде чоң саясат болгон жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо мекемесинин иши чоң жоопкерчиликтүү жумуш эле. Баарына жерди таратып, күбөлүктөрүн берип койдук дегенибиз менен бул саясат бүгүн, же эртең бүтө койчу жумуш эмес. Бүгүн бири жер алып турак жай салса да, мына ушул башкармалыктын адистерине кайрылышат, бирөөдөн сатып алса да, сатса да аларсыз иш кагаздарын жасай албайт. Жана ушул сыяктуу жасай турган жумуштары көп. Ошентип, бул тармактын иши токтоп калбайт. Эң негизгиси мыйзамды бузбай, так сактап иштөө керек. Ансыз да иште түрдүү кырдаалдар туулат, кээде мурдагылардын кемчилиги үчүн бүгүнкүлөр жооп бере турган кырдаал да бо-



лот, эгерде чекилик кетирилбесе, эч ким доомат кое албайт. Жумуш болгондон соң өйдө-ылдыйы кез келбей койбойт.

Муктар Маматов Сузак райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсуз мүлккө укуктарды каттоо башкармасына жетекчиликке келген жылы мекеменин белгиленген планы 3 миллион сом болсо, ошол жылы беш миллионго аткарууга жетишишкен. Бул да болсо жетекчинин ишти уюштуруп, бир нукка салуудагы жигердүү эмгегинин үзүрү болгон. Кызматкерлердин эмгек маянасы орточо 6000 сомду түзүп, жылына эсептегенде 2 миллион сомго айланган. Ал эми 2012-жылдын жыйынтыгы менен алганда бул көрсөткүч эки жарым эсеге өскөн. Тактап айтканда, орточо эмгек акы 11600 сомду түзүп, жылына эсептегенде кызматкерлердин эмгек маянасына 6 миллион сом сарпталган. Аталган мекемени биздин каарманыбыз жетектеп турган кезде эң аз алган кызматкерлердики ( техникалык кызматкерлер) 7000-8000 сомго жетсе, адистердики 10 миң сомдон ашчу, орточо эмгек маяна 22000 сом, андан көп эмгек акы алгандар да болгон. Ал эми азыр болсо жылына 17 миллион сомдук кызмат аткарышат. Мекемеде 43 кызматкер эмгектенет.

Сузак райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармасынын имараты мурда Ош-Бишкек жолунун жээгинде кыр катар кафе-ашканалар орун алган жерде жайгашкан болчу. Дубалы да ылайдан салынгандыктан жер төлөөсү архивдик материалдарды сактоого туура келген эмес. Кудай бетин ары кылсын, эгерде өрт чыгып кете турган болсо, көп жылдар бою сакталып келген архивдер жок болуп кетери бышык эле. Мындай болбогон учурда да алгачкы калыбында сактоого мүмкүн эмес эле. Мына ушундан улам бул жайды башка имарат менен алмаштырууга туура келди. Жаңы отурукташкан жайы Жалал-Абад шаарынан жогору карай Кызыл-Туу айылдык округуна карай кетчү жолдо Сузак районуна караштуу Курманбек ат майданынан бир кыйла жогору мурдагы паспорт

бөлүмчөсү турган имарат. Бул имарат да жамгыр жааган учурда чатырынан тамчы өтүп, дубалдары көчүп, толук капиталдык ремонтту талап кылган авариялык абалда турган. Эмгек жамаатынын күчү менен өздөрү иштеп тапкан каражаттан 1 миллиоин 400 миң сом каражат сарпташып, эки кабаттуу заңгыраган имаратты толугу менен жаңылап алышты. Кызматкерлер жана аларга келген эл үчүн тиешелүү шарттар түзүлдү.

Жаңы жайга көчүп чыгуунун биринчи себеби ушул болсо, экинчиси мурдагы жайы четте болгондуктан, алыскы, тоолуу айыл-кыштактарда жашаган калк үчүн бир топ түйшүктү жаратып келген. Аларга күн сайын жүздөп адам келсе, жылына 30 миңден кем эмес эл түрдүү суроолор менен кайрылат. Көпчүлүк эл бир унаадан экинчисине олтуруп гана мына ушул мекемеге барышчу. Калктын басымдуу көпчүлүгү мына ушул аймакта жайгашкан. Райондогу 14 айыл аймагынан 10 айыл аймагынын калкына, башкача айтканда 70 миңдей калкка жеңилдик жаралды.

Ал эмгегинин ийгилигин көрдү, сыймыгына бөлөндү. Райондон тартып, областтын, республиканын айыл чарба министрлигинин, мамлекеттик кыймылсыз мүлктү каттоо департаментинин Ардак грамоталары менен сыйланды. КРнын өкмөтүнө караштуу «Мамлекеттик каттоо кызматынын мыктысы», «Мамлекеттик каттоо кызматынын жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин мыктысы» төш белгилери менен сыйланды.

Жумушунун шарапаты менен Шериктештик мамлекеттеринде, Европанын бир катар өлкөлөрүндө, Египетте болду. Бул мамлекеттердин кандай жол менен өнүгүп жаткандыгын билди, Кыргызстандагыдай абасы таза. суусу тунук, Жараткан берген байлыгы мол өлкөнү көргөн жок. «Бизде ар тараптан өнүгүүгө мүмкүнчүлүк бар. Бирок, эмнегедир дүркүрөп өнүгө албай жаткандыгыбыз кээде өкүндүрөт»,-дейт.



Ал он эки бир туугандын туну. Ал эми өзүнө жаккан жар күтүп, үй-бүлөлүк бактысын тапты. Төрт кыз, эки уулу өсүп-жетилди. 7 неберерге чоң ата, таята болду. Балдары турмуштан өз ордун тапты. Тун кызы Заринанын кесиби экономист. Өз үй-бүлөсү бар. Эки кыз, бир уулдун энеси. Кызы Мээрим да үч уул менен бир кызды тарбиялап жатат. Жылдыз болсо Шанхай шаарында экономика факультетинин 2-курсунун, Бурайым медициналык академиянын экинчи курсунун студенти. Уулдары Амантур тогузунчу, Эсентур алтынчы класста мектепте окушат. Мезгилдер менен жарышып, өмүр өтүп келет. Канчалаган жадыраган жазды тосту, күркүрөгөн күздү узатты. Ар бир мезгил өз жарашыгы, өз таасири менен анын өмүрүнө кубанычтарды ыйгарды. Мына эми да кубалашкан күндөр менен жарышып, эмгегин элге арнап келет.

Ал эми азыр бир чети өзүнүн эмгегинин жемишинен ишенимге ээ болсо, бир чети Жараткандын колдоосу менен Сузак районунун акими. Ошентип, ал ушул тапта элге таза пейили, адал эмгеги менен иштөөгө белсенип кириш-ти.Анын бул кызматка келишин райондун калкы таза пейили жана жактыруу менен кабыл алышты. Анткени, Муктар Темирбековичтин районду экономикалык, социалдык жана маданий жактан өнүктүрүп-өстүрүүгө билими, тажрыйбасы да жетише тургандыгына ынанышат. Бүгүнкү күндө райондо өндүрүштүк тармактарды өнүктүрүү багытында жасап жаткан аракеттери колдоого арзыйт. Ал жетектеген райондо ондогон жаңы орто жана чакан ишканалар ишке киргизилип, кошумча жумушчу орундары түзүлүп жаткандыгын мунун мисалы катарында айтууга болот. Быйылкы жылдан мындай кадамдар дагы да улантылмакчы.

# Шамалды-Сай

## Ишкердин ишмердүүлүгү

### Алгачкы кадам



**Талантбек Тыныбеков, ишкер**

Күтүлбөгөн жерден Союздун тарашы элдин акылын эңги-деңги кылып салды. Ал эми «акылдуу» адамдар- алардын көпчүлүгү мурдатан майлуу сүттүү жерде иштегендер, капчыгы калыңдар, элдин эмгеги менен байыгандар, акча, байлык жагынан куралып калгандар, ж.у.с.бат эле жолун таап кетти. Ал эми бешене тери менен жашаган адамдар бир топко чейин өз жашоосун бир нукка сала албай кыйналышты. Алардын арасында Талантбек Тыныбеков Кара-Көлгө, андан ары Бишкекке карай өзүнүн унаасы менен жүргүнчүлөрдү ташыды. Унаанын керектөөсүнөн ашкан каражаты түгөнгөнгө чейин үйүндө жатчу да, капчыгы бошоп калганда, кайрадан Кара-Көлгө, же Бишкекке карай жүргөнчүлөрдү олтургузуп, жол алчу.

Билинбей жүрүп, жол сапарында 10 жыл бою каттаптыр. Ушунча жыл дене бою талыкшып, чарчаган убакыттарды өз башынан өткөрдү.

Бир убакта жумушсуздуктун азаптуу күндөрүн башынан өткөрө баштады. Мусулманчылыкта эркек болгондон соң, үй-бүлөсүн багуу абзел. Ал кандай жумуш болсо да ылгабай иштейм деп өзүнө убада берди. Бирөө ага жумуш таап берген жок, аны да өзү тапты. Жыгачтан жасалган чакан



дүкөнчөнү ижарага алып, өзүнүн «Москвичи» менен Жалал-Абаддагы мурдагы пивзаводдон чыккан минерал суусун ташып, ошол дүкөндө сата баштады. Ал учурда Баяман Эркинбаев депутат мезгили. Улам Ошко жөнөтүп жатып, кезекке тургандар үч күндөп зарыгып калышат. Талантбек Тыныбеков табиятындагы сабырдуулугунан улам канчалык кыйынчылык болбосун көтөрүүгө мажбур болду.

Анан Москвичине чиркегич алып, ага да жүктөп, суу ташып сатууну улантты. Ошондо бир кубанды. Анан ГАЗ-53 машинасын сатып алып, кийин кирешесин үнөмдөп жатып, ЗИЛ унаасын сатып алды. Ошондо аябай сүйүндү. Анан КАМАЗ машинасына ээ болду. Эми кардарлары да көбөйүп, жасаган ишинин жемишин көрө баштады. Ишкердүүлүк кадамы ийгиликтүү болуп, бирок ал жетишкендиктер өзү эле келе койгон жок. Кыйынчылыктар, зарыгып кезек күтүүлөр, дегиси анын башынан өткөргөн татаал учурларды айта берсек, узак баян болоор эле. Ошол кезде «Келечек» акционердик коому минерал сууларын чыгарып калды. Кудум эле өз атасы ачкандай кубанганын айтпа. Ал эле эмес, зарыгып кезек күткөндөрдүн баары сүйүндү го. Талантбек бул жерден «Москич» машинасын күрөөгө коюп, Камаз менен суу ташый баштады. Бир чети кардарлар үчүн болсо, экинчиден өз ишинин жүрүшү үчүн ошол кезде Кубанычбек Туманов цехке өзү баштап кирип, жумушун токтотуп туруп, жумушчуларга айтып машинасына жүктөтүп берет. Буга ыраазы болуп калат.

Алгач жумушсуз олтуруп, кийин кезек күтүп жадаган жигит өзүнчө жумуш жасаганына кубанып, тажабай иштеп жатты, ошол күндөрдө бат эле суусун сатып келип калат, аны көрүп, Кубанычбек Туманов таң калат:

-Чын эле сатып келдиңби, же?

-Чын эле, саттым,-дейт көздөрүн күлүңдөтө капчыгынан акчасын санап берип жатып. Аны көргөндө заводдун жетекчиси, мурдагыдай эле унаасына сууну жүктөтүп кайра уза-

тат.

Мындай күндөр канча ирет кайталанды. Кыйынчылыктарды бир гана сабырдуулук, туруктуулук жеңерин ошондо Талантбек Тыныбеков толук түшүндү. Ансыз ийгиликке жете албайт экенсиң. Үй-бүлөдө да ушундай экенине ынанды.

## Чыныгы ишкердикке умтулуу

Бир кезде Шамалды-Сайда сүт заводу иштеп турган. Рыноктук мамилеге туруштук бере албай, башка бир катар өндүрүштүк ишканалар сыяктуу бул ишкана да банкрот болуп, жоюлуп кетип, жайы сатыкка коюлду. Аны сатып алган адам да иштете албай койду. Суу сатып дүкөндө иштеп жаткан учуру эле. Өзүнчө өндүрүш куруп, элди иш менен камсыз кылсам деген максатта кредит алып, Талантбек Тыныбеков мына ушул сүт заводун сатып алды. Ошондо төлөй албай калсам, машинамды сатып болсо да кутулам деп ойлогон. 35 теше жерди ээлеген имараттын эскиси жетип, чатырынан тамчы өтүп, дубалдары жараксыз абалда калган. Мында ал жашылча-жемишти кайра иштетүүчү, же ушул сыяктуу цех уюштурам деп максат кылган. Бирок, ага татыктуу технолог жок болчу. Өзү бул багытта адис эмес. Кадр маселеси аксатып, акырында толугу менен ремонтон өткөргөндөн кийин чоң азык-түлүк магазинин уюштурду. Кампаларын, жылытуучу жайларын да жаңылап, жабдууларын толук сатып алып, пескоблок чыгарып, пластик эшик-терезелерди жасоочу цехти ишке киргизди. Азыркы шартта бул элге керек болчу. Муңу менен жаңы жумушчу ооруну пайда болду.

Сүт заводунун жайын өзгөртүп ишке түшүргөндөн кийин Таш-Көмүр шаарына караштуу Шамалды-Сай соода уюмунун жайы сатыкка коюлуп калды. Анын ээси бузуп сатмакчы болду.

-Неге бузасыз?- Ишкер жигит ээсине суроо узатты.

-Толук бойдон эл көтөрбөйт. Оштон кардар чыгып жатат.



Акчасын бир жылдан соң берейин дейт. -Эмне кыларын билбей турган жайдын ээсине Талантбек Тыныбеков өзүнүн сунушун айтты.

-Андай болсо бузбай эле мага бериңиз.

Бул ал кишиге жакшы сунуш болчу. Ал бир жылдан кийин деп создуктурбай, бул жолу да банктан насыя алып, каражатка муктаж болуп турган жайдын ээсине акчасын санап берди.

## Жаңы жумушчу орундары түзүлдү

Айланасына кампалар жайгашкан 33 теше жери бар жайды ремонттоп, иретке келтиргенден соң, чарбалык товарлар магазинин ачты. Бир жерине ширетүүчү цех уюштуруп, анда иштеген жумушчулар эшик терезе, тосмо, сөрү, дарбаза, кыскасы темирден бардык буюмдарды элдин буюртмасы боюнча жасай баштады. Тосмо үчүн сеткаларды токуу цехин ишке киргизди. Автоунаалардын дөңгөлөктөрүн желимдөөчү жана теңдөөчү жай уюштурду. Курулуш материалдарын койду. Кыскасы, элге эмне керек болсо, баары менен камсыз кылууга жетишти.

Талантбек Тыныбековдун иш билги, акыл туйгуусу, уюштуруучулук таланты менен 30-40 жумушчу орундары түзүлдү. Бул жерде иштеген адамдар аркылуу ошончо үй-бүлө жашоосун кечирип келет. Алар жасаган товарларды, дүкөндөрдө сатылган буюмдарды алып кетишип, өз иш орундарында сатып, тиричилик өткөргөндөр да бир топ. Өзүнө керектүүсүн сатып алган жеке адамдар да үзгүлтүксүз келишет.

Мурда касапчылар ар кайсыл жерлерде, үйлөрүндө жандыктарды союшуп, ичеги-карындар көрүнгөн жерлерде калып, антисанитариялык абал түзүлгөн. Малдын эхинококкоз, бруцелез сыяктуу жугуштуу ооруларынын пайда болушу адамдардын саламатчылыгын кооптондуруп, эл арасында тынчсызданууларды пайда кылган. Ал мезгилде шаарча-

лык өкмөт болуп, аны Анаралы Чаргынов жетектеп турган. Талантбек Тыныбековдун жасап жаткан иштерин көрүп-билип турган жетекчи: «Жер берели, атайын шарты менен мал союуучу жай кургун, бул сенин колуңдан келет»,-деди. Шаарчалык өкмөттүн башчысынын сунушу менен мал союучу жай курулуп, элдин дагы бир көйгөйлүү маселеси чечилди.

Демек, элге комплекстүү кызмат кылып жаткан ишкер жигитке ыраазы болгондор көп.

2009-жылы Шамалды-Сай шаарчасынын ишкерлери чогулуп алып, коом түзүп, башчылыгына мына ушул жигитти шайлап алышкан. Андан бери алар шаарчанын бардык турмушуна катышып келишет. Көрктөндүрүү, жашылдандыруу учурунда четте калышпайт. Баатыр энелерди, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү, согуштун катышуучуларын, ооганчыларды, баткенчилерди, дегиси ким гана кайрылбасын колдоо көрсөтүп турушат. Спорт ышкыбоздоруна ар тараптан колдоо көрсөтүп, жардам беришет.

## Мекенчил жигиттин убадасы

-Биз шаарыбызга салым кошолу, көйгөйүн чечели деген максат менен «Биз артыбызга эмне калтырдык, туулуп-өскөн жерибизге кандай иш жасадык»,- деген суроого жооп берүү үчүн топтолгонбуз.

Ушул сөздөрдү айтып жатканда байкаган адам анын жүзүнөн эл-жерге болгон сыймыктанууну көрө алат болчу. Ар бир аймакта мына ушундай мекенчил жигиттер болгондо элибиздин жашоосу батыраак жакшырып, мамлекетибиз тезирээк өнүгүп-өсүп кетеер беле деген суроо туулду.

Ушул тапта Таланбек Тыныбеков менен баарлашып олтуруп, өзүнчө терең көз карашы бар, мезгилдин агымын жете түшүнгөн, алдыны көрө билген ишкер жигиттин басып өткөн эмгек жолу эгерде түшүнө билсе көбүнө үлгү болчуу-



дай, деген сезимдерге туш болдук.

## Ийгиликтин булагы

Анын айтымында кыйынчылыкты жеңип, ийгиликке жетишүүнүн булагы-сабырдуулук, туруктуулук . Ал дагы бир жакшы, пайдалуу ой айтты.

- Ишенимдүүлүк туурасында айтсам. Адамдын иши жүрүшү үчүн биринчи үй-бүлөнүн ишенимине кириши керек. Анан достор, тааныштар, тууган уруктар, чөйрөдө сага болгон ишеним болушу тийиш. Ошондо ишиң жүрүшөт. Акчасы бар адамдар да сага ишенип, акчамды сактап бер дешет. Бир курдай достордун бири Россияда иштеп жатып, үй-бүлөсүнө акча жөнөтүп, улам иштетип сала беришкенинен мага сага жөнөтүп турайын деди. Анан ал мага Россиядан акчасын сала баштады. Керек болгон учурда алдын ала айтып койду, мен ага сураган учурунда убагында кайтарып бердим. Ошол акчасына үй сатып алды. Ошондо ал мага үйдү Талантбек сатып берди деп айтты. Мен ага өзүнүн акчасын чогултуп бергениме жетине албаганынан ушундай дегенин түшүндүм. Кийин анын достору мага ишене баштшы. Өздөрүнө керек болгондо, баарын толук эсептеп, чогултуп берип жүрдүм. Көрсө ишеним да адамга ийгилик гана алып келет экен.

## Өткөндүн ирмеми

Биздин маегибиз кызыктуу жүрдү. Ал улам өткөнгө сүңгүп кирип, акырында студент кездеги бир учурун жашырбай айтып берди.

Айтымына караганда орто мектепти бүткөндө окууга тапшырып өтпөй калып, Майлуу- Сууда политехникалык институттун филиалында кечки бөлүмдө окуп калды. Себеби, бир үй-бүлөдө көп бала чоңойгондуктан, ал күндүзгү бөлүмдө окуй албай турган. Бул жерде 3-курска чейин окуп, кийин политехникалык институттун Кара-Көл шаарындагы

филиалынан окуп бүткөрдү.

-Өзүм үй-бүлөлүү болгондуктан, үч баламды ээрчитип жүрүп окууга туура келди. Эки жерде иштечүмүн. Бириккенде 200 сом алам. Бул каражат үй-бүлөмө толук жетет. Ошол кезде ата-энесинин пенсиясы менен окугандар да болгон,- деп белгилейт каарманыбыз.

Азырга чейин эң биринчи Москвичи менен минерал суусун ташыган, анда да келип алып, (Унаасына 20 жашик суу батчу) велосипедге олтуруп, үймө үй кыдырып таркатчу, дегиси ошол мезгилдин ирмемдери алигиче көз алдынан кете элек.

## Жумуш жасасаң сенин кеңешсиң келинчегиң болот

-Акча табуу үчүн дагы бир эң баалуу нерсе-мээнет жана акылды туура иштетүү,-дейт ал. Дагы минтип кошумчалады:

-Кандай гана жумуш жасабагын келинчегиң менен кеңешип, бирге чогуу иштесең, жашырбасаң, баары ачык болсо, тапканыңдын берекеси болот. Анын сөзүнөн улам ошондо бир окуя эске түштү. Жаш элек, бирге иштегендер түшкү тамактанууга чыгаарда кызматкерлердин бири эңкейе калып, байпагынан акча алып чыкты да, «муну жеңеңер билбейт»,- деп айтты күлө. Ошондо аялынан да жашырат бекен деп таң калган элем. Ал киши турмуштан кыйналып жүрүп, үй-бүлөсү жакшы жашабай, өзү бул ааламдан эрте өтүп кетти. Көрсө Талантбек Тыныбеков айткандай бири-бирине ишенбеген, бири биринен акча жашырган үй-бүлөдө көп эле, киреше боло бербейт экен.

- Бир үй-бүлөдө 14 бир тууган чоңойдук,- дедим го. Келинчегим экөөбүз чакан там салып, ата-энебизден бөлүнүп чыктык. Чарба күтүү керек. Эң алгач тоокана салалы дедик. Аны мен келинчегиме айтып, бирге аракет жасап жүрөбүз. Муну өөн көргөндөр да болду. Үй-бүлөдө да, бир бирибиз



менен кеңешип иштеп жүрүп, ийгиликке жетиштик. Азыр бир уулубуз, эки кызыбыз бар. Үчөө тең улуттук университетти бүтүрүштү. Экономист, юрист адистигин алышкан. Аларды да ишкердик чөйрөсүнө алып келип, бул тармактын жолун үйрөтүп жатам. Буюрса менин орун басарларым өсүп чыгышат. Алар менин ишкердиктеги басып өткөн кыйынчылык жолумду, кантип, азыркы деңгээлге жеткенимди жакшы билишет.

## Ак эмгектин жемиши

Ошентип, бир учурда ижарада туруп, окуп-иштеп, үй-бүлөсүн багып, алгач иштеп жатканда да бирөөнүн үйүндө башпаанек алып жашап, минерал суусун сатып үйлүү болуп, андан соң куралып, бүгүнкү күндө өзүнө эле эмес, башкаларга жардам бере турган деңгээлге жеткен Талантбек Тыныбековдун эмгек ишмердүүлүгүнөн үйрөнө турган жактары көп экен. Бир учурда жалгыз өзү иштесе, ушул тапта анын айланасында канчалаган адамдар өз турмуштарын жакшыртуу үчүн иштеп жатышат. Бул мүмкүнчүлүктү аларга мына биз сөз кылган ишкер жигит түзүп берген.

Бул жерде биз шаардардын байлары туурасында сөз кылганыбыз жок. Айылдын жөнөкөй бир карапайым инсанынын мисалында- эң сонун турмуш өз колубузда экендигин, эң башкысы ишеним, сабырдуулук, туруктуулук, анан чыныгы таза мээнет менен жашообузду жакшы жагына өзгөртө тургандыгыбызды Талантбек Тыныбеков өзүнүн ишмердүүлүктөгү ийгиликтүү кадамдары менен далилдеп койду.

# Асыл максат
# эмгек менен ишке ашкан



**Эркинбек Турганбаев, Шамалды-Сай шаарчасындагы ташты кайра иштетүүчү “Гранит Юг” жооперчилиги чектелген коомунун директору.**

Чакан Шамалды-Сай шаарчасында элди иш менен камсыздап, турмушун жакшыртууга көмөктөшкөн жеке ишкерлер башка мына ушул сыяктуу чакан аймактарга салыштырмалуу калк үчүн көрүнүктүү жумуштарды жасап жаткандыгына көп ирет күбө болдук. Биз бул китептин каармандары катарында аталган шаарчадан бир нече инсандарды тандап алдык. Алардын катарында Эркинбек Турганбаев да бар. Ал бул жердеги ташты кайра иштетүүчү “Гранит Юг” жоопкерчилиги чектелген коомунун директору.

Бул шаарчада ташты кайра иштетүүчү заводу куруп, иштетүүдө менин бир тууган агам Абабакир Турганбаевдин чоң эмгеги бар,-дейт каарманыбыз. -Агам мына ушул «Гранит Юг» жоопкерчилиги чектелген коомунун негиздөөчүсү.

Эркинбек Турганбаев бул заводдун кандайча курулуп калгандыгын мындайча түшүндүрөт:- Бул заводду курганга дейре алдын ала иликтеп көрүп, акырында «Жети өлчөп, бир кесип» элге да, бизге да, мамлекетке да пайда келерине көзүбүз жеткенде гана ишти баштадык. Айта кетчү сөз заводду Шамалды-Сай шаарчасынын аймагына курууну алдында бул жерде темир жол, электр энергиясы, суу байлыктары эске алынды. Анан «Европалык өнүктүрүү банкы» аркылуу ири суммадагы кредит алып, Италиянын өндүрүшүнөн “ PEDRINI” деп аталган акыркы үлгүдөгү жабдууларды сатып келип, орноттук.

Жаш ишкер жигиттер иштин башталышында убакыт менен эсептешпей күнү-түнү иштеп, нечендеген уйкусуз түндөрдү баштан кечиришти. Анткени, завод канчалык эрте бүткөрүлсө, жумушсуз олтурушкан жаштар ишке кирип, бюджетке салык да түшүп, жаңы өндүрүштүк кубаттуулуктар пайда болмок.

-Ошондо менин жанымда Нурлан Ниязов, Атай Добулбеков жана заводдун иштешине тилектеш болгон жаш жумушчулар бирге болушту. Алар алгачкы кыйынчылыктардын баарына чыдап, алдыдагы асыл максат, аруу тилектердин ишке ашышына жетишүүнүн көмөкчүсү эле.

Ишкер жигиттер баарын жаңыдан башташты. 2009-жылдан үмүт менен курулган бул завод ишке киргизилди. Кандай гана өндүрүш болбосун бат эле пайда таап кете албайт, алгачкы жылдары кетирилген чыгымды актоо үчүн бүт каражат жумшалат, акырындап барып, пайда ала баштайт.

Эркинбек Турганбаев эми гана аракеттин жемиши боло баштагандыгын айтат. Жумуштун натыйжалуу болушу үчүн эң оболу иштеген жумушчуларга жакшы шарт жаратууга көңүл бурушкан. Биринчиден эмгек маяна бүгүнкү турмуштук керектөөнү камсыз кылуу абзел, болоор болбос төлөнгөн маянага азыр эч ким сапаттуу иштеп бербейт. Ансыз иштин ийгилигин элестетүү мүмкүн эмес. Анан иштеп чыгарылган сырьену сатуу үчүн ар кайсыл тараптан кардарларды табуунун аракетин жасашты. Бара-бара жасалган кадамдар жемишин берип, кесилген таштарды керектөөчүлөр табылды. Азыр заводдун продукциялары Казакстан, Россияга жөнөтүлөт, ички кардарлар да бар. Кесилген таштар бышыктыгы жана экологиялык жактан таза болгондук-

тан, адам баласынын ден соолугуна пайдалуулугу менен айырмаланат. Демек, табияттын мына ушундай таза байлыгынан иштелип чыккан товарды сатып алган кардар эч убакта нааразы болбойт.

Эркинбек Турганбаев мындай деп белгилейт:

Бир айда 12 миң чарчы метр ташты кесип, даяр продукция чыгарууга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Сырьену кайдан алып келесиңер? деген суроонун туулушу күмөн эмес. Биз Өзгөн районундагы Сары-Таш карьеринен чоң таштарды унааларга жүктөп келебиз да, бул жерден иштетебиз. Азыркыдай ийгиликтерге оңой жерден жетишкен жокпуз. Аны жогоруда да учкай айтып бердим. Эң оболу чымырканып эмгектендик. Ишти так, жоопкерчилик менен аткарууга көңүл бурдук. Бирок, максат кылган аракеттерибиздин баарына жетише элекпиз. Өндүрүштүн көп айтылбаган сырлары бар. Эгер ийгиликке жетишем деген адам бардык мүмкүнчүлүктү аябай сарптоо зарыл. Жан дилиң менен иштей билсең, эмгегиңдин ийгилигин көрүп, ырахатына батасың. Кыйналбаган адам, ишинин жемишин көрө албайт. Ийгиликке жетишем десең жан отуң менен эмгектенишиң керек.

Ошентип, ишкер жигиттер бир багытка түшүп өз жолун таап алышты, өндүрүш өз ыгы менен жүрүп жатат. Ошондуктан, таштардан кесилип, кооздолуп жасалган плиталарга кардарлар улам көбүрөөк келе башташты.

Заводдо суусуз, электр энергиясыз иш жүрбөйт. Кыш мезгилинде суу тоңгондо жумуш да токтойт, анын үстүнө суукта жумушчуларды тобокелге салып иштетүү да мүмкүн эмес. Анткени, тынымсыз шаркыраган суу колдонулат. Бул жерде 20дан кем эмес адам иштейт, беш күн эмгектенип, эки күн дем алышат. Күнүнө сегиз сааттык жумуш белгиленген. Өндүрүш жүрүп жатканда чоң таштарды кескен күрүлдөгөн техниканын үнү, туш тарапка себилип жаткан чачыранды суунун көрүнүшү өндүрүштүн жагымдуу ыргагын көз алдыга элестетет. Карап туруп, техниканын күчтүү кудуретине таң



калып жана да адамдын алп эмгегине суктанасыз. Жергиликтүү сыртьедон баалуу товарды өндүрүп, биринчиден элди жумуш менен камсыздап, экинчиден өздөрүнүн бай жана бакыбаттуу жашоосун бекемдеп, анан да бюджетке экономикалык жактан салым кошууга боло тургандыгын Абабакир жана Эркинбек Турганбаевдер өздөрүнүн эмгеги менен далилдеп жатышат. Алардын эмгеги менен жасалып жаткан сапаты жогору, бышык, экологиялык жактан таза таш плиталары үйлөрдү, имараттарды жана короолорду, дегиси кандай гана курулуштарды болбосун коооздоого колдонулат.

Алардын эмгегин көрүп туруп бир ой келет, Жараткан Алла кыргыз элине мол жана баалуу байлыкты бербегенде балким биздин жигиттер мына ушундай зор иштерди жаратмак эместир эле. Бул да болсо кудайдын аларга жана элибизге берген белеги.

# Тогуз Торо

## Айылдын «Супер кайын энеси»



**Зулайка Жумалиева, уз чебер**

Жүзүнөн нур төгүлгөн жылдыздуу эне эпилдеп бизди жайдары кабыл алды. Үйдүн босогосун аттай берип, оймо чиймелүү шырдыктарды, кооздолгон көркөмдүү курактарды, көрүп туруп, бул үйдө кыргыздын чебер айымы жашаарын байкадык. Үй ичиндеги сарамжалдуулук, ирettүүлүк ан сайын бул айымга болгон урматтообузду күчөттү. Көрсө колунан көөрү төгүлгөн, дасыккан чеберге туш болуптурбуз. Кыргыздын меймандостугу менен жасалгаланган дастаркон четинде олтуруп, баарлашуубузду баштадык.

Анын балалыгы Нарында өттү. Апасы Батыйдын энелик тарбиясын алды. Балалыгында тетик өскөн кыз көргөн нерсесин бат эле үйрөнүп алчу. Чоң апасы Карачач кошуна жашагандыктан, көп барчу. Ал колу сындуу чебер аял болгон. Шырдак шырып, кыргыздын бардык буюмдарын түрдөп жасап, кардарларын тапчу. Карачач чоң апасына барып колу талыганча жүн сабап, жүн тытып, ийик ийирип, шырдак жасаганды үйрөндү. Бой тартып, эрезеге жетип, турмушка чыканда чоң кайын энеси Ажар байбиче да чебер экен. Көзү каныгып, колу көнүгүп калганда анын көз алдында баарын жасап жүрдү, калганын андан үйрөнүп билди.

-Чоң кайын энем экөөбүз кайын сиңдим үчүн өз колубуз



менен оймосуна түс берип, келиштире түшүрүп, майдалап шырып, көркөмдүү шырдак жасадык. Оюу-чийүүгө келгенде биреөгө зарыкпай баарын өзүбүз жасайт болчубуз,-деп белгилейт каарманыбыз Зулайка Жумалиева. -Балалыктан үйрөнгөнүм, турмушка пайдасын тийгизди. Билгендеримди кыздарым Гулнура, Элнурага, келиндерим Маржан менен Бурулга үйрөттүм. Улуттук өнөрдү аздектеп, өз алдыларынча кыргыздын улуттук буюмдарын жасоого маш болуп калышты. Ал эми балдарым болсо устачылык өнөрдү үйрөнүп алышкан. Өздөрү үй куруп, кала берсе башкалардыкын да куруп беришет. Ушул тапта 4 уул, 3 кыздын бактылуу энеси, алардын төрүндө дөөлөттүү карылыкты өз башынан кечирип жаткан убагы. Төрдө балпайып тим олтурбастан айылдык округда аялдар кеңеши менен биргеликте өткөргөн ар кандай иш-чаралардан четте калбайт. Анын бир мисалы, айылдык округда өткөрүлгөн «Супер кайын эне» сынагында баш байгени жеңип алып, мына ушул номинацияга ээ болуп, райондун борборунда уюштурулган сынакта «Мээрбан кайын эне» номинациясына татыктуу болду.

Жолдошу Дүйшөналы өмүр бою суу чарба мекемесинде иштеди. Байбичеси экөө уул-кыздарына эң сонун тарбия беришкен. Бул инсандын өмүрүнүн эң жакшы күндөрү өзү барктаган жумуш менен өттү. Буюрса кез келгенде анын да эс ала турган учуру болот. Азырынча жаштайынан кызмат кылган жумушунан кеткен жок. Аларга да дасыккан, тажрыйбалуу адис керек экен. Кайсыл бир күнү кызматын жаштарга тапшырып, байбичеси Зулайка эне менен балдарынын, неберелеринин маңдайында сакалын жайкалтып олтурар убакыт болот. Ал эми азыр Зулайка эне кези келгенде аялдардын турмушуна аралашканы болбосо, көбүнчө үйүндө кадыр-баркы менен келин-кыздарынын, балдарынын маңдайында улуттук өнөрдү кийинкилерге калсын деп, өзү да бапестеп, келин-кызына да, кастарлатып үйрөтүп олтурган кези. Өнөр барктаган эне ошентип өз аброю, кадыр-баркы

менен жашап келет.

Канча жерди кыдырдык. Ар бир жерде өнөр адамына туш болдук. Өнөр дегенде бир эле ырчы, обончу, акынды элестетүү мүмкүн эмес. Ар бир адамдын өз жөндөмү бар. Ал эми өнөр баарына эле бериле бербейт. Чеберчилик да бир өнөр. Зулайка Жумалиева чоң апасы менен чоң кайын энесинен чеберчиликти үйрөнгөнү менен дээринде болбосо аны андан ары улантып кете албайт. Бул да болсо Жараткандын ага берген белеги чыгар. Ошол белекти жоготпой, улам өнүктүрүп-өрчүтүп, кыз-келиндерге үйрөтүп, кыргыз өнөрүн жайылтып келет. Көздүн нурун чачыратып, чебер колу менен көздүн жоосун алып жасаган көркөмдүү шырдактары менен кол өнөрчүлүктүн көргөзмөлөрүнө буга чейин деле канча ирет катышса, дале ошол көргөзмөлөрдөн четте калбай келет, баарында анын эмгеги оозго алынып, бааланып, атына ар убак алкыш айтылып, өзүнө сый көрсөтүлөт. Элибиздин баалуу да, барктуу да өнөрүн кастарлап келаткандыгы үчүн, бул өнөрдү насип эткен Жаратканга ыраазы, кудайым да сүйгөн пендесине жөндөмдү да, өнөрдү да берет тура.

Энеден алган өнөрдү,
Кастарлап чебер көгөрдү,
Шырдактын укмуш көркөмү,
Жаралат чебер бул өңдүү.
Зулайка эне белеги,



# Өз элинин чыныгы уулу



Азисбек Жаныкеев,
ишкер

Биздин каарманыбыздын Тогуз-Торо районунда кадыр-баркы бар экенин билдик. Карапайым адамдарга кайрымдуу бул жигиттин Асан Абдыраимов атындагы Казарман орто мектеби үчүн футболдук спорт аянтчасын куруп бергенде аброю ан сайын көтөрүлүптүр. Башка аймактарга салыштырмалуу аз калкы бар, чакан райондун аймагында 2 миллион сомго чукул каражат сарптап, мынчалык чоң спорт аянтчасын, же кандайдыр бир элге кызмат кыла турган жайды куруп берген кыргыздын айылдык жигиттери чанда болсо керек.

Бул футболдук аянтчаны куруудагы анын эки негизги максаты бар болчу. Биринчиси өзүнүн бир тууган иниси Алтынбек Жаныкеевдин атын өчүрбөй түбөлүккө калтыруу эле. Анткени, Бишкекте жогорку окуу жайынын экинчи курсунда окуп жаткан Алтынбек жайкы каникул мезгилинде айылга келип, балдарды спортко машыктырып жүргөн. Капыстан бул жашоодон эрте кеткен инисинин өзүнүн окуусун бүткөрүп келечекте элге кызмат кылам жана жаштарды спортко үйрөтүп, кыргыздын атын чыгарам деген аруу максаты ишке ашпай калды. Ошондо ал бар болгону 20 жашта болчу. Бир тууганынан ажыроо Азисбек үчүн жеңилге турган жок, күтүлбөгөн оор жоготуу көпкө дейре ичин туз жалагандай ачыштырып, сай-сөөгүн сыздатып жүрдү. Үйлөнүп

артынан бир бала калса, ошол да каниет болчу. Анын жан-дүйнөсүндө кантип Алтынбектин атын өчүрбөй түбөлүккө калтыра алам деген ой орун алып оо көпкө жүрөгүн өйүтүп жүрдү. Анын спортко кызыккандыгын ойлогондо футболдук спорт аянтчасын курууга бүтүм кылды. Ушул тапта Казарман орто мектебинде спорт аянтчасы жоктугу ага белгилүү болчу. Анын биринчи максаты бир тууганына байланышкан маселе болсо, экинчи негизги максаты спорт аянтчасы курулса, жумушу жок жүргөн жаштар алаксып, терс жолго түшпөй машыкса, бир чети ден соолугун чыңдоого да түрткү берип, анан спортту өнүктүрүүгө демөөр болмок.

Ошентип, ал 2013-жылы Асан Абдыраимов атындагы Казарман орто мектебинин окуучулары үчүн астында төшөлгөн көк чөбү менен ( аны да өзү атайын барып, Кытайдан сатып келди) футболдук спорт аянтчасын куруп бүткөрүп, мектептин балансына өткөрүп берди. Азыр бул жерде жаштар гана эмес райондогу мекеме-ишканалардан спорт сүйүүчүлөр келип машыгышат, түрдүү мелдештер өткөрүлүп турулат. Кезектеги ремонтун жасоону да өз мойнуна алган. Ошондон бери бузулган жери болсо оңдотуп, сырдатып, кадимкидей кылып жаңылап берет.

Азизбек өзү балдарды жакшы көрөт. Каражаттан кыйналып жаткандарына колунан келгенче жардам бергиси келет. Алардын кем-өксүгү жок, эркин окуп, билим алышын каалайт. Канчалык жардам берсе да баарына жеткире албайт, анткени, дүйнөсү ашып-ташкан өтө дүркүрөгөн бай болбосо да, (Өзүнүн бешене тери менен түптөгөн өзүнө жетээрлик бакыбаттуу жашоосу бар) колунан келгенче көмөгүн көрсөтүп, кайрымдуулук жардамын берип келет.

Дайыма Четбулак айылындагы Матмуса Абдыжапаров атындагы орто мектептин ремонтуна жардам берип, мугалимдерге материалдык колдоо көрсөтүп, окуучуларды окуу китептери менен камсыздап келет. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына кийим-кече сатып берип, зарыл-



дык туулганда акчалай көмөгүн көрсөтөт. Казарман орто мектебине интерактивдүү доска ( компьютердик комплекти менен) сатып берди. Буга да 100 миң сомдон ашык каражат сарпталды. «Келечек» балдар бакчасын муздаткыч, дайыма жылуу суу пайдалануу үчүн аристон менен камсыздап бергени үчүн аталган балдар бакчасынын жамааты менен ата-энелер кубанычка бөлөнүштү.

Райондук ички иштер бөлүмүнүн жетекчилиги да Азисбек Жаныкеевдин колдоо көрсөтүп келаткандыгына ыраазы. Анткени, аталган мекеменин жаңы имараты курулуп жатканда акчалай жардамын аябаптыр, анын кызматкерлерине да кези келгенде каражат жагынан колдоп тураарын уктук. Кароосуз калышкан карыялар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөр, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар Азисбектин жардамын ар дайым алып турушат экен. Курман айт майрамында жыл сайын жандык союп, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө акысыз таркатып турат.

Анын мына ушундай татыктуу эмгеги үчүн биринчи Тогуз Торо райондук, кийин Каргалык айылдык кеңешине депутаттыкка шайлашкан. Депутат катарында да элге көп жардамы тийген. Калкты таза суу менен камсыз кылуу, ички жолдорду оңдоо, арык-каналдарды тазалоо жана ушул сыяктуу маселелерди чечүүдө каарманыбыздын салымы бар. Каргалык айыл өкмөтүнүн эки кабаттуу имаратынын курулушуна да кайдыгер карабай, анда иштеген куруучуларды тамак-аш менен камсыз кылып тургандыгын да мындагылар айтышты.

Ошол күнү бизге жубайы Венера Мокеева менен баарлашуу насип этти. Ал жолдошунун жасап жаткан ишмердүүлүгү туурасында айтып, өмүрлүк жолдош, балдарынын атасы катарында да көбүнө окшобогон жакшы сапаттары бар экендигин кошумчалады.

Жубайы он беш жыл банк кызматында иштеп, жумушунан кеткенде аны жумуш менен алаксысын деген ойдо та-

яныч болуп, бир чети элге кызмат көрсөтүү үчүн соода бор-борун түзүп, кадимки чоң шаарлардагыдай заманбап шарт жаратты. Бул жерде бир топ арзан азык-түлүктүн төмөн түрү болгондуктан, күн сайын элдин агымы үзүлбөйт. Анткени ага товарлардын наркынын арзандыгы болсо, экинчиден мындагы элге болгон жылуу-жумшак мамиленин, жылуу маанайдын орношу себеп.

Дайыма карапайым эле көмөгүн берип, жардамын аябаган жигиттин эмгегин көбү жакшы билет. Ошол себептүү Тогуз-Торо райондук, Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрацияларынын, КРнын билим берүү, ички иштер, социалдык коргоо министрликтеринин, КРнын өкмөтүнө караштуу дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин Ардак грамоталары менен сыйланган. Социалдык, билим берүү, спорт тармактарын дайыма колдоого алып келаткандыгы үчүн «Айкөлдүк» эл аралык кайрымдуулук фондусунун «Ак жүрөк» белгисине татыктуу болуп, «2014-жылдын меценанты» номинациясына татыган.

Азисбек менен Венера өздөрү сыяктуу кайрымдуу жана боорукер балдарды тарбиялап жатышыптыр. Тун уулу Жусуп Жаныкеев юридикалык академияны аяктап, Чүй облыстык сотунда үч жыл иштегенден кийин өз жүрөгүнүн каалоосу менен жоокердик милдетин өтөөнү туура тапты. Дастаны Америкалык университеттин эл аралык мамилелер факультетинин 2-курсунун студенти. Нуриза Бишкектеги кыздардын кыргыз-түрк лицейинде 9-класста, ал эми кенже уулу Рыспек Казарман орто мектебинде 8-класста окуйт. Рыспектин ырчылык өнөрү бар, жеке аткаруучулар арасында мектептер аралык сынакта экинчи орунду женип алып, «Мен жылдыз» деп аталган республикалык фестивалда биринчи орунга ээ болгон.

Азисбек жасап жаткан мындай кайрымдуулук иштерин башкаларга айтып, жар салууну каалабайт. Мунун баары биринчиден мусулмандык парзым болсо, экинчиден жигиттик милдетим деп эсептейт.



Буга каражатты кайдан табат? деген суроо туулушу мүмкүн. Анткени, анын жеке менчик чарбасында жылкы, уй жана кой өстүрүлөт. Өзгөчө малдарынын асылдуулугун жакшыртууга аракет кылат. Алардын баарына жем-чөптү да өзү даярдайт. Жер иштетет. Тоо-кен окуу жайын бүтүргөн. Дагы бир адистиги юрист, улуттук университеттин юридика факультетин аяктаган. Каражат тапсам бакыбаттуу жашоо курайын, элге кызмат кылайын деген максат менен ишкердигин жүргүзүп келет. Жакында эле болгон парламенттик шайлоого элге дурусураак бир жумуш жасабаган, көпчүлүк атын укпаган адамдар партиялардын тизмесине киришти, эл калыс тараза экен, алардын баары эле электен өтүшкөн жок. Азисбек Жаныкеев деле ошолордун бири болуп, Жогорку Кеңешке депутаттыкка аттанса болмок, бирок, өз жеринде, өз элинен алыстабай жанында жүрүп эле, жардамын бергиси келди. А балким убакыт өтсө, дагы да турмуштук, эмгектик тажрыйбасы байыса, кайсыл бир күнү мына ушундай чоң жарышка аттанып, бүтүндөй өлкө элине кызмат кылууга кез келер. Азыр Тогуз-Торо районунда бул жигиттин эмгегин жакшы билгендер мына ушундай жылуу көз караштарды айтышат.

Азисбектин элге жасаган ишин тизмелей келсе, бир топ, биз алардын айрымдарын гана айтып, азыраак болсо да анын инсандык улуу сапаттары туурасында сөз кылууга жетиштик. Өз айылдаштарынын өз уулуна болгон ыраазычылыгын жылуу пикирлерди камтыган ойлорубуз аркылуу билдирип коюуну гана туура таптык.

# Балдарга эмгегин сарптаган айым

Тогуз Торо районунда биринчи жолу жаңылык киргизип, айылдын карапайым мугалими Машырап Кашкариева үй шартында балдар бакчасын уюштурган. Ошондо райондо мына ушундай шартта бир да балдар бакчасы болгон эмес.


Машырап Кашкариева, эмгек ардагери.

Машырап Кашкариева өмүр бою билим берүү тармагында эмгектенип, эс алууга чыккан. Ал өзүнүн ишмердүүлүгү туурасында бизге мына буларды айтты.

-Ошондо биздин айылда балдар бакчасынын жоктугунан ата-энелер балдарын кайда алып барарын билишпеген, бир чети бакчага барбаган бала мектепке даяр болгон эмес. Мына ушуну эске алып, балдарды мектепке даярдоо үчүн 2006-жылы мен алгач үч сааттык болгон «Айдай» деп аталган балдар бакчасын өз үйүмдө ачтым. «Балдарды өнүктүрүү» долбоорунун негизинде жазган проектим ошентип ишке ашты. Анан айылдык адамдар: « бизге кечке иштесеңер жакшы болоор эле», деп айтышты. Ал эми үйдө жумушсуз олтурушкан аялдар «биз сиздин бакчаңызда иштейт элек» деген ойлорун билдиришти. Мына ушундай сураныччтар менен бийлик башында отурган жетекчилерге кайрылууга туура келди. Ошол кезде Каргалык айыл өкмөтү үчүн жаңы имарат салынып жаткан. Бул имарат бүткөндө алар көчүп кирișти да, өздөрү ошол кезде иштеп жаткан имаратты ремонттоп, биздин балдар бакчасына беришти. Балдар бакчасы жетиштүү оюнчуктар, китептер, керектүү товарлар жана эмеректер менен камсыз болду.



Ал мектепте 33 жыл иштеп, мол тажрыйбасы болгондугуна карабастан, бакчанын ишин уюштуруп жана иштөө үчүн атайын билим алуу үчүн окуусуна туура келди. 2008-жылы «Балдарды өнүктүрүү» долбоорунун негизинде Нарын шаарында 14 күн курста окуду.

-Ошол он төрт күндө бизге алты айга тете билим беришти. Такшалган, билимдүү лекторлор сабак өтүштү. Ошондо мен тарбиячыны да мына ушул курстан окушун каалайдым да, кийинки жылы ал да окуп келди. 2011-жылдын 20-ноябрында балдар бакчасынын имаратынын ачылышын уюштуруп, ага райондук мекеме-ишканалардан, «Макмал » комбинатынан, жергиликтүү бийликтен өкүлдөр, демөөрчүлөр келишти. Алардын колдоосунун шарапаты менен балдар бакасына жаңы эмеректерди сатып алдык. Балдарга эң мыкты шарттарды жараттык. Кырк орунга ылайыкташкан бул балдар бакчасы жергиликтүү бюджетке өткөрүлүп, каржылоо маселеси чечилди. Бул да оңой жеринен болгон жок. Анткени, биз алгач алты ай эмгек маяна албай иштедик, кийин иштеген эмгегибиз төлөнүп берилди, бирок убагында мени жана мени менен иштеген кыздарды каражат эмес, балдардын келечеги кызыктырды.

Өзүм эс алууга чыктым да, ордумду тарбиячы Жанаркүл Турусбековага өткөрүп бердим. Бирок, дайыма келип, демөөрчүлүк жардамымды көрсөтүп турам. Мезгил өтүп, эми бул жай да эскирди. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 40 орундуу балдар бакчасынын имараты курулуп берилди.

Машырап Кашкариева эс алууга чыкканы менен дайыма балдар менен иштеп көнгөндүктөн, алардын арасында жүргөндө өзүн жеңил сезет, колунан келсе дайыма камкордук көргүсү келет, дегиси жаңы бир идеяларды ишке ашырууну каалайт. Ошондуктан, үй шартында балдар жайкы эс

алууга чыкканда бир ай аралыгында «Акылыңа акыл кош» деген темада балдардын жайкы эс алуусун уюштурду. Ага 4 жаштан 14 жашка чейинки балдар кабыл алынды. Бул мектепке даярдоо бакчасы болду. Мындагы балдар Манас айтышты, көркөм окушту, ырдашып, бий бийлешип, макал-лакап айтышып, жайкы эс алуу учурун көңүлдүү өткөрүштү. Тоо арасындагы райондо балдар үчүн жайкы каникул мезгилинде эс алуу жайлары жоктугуна байланыштуу бир айылдагы балдардын эс алуусун Машырап Кашкариева уюштуруп берип, аларда эсте каларлык жагымдуу маанайды уюштуруп берди.

## Кашкары атанын кызы

Каарманыбыздын өмүр таржымалына сарасеп сала турган болсок, атасы Кашкары эмгекти сүйгөн, мээнеткечтиги менен көпчүлүккө белгилүү адам болгон. Жана да ошол учурдагы тил менен айтканда колхоздо актив болуп иштеген кадыр-баркы бар болчу. Аны «Кашкары ата», «Кашкары аксакал»,-дешип сыйлашчу экен. Чет-булак айылында анын өз колу менен өстүргөн алма багы бар эле дешет. Башкалар алма кандай өсүмдүк экенин биле электе жер өздөштүрүп, алма көчөтүн алып келип, өз колу менен олтургузган. Тигилген көчөттү сактап калуунун өзү чоң мээнетти талап кылат эмеспи. Ар бир түп көчөт менен сүйлөшүп, түптөрүн жумшартып, суу жеткирип, бапестеп карагандыктан, түшүмүн жакшы берип, мурда алма өстүрүп көрбөгөндөр даамын татып, анан алар да алма өстүрө башташкан. Узак жылдар жашап, 107 жашында бул ааламдан өмүрү өчкөн Кашкары карыя тууралсында азыр да көбү билет. Тирүү кезинде көп жашагандыгынын сырын балдарына айтып калаар эле.

-Мен элдин батаасын алганмын, көп жашаганымдын себеби мына ушундан болсо керек.

-Кантип сактап калганын толук биле албайм, бирок көп адамды сактап калган дешет,-дейт кызы Машырап Кашкариева. -Анын айтымына караганда апасы Сайрагүл сулуулугу менен көптү тамшандырган келишимдүү, өңүнө акылы төп келген сөзмөр да, анан кайраттуу, шайыр аял болуптур. Жамактатып кошок айтканда айылда андан өткөн аял чанда экен. Бирок, аз жашады. Болгону 61 жашка чыгып, бул ааламдан кете берди.



Машырап Кашкариева бир үйдө үч кыз, үч эркек бала чоңоюшту. Ата-эненин жакшы тарбиясы менен эрезеге жетишкен балдар «Кашкары аксакалдын уул-кыздары», дедирип уккан адамды суктанткандай өсүп-жетилишти.

## Каарманыбыздын ийгилиги

Машырап Кашкариева мектепти бүткөндөн кийин Фрунзедеги Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунда окуп, диплом алгандан соң, өз айылына кайтып келди. Биринчи эмгек жолун Казарман орто мектебинде башталгыч класстарынын мугалимдигинен баштаган. Сүрөтү дайыма мектептин Ардак тактасында илинип турчу. Жети жыл окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди. Эл агартуунун отличниктигин алган. Ардак грамоталары бир топ. Сыйлыктарынын арасынан 8-март-кыз-келииндердин майрамына карата Президент тарабынан жылуу каалоо-тилектер жазылып, жөнөтүлгөн куттуктоо баракчасын алганда анын жан-дүйнөсүндө жылуу сезимдер пайда болгон.

Билим берүү тармагында эмгегин балдарга арнап, турмуштук да, эмгектик да мол тажрыйба топтогон мезгилинде эс алууга чыкканда да, анын иштөөгө толук мүмкүнчүлүгү бар болчу. Биринчиден, тажрыйбасы болсо, экинчиден кудурети жетет эле. Ошол себептүү иштеп көнгөн бул аялзаты балдар бакчасын уюштуруп, анын ишин жандандырып, биринчиден айылдык ата-энелердин суроо-талабын аткарса, экинчиден наристелердин татыктуу билим алышына пайдубал түзүүгө умтулду. Мындай өлчөөсүз эмгекти баары эле жасай бербейт. Өзү түптөгөн балдар бакчасын


өткөрүп берип да, үйдө бош олтуруп калган жок. Өзү айтмакчы, окуучулардын жайкы эс алуу мезгилинде айылдык балдардын убактысын куру бекер, пайдасыз өткөрбөшүнө шарт жаратуу үчүн өз үйүндө бир айлык мөөнөт менен «Акылыңа акыл кош» деген темада үй-бүлөлүк балдар бакчасын уюштурду. Ал пландаштыргандан да көп бала келди, бул жерде оюнчуктардан тартып, кызыктуу китептерге чейин камсыз болгон. Мында келген балдар жаңы окуу жылы башталганда мектепке жылуу маанай менен келишти. Ошентип ал, жеке турмушунда да, ишинде да ийгиликтерге жетишти.

Балдарынын баары эс тартып чоңоюп, эрезеге жетип, жогорку билим, кесип алып, туш тарапка тарап, өзүнчө үй бүлө күтүп калган учуру. Жети баласынан тун кызы Айгүл апасына жардамчы.Ританын кесиби мугалим, Москвадагы Мичурин атындагы педагогикалык институтун бүтүргөн, азыр үй-бүлөсү менен Бишкекте жашайт. Кыздары Рина, Алина, уулу Темиркан Москвада иштешет. Уулдары Болоткан, Майрамбек Бишкекте жашайт. Уул-кыздарынан беш небереси бар.

Бул жөнөкөй, жароокер, жүрөгү энелик мээримге жык толгон аялзатынын адамгерчилик сапаты көбүнө үлгү. Айрымдары бул ишине кайдыгер караса, көпчүлүгү балдарга эмгегин арнаган аялга урмат-сый менен көңүл бурушат.



# Суу чарбасын бутка тургузду



Азамат Райымкулов, райондук сугат тармактар ишканасынын жетекчиси.

Азамат Райымкулов Тогуз-Торо райондук сугат тармактар ишканасында эмгектенгенине 16 жыл болсо, анын 13 жылында аталган мекемени жетектеп келатат. Жаш кезинен жетекчи болуп иштеп, бүгүнкү күндө райондогу өз ишине каныгып, дасыккан жетекчилердин сабында турат. Андагы эң негизги инсандык сапат сөзүндө тура билгендиги, айткан убадасынан тайбай аткарууга жетишкендиги.

Үй-бүлөлүү. 2 кыз, бир уулдун атасы. Өмүрлүк жубайы Кайыргүл Маметрашит кызы райондогу №45- кесиптик лицейде директордун орун басары болуп иштейт.

Мындан бир топ жылда Тогуз - Торо районуна чыгармачылык иш сапарына барганыбызда азыркы биздин каарманыбыз жетекчилик жаатта эми гана ишин баштаган убагы экен. Анда азыркыдай шарт жок эле, техникалардын жетишсиздигинен каналдарды чаап-тазалоо үчүн областтык башкармалыктан алышчу, анда да жол ачык болгон учурда жетишип калышса техника жөнөтүлүп, болбосо көйгөй жаралаар эле. Жетекчинин иш билги уюштурууčулугунанбы, айтор бүгүнкү күндө жаңы техникалар менен камсыз болушкан. Азыр өздөрүнө таандык республикалык суу чарба департаменти аркылуу алынган түрдүү 8 техникалары бар.Каналдарды тазалоо үчүн областтка да, борборго да кайрылышпайт.

-Түркия мамлекети аркылуу кредит эсебинен, бирок кайтарымсыз 5 техника алдык. Алар оор жүк ташуучу, жүктөөчү

техникалар, канал казуучу экскoватор, жеңил жүк ташуучу унаалар, кайсыл жерде болсо да иштөөгө ыңгайлуу жүрүүчү ширетүү техникасы менен да камсыз болдук.Техникабыз жок, каналдар казылбай жатат»,-деп доомат айта албайбыз, дегиси жетишпестик деген көйгөйдөн арылдык,-деп белгилейт Азамат Райымкулов.

Анын айтымына караганда аталган мекеме тарабынан 32 чакырымга созулган үч каналды тейлешет. Каналдарды тазалоо жана ремонттоого жылына 900 миң сом каражат мамлекет тарабынан каралат. Эмгек маянага 2,5 миллион сом керектелет.

-Мурда жумушчулар менен кызматкерлердин эмгек маянасы аз болчу, турмуштук керектөөсүн толук канааттандырбагандыктан көңүлсүздүк болбой койчу эмес. Акыркы жылдары айлык акыбыз да жогорулады. Азыр орточо 7000-8000 сомдон алышат. Азыркы шартта бул деле жетишпейт дегенибиз менен айыл жеринде тургандыктан, кошумча жер иштетип, жеке мал чарбачылыгын да жасайбыз. Азыр эмгек жамаатында жумушка болгон жылуу маанай бар. Сезон учурунда иштин көптүгүнө, түйшүк жараткандыгына карабастан, ар бир жумушчу, адис өз милдетине жоопкерчилик менен кароого үйрөнгөн, бизде тартип, тактык бар,-деп белгилейт Азамат Райымкулов.

Райондогу айыл өкмөттөрү өз аймактарындагы арык-каналдарды тазалоо үчүн да мына ушул мекемеге кайрылышат, анткени, аларда бул жагдайда өздүк техникалары жок. Мындай кайрылууларга каражат сурашпастан, акысыз кызмат кылып берген учурлар көп болоорун айтат жетекчи. Ал Атай айыл өкмөтүнө 50 миң сомдук, Көк-Ирим айыл өкмөтүнө 20 миң, Кара-Суу айыл өкмөтүнө 30-40 миң, Каргалык айыл өкмөтүнө 50-60 миң сомдук кызмат көрсөтүшкөнүн белгилейт. Күз мезгилинде Тогуз - Торо айыл өкмөтүнө караштуу Өрнөк каналын тазалап, 5 тонна цементти өздөрү беришип, аталган каналды бетондоо иштерин да аткарышкан. Натыйжада, айыл өкмөттөрүнө 200-300 миң сомдун ортосунда кызматтык жагы-



нан жардам беришкен. Азамат Райымкуловдун берген маалыматына таянсак, 2014-жылы Каргалык айыл өкмөтүнө 240 миң сомго белгиленген жол куруп, 400 миң сомдук ички канал-арыктарды бетондошкон. Тиешелүү каражатты айыл өкмөт төлөп берген.

Аталган мекемеде 32 жумушчу жана инженер техникалык кызматкерлер эмгектенишет. Жетекчилик аларга мүмкүн болушунча жакшы шарт жаратууга аракеттенип келет. Жакында эле, өздөрү эмгектенген имараттын чатырын жаңылап, ичитышын капиталдык ремонттон өткөрүп, заманбап шарт түзүүгө жетишкен. Эми жаңы эмеректер менен камсыз кылуу зарылдыгы тургандыгын айтат Азамат Райымкулов. Анан да күзөтчүлөр үчүн чакан эки кабаттуу жай куруп, аны да бүткөрүүгө үлгүрүштү.

Адистер иш жайында компьютерлер менен камсыздалып, жумушчуларге велосипед жана ат сатып берилген. Кыскасы техника жок деп даатtанышпайт, жумушка жасала турган аймакка жөө барышпайт.

- Биздин эл менен иштешүүбүздүн натыйжасында, сугат суусун пайдалануучулар биздин мекемеге бир сом да карыз эмес,-дейт мекеменин башчысы.

Быйылкы жылы аталган мекемедеги жагымдуу бир маанай, Жалал-Абад областы боюнча семинар Тогуз-Торо районунун мына ушул суу чарба башкармасынын базасында өткөрүлүп, анын катышуучулары мындагы адистердин иштөө ыкмасы менен таанышып кетишти. Бул семинардын кезеги келерки жылы буюрса Чаткал районунда өткөрүлө турган болду.

Жыйынтыгында айта кетсек, бир кездеги көйгөй жаралган суу чарба башкармасы бүгүнкү күндө областтагы бутка турган мекемелердин катарына кошулду. Буга биринчиден жетекчиликтин уюштуруучулук ишмердүүлүгү болсо, экинчиден бул республикалык суу чарба департаменти аркылуу мамлекеттин бул тармакка көңүл буруусунун натыйжасы.

# Эненин эмгеги


Мээрбүбү Өмүрова, эмгек ардагери,ишкер

Атам Өмүр, апам Айниса алгач Атай айылында жашашкан. Турмуштун жетишпестигинен кийин Ош областынын Өзгөн районуна көчүп кетишкен. Мен бир жашка чыкканда апам мени көтөрүп, тоо ашып Жалал-Абадга өтүшүптүр. Турмуштук кыйынчылыкка карабастан, балдарын бөтөн бирөөгө таштап койбой эч кимге кор кылбай, өздөрү бапестеп багып-өстүрүштү. Өзгөндө жашоолору оңолуп, ирденип калышканда кайра Атайга көчүп келишкен. Анда мен эс тартып калганмын. Бирок, ошондо да Атайда элдин жашоосу оңолуп кете албаптыр. Элдин көпчүлүгү нандын жетишпестигинен жарма ичип, болсо да арпа, жүгөрүдөн нан жасап жешчү экен. Кийин биз да эл катары жашап калдык. Мен мектепти бүтүргөнүм менен окууга тапшыра албадым. Атамдын 12 сом пенсиясы менен үй-бүлөнү багуу жеңил эмес болчу. Атай колхозунун китепканасында иштеп калдым. Ошондо мен 60 сом эмгек акы алчумун. Кийин Жалал-Абаддагы кооперативдик техникумда окуп, кесип алдым да, райондук керек-жарак коомуна караштуу магазинде иштей баштадым.1975-жылдан тартып гана элдин жашоосу оңоло баштады. Ошол жылдары Тогуз-Тородо Макмал кен комбинаты ачылып, көпчүлүгү мына ушул жерде иштеп, эмгек акы алып, жашоо жакшыруунун жолуна түштү. Кабаттуу үйлөр курулуп, «Макмалдын» дүкөндөрү салынды.

Маңдай-тескей баарлашып олтуруп, Мээрбүбү Өмүрова өзү туурасында мына ушуларды айтып берди.



Турмушка да эрте чыкты. 19 жашында Маметша аттуу жигитке жар болду. Ал райондук электр тармактар ишканасында айдоочу болуп иштөөчү. Экөө биргелешип, жашоонун агымы менен турмуштун татаал кыйынчылыктарын баштан кечирип, бири бирине таяныч болуп, түшүнүүчүлүк менен жашоо кечиришти. 15 жыл бирге жашап, балдарынын улуусу 6-класста окуп, кичүүсү 4 жашар болгондо жолдошу бул ааламдан эрте кетти. Эми балдарынын бардык жоопкерчилиги Мээрбүбү эженин өзүнө жүктөлдү. Иш убактысы сегиз саат деп белгиленгени менен райпонун дүкөнүндө жумуш убагында бүтчү эмес. Товар келгенде түнү жүк түшүрүү үчүн түнү менен жүргөн мезгили көп болчу. Үйдө калган балдары бирин бири багып олтурушаар эле. Иштебейин десе, балдарынын оокат-ашына, кийим кечесине, окуусуна ким жардам бермек. Сыртта эркек болсо, үйүндө аял катарында кабагым-кашым дебей иштеп, жашоо кечирди. Уул-кыздарына эне катарында жакшы тарбия берүүгө да жетишти. Тун уулу Турдалы Бишкекте медреседе окуп, кийин окуусун Түркиядан улантты. Азыр Атай айылындагы мечитте имам. Кийинки кызы Лена борборубуздагы кыз-келиндер институтунда окуп, математика мугалими болду. Нуралы окубай калганы менен бирок азыр апасына кол кабыш кылып, таянычы болуп калды. Анткени алар ушул тапта Казарман айылында «Макмал» деп аталган кафени иштетишет. Эралы өз унаасы менен Жалал-Абад жана Бишкек шаарына каттайт, дайыма жолдо жүрөт. Миралы СДПК партиясынын Тогуз-Торо районундагы координатору, ушул тапта Нарын шаарында университетте сырттан окуп жатат. Нуржигит уулу Макмал алтын кен комбинатында эмгектенет.

- Балдарымдын баарын убагында окута албадым. Анткени, алар удаа-удаасы менен мектепти бүтүшүп, ал мезгилдер эл кыйналган. өлкөбүздөгү кайра куруу учуруна туш келди,-дейт Мээрбүбү Өмүрова. 1993-жылы мен «Макмал» комбинатынын магазининде иштечүмүн. Балдарымдын жаш

болуп, жеке өзүмдүн караганыма карабастан, түшүнгүлөрү келбей, «Кыскартылдың» дешип, жумуштан бошотуп, иш-сиз калдым. Өз алдымча иштөөгө туура келди да, Казарманда бузулуп кеткен мурда жашылча сатуучу жайды сурап алып, эптеп өзүбүз чиедей болгон балдарым менен чакан дүкөн куруп алып, мында да ишибиз жүрүшпөгөндүктөн, ашкана кылып иштетүүгө туура келди. 12 жыл мына ушул чакан ашкананы иштеттик. Балдарымдын улуулары турмуш күтүштү, кенже балам Нуржигит менен ашкананын ишин жүргүзүп жаттык. Турмуштун зарылчылыгы дандыр куруп, навайчысы кетип калганда уулум өзү иштетүүгө мажбур болду.

Бешене тери, өжөрлүк аракет менен балдарын багып, жашоосун бутка тургузууга аракеттенип, турмуш бири нукка түшө баштаганда «Макмал» магазин сатуу үчүн аукционго коюлмакчы болду. Бир катар соода жайларында иш токтоп, айрымдары сатылып, же бузулуп, таланып-тонолуп жатканда үйүнүн жанында болгондуктан, көз кырын салып, улам кунары качып көргөн сайын ичи ачышаар эле. Ошол кезде аны «Макмалды» сиз сатып алыңыз,-деп калышты. Дароо сатып алууга каражаты жоктугунан, келишим менен узартып, баасын коюп берсеңиздер алайын, деди. Ошол кезде иштетүүгө мүмкүн болбой бузулуп бараткан имаратты алууга эч ким кызыккан да эмес. Ошентип, ал эки жылдык мөөнөт менен сатып алып, «Бай түшүм» банкы аркылуу 1 миллион сом насыя алып, имараттын бир тарабын дубалынан тартып, чатырына чейин кайра жаңылап чыкты. Насыя алгандан тышкары да көп каражат жумшалды. Балдарынын техникаларынан бери сатты. Бир жылдан кийин дагы мүлктү күрөөгө коюп, экинчи ирет бир миллион насыя алып, бул жайдын экинчи тарабын да, капиталдык ремонттон өткөрдү. Үчүнчү ирет баягы ашкананы түп тамырынан бери оңдоо үчүн кайрадан аталган банктан насыя алууга келди. Бул жайдын атын «Эркин дыйкан» ашканасы деп атады.



Бул убакыттын аралыгында «Бай түшүмдөн» биринчи алган насыясын төлөп кутулду. Демек, жыл сайын банктан насыя алып, курулушту оңдоп, анын арасында ишин да токтотпой жүргүзүп, ишкердиктин сырын да билип калды.

Мындан тышкары жумуштун аралыгында жер иштетип, жашылча, картошка, буудай эккен мезгили да болду. Бышкан картошкасын 2 сомдон сатып, каражаты менен эмгеги акталбай да калды.

Ал кыйынчылыктардын баары артта калды. Азыр «Макмал» кафесин иштетет. Баягы өзү айткан «Эркин дыйкан» ашканасын жаңылап алса, буюрса анысынын да иши жүрүшөт. Анткени, бул тамактануучу жайдын өз кардарлары бар. Ишкердик тармагында жумушун бир калыпка салып, иштин баарын кенже уулу Нуржигитке өткөрүп берди. Анын өз айылы болгон Атай айылынын көчөлөрүн жарыктандырууга элге берген убадасы бар. Банктан алган насыяларынан кутулганда, тамактануу жайларында толук кандуу ремонт иштери соңуна чыккандан кийин бул убадасын да аткаруу ниетинде турат.

Бул үй-бүлөнүн ушул таптагы ийгилиги эненин солк этпеген жигердүү эмгегинен жаралган.

# Токтогул

## Эне бактысы

Биздин эмки каарманыбыз Токтогул районунан бир кезде эмгеги менен таанылган Социалисттик Эмгектин Баатыры Бримкул Үтүровдун кызы. Өмүр бою эмгегин жана билимин келечек муундарынын татыктуу тарбия алышына арнап келген бул аялзаты бүгүнкү күндө ардактуу эс алууда.

Бир үй-бүлөдө он бир бир тууган тарбияланды. Адашбү Бримкулова бир туугандарынын эң улуусу болчу. Балалыгынан жүргөн-турганы шайдоот, тырышчаак өскөн кыз мектеп партасынан кийин Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайынын дене тарбия бөлүмүнө кирип, окуусун улантты. Кыймылы ыкчам, келбеттүү турпаты спортко ылайыкташкандай түр берген. Буга да өзүнүн кызыгуусу себепкер эле. Үч-Терек өрөөнүндө жайгашкан мурдагы Кызыл Ураан, азыркы У. Артыкбаев атындагы орто мектепте биринчи эмгек чыйырын дене тарбия мугалими болуп иштөөдөн баштаган. Андан соң, Бекназар атындагы орто мектептен эмгек жолун улантты. Жогорку билим алууну эңсеген кыз иштеп жүрүп, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун башталгыч класстар бөлүмүн бүтүрүп алды.

Адашбү Бримкулованын мектеп турмушундагы өмүрү кызыктуу жана мазмундуу ирмемдер менен коштолду. Күн сайын эртелеп, сабагына келип, окуучулардын ызы-чуусуна аралаша түшкөндө ал баарын унутчу. Теманы сурап, кийинки сабактын мазмунун түшүндүрүп жатканда да анын жан дүйнөсүн дили таза, ниети тунук, билим алуудан, анан бошой калганда оюнга тойбогон балалыктын аруу сезимдери өзүнө багындырып алчу. Анын убактысынын көбү мектепте өтөөр эле. Сабагынан тышкаркы убактарда өз колу менен класстык бөлмөлөрүн жасалгалап, керектүү материалдар



менен жабдып, бул иштердин баарын өтө ынтызарлык жана кунт коюу менен аткарчу. Ал тыкандыкты жана кооздукту жактырчу. Ал коомдук иштерди да өтө жоопкерчилик менен аткарып келди. Кыздар Советин жетектеп, окуучу кыздар арасында тарбиялык иштерди жүргүзүп келди. Жаштыгы комсомолдук иштерге арналып, бул уюмду да жетектеп жүргөндө жаштар менен мазмундуу иштеди. Кийин мектептин профсоюздук уюмун жетектеди. Башталгыч класстардын усулдук бирикмесин башкарып, мугалимдер арасында өзүнүн өзгөчө аракети, уюштурууучулук эмгеги менен өзгөчөлөндү. Окутуунун заманбап усулдарын өздөштүрүп, өз ишинде чыгармачылык менен пайдалана билди. Райондук гана эмес, Талас, Жалал-Абад облasттык деңгээлде чыгармачыл мугалимдер арасында "Фрагмент сабагын", "Оюн сабагын өтүп", анын бул сабактары жогорку баага ээ болгон.

Дегиси каарманыбыздын жаштыгынан тартып эмгеги жана алган билими билим берүү тармагына арналып келди. Ошону үчүн бир курдай класстык бөлмөлөрдү эң мыкты жасалгалап, билим берүүгө кошкон салымы үчүн республикалык билим берүү министрлигинин Ардак грамотасына ээ болду жана бул тармактагы үзүрлүү эмгеги үчүн "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине татыды. Анын билим берүү тармагындагы 40 жылдан ашык эмгеги куру бекер кеткен жок. Биринчи ийгилиги андан билимдин уюткусун алган окуучулардын көпчүлүгү бүгүнкү күндө эл-журтка таанылып, республиканын булуң-бурчунда жигердүү иштеп жатышкандыгы болсо, экинчи ийгилиги анын эмгегинин бааланышы.

Аялзатына таандык улуу касиеттер Адашбү Бримкуловада да бар. Жаш кезинде кол өнөрчүлүк менен алектенип, кийизден түрдүү кооз оюуларды түшүрүп, жасаган буюмуна жан киргизип, көздүн жоосун алган шырдактары менен да белгилүү болгон. Ошол кезде" Адашбүдөй эң мыкты шырдакты эч ким жасай албайт",- дешип айтышкандар да

болгон, жөн эле айтышпай ага буюртма берип, кооз шырдактарды жасатышчу.

Анын дагы бир инсандык сапаты бирөөгө жамандык ойлобогон ак көңүлдүгү, эң башкысы тазалыгы, анан да эмгекчилдиги. Эмгекчил демекчи, ишинен эс алууга чыкканда да үйүндө бош олтуруп калган жок. Жолдошу Токтосун менен чогуу жашаган 41 жылдык өмүрүндө бири биринен айырмаланбаган эмгекчилдиги менен бакыбаттуу жашоо курашты. Жолдошу демекчи, бул инсан кезегинде эмгегин ГЭСтерди курууга арнады. Таш-Көмүр, Күрп-Сай, Камбар-Ата ГЭСтеринин курулушуна катышып, гидроэнергетика тармагына салым кошкон кесип ээлеринин сабына кошулду. Ошол учурда "социалисттик мелдеш" деген болчу. Мына ошондо эң мыкты иштеп, " жеңүүчү куруучу" номинациясына да татыган. Бул инсан да кези келип, эс алууга чыкты. Анан өмүрлүк жубайы экөө жеке чарбачылык иштер менен алпурушуп кетишти. Үй канаттууларын бага башташты, азыр да биротоло канаттуулар чарбасын түзүп алышты. Анан мезгилдин ыргагына жараша ишкердик чөйрөсүнө аралашышты. Ош-Бишкек жолунун жээгине чакан ашкана салып, элди тейлей башташты.

Үч-Теректе Адашбү Бримкулова жолдошу Токтосун Эргешов, дегеле бул үй-бүлө туурасында кимисинен сурабаңыз көпчүлүгү татыктуу инсандар катарында жылуу пикирлерин айтышат . Бул жердеги айлдар кеңешинин төрайымы Сурмакан Абдыжапарова айыл өкмөтүнүн аймагында Адашбү Бримкулова сыяктуу айымдар көп экендигин, алар жер иштетип, мал өстүрүп, бала тарбиялап, окуучуларды окутуп, анан да кийинки мезгилде ишкердик менен алпурушуп жүрүшкөндүктөрүн, бүгүнкү оор шартта кыйынчылыкты алар жигердүү эмгеги менен жеңип келатышкандыгын белгилеп, өзгөчө биздин каарманыбыздын дарегине жылуу ойлорун кошумчалады.

-Адашбү эже эне катарында да бактылуу аял,-деп белгилейт Сурмакан Абдыжапарова.- Алардын үй-бүлөсүндө төрт кыз, бир уул жакшы тарбия алып, өсүп-жетилишти. Баарынын жогорку билим жана татыктуу кесип алышында Токтосун аке менен Адашбү эженин эмгеги өлчөөсүз. Уулу Каныбек юридикалык факультетти кызыл диплом менен бүтүргөн. Дал ушул факультетте окутуучу болуп иштеп, кийин көз карандысыз юрист катарында да элдин укугун коргоо багытында иштеген. Кийинки жылы Президенттик академияда окуп бүтүрүп, магистратураны аяктаган. 30 жашында Талас облустук сотунда судья болуп эмгек жолун улантып, республикадагы эң жаш сот катарында белгилүү болгон. Азыр дал ушул кызматын улантып келет. Өзүнүн иши боюнча бир катар мамлекеттерде- Швейцарияда, Франция, Литвада жана коңшулаш өлкөлөрдө болгон.

Эне азыр мына ушул уулунун ийгилиги менен сыймыктанат. Буюрса анын келечеги дагы да алдыда экендигин, эненин үмүтүн актап, элге калыс, таза, ак ниети менен кызмат кылып берерине ишенет. Бул уулу гана эмес ата-эненин тарбиясына жараша калган уул-кыздары да турмуштан өз ордун таап, " жакшы адамдардын балдары" дедирип, жашоо кечирип келишет. Бул да болсо ата-эненин сыймыгы.

Андан ары биз каарманыбыздын төрт кызы да окуп, билимдүү болуп, турмуштан өз ордун тапкандыгын, Назирасы энергетик, Самара мугалим, Индира технолог, Айпери юрист адистиктерин тандап алышкандыгын, азыр ар бири турмушта өз орду менен жашоо кечирип жатышкандыгын билдик. Бул инсандардын бүгүнкү күндө 12 небереси бар. Мына ушулардын баары дөөлөттүү эненин бактысы.

# Эненин пейили



Гүлүйпахан Дубанаева, Баатыр эне.

Аң арык айылынын дал ортосунда Гүлүйпахан эне менен Калчоро ата жашайт. Бул карылар бизди жылуу пейили менен тосуп алышты. Дегиси айылдын улууларында ыйман бар. Эзелтен келаткан меймандостук, адамгерчилик бул адамдарда сакталып калган. Эки карынын мээримдүү, ары адамгерчиликтүү пейилине ыраазы болосуз. 10 уул-кызды эрезеге жеткирип, окутуп, билим, адистик алышына камкордук көрүп, ушул тапта 28 неберенин чоң ата, чоң эне, таята, тайэнеси болушуп, алардын төрүндө бактылуу карылыкты сүрүп келатышыптыр. Жөпжөнөкөй айылдын карылары менен баарлашып, бирде капалансак, бирде кубанып, дегиси машырланып, ырахат алып, көңүл черин жаздык. Дастаркон бетин жайнатып, жакшы пейилин, жылуу ырайын, кыргызда эзелтен бери келаткан меймандостугун көрсөтүп, жан дүйнөсүн төгүшүп, өздөрү да, бизди да кумардан чыгарышты. Ошол жолугушуу биздин эсибизде унутулгус ирмемдерди калтырды.

## Карылардын баяны

Эки кары алым-сабак айтышып, өздөрүнүн балалыгынан тартып өткөргөн өмүрлөрүнүн унутулгус учурларын эске салышты. Эң оболу Калчоро атадан баштайлы. Калчоро атанын атасы Байызбек 1912-жыл мурдагы Анжиан уездинин Кең Кол-Кара Кыр болушунда, азыркы Токтогул районуна караштуу Кызыл Өзгөрүш айыл кеңешинин Камышбашы



кыштагында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Анын ата-энеси дыйканчылык менен күн кечиришкен.

Байызбек Кочөрөв балалыгынан эрте жетилип, диний мектепте окуп, кат тааныган. 1924-1925-жылдары Коңур-Өгүз өрөөнүнө башталгыч мектеп ачылгандан 1930- жылга чейин араб, латын тамгаларын окуп үйрөнүп, билим алган. 1931-жылы чоңдордун сабатсыздыгын жоюу боюнча мектеп уюштуруп, анда мугалим болуп иштеген. 1931-жылдын ноябрь айында «Камыш-Башы» колхозун уюштурууга катышып, ага биринчилерден мүчө болуп өткөн. Комсомолдун мүчөсү болгон, ага 1929-жылы кирген. Кийин Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынган. Колхоздо бригадир болуп иштеген, 1934-жылдан Үч-Терек райкомкомсомолдун биринчи катчысы да болгон. 1937-жылы комсомолдук сьездге делегат болуп шайланган. Райондук ички иштер бөлүмүндө милиционекр, сотто өндүргүч болуп иштеген. 1940-1942-жылдары Камыш-Башы колхозунун башкармасынын төрагасы болуп эмгектенген. 1942-жылы өз ыктыяры менен Улуу Ата Мекендик согушка кетип, кайтпай калган.

- Атамдын дареги билинбей кеткен. Кийин сураштырып жүрүп, Витебск шаарын душмандардан коргоодо баатырларча курман болуп, сөөгү мына ушул шаарда коюлгандыгын билдик. Ал согушта взводдун командири болгондугу туралуу аскер комиссариатында маалымат да бар, атамдын эрдиктери туурасында гезиттерде жазылган. 1980-жылы болсо керек, Л.И.Брежнев куралдашы катары Кочөрөв Байызбектин өмүр баянын, сүрөттөрүн жана башка керектүү материалдарын алдырып, Белоруссиянын Ардак китебине ысмын жаздыргандыгы турасында бизге билдиришкен,- дейт атасы туурасында сыймыктануу менен Калчочро ата.

Эң өкүнүчтүүсү Калчоро ата атасы согушка кеткенде тамтуң баскан бала болгондугун айтат. Апасы Кымбат аны өз ата-энесине таштап, турмушка чыгып кетиптир. Ал атасынын элесин да билбей калган. Анткени, Байызбектин ат ми-

нип түшкөн бир гана сүрөтү болгон экен, ал кийин жоголуп кеткен. Кала берсе өзү биринчи класска барганда туулгандыгы тууралуу күбөлүгү бар экендигин билет, бул да жоголгон. Анткени, атасы каза болгондо анын баласы 16 жашка чыкканга чейин бериле турган пособиесин өгөй атасы алып жүргөн. Ал карыган таятасы Кадыралы менен тайэнеси Айымкандын колунда тарбияланып, аларды «ата, апа» деп чоңойгон. Алар эмне ошол тамакты жеп, алып берген кийимин кийип, эс тарткан. Бирок, ал карылар ага өз ата-энесиндей мээримин төгүп, чоңойтушкан.

Ал эми Гүлүйпаган энеге токтолсок, айтымына караганда атасы Дубана колхоз учурунда кой фермасын башкарган. Кийин чарбалык иштерде иштеген.

-Менин апам Гүлай байдын кызы болгон экен. Таятам кызына түрдөп кийинтип, кулпуртуп багып-өстүргөндүгүн апам айтып калчу. Дегиси тектүү жердин кызы.

## Бактылуу карылар

Он баланы төрөп, тарбиялап, эрезеге жеткирүү бул оңой эмес. Бекеринен мамлекет бул адамдарга баатырлык даражасын бербейт тура. Мындай бакытка Калчоро атанын жубайы Гүлүйпахан Дубанаева да татыктуу болду, бул да болсо Жараткан Алланын бул үй-бүлөгө берген сый-урматы болсо керек. Ага кошо Калчоро ата, байбичеси менен бирге бүгүнкү күндө балдарынын төрүндө бактылуу карылыктын доорун сүрүп олтурушкан кездери.

-Жаштыгыбыз эмгек менен курчуду,-дейт Баатыр эне.-Катарынан удаасы менен балдар төрөлүп, ошого жараша колхоздун түрдүү жумуштарын жасап, иштин оор-жеңилин ылгабай иштеп жүрдүк. Жапжаш балдарыбыз менен кошо тамеки өстүрүп, анын мурун өрдөгөн жытына чыдап, жалбырактарын үзүп-тизип, таңгактап, тапшырчубуз. Көчөтүн олтургузгандан тартып, бышырып, чарбага өткөргөнгө чейинки түмөн-түйшүктүү күндөр али да эсимде. Өзгөчө ошол



учурда Жолдошбек уулумдун артымдан калбай ээрчип, мени менен бирге жүргөн күндөрүн унутпайм. Анда 4-5 жашар кези. Талаада таш терген күндөр да болду. Чөп жыйноо мезгилде эркектер чапса, биз чөмөлө жасадык. Ал эми тамеки эккен күндөрдөгү түйшүктөрчү. Акырында мамлекет албай койду. Атка жүктөп алып, Үч-Терекке рабкопко алып барып, эмгегибиз акталбай калгандыгына карабастан, алып сатарларга арзан наркта саттык го. Ошол кыйынчылыктарга карабастан балдарды окутууга аракеттендик. Тамекинин акчасын кассага салып, анан биринчи балабыз Таалайды 1989-жылы Фрунзедеги финансы техникумуна киргиздик. Жашынан тетик, жөндөмдүү өскөндүктөн, кийин Алма-Атадагы эл аралык университетин, кийин мамлекеттик башкаруу академиясында окуп, жогорку билимдерди алды. Анан кийинки балдарыбыз да биринин артынан экинчиси окуп, билим, кесип алышты. Уул-кыздарыбыздын татыктуу өсүп-жетилип, өлкөбүзгө керектүү адистикке ээ болушу үчүн биз иштедик. Биринин артынан экинчиси чоңоюп, балдар да бизге арка бел болушту, жумуштан келсек, үй тиричилигинин баарын балдар жасап калышты. Чаалыгып-чарчап келгенде үй ирettелүү, тамак бышылуу турчу.

Ал учурлар азыр артта калганы менен ошондогу кыйынчылык күндөрдүн ирмемдери дале эненин карегинде турат. Менчиктештирүү сасатынын жүрүшүндөгү учурларчы, ошондо карапайым эл катары арык-торук койлорду алар да алышкан.

-Үй-бүлөдөгү 12 жанга 40 кой беришти, өтө арык, араң эле кыбырайт. Бакканыбызга карабастан көбү кыштан чыкпай калды. Бир койго бир резинка өтүк сатып алган күндөр болду.

Эмгегин жалаң эмгекке арнап келген Гүлүйпахан Дубанаева Кызыл Өзгөрүш айылдык жана Токтогул райондук кеңештерине баары биригип, алты жолу жергиликтүү кеңештерге депутаттыкка шайланып, элдин ишенимине ар-

зып, калктын жүгүн аркалаган учурлар көп болду. Эмгеги бааланып, сыйлыкка баалуу буюмдарды ого эле көп ирет алыптыр.

Бул эмгектик ийгилиги болсо, акырында балдары чоңоюп, бүгүнкү күндө үй-бүлөлүк ийгиликке ээ болду. Мына тун уулу Таалай Кадыралиев Токтогул ГЭСтер каскадында башкы эсепчи, Тынычбеги айылда мал чарбасы менен алектенет. Кызы Айнурасы ата-энесинин маңдайында, Нургулдун кесиби бухгальтер, Бишкекте ишкердик менен алектенет. Жолдошбек-энергетик, азыр Бишкекте «Электр станциялар» акционердик коомунун гидротехникалык кызмат бөлүмүнүн башчысынын орун басары. Гүлмира мугалим, азыр ишкер, Индиранын кесиби медик, бирок ал да ишкердик чөйрөсүндө тигүү тармагында иштейт, Нурбектин курулучу жана энергетик деген эки адистиги бар. Мирбек Бишкектеги улуттук университетинин химия факультетинин магистратура бөлүмүн бүтүргөн. Мектепте мугалим болуп эмгектенет, ата-энесинин жанында мына ушул уулу турат. Айзаданын кесиби да энергетик, жогорку окуу жайын кызыл диплом менен бүтүргөн. Эненин айтымына караганда балдарынын айрымдары экиден кем эмес окуу жайын бүтүрүшкөн.

-Жаратканга миң мертебе шүгүр. Балдарыбыз жакшы өсүп-жетилишти. Алланын көзү түз болсун " баланчанын баласы ушундай кылыптыр" дедирип, биринин да жаманчылыгын көргөнүбүз жок. Баары өз үй-бүлөсү менен көңүлдөгдөй жашоо кечирип жатышат. Алар жаш кезде атасы-экөөбүздүн үмүтүбүз да балдар жакшы өсүп-жетилсе деген тилек болчу,-дейт Гүлүйпахан эне.

Баарлашуубуздун соңунда Гүлүйпахан эне ушундай деди. Жашынан Калчоро ата менен чарба ишинде иштеп, тамеки багып, союз тарагандан кийин да мал багып, жер иштетип, балдарынын тарбиялап, өстүрүп, жетилтип, ата-эненин чыныгы ролун аткарып, дегеле кадыр-барк менен



жашап келаткандыгын айтып, ыраазы болушту. Турмуштун кыйынчылыгын тартышты, жогуна сабыр кылып, барына манчыркап кетпей, сабырдуулук менен туруктуу, бекем үй-бүлө курушту, азыр балдарына мына ушуну айтып, алардын үлгүлүү үй-бүлө куруп, татыктуу жашоолорун бирге болушкан кезде кайталап айтып келишет. Жүзүндө бактыттын нуру чайып турган бул бактылуу эне алтымыш үчкө чыгып, жолдошу Калчоро карыя жетимиш үч жашта экен. Сурай келсеңиз Кызыл Өзгөрүштө бул үй-бүлө тууурасында жылуу ойлор айтылат. Ошентип, бул кадырлуу карылар биздин сезимибизде жылуу элестерди калтырышты.

# Өрнөктүү адамдар



Жаңылмырза Ашыралиева, «РСК банктын» райондук бөлүмүн жетекчиси.

Биздин каармандарыбыз Токтогул районунун тургундары, бир үй-бүлөнүн мүчөлөрү, бактылуу жубайлар-Кадыралы Кожокеев Новосибирь шаарындагы индустриалдык педагогикалык курулуш техникумун бүтүргөн. Кийин кыргыз мамлекеттик университетинин юристпруденция факультетинде окуп, аяктаган. Эки окуу жайын тең артыкчылык диплом менен бүтүргөн. 1988-жылы борбор шаардагы кыргызграждан курулуш институтунда инженер-технолог,1989-1994-жылдары Токтогул райондук коммуналдык чарбасында инженер-технолог болуп иштеген. Андан соң, «Нурайым» көп тармактуу ишканасын жетектеген, «Музтөр» мекемесинде арендатор болуп иштеген. Азыр «КРда коррупцияга каршы элдик кыймыл-люстрация» коомдук бирикмесинин төрагасы. Айтымында эски системаны кулатууда «Эл баатыры» берилгендигин айтат. Сөз арасында спортко өтө кызыккандыгын, жаш кезинде СССР спортунун чеберчилигинин кандидаттыгын толтургандыгын кошумчалады. Сүймөнкул Чокморов фондусунун мүчөсү.

Жубайы Жаңылмырза Ашыралиева алгач Фрунзедеги финансы-экономика факультетин аяктаган, кийин Кыргыз мамлекеттик университетин артыкчылык менен бүтүрүп, финансы-экономист адистигине ээ болгон. Анын эмгек



жолу 1982-жылы Токтогул райондук мамлекеттик банкында экономист, 1996-жылга чейин аталган банкта кредит бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, дал ушул жылдан «РСК банктын» Токтогул райондук бөлүмүн жетектеп келет. Демек, банк тармагында бай тажрыйбасы бар татыктуу жетекчи айымдардын бири.

Каарманыбыздын эки уул, бир кызы бар. Тун уулу Нурсултан Бишкектеги Славян университетинин 3 курсунун студенти, кызы Нурайым Токтогул районундагы «Айыл банкында» кредиттөө бөлүмүндө иштейт, кенже уулу Эрнис мектепте 7-класста окуйт.

Жаңылмырза Ашыралиеванын жакшы сапаты баштаган ишин аягына чыгармайынча эс албайт. «Кызматымды жасап, эл үчүн татыктуу эмгек сиңирип, артыма из калтырсам», деген максат менен иштеп жатканын белгиледи. -Үйдө 4 кыз, 21 эркек бала тарбияландык. Мен башкалардан өзгөчөлөнүп өтө мээнеткеч элем. Мектепке барып, үйгө келгенде бир учурда сабак окуп, үй тиричилигин жасап, мал карап, огороддо иштеп, жүгөрү оруп, чөп чапканга да жетишчүмүн. Кыз экендигиме карабастан, оору жумуштарды деле жасай берчүмүн. Балалыгымдан тартып, бүгүнкү күнгө чейин иштеп келдим. Эмгегим менен башка бир туугандарыма караганда көп утушка ээ болдум. Бакыбаттуу турмуш курдум, эне болуп, балдарды тарбиялап жатам. 17 жылдан бери банкты жетектейм. Азыр деле директормун деп олтуруп албастан, зарылчылык туулса, эсепчинин жумушун аткарып, анан элди тейлеп, ишти ылгабай жасай берем.

Каарманыбыздан мына ушундай ойлорду угуп, анын жөнөкөйлүгүнө, эмгекчилдигине баа бердик. Эмгеги менен ийгиликке жетишиптир. Мүнөзү жайдары, кичи пейил, улуукичүүгө жөнөкөй. Кээде шартка жараша ачууланганы менен бат жазылат, бирөөгө кекчил эмес. Мындай асыл сапаттар ага утуш гана алып келген.

- Чечилбеген маселе болбойт, ким гана кайрылбасын,

анын оюн угуп, маселесин чечип берүүгө аракет жасайм. Жолдошум экөөбүз 24 жыл чогуу жашап келебиз. Бир да ирет бир бирибиздин көңүлүбүздү катуу оорутканыбыз жок. Анын мүнөзү оор, турмушка терең көз карашы бар. Бир караганда аз сөздүү көрүнгөнү менен кепке чечен, кимди гана болбосун сөзү менен өзүнө тарта билет. Турмушта ар кандай кырдаалдар болот. Ошондо ал ачууланса мен унчукпай, мен капа болсом ал жубатып, жашап келдик. Өмүрүбүздө капалыктан, кубанычтарды башыбыздан көп өткөрдүк, азыр да кудайым жакшылыгын эле берсин деп тилейм.

Биринин сапатын экинчиси толуктап, кубанычына орток-тош болуп, таарынычын жазып эриш-аркак, арка-бел болуп жашап келишкен бул үй-бүлө чынында бактылуу экен. Жаңылмырза Ашыралиева Токтогул роайонундагы ишмер жетекчи, уюштургуч адис, экономиканы да жакшы билген, эмгектик да, турмуштук да көз карашы терең, бүгүнкү замандын татыктуу айымдарынын сабында турат экен. Мына ушундай инсандык улуу сапаттары менен бир жерде эки жыл кем жыйырма жыл жетекчи болуп иштөө аялзатынын солк этпеген татыктуу эмгегинин натыйжасы го.



# Балдар бакчасын сактап калган



Зина Касымбаева,
эмгек ардагери.

Зина Касымбаева бүгүнкү күндө өз айылындагы кадыр-барктуу айым. Ал бул кадыр-баркка өзүнүн эмгеги менен жетишкен. Айтымына караганда анын балалыгы көбүнчө жайлоодо өттү. Анткени, атасы Жуматай чабан, апасы Сонунбу жардамчы чабан болуп, чарбанын мал-коюн багышып, жаз айынан тартып, күзгө дейре жайлоодо байыр алып келишчү. Эс тарткандан билим калды. Кереге таш жайлоосу жайында килем төшөп койгондой бетегеси жайнап, бир башкача асемденип чыга келчү.

-Менин балалыгым кызыктуу ирмемдерди өз ичине камтыды.Тайэнемдин колунда тарбияланып, тайэкемдер менен бирге болуп, мектепте Совет районунда (Кара Кулжада) окудум. Тайэкем Сатканкул райондо башкы ветеринардык дарыгер болуп иштеп жүргөн. Советтер учурунда кадрларды кайсыл жерде зарылдык болсо, ошол тарапка жөнөтүлчү, тайэкем Сатканкул да ошондой шартта иштеген. Кийин Алай районуна жөнөтүлүп иштеп калды. Мен ошол жерде Курманжан датка айылында 9-классты бүтүрдүм. Кийин окуумду Токтогул районунда улантып, Карл Маркс атындагы орто мектепти аяктадым,- дейт каарманыбыз Зина Касымбаева. Анан ал мектепти аяктары менен өзү окуган мектепте пионер вожатый болуп иштеп калганын айтат. Анткени, ал учурда жакшы окуган окуучуну бүтөндөн кийин мектепке алып калчу. Ошондой шарт менен ал да мектепте пионер вожатый болуп иштеп

калды да, 1974-жылы борборубуздагы Маяковский атындагы кыз-келиндер институтуна тапшырып, мектепке чейинки бөлүмүн окуп бүткөрдү да, Токтогул районундагы №1- балдар бакчасында тарбиячы болуп эмгек чыйырын баштады. Анан Токтогул районундагы кесипчилик-техникалык окуу жайында бир жыл мугалим болуп эмгектегенден соң, Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектепте башталгыч класстардын мугалими болуп иштеп калды.

Кыз-келиндер институтунун үчүнчү курсунда окуп жатканда эле Кубатбек Байгазиев менен турмуш жолуна бирге кадам ташташкан. Ал кезде болочок жолдошу Скрябин атындагы айыл чарба институтунун 4-курсунун студенти болчу. Жолдошу менен турмуш жолун бирге баштап, окуу жайын бүтүп, иштеп калганда балалуу болгондо үйдө баласын тарбиялап, ал чоңойгондо кайра жумушка чыгып, ошентип, жашоо көчүн улап келди. Баарыбызга белгилүү аялзаты үчүн жумуш да жасап, үйдө жолдошуна жар, балдарына эне катарында милдет аткаруу жеңил эмес. Ошого карабастан, убагы келгенде жумушун да таштаган жок. Токтогул районундагы Карл Маркс атындагы орто мектепте мугалим болуп иштегенден кийинки жылы азыркы Терек-Суу айылындагы «Байчечекей» балдар бакчасынын башчылыгына дайындалды. Бар болгону эки орундуу эки тайпада балдар тарбияланган бул чакан балдар бакчасындагы эмгек жолун улантып, кийин дал ушул айылга эки кабаттуу, бардык шарты менен курулган балдар бакчасынын имаратынын курулушунун башталып, аягына чыгышына чейин башында болду. 140 орундуу бараандуу бул имарат айылдагы жаш наристелердин сүйүктүү жайы катарында заманбап шарт жаратылган. Жолдошунун жумушуна карата Токтогул районунун борборуна көчүп келишип, дал ушул жердеги « Келечек» балдар бакчасынын башчысы болуп эмгектенди. Ал эми жолдошу Кубатбек Байгазиевдин эмгек жолу совхоздо, райондогу «Айыл чарба химиясы» бирикмесинде, кийин райондо башкы агроном, акырында өсүмдүктөрдү коргоо инспекциясында инспектор болуп иштөө менен улантылды. Ал эми Зина Касымбаева балдар бакчасынын башчылыгынан соң, Ак-Тектир орто мектебинде төрт жыл мугалим болуп иштеп, 1988-жылда «Наристе» балдар бакчасынын башчысы болуп 20 жыл эмгектенди. Бул балдар бакчасы «Айыл чарба химия» бирикмесинин балансында турган. Кийин аталган мекеме жоюлуп, балдар бакчасы каржылоо маселеси татаалдашып, аларга « силер да жоюласыңар»,-дешти. Бирок, баары түгөл, шарты бар балдар бакчасын жоюп жиберүүгө Зина Касымбаева макул болгон жок. Сактап калуу үчүн райондун жетекчилеринен тартып, мамлекет башчысына чейин кайрылуу каттарын жөнөтүүдөн тажаган жок. Жергиликтүү бийлик болсо, бул жайды кызматкерлерге квартира катарында бөлүштүрүп жиберди. Ошондо да, өжөрлүк менен бир эмерегин талатпай, эки жыл күзөт коюп, кайтарды. Жабууга аракеттер болгондо « балдар бакчага келебиз»,-деп жатышат дейт чечкиндүү. Райондогу 22 балдар бакчасы да катары менен жоюла баштап, үч балдар бакчасы калды. Акыркы жылы дагы жоюуга киришип, райондук кеңештин сессиясында депутаттар чечим чыгарып, жергиликтүү жетекчилик, чечкиндүү аракет жасоого өттү. Ошол кезде райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Касым Өскөнбаев.

-Кечинде Касым Өскөнбаев мага телефон чалды. Эртең менен аким силердин бакчага барат, эгер сактай алсаң сактап кал,-деди. Эртең менен таң саарында алтыда бакчага барып, күзөтчү экөөбүз балдар бакчасынын бардык бөлмөлөрүн тазалап, иретке келтирип, бардык жабдууларын өз орду менен жайгаштырып койдук. Жасалгалары менен толук сакталып турган. Үстүндө кыргыз баласы турган жер шары тартылган сүрөт илинип турган. Мына ушул сүрөттү тиктеп, «сактап кал», деп кудайга жалындым. Эртең менен туптуура саат сегизде Алиев Аскербек Тукешович кирип

келди. Анын жанында райондун жетекчилери да бар болчу. Мен ага балдар бакчасы туурасында маалыматтары бере баштадым.

- Силер ушул балдар бакчасын жапканы жатасыңарбы,- деди жетекчилерге. -Эй, токтогулдуктар силерге балдардын келечеги керек эмеспи. Силердин балдарыңар ушул бакчага келип, андан тарбия алып, анан мектепке барса болбойбу,- деди да: «Сиз эмнеге иштебей турасыз?»,-деп мага кайрылды. Мен ага каражат жоктугунан иштебей жатканыбызды, анткени, ата-энелер да каржылоо үчүн жардам берүүгө мүмкүнчүлүгү жоктугун айттым. Ошол кезде Аскербек Тукешович каражаттан жардам бере турганын билдирип, мага « Иштете аласызыбы?» деген суроону бердим. Мен дароо эле иштете алаарымды билдирдим.

-Англис тили уклону менен иштетиңиз, деди да кайра жетекчилерге: экинчи ирет бул балдар бакчасын жабуу туурасында сөз болбосун,-деп айтканда мен ага ичим жылып, ыраазы болдум. Англис тилинен мугалим таба турганымды айтып, убада бердим. Көчөмө-көчө кыдырып, «балдарыңарга ата-энелерге англис, орус тилдерин үйрөтөбүз» деп айттым. Мугалим да табылып, анын эмгек акысын ата-энелер көтөрүп бермей болушту. Ошол кезде Мерсико күрүч, майдан жардам берип калышты. Балдардын ата-энеси өз баласы үчүн үйүнөн нан берип калганын өзүбүз чогултуп, балдар бакчасын кайра иштеттик.

Зина Касымбаева райондун жетекчиси Аскербек Алиев ар бир чогулушта сөз арасында балдарыңарды бакчага жөнөткүлө деп айтып, бул бакчанын биротоло иштеп кетишине камкордук көргөнүн билдирди. Эгерде ал болбогондо бул балдар бакчасы жоюлуп, таланып-тонолуп кетмек беле деген пикирин билдирди. Ошентип, эмгек жамааты менен аракет жасап жүрүп, дайыма сынактарга катышып, ар убак биринчи орунду жеңип алып жүрүшкөнүн да кошумчалады. АБРге долбоор жазып, анысы өтүп, балдар бакчасынын полун оңдоп, чатырын жаңылап, оюнчуктар менен толуктап, балдар бакчасын сактап калды.



Ошентип, ал өзүнүн билимин, эмгегин балдарга, алардын келечегине арнады. Ошол кезде, эмгек маяна албай балдар бакчасын оюнчугунан баштап, мебелдеринен тарта, имаратына чейин сактап калбаганда, башка жайлар сыяктуу бул жай да таланып-тонолуп, жок болуп кетмек. Буга өзү да, балдардын ата-энелери да ыраазы болду. Мына ушул эмгеги үчүн азыр анын эл арасында урмат-сыйы, кадыр-баркы бар. Өз аброю менен эс алууга чыгып, бүгүнкү күндө уул-кыздарынын төрүндө энелик бактысынын доорун сүрүп турган чагы. Төрт кыз, эки уулдун бактылуу энеси. Баарын окутту, кесип алышына камкордук көрдү. Назгүл орус тили, Нургүл англис тили мугалими. Марат тоо кен институтун аяктаган, Жазгүл эл аралык уинверситетин, Гүлзар, Элзар политехникалык институтутту бүткөрүштү. Ушул тапта мезгилдин агымына жараша иштеп жатышат.

Каармaныбыз катарынан небере күттү. Үй-бүлөлүк, энелик бакытка балкыды. Эмгегинин үзүрүн көрүп, элдин алкышын алды, нечен курдай мактоо грамоталары менен сыйланды. Төшүнө КРнын билим берүүсүнүн мыктысы төш белгисин такты, «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланды.

Азыр болсо, ардактуу эс алууда. Коомдук иштерде дайыма аялдар, эл менен бирге. Иш чараларга үзбөй катышат, аялдар кеңешинин мүчөсү,-дейт Токтогул шаардык кеңештин депуаты Майрамкан Ондошова. Жолдошу Кубатбек Байгазиев да азыр эс алууда. Эмгегинин үзүрүн көрүп, айыл чарба кызматынын мыктысы. Бул үй-бүлө өздөрүнүн таза, чыныгы эмгеги менен кадыр-барк күтүп, аброй алышкан.

# «Жараткандын берген бактысына кубанам»



Алымкан Куланбаева, «Кыргыз почтасынын» райондук филиалынын башкы эсепчиси.

Каарманыбыздын келишимдүү турпаты кийген кийимине жарашып турду. Жаркылдап сүйлөп, өзү жана өз үй-бүлөсү, эмгек таржымалы туурасында айтып берди. Айтымына караганда кесиби жогорку. Биринчи эмгек чыйырын жаш кезинен эле 1981-жылы Токтогул райондук байланыш бөлүмүндө эсепчиликтен баштаган. Он беш жыл дал ушул жерде, бир кесипте иштеп, такшалып, тажрыйба артты. 1996-2004-жылдардын аралыгында экономист, 2004-2006-жылдары башкы эсепчи, 2006-2008-жылдары «Кыргыз почтасынын »Баткен областтык, андан соң, 2008-2010-жылдары Кара-Көл шаардык филиалында башкы эсепчилик кызматын аркалады. 2010-жылдын март айынан «Кыргыз почтасынын» Жалал-Абад областтык филиалында башкы эсепчи болуп бир жыл иштегенден соң, 2011-жылдын ноябрь айынан Токтогул районунда инструктор, көп өтпөй 2012-жылдын март айынан кайрадан өзү иштеген «Кыргыз почтасынын» райондук филиалында башкы эсепчилик кызматка кайра келип, эмгек жолун улантты.

Өз кесибин аздектеп сүйүп, анын ысык-суугуна кайыл болуп, эмгектенип келген адис ушул тапта дасыгып, такшалып, мол тажрыйба топтоду.

Алымкан Куланбаеванын эмгек китепчесинде бир тармакта 33 жылдык эмгек стажы жазылган. Өзү иштеген тармактын ысык-суугун, оор-жеңилин көтөрүп, эмгегинен баар тапты. Аталган тармактын райондук, областтык, республикалык жетекчиликтери тарабынан Ардак грамоталар менен сыйланды. Анын татыктуу эмгегин республикалык транспорт жана коммуникация министрлиги да баалап, үзүрдүү эмгеги үчүн Ардак грамота ыйгарды.

- Мен үчүн сыйлыктан чоң-кичинеси жок, баарын тыкандык менен сактап баалайм,-дейт каарманыбыз. Ар бир грамота мен үчүн көңүл буруу жана урматтоо деп түшүнөм.

- Сиз үчүн эң баалуу нерсе кайсыл?-дедик ага суроо узатып.

-Жолдошумдан ажырагандан кийин жакын адамды жоготуунун азабын тарттым, турмуштун оорчулугун көтөрүп жана жалгыздыкты сездим. Азыр менин өтө баалаганым, менин балдарым. Аларга энелик мээримимди берип, жогорку билим алышына шарт жаратып бердим. Азыр тун уулум Рысбек органда иштейт. Жылдыз аттуу татынакай келиним, төрөлгөндө Жанат деп ысым берген алмончоктой сүймөнчүктүү неберем баарыбыздын сыймыгыбыз. Кызым Азима Ысык-Көлдө жашайт, өз үй-бүлөсү бар. Уул-кыздарым турмуштан өз ордун тапканда кубандым, айрыкча неберелүү болгондо дагы кубандым. Эми жараткандын берген бактысына сүйүнөм. Ушунчалыгына шүгүр. Жумушум бар, балдарым аман, жашообуз тынч. Ушуларды карап туруп, тирүүлүк өтө баалуу экендигин сезем да, ушундай бактылуу жашоону насип эткен Жаратканга ыраазы болом.

Бул 34 жыл бир жерде, бир кызматты аркалап, анын үзүрүн көрүп, аброй таап, үй-бүлөсүндө уул-кыздарынан кадыр-барк күткөн таалайлуу эненин, мезгилдин татыктуу аялзатынын жан дүйнөсүн алдейлеп келген ой туйгуусу эле.

# Коргоолдун небереси

Токтогулдан биз Коргоол Досуевдин небере кызына жолуктук. Ал кыргыздын белгилүү ак таңдай акыны, куудул, сатирик жана чебер комузчу Коргоол Досуевдин басмага жарыяланбаган чыгармаларын чогултуп, атайын көлөмдүү китебин чыгарыптыр. Бул акындын 130 жылдык мааракесине карата белек болуп калды. Бул китеп толук чыгып, элге таркай элек экен. Биздин оюбузду уккандан кийин кубанганынан атайын автограф жазып, колубузга кармата берди. Буюрса Коргоолдун небереси Майрамкан Ондошева туурасында өзүнчө сөз кылабыз, алгач акындын «Ак Бакай» деп аталган чыгармасын жарыя кылдык. Бул чыгарманы КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын Карбалас Бакиров « «Ак Бакайды» мен дүйнөлүк сүйүү ырларынын шедеври деп эсептейм » деп жазган. Анын жазганына караганда Шотландиялык белгилүү акын Роберт Бернсттин ушул «Ак Бакайга» окшош бир ыры бар экен. Сүйгөнүнө арнаган ырындай эшигиңен мени чагылган уруп кетсе дейт, «Өлүгүм чыксын койнуңдан» дегенге жете алган эмес. Кимдир бирөөлөр Коргоол менен Шекспирди, Коргоол менен Артур Рембо, Пол Верленди салыштырууга мүмкүн эмес деп айтышы мүмкүн. Менимче, салыштырууга болот. Бирок, аттиң бул ырды башка элге кыргыздын ыргагында которуп берүү эч кимдин колунан келбейт.



**Майрамкан Ондошева, Токтогул шаардык кеңештин депутатты.**

Обону да, күүсү да автордуку. Дайранын жээгинде мээ



сергитип олтургандай угуп эле олтургуң келет.

Майрамкан Ондошова Токтогул Сатылгановдун 150 жылдык мааркесине карата залкар акындын чыгармаларын топтоштуруп, «Токтогул » деген ат менен жаңылап, басмадан чыгартты. Бул эки залкардын бараандуу чыккан эки китеби каарманыбыздын кадыр-баркын бир кыйла көтөрүп койду, менмин деген мырзалар жасабаган эрдикти мына ушул мырзайымдай болгон аялзаты жасады.

Майрамкан Ондошеванын жеке таржымалы туурасында айта кетели. Токтогул жергесинде төрөлүп өстү. Атасы Ондош Корголов чарбада иштеген карапайым механизатор болгон, апасы Жибек балдарын тарбиялап, энелик парзын аткарган. Алар бир үй бүлөдө үч бир тууган чоңоюшту. Эжеси Турсункан Досуева Кетмен-Төбө айылдык кеңештин депутаты экен. Иниси Арзыбек өзүнүн жеке чарбасы менен алектенет. Майрамкан Ондошова болсо алгач Бел-Алды айылында айылдык клубда иштеп, үч жылдан соң атайын чакыруу менен келип, райондук маданият үйүндө автоклубду жетектеген. Эс алууга чыкканга дейре маданият тармагында эмгектенген. 2005-жылы эс алууга чыкканы менен коомдук турмушка аралашып, райондогу чыгаан айымдардын сабында келатат. Эл үчүн иштеп, элге кызмат кылайын деген максат менен жүргөн бул айым 2009-жылы Токтогул шаардык кеңештин депутаттыгына шайланган. 2014-жылы экинчи ирет депутаттык мандат алды. Азыр шаардык кеңеште « маданият, саламаттыкты сактоо, билим берүү, социалдык, экология, жаштар жана спорт» комитетин жетектейт.

-Биз депутаттар каражатты үнөмдүү пайдалануу менен бир топ социалдык маселелерди чечүүгө аракет жасап жатабыз. 2014-жылы эле эки балдар бакчасын ачтык. Мурдагы жабылып калган балдар бакчаларын капиталдык ремонттоодон чыгарып, ишке киргизип жатабыз. Азыр шаарда беш балдар бакчасы иштейт, бул да жетишсиздик кылат,-дейт

Майрамкан Ондошова. Ал көчөлөрдү оңдоо жумуштары жасалып жаткандыгын, «Жаштардын аллеясын» уюштурушкандыгын белгилейт.

Майрамкан Ондошова «Ак Бакай» коомдук фондусун уюштурган. Балдарды, таланттарды колдоо, коргоо, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга кайрымдуулук жардамын көрсөтүү, кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү, экологияны сактоо максаты менен түзүлгөн бул фонд ыргактуу жумуштарды жасап келет.

Алты кыз, эки уулдун бактылуу энеси, 20 неберенин чоң эне, тайэнеси. Жолдошу Султангазынын таянар адамы. Коргоол ырчынын небереси. Коргол Досуевдин Ондош, Бөжөн аттуу эки уулу, Бакы деген бир кызы болгон. Майрамкан эже уулу Ондоштун кызы. Атасы Ондош өмүрү өткүчө атасы Коргоолдун чыгармаларын сактап, чогултуп чакан үч китебин чыгарууга жетишкен. Небереси Майрамкан Ондошова чоң атасынын 650 беттен турган көлөмдүү китебин чыгарып, элге тартуулады. Бул баалуу жана бараандуу эмгек болуп калды. Ал эми азыр «Коргоол-Сатыкей баатыр урпагы» деген китептин үстүндө иштеп жатканын айтты. Анткени, Сатыкей баатыр болсо, Коргоол ыр жаатындагы төгүлгөн талант, экөө тең элдик кенч, элдин байлыгы,- дейт сөзүнүн соңунда Майрамкан Ондошева.



# «Биздин төрайым» дешет



**Раманкулова Элмира Сыргатаевна, райондук медико-социалдык эксперттик комиссиясынын төрайымы, райондук аялдар кеңешинин төрайымы.**

Раманкулова Элмиранын кесиби врач-терапевт. Бишкектеги медициналык институтту бүтүргөн. Азыр Токтогул райондук медико-социалдык эксперттик комиссиясынын төрайымы. КРнын социалдык тармагынын отличниги. Бир уул, бир кыздын энеси. Уулу Нурбек кыргыз технологиялык университетинин 5-курсунун студенти. Келинчеги Гүлхаба экөөнүн Султан, Элхан, Элдар аттуу үч уулу бар. Каарманыбыздын кызы Жамила Токтогул орто мектебин ийгиликтүү аяктап, Бишкектеги улуттук университеттин эл аралык мамилелер факультетинин 1- курсунда окуп жатат.

Биздин каарманыбыздын медицина тармагында эмгектенгенине 20 жылдын жүзү болсо, анын 10 жылдан ашык мезгилинде райондук медико-социалдык эксперттик комиссиясын жетектеп келатат. Бүгүнкү шартта бир жерде көп жыл иштеп, болгондо да жетекчилик кызматты аркалоо сейрек учурайт. Бул да болсо каарманыбыздын өз ишинде так жана жоопкерчилик менен эмгектенип келаткандыгынын натыйжасы.

Элмира Раманкулова бүгүнкү күндө райондук аялдар кеңешинин төрайымы. Бул кызматта бир эле Токтогулда эмес, республиканын булуң-бурчунда марттык кылган гана бийликтер бир аз каражат ажыратпаса ( анын ичинде Жа-

лал-Абад шаарында) негизинен көпчүлүк аялдар кеңештеринин төрайымдары коомдук башталышта иштешет. Эмгек маяна төлөнбөгөн жерде өзгөчө бүгүнкү шартта эч ким « куру аякка бата жүрбөйт» дегендей курубекер иштегилери келбейт. Ошентсе да бул айымдардын катарында өз милдетим эле дегенсип, колдорунан келишинче аялдардын активдүүлүгүн көтөрүү, эмгегин жана укугун коргоо багытында иштөөгө аракеттенип жатышкандары да бар. Алардын бири биз сөз кылалы деп турган Токтогул райондук аялдар кеңешинин төрайымы Элмира Раманкулова. 2011-жылдагы шайлоодо талапкерлиги коюлган үч айымдын ичинен биздин каарманыбызды кыз-келиндер райондук аялдар кеңешинин төрайымдыгына шайлап алышкан. Райондогу 11 айылдык округдун ар биринен райондук аялдар кеңешинин катмарына кирип, калгандары түрдүү кесип ээлери болуп, бардыгы 31 аялдардын активи түзүлгөн. Атайын каттоодон өтүшүп, атайын күбөлүк алышып, юридикалык жак катарында мыйзамдуу иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар. Азыр райондук «Аялдар кеңеши» коомдук бирикмеси аталат.

-Биз кыз-келиндердин активдүүлүгүн көтөрүү менен бирге ички иштер бөлүмүнүн жашы жетпеген өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясы менен бирдикте да иш алып барабыз. Максат жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту болтурбоо. Мектептердеги кыздар советтеринин да иштерине көзөмөл жасап, алардын өткөргөн иш-чараларына да катышабыз. Райондук мамлекеттик администрациясы менен бирдикте 8-март кыз-келиндердин майрамына жана энелердин күнүнө карата өткөрүлүүчү иш-чараларды уюштурабыз. Бара-бара аялдар кеңештеринин да активдүүлүгү артып, коомдук чөйрөгө катыша башташты,-дейт Элмира Раманкулова.

Анын айтымына караганда ар бир айылдык округдарында аялдар кеңештери иштейт. Кызыл-Туу, Кара-Тектир, Чоң Арык, Үч-Терек сыяктуу айылдарда ак элечек айымдардын



коомдору уюшулуп, иштеп жатышат. Алар кыргыздын пайдалуу улуттук үрп-адаттарын, улуттук өнөрдү жайылтып, аш-тойлордогу, айрыкча маркумду узатуудагы ыксыз чыгымдарды кыскартууда айылдык округдары менен бирдикте иш алып барып жатышат. Алардын иш-аракеттеринин натыйжасы менен ысырапкерчилик бир топко азайгандыгын айтат каарманыбыз. Жаңы-Жол районунун Жаңы-Жол айылдык округунда аракеттердин жемиши ачык эле байкалат,- деп белгилейт Элмира Раманкулова. Алынган маалыматка таянсак, райондо аялдардын майрамдарынын урматына «Ыр кесе», «Ыр куржун», «Мырзайым» кароо сынактарын өткөрүү жыл сайын практикаланып келет.

-2015-жылдагы жагымдуу саамалык 23-февраль- жоокерлердин күнүнө айымдар өздөрү демөөрчүлүк кылышып баскетбол боюнча атайын спорттук мелдеш өткөрүп беришти. Биринчи орунга 5000, экинчиге 3000, үчүнчү орунга 2000 миң сомдук байгени да айымдар өздөрү ыйгарышты. -Мына ушул туурасында айтып келип, баарлашуубуздун соңунда Элмира Раманкулова эми атайын айымдар чогулуп, концерт уюштурганы жатышкандыгын айтып, басмырланган жана укугу бузулган айымдар жана үй-бүлөлөр бар экендигин, аларды коргоо максатында атайын райондо кризистик борбор уюштуруу максатын ишке ашырмакчы болушканын да кошумчалады. «Аялдар тынчтыкты орнотууда» деп аталган АКТЕД эл аралык уюмунун долбооруна катышып, андан утуп алып, райондо тынчтыкты даңазалаган чоң бир иш чара уюштурганда да бул айымдын демилгелүү аракетин дагы бир ирет байкадык.

Аялдар кеңештеринин төрайымдарынын арасынан Жалал-Абад областы боюнча Элмира Раманкулованын ысмы өзгөчө басым менен аталат. Анын көпчүлүгүнөн өзгөчөлүгү уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү жогору турат. Кандай гана кырдаал болбосун ишин так аткарып, аялдардын башын бириктирип, жер-жерлерде аялдар кеңештери кандай

иш чара өткөрсө бирине да кайдыгер карабай, төрайым катарында катышып, өзүнүн моралдык, мүмкүнчүлүк болсо материалдык колдоосун көрсөтүп келет. Төрайым катарында аялдар арасында өз аброю, кадыр баркы бар. Келин-кыздар гана эмес, байбичелер да каарманыбызды « Биздин төрайым», дешет.

Эң башкысы Элмира Раманкулованын турпатынан чыныгы энелик мээримди, энелик улуу сапаттарды байкадык. Алмончоктой болгон уул-кыздарын өстүрүп, аларга жакшы тарбия берип, берген тарбиясынын жемишин көрүп келет. Быйылкы жылы уулу Нурбектин келинчеги Гүлхаба дагы бир мотурайган наристени жарыкчылыкка алып келди. Кыргыздын намысын сактаган, элдин уулу болсун деп атын Элдар коюшту. Бул да эненин бактысы.



# Көпчүлүккө окшобогон жетекчи айым



**Тешебаева Нуржамал Таштановна Токтогул райондук аймактык ооруканасынын башкы дарыгери.**

Адам баласынын колунан келбеген нерсе жок. Жокту бар кылган да адам, ташка гүл өстүрүп, кунарсыз жайды кулпуртуп, табиятты багыткан да адам. Бир курдай Токтогул райондук аймактык ооруканасынын кенен короосуна кире берип, өз көзүбүзгө ишенбей турдук да, адам баласынын колунан жасалган жаңылануута күбө болуп, бул адамга куштарлана түштүк. Саналуу эле жылдар мурда бул жерден дубалдарынын шыбагы урап, сыры да, сыны да кеткен саламаттыкты сактоо деп аталган жайды көрүп, « мамлекеттин өгөй баласыбы, же жетекчисинин шыгы жокпу», деп ичибиз бир ачышкан. Ичине кирип алып, « оорукана ушундай болот да», дегендей мурун өрдөгөн дарынын, ага кошулган жагымсыз жыттардан да, бир чыйырыгып алганбыз. Көп жердеги мына ушундай жагдайды көрүп жүрүп, чынында эле «оорукана болгондон соң, ушундай болот көрүнөт, болбосо таттуу момпойсуй жыттанып турат беле», деген ойдо алыс эмес элек. Бул ирет Токтогул райондук ооруканасына киргенибизде бул ойдон таптакыр алыстай түштүк. Жагымсыз жытты искетпей, бөлмөлөрдөгү нымды да билгизбей, кудум эле жаңы курулгандай жаркыратып коюшуптур.

« Ооруканага Тешебаева Нуржамал Таштановна башкы дарыгер болуп келди», деген кепти укканыбызда бул ме-

кемеде жасала турган көп жумуштарды бүткөрөм деп көп убара болоруна көзүбүз жеткен да, ошондо анын бул жерде жемиштүү иштеп кете турганына ишенгенбиз. Анткени, буга анын билими да, тажрыйбасы да жетмек.

Нуржамал Тешебаева кыргыз мамлекеттик медициналык институтун 1985-жылы аяктап, колуна жогорку билимдүү дарыгер деген адистик жазылган дипломун алганда биринчи эмгек жолун Токтогул райондук ооруканадан баштаганда кайсыл бир жылы өзүнүн алгачкы эмгектик тушоосун кескен бул саламаттыкты сактоо жайын жетектеп каларын балким ойлогон эместир. Ошондо эле, өз ишине тың, жөндөмдүү кадр экендиги анын жасаган жумушунан эле байкалган. Анан мындагы жаштар аны комсомол уюмунун катчылыгына шайлап алышкан, көп өтпөй Коммунисттик партиянын катарына да кабыл алынган. Иштеп, такшала баштаган жаш кадрдын өз ишине тыкан, жөндөмдүү экендигин байкашкан жетекчилер аны Совет совхозунун айылдык ооруканасына башкы дарыгерликке дайындашкан. Ошол кездеги эмгек кадамдары туурасында минтип айтат:

- Жумуш абдан көп, айылдын жашоочуларынын, жаш балдардын, төрөт курагындагы аялдардын ден соолугуна өтө жоопкерчилик менен көңүл бурулуп, ошол кездеги мал чарбасында негизги күч саналган саанчы, малчылардын саламатчылыгын убагында көзөмөлдөн өткөрүп, ар кандай оорулардан алдын алууга чоң маани берүү олуттуу маселе болчу.

Каарманыбыз өлкө ССРдин катмарынан бөлүнө баштаган учурда Таш-Көмүр шаарындагы жарым өткөргүчтөр заводунун эмканасына башкы дарыгер болуп иштегендигин айтат. Ошол кезде эгемендик алып, өз валютабызга ээ болгонубуз менен рублдан сомго өтүп, эмгек маяна 15 сом, ашып барса 20-25 сомду түзгөн. Мындай маяна менен жашоо кечирүү жеңил эмес болчу, анын көптөгөн кесиптештери айлык акысын үй-бүлөсүнө жеткире албай, акыры



жумуштарын таштап кетишти. Бирок, ал жумушун таштаган жок, анткени дарыгер катарында берген анты көкүрөгүнөн кетпей койду. Тетирисинче чыдамкайлык, туруктуулук менен иштеп, улам такшалуунун мектептеринен өтө баштады. Жалал-Абад биргелешкен областтык оорукананын директорунун биринчи орун басары болуп эмгектенген учурлары 2000-2008-жылдарга туш келди. Бул жерде оорулууну дарылоо, клиникалык, уюштуруу иштери боюнча бир топ тажрыйба топтоду. Кийинки жылдары Бишкек шаарынын №5-үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун директорунун дарылоо иштери боюнча орун басары болуп эмгектенди. Андан соң, Чүй областтык медициналык камсыздандыруу фондунда жетекчинин орун басары болуп иштеп жатканда Токтогул аймактык оорукананын директорлук кызматына сынакка катышты. Бул сынак саламатттыкты сактоо министрлигинде башкаруучу кадрларды тандоодогу коррупцияга каршы алгачкы кадамдар болчу.

- Сынак төрт айга чейин узарып, беш турга бөлүнүп, өтө күчтүү талап менен коштолуп, адилеттүү өттү. Бирок, мен бул сынакка катышуу менен өз билим деңгээлимди, уюштуруучулук жөндөмүмдү дагы толуктадым десем болот. Катышуучулардын баарынын программасы бар болчу, себеби барып иштей турган ооруканаы кантип өнүктүрүү керек? деген программа түзүү керек эле. Мен ошол программа менен иш жүргүзөм деген максатым болгон,-дейт Нуржамал Тешебаева.

Ал эң оболу оорукананын абалын бүтүндөй иликтеп көрүп, бул жерде жасай турган жумуштар көп экендигине көзү жетти. Мекемеде иштеген адистердин бир бирине болгон жылуу мамилесин калыптандырып, бир багытта бир максатты көздөө менен биримдикте иштөө зарылдыгы турду. Оорулууларга жылуу-жумшак мамиле кылуу, биринчи жардам көрсөтүүнү жакшыртуу, дары-дармектер менен жетиштүү камсыздоо, оорулууларга берилүүчү та-

мак-аштардын сапатын жакшыртуу, эң башкысы оорукана-да тазалыкка чоң маани берүү керек эле. Бул үчүн жөнө-көй санитардан тартып, ар бир медайым, ар бир дарыгер жана өзүнө чейин ишке болгон жоопкерчилик, талап жогору болуш керек эле. Өжөрлүк менен жасалган аракет жыйын-тыгын бере баштады. Биринчи ирет иш кагаздарын тактап, иретке келтирди. Штат бирдиктерин иштеп, ар бир кыз-маткер менен эмгек келишимин түздү. Кемчиликтер менен жүргүзүлүп келинген дары-дармектерди сатып алууну тар-типке келтирди. Тамак-аштын ассортиментин жакшыртып, норма менен бөлүштүрүлүп, дары-дармек жетиштүү камсыз болуп, оорулуулар үчүн төшөнчүлөр жаңылана баштады. Кызматкерлер ишке жумуш учурунда келип, өз иш ордунда талаптагыдай иштөөгө, эмгек тартибин сактоого үйрөндү. Эң башкысы бири бирине болгон жылуу мамиле, сый-урмат пайда болду.

1973-жылы курулгандан бери бир да ирет капиталдык ре-монт жасалбаган оорукананын ичи-тышын жаңылоо зарыл эле. Көздөгөн максаттарды ишке ашыруу үчүн бюджеттен берилген каражатты үнөмдүү пайдалануу керектигин ал жакшы билет, анткени мамлекеттин бере турган ашыкча каражаты жоктугу белгилүү. Оорукананын аймагы 3 гектар-га чукул аянтты ээлейт, жети бөлүмдөн турат. 3 айылдык филиалы иштейт. Демек, мына ушул жайда жасай турган иштер көп эле.

Акыркы жылдары ооруканада кадрлардын сапаттык кат-марын жакшыруу багытында иш-аракеттер жүрдү, өз ишин жакшы билген, тажрыйбалуу кадрлардан эмгек жамааты куру эмес. Нуржамал Тешебаеванын ойлогон ой, аруу мак-саты оорукананын материалдык техникалык базасын чың-дап, иштин сапатын жакшыртуу, кызматкерлер менен ооруу-луулар үчүн эң мыкты шарт жаратуу тилегинде турду. Анын демилгесин, идеясын колдогон кесиптештери да бар болчу.

Аймактык оорукананын башкы дарыгери Нуржамал Те-



шебаеванын айтымына караганда жер-жерлердеги участ-калык ооруканалардан оор абалда калгандар райондогу төрөт үйүнө жеткирилет. Бир курдай эки жарым литрге чей-ин канын жоготкон 36 жумалык кош бойлуу аялды Терек-Суудан жеткиришти. Ошондо төрөт бөлүмүнүн дарыгер-лери гана эмес Нуржамал Тешебаева үчүн да бул аялдын жана баланын өмүрүн сактап калуу өтө тынчсызданууну пайда кылды. Тиешелүү делген бардык адистер менен бир-ге 15 дарыгер иштеп, баланы операция жасоо менен алуу зарыл болуп, бир эле мезгилде кан берилип, канды алмаш-тыруучу суюктуктар да куюлуп, өмүр менен өлүмдүн орто-сундагы арбашуу бир топко созулду.

- Ошол учурда телефон аркылуу Бишкектен адистер менен кеңеш алып да жаттык, операция бир жарым саат-ка созулду. Жоготкон кандын ордун толуктоо үчүн үч эсе кан куюш керек, бул аялга 7 литр кан куюлду. Бул Астра Байсалбекованын экинчи төрөтү болчу, ошентип эненин да, анын жарыкчылыкка келген уулунун да өмүрүн сактап калдык,-деп белгилейт Нуржамал Тешебаева.

Ошол күнү Астра Байсалбекова наристесин өз бооруна кысып, энелик мээримге балкып турган калыбында баласы экөөнө өмүр берген дарыгерлерге чын пейилден ыраазы-чылыгын айтты.

Хирургия бөлүмүндөгү өзгөрүүлөрдү да өз көзүбүз ме-нен көрдүк. Операциялык блок кайра реконструкцияланып, оңдолуп, заманбап шарт жаратылып, керектүү болгон опе-рациялык столдон тартып, медициналык жабдуулар менен толукталган. Ошонун негизинде чоңдор жана балдар үчүн операциялык эки бөлмө пайда болду.Токтогул району Ош-Бишкек жолунун дал ортосунда жайгашып, жолго жакын болгондуктан, жол кырсыгына туш болгондор көбүрөөк кат-талып, аталган бөлүмгө келип түшөт. Мындай кырдаалдар убакыт ылгабайт. Түн ортосундабы, же таң агарып ата элек-пи, кайсыл учурда болбосун адам өмүрү менен кармашкан

кырдаалдар көп кездешет.

Жалпы бөлүмдүн оорулуулардын саламатчылыгы үчүн күрөшүүдөгү талыкпаган эмгеги ийгилик менен коштолгон учурлар көп. Оорукананын жетекчилигинин бөлүмдөр арасында атайын сынактарды уюштуруп, дарыгерлер менен медайымдардын жумушка болгон кызыгууларын арттыруу максатында өткөрүп турган иш-чараларынын көбүрөөк кайталанышы да буга себеп.

Ооруканада эмгектенген кызматкерлердин 82 пайызга жакынын, 28 дарыгердин 70 пайызын аялдар түзөт. 21 дарыгер менен медайым саламаттыкты сактоонун мыктысы болсо, бир дарыгер айым «КРнын эмгек сиңирген дарыгери» наамына татыктуу болгон. Мына ушул наамдын ээси Сымыракан Айтназарова оорукананын статистика бөлүмүн жетектейт. Адистиги балдар дарыгери, медицина жаатында эмгектенгенине 44 жылдын жүзү болгон, 12 жылдан бери аталган бөлүмдү башкарып келет. Өз билимин жана тажрыйбасын саламаттыкты сактоо тармагына арнап келаткан бул аялзатынын турмуштук да, эмгектик да зор тажрыйбасы бар, эмгек сиңирген наамга ал өзүнүн чыныгы эмгеги аркылуу жетишкен.

Токтогул району боюнча жападан жалгыз спидлабораториясы оорукананын бир бөлүмү катарында эсептелет. Бул бөлүм 2009-2013-жылдардын аралыгында атайын долбоор менен иштеп, немецтик өнүктүрүү банкы аркылуу керектүү болгон заманбап жабдуулар менен жабдылган. Электр жарыгы өчүрүлгөн учурда лабораториянын иши үзгүлтүккө учурабашы үчүн генератордон бери сатып беришкен. Бөлүмдү 36 жылдан бери саламаттыкты сактоо жаатында эмгектенип келаткан «КРнын саламаттыкты сактоосунун мыктысы» Бусайра Көксариева 2004-жылдан тартып жетектейт. Райондук, областтык мамлекеттик администрациялардын, областтык саламаттыкты сактоо башкармасынын, республикалык саламаттыкты сактоо министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.



Клиникалык-биологиялык лаборатория оорукананын бир бөлүмү катарында эсептелет. Бул жерде бир дарыгер-лаборант,4 фельдшер-лаборанттар иштешет. Бардыгы жогорку категориядагы адистер. Дарыгер-лаборант Клара Өмүрсакова менен улуу фельдшер лаборант « КРнын саламаттыкты сактоосунун мыктысы» төш белгиси менен сыйланышкан. Бөлүмдө биохимиялык анализдердин отузга жакын түрлөрү жасалат, мындан тышкары бир топ изилдөөлөр жүргүзүлөт.

Физиотерапиялык бөлүмдө 2011-жылдан баштап, биринчи категориядагы дарыгер физиотерапевт Алмакан Султанбаева жана 2 медайым, бир укалоочу адис эмгектенет. Медайым Асылбү Жумалиева жогорку категориядагы адис. Бөлүм аркылуу физиодарылоонун бардык түрлөрү жасалат, бул багытта керектүү жабдуулардын баары жетиштүү камсыздалган.

Керектүү азык-түлүктөрдү тендер аркылуу сатып алышат, ал эми күн сайын оорукананын ашканасында ысык токочторду өздөрү жасап беришет. Оорулуулар үчүн үйүнөн тамак алып келүүгө тыюу салынган, алар бир гана оорукананын ашканасынын ашпозчулары жасаган тамагын ичишет. Анткени, оорулуулардын тамак-аштарынын ассортименти жана сапаты жакшыртыла баштап, оорулуулардан дооматтар айтылбай келет. Күн сайын кошумчасы менен төрт маал, андан үч маалында ысык тамак берилет. Мурда ар бир оорулууга күнүнө тамак-ашына 30 сом белгиленген болсо, азыр 70 сомдон ашат, бул да болсо бир кыйла өсүш.

Медициналык калдыктарды жараксыздандыруу жайына Швецария өкмөтү аркылуу Швецариялык Кызыл ай коому колдоо көрсөтүп келет. Бул жайда 40 жылдан бери эмгектенип келаткан Салтанат Мамырованын айтымына караганда калдыктар күйгүзүлүп, жараксыздандырылгандан соң, Кара-Көл шаарындагы Достук заводуна жөнөтүлөт.

Мурда оорулуулар үйлөрүнөн өздөрүнүн шейшептери менен келишсе, жогоруда айтылгандай жаңы жетекчилик бардык бөлүмдөрдү жууркан-шейшептер менен жетиштүү санда камсыздандыруу максатында негизинен баарын үч ирет айлана тургандай жаңылай баштады. Оорулуу айыгып чыккандан кийин колдонулган шейшептер кир жуучу жайда жуулуп-тазаланат. Эми бир да оорулуу үйүнөн жууркан, же шейшеп ала келбейт.

Көп жумуштар бюджеттин эсебинен жасалган. Жумшала турган ар бир каражатты сарамжалдуу пайдалануунун негизинде өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрү менен жогоруда айтылгандай операциялык блокту, жугуштуу оорулар бөлүмүн, лабораторияны, судмедэкспертиза бөлүмдөрүн жана башка бир топ жайларды ремонттоп алышты. Оорукананын кире бериши да кайра реконструкцияланды. Кир жуучу жайдын чатыры оңдолду, бардык бөлүмдөр акталып, сырдалып, тартипке келтирилди. Эшиктер, орундуктар, таштанды таштоочу жайларга чейин оңдоп-түзөлүп, жаңылары менен алмаштырылып, оорукананын сыртына түнкү жарыктар коюлду. Оорукананын жылытуу системалары кайра жаңыланып, кышында бөлмөлөрдүн жылытылышына шарт түзүлдү.Айыл аймактары тарабынан оорукананын жер-жерлердеги бөлүмдөрүнүн жайларын ремонттоо иштери да жүрдү. Жаз келгенде бак-дарактардын куураган шактары кыркылып, айланасына гүлдөр олтургузулуп, оорулуулар ден соолугун чыңдап, эс ала турган жагымдуу жайга айландырылды. Оорукананын короосунан тартып, айланасы, ар бир бөлмөсүнө чейин тазалык, ирееттүүлүк болуп, жагымдуу маанай орноду.

Оорукананын башкы дарыгери Нуржамал Тешебаеванын жетекчилик уюштуруучулук жана ишмердүүлүк аракети менен бюджеттин эсебинен оорукананын материалдык-техникалык базасы улам чыңдалып, оорулуулар жана эмгек жамааты үчүн заманбап, жакшы шарттар жаралып,



өзгөрүүлөр жаралып жаткандыгына күбө болдук. Тактап айтканда «Арман-9» деп аталган цифралык-касеталык портативдик рентген жабдуусу, ал эми калган бөлүмдөргө гинекологиялык орундук, портативдик кислород берүүчү концентраттарды, кардиомониторлорун, кайра жандандыруу бөлүмү үчүн функционалдык керебет сыяктуу бир катар медициналык жабдууларды сатып алышты. Айрым иштебей тургандарын кайра оңдотуп чыгышты. Эң башкысы иштетүүгө жараксыз абалга келген жабдыктарды сатуу менен атайын эсепке түшкөн каражат аркылуу «Хонда-Одиссей» маркасындагы жаңы авто унаа менен камсыз болушту. Иштетилбей керектен чыкканы мындай турсун, ушул тапта бүтүнүн да соодалап, өз капчыгын кампайткандарды угуп-билип жүрөбүз го, ушундай чакта жараксыз тетиктер менен унааларды сатып, оорукананын эсебинен жаңы унаалуу болушканына райондон тартып, борборго чейин таң калгандар болушту.

Дарылануугa келишкен карылар, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, жаш балдар акысыз дарыланышат. Акы төлөп дарылоочу бөлмөлөр да уюшурулганы менен бар болгону 150 сом төлөнөт. Негизинен оорулууларга дары-дармектер оорукананын эсебинен берилет.

Эмгек жамаатында жагымдуу маанайды пайда кылып, бири-бирине урматтоо сезимин калыптандырууда жетекчилик тарабынан кез-кезде бөлүмдөрдүн, дарыгерлердин, медайымдардын, кала берсе чарба кызматкерлеринин мыктыларын аныктоо максатында өткөрүп жаткан сынактары буга негизги өбөлгө болуп саналат. Жайкы учурда дем алыш күндөрүндө чогуу барып эс алуу үчүн иш-чараларды да уюштуруп турушат. Медицина кызматкерлеринин майрамына карата 52 кызматкер «Манас Ордо» эс алуу жайына барып, дем алып келиши да буга мисал.

Кадрлардын жетишпестиги да орун алып келген, жакында эле алардын орду хирург-уролог, акушер-гнеколог

дарыгерлери менен толукталды. 2014-жылы 8 дарыгер,14 медайым, 2015-жылдын биринчи кварталында 15 медайым, 7 дарыгер кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу үчүн атайын окуу-семинарлардан өтүштү. Мындай окутуулар дале улантылып келет. Швецариялык Кызыл ай коому тарабынан жол кырсыгына кабылып, оор жаракат алган учурда жардам берүү ыкмалары боюнча окуп-үйрөнүштү. ЮНИСЕФ тарабынан «Аялдарды төрөттөн кабылдоосуна биринчи жардам берүү ыкмалары» боюнча май айынын башталышында атайын окуулардан өтүштү. Анткени, тажрыйбасына, билимине карабастан, ар бир саламаттыкты сактоо кызматкери замандын шартына жараша окуп, жаңыланып турушу абзел,- дейт Нуржамал Тешебаева.

Эми алдыда ЮНИСЕФ тарабынан төрөт бөлүмүнүн төрөт залдарын, көрүү бөлмөлөрүн, жаңы төрөлгөн ымыркайларды жандандыруу палаталарын, санитардык бөлмөлөргө чейин ремонттоо пландаштырылган.


Мына ушундай жемиштүү иштердин жыйынтыгы менен аймактык оорукана медициналык аккредитациядан ийгиликтүү өттү. Ошентип, оорукананын жетекчилиги ишти бир нукка салып, тамак-аштан тартып, дары-дармек, медициналык жабдууларга чейин тендер аркылуу өз тартиби менен сатып алууну жолго коюп алышты. Оорулуларга жана иштеген адистерге зарыл болгон шарт түзүлүп, материалдык техникалык база бир кыйла жакшырды. Эң башкысы оорукананын ак халатчандарынын ортосунда ынтымак, бирин бири урматтоо, түшүнүүчүлүк сезими пайда болду. Райондун карапайым адамдары «Нуржамал Таштановна жетекчиликке келгенден бери ооруакана чыныгы ооруканадай болуп жаңыланып калды», дешип, анын эмгегин анын эмгегин баалап жатышкандыгы чындык.



## Аксы району



*Эмгек ардагери Гүлбадат Жанузакова жолдошу Эмилбек Байышов менен.*






*Юридика илимдеринин кандидаты, доцент Назира Колсариева кесиптештери менен.*







*Билим саяпкери Сүйүн Кенжебаева үй бүлөсү менен.*







*Ш.Тойматов атындагы №7-«Иринжит» орто мектебинин мугалими Инабат Ормонкулованын эмгек жолунан ирмемдер.*







*Сооронбаева Гүлжакан Райышбековна*

*Каарманыбыздын өмүр жана эмгек таржымалын баяндаган сүрөттөр.*







*Мезгилдин татыктуу айымы, ишкер Роза Турдалиева айыл башчылары жана кыздары, ошондой эле күйө балдары, абысындары, неберелери менен.*









*Эмгек ардагери, "Баатыр эне" Майрамкан Тойматова.*





*Өзүнүн көп жылдык үзүрдүү эмгегин келечек муундарына билим жана тарбия берүүгө арнап келген, дасыккан кесип ээси, эмгек ардагери Бурулжан Мырзаназарова.*





***А. Осмонбеков атындагы орто мектептин мугалими Мыскал Эшалиева жакындары менен.***









***Ала-Бука районундагы Ак-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан кесиптик лицейдин директору Зулайка Кулбаева үй-бүлөсү менен.***







*Ала-Бука районундагы Ак-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан кесиптик лицейдин директору Зулайка Кулбаева үй-бүлөсү жана жакындары менен.*







# Базар Коргон району

*Базар-Коргон райондук электр тармактар ишканасынын башчысы Жолборс Парманов үй-бүлөсү менен.*













*Алишер Навои атындагы орто мектептин директору, "КРнын эмгек сиңирген мугалими Мамасалы Кадиров жетектеген мектепте.*



*Райондук оорукананын директору, "Саламаттыкты сактоонун мыктысы" Замирбек Мурзабеков үй-бүлөсү менен.*







***Райондук мамкаттоо башкармасынын жетекчиси, Кыргыз Республикасынын «Каттоо кызматынын отличниги» төш белгиси ээси Эмил Тарыхчиев жана анын үй-бүлөсү.***







***Тажрыйбалуу тиш дарыгери Нуркан Парпиева жолдошу жана балдары, неберелери менен.***






# Жалал-Абад шаары

***КРнын өкмөтүнө караштуу Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Акматов Мамасалы Такабаевичтин үй-бүлөлүк жана эмгектик ишмердүүлүгүн баяндаган сүрөттөр.***












*Акматов Мамасалы Такабаевичтин үй-бүлөсү.*









***Акматов Мамасалы Такабаевич өзү урматтаган инсандар менен.***











***«Инсандын көз ирмеминдеги таржымалдар» баянынын каармапы областтык архивдин***



***башчысы, КРнын “Маданиятына эмгек сиңирген ишмери” Максуталы Кочоков үй-бүлөсү менен.***



Мурда кан куюу станциясынын башкы дарыгери болуп эмгектенген Курбаналы Максытбеков(оңдо) облостык кан борборунун директору Салайдин Мусаев менен.




Областык кан борборунун директору Салайдин Мусаев үй-бүлөсү менен.








Салайдин Мусаевтин турмушундагы ирмемдер.





*«Уул-кыздарым бактылуу болсо дейм» баянынын каарманы- областтык үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда кеңеш берүү бөлүмүнүн терапевт-дарыгери Саламат Мусаева үй-бүлөсү менен.*












*«Өмүр сакчысы» баянынын каарманы Жалал-Абад бирикккен ооруканасынын жугуштуу оорулар бөлүмүнүн башчысы Гүлнара Жээналиева жана анын үй-бүлөсү.*






Жеке медициналык борбордун жетекчиси Алтынай Эрназарованын үй-бүлөлүк жана эмгектик ийгилигин чагылдырган сүрөттөр.







Жалал-Абад мамлекеттик универститетинин кафедра башчысы Жылдыз Аванова (ортодо) жакындары менен.





ЖАМУнун окутуучусу Айжамал Төрөбекова апасы жана жолдошу менен.





*Ишкер Мирлан Тумановдун эмгектик ишмердүүлүгүн чагылдырган сүрөттөр.*





*Жалал-Абад шаардык жылуулук камсыздоо мекемесинин башкы эсепчиси Гүлбара Даниярова уул кыздары жана неберелери менен.*



*Жолдошу менен.*



***Гүлбара Даниярова кесиптештери менен.***




***Жакындары менен.***







***Гүлбара Даниярованын жашоосундагы мындай кубанычтуу күндөр аз эмес.***



***Шаардык мэриясынын алдында жергиликтүү салык-тар жана төлөмдөр башкармалыгынын башчысы Абыда Кочкорова кесиптештери менен.***











***«Кыргызпочтасынын» областтык башкармалыгынын башкы эсепчиси Акылай Карабаеванын үй-бүлөсү.***



## Кара-Көл



*Ардагер мугалим Каникей Акимова үй-бүлөсү жана жакындары менен.*







*Балдар бакчасынын башчысы Раткан Джайлообаева, экс президент Роза Отунбаева менен.*

*Раткан Джайлообаева, кесиптештери жана балдар менен.*










Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Дамира Кожошова кесиптештери менен.





## Ноокен району



Ноокен райондук аймактык ооруканaнын башкы даригери Шамшидин Абдрешов үй-бүлөсү менен.

Момбеков айылдык кеңешинин депутаты Жамила Сейитова кызы менен.





*Эмгек ардагери Адина Салимова үй-бүлөсү менен.*









*Кытайдын Кочкор-Ата шаарындагы «ТенИ» нефть-газ компаниясында башкы эсепчи Жаңыл Култаева үй-бүлөсү, жакындары менен.*





Жаңыл Култаева үй-бүлөсү менен.



Кызыктуу ирмемден.





## Сузак району

Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Маматов Абдумуктар Темирбекович үй-бүлөсү менен.





Талып Муратов атындагы орто мектептин директору Диларам Дүйшеева үй-бүлөсү менен.







***Диларам Дүйшеева үй-бүлөсү менен.***



## Тогуз-Торо району



***Тогуз-Торо районунан чебер уз Зулайка Жумалиеванын үй-бүлөсү жана анын иш учуру.***















***Ишкер Азисбек Жаныкеевдин жашоосундагы унутулгус ирмемдер.***





***Эмгек ардагери Машырап Кашкариеванын үй-бүлөсү жана кесиптештери.***











***Ишкер айым Мээрбү Өмүрова уул-кыздары жана неберелери менен.***









***Райондук сугат тармактар мекемесинин жетекчиси Азамат Райимбердиев эмгек жамааты менен.***



## Токтогул району




Баатыр эне Гүлүйпахан Дубанаева жолдошу Гүлчоро ата жана уул-кыздары, неберелери менен.





Гүлүйпахан Дубанаева жолдошу Гүлчоро ата неберeси менен.



«РСК банктын» райондук бөлүмүнүн жетекчиси Жаңылмырза Ашыралиева.



***"Кыргыз почтасынын" Токтогул райондук филиалынын башкы эсепчиси(оңдон экинчи) Алмакан Куланбаева кесиптештери менен.***







***Токтогул шаардык кеңешинин депутаты Майрамкан Ондошованын турмушундагы унутулгус ирмемдер.***







***Райондук медико-социалдык эксперттик комиссиясынын төрайымы, райондук аялдар кеңешинин төрайымы Раманкулова Элмира Сыргатаевна үй-бүлөсү жана аялдар кеңешинин мүчөлөрү менен.***









***Токтогул райондук аймактык ооруканасынын башкы дарыгери Тешебаева Нуржамал Таштановна***









Эмгек
ардагери
Зина
Касымбаеванын
үй-бүлөсү.






## Шамалды-Сай шаарчасы



Ишкер
Талант
Тыныбеков
үй-бүлөсү менен.











***Ишкер Эркин Турганбаев үй-бүлөсү менен.***



# Соңку сөз

*Бу тирүүлүктө баарыбыз, ким гана болбойлу, байбызбы, кедейбизби, кызматтабызбы, жумушсузбу, баары бир келип кеткен конок экенбиз. Көр тирилик деп, анан байлык топтойбуз деп, акчанын артынан сая түшүү менен өткөрүп, же кызмат талашып жүрүп, убакыттын баарын уттуруп жиберип, анан эле бир күнү ошол байлыктардын баары насип этпей, эки метр жер менен эки метр кездемеге ээ болуп, кете берет экенбиз. Көрсө жарыкчылыкка кандай келсек, ошол калыпта жылаңач бойдон оо дүйнө кезет турбайбызбы. Муну ойлоп да койбойбуз. Бу дүйнөгө тирөөч болчуудай өзүбүзгө гана эмес, баладан, неберелерге, андан аркы урпактарга жетчүүдөй байлык топтоп жатпайбызбы. А экинчи жактан дале болсо турмуштан кыйналган, жан дүйнөсү жабыркаган адамдар да бар. Аларды баарыбыз эле ойлой бербейбиз.*

*Мурда бай-кедей болгонун тарыхтан жакшы билебиз. Азыр да элдин катмары бай-кедей болуп , бөлүнө баштагандыгы жашыруун эмес. Хадистерде мындайча айтылат:*

*« Бир жолу Пайгамбарыбыз Мухаммад саллоллоху алайхи ва салам мечитте өз сахабаларынын курчоосунда олтурган кезде эски кийимчен жакыр мусулман кирди да, ислам салтына ылайык ( ким жыйналышка келген болсо, ал өз даражасына жараша орун берилишин күтпөстөн бош орунга барып олтуруусу керек) айланасын каранып, бош орун таап, ошол жерге барып олтурду. Ал атайылап эмес ( жөн эле туура келгенден улам), өзүнүн ал жерге олтурушун жактырбаганы ( көзүнөн, жүзүнөн) ачык билинип турган бир байдын жанына олтурган эле. Бай этектерин кагынып, кедей мусулмандан алысыраак жылып отурду. Аны байкаган пайгамбарыбыз Мухаммад ( саллоллоху алайхи ва саллам): « Сен эмне, анын кедейлигинин бир бөлүгү мага жугуп калат деп коркуп жатасыңбы»,--*

деди эле ал: «Жок, о Аллахтын элчиси», -деп жооп берди. Пайгамбарыбыз Мухаммад ( саллоллоху алайхи ва саллам): « Сен анын тийип кетүүсүнөн «кийимим кир болуп калат» деп чочуладыңбы?», -деди. Ал: «Жок, о Аллахтын элчиси»,-деп жооп берди. Пайгамбарыбыз Мухаммад ( саллоллоху алайхи ва саллам): «Анда сен эмне үчүн андан качуу менен ага адилетсиз мамиле кылдың?», -деди эле ал: «О Аллахтын элчиси ( саллоллоху алайхи ва саллам), мен күнөө кылганымды мойнума алам жана кетирген катачылыгымды оңдоо жана жасаган күнөөмдөн арылуу үчүн бул кедей мусулман тууганыма байлыгымдын жарымын сунуш кылууга даярмын»,- деди.

Муну уккан кедей ( дароо) : « О Аллахтын элчиси, ( саллоллоху алайхи ва саллам), мен мындай сунушту кабыл алууга даяр эмесмин»,-деди. Пайгамбарыбыз Мухаммад ( саллоллоху алайхи ва саллам): « Эмне үчүн?»,- деп сурады эле тигил: « Мен байлыктын таасири менен өзүмчүл, текебер болуп калгым жана бул адам мага жасагандай мамилени качандыр бир кезде башка бир мусулман туугандарыма жасагым келбейт»,- деп жооп берди».

Мына ушундан улам азыр биз Курандан окуп, анын мазмунун түшүнө билип жүрсөк мына ушундай кырдаалдарда адам баласы ал ким гана болбосун бирдей экендигин баамдайбыз. Себеби, бул дүйнөдө байлыгыбызыга, бийлигибизге карата бири-бирибизден айырмабыз бар деп түшүнсөк да, баары бир тиги дүйнөгө барганда бирдей экендигибизди унутпашыбыз абзел.

Биздин мурдагы китептин каармандарынын бири турциялык атуулдарды мисалга келтириптир. Анын айтымында ал жерде болгону үч-төрт бөлмөлүү үйлөрдө жашаган жөнөкөй адамдар эле өз үй-бүлөсүнүн күнүмдүк жашоосунан ашкан каражатын соопчулук иш үчүн жумшашат экен. Үйү жокторго ортодо каражат топтошуп үй алууга жана ушул сыяктуу көйгөйлүү маселелерин чеч-



үүгө жардам беришет тура. Анан алардын жеткен бактысын карап туруп кубанышат экен. Куранда да ушул маанидө айтылат. Өзүңдөн, балдарыңдан ашканын зекет берүү керек. А бизде көпчүлүгүбүздүн ошол Турциялыктардай үч, төрт бөлмө үйүбүз, кала берсе жакшы кызматыбыз, чет элдик автоунаабыз бар туруп да кедейбиз дейбиз. Ал эми байлыгы ашкан байлардын баары эле соопчулук иштерди жасай беришпейт, жасагандары да ар жыйындарда кайталап, мактанып айтышат, мусулманчылыкта көңүлдөн чыгарылып жасалган иштер ичиңде калышы керек, аны Алла Талаа өзү билип турат дешет.

Бирок, баары бирдей эмес экен. Анткени, биздин каармандарыбыздын арасында муктаж адамдарга жардамын берип, колдоо көрсөтүп, инсандыктын парзын өтөп жатышкандар да бар экен. Алла Талаа да бергенге берет дегендей алар башкаларга канчалык жардам берип жатышса, аларга да кудайым берчүүсүн берип жатыптыр. Ошону менен бирге алар кызмат өтөшкөн чыныгы инсандар экен.

Азыр көпчүлүк адамдар бай боллууну каалашат. Бирок, айрымдары баюунун жолун таба алышпайт.

«Бай болуу абдан оңой, эгерде бул жашоо-турмуштун руханий сырларын түшүнгөн болсо, ар бир эле адам бай боло алат. Эгерде адам бай болсо, артынан пайда алам, кайтарымы болот деп ойлонбостон жакшылык кыла алат. Бирок адамдын курсагы ток, жакындары камсыздалган болуш керек, ошондо ал руханий иштерди аткара алат, анын үй-бүлөсү муктаждыктан кыйналбайт.

Бай болуу абдан оңой. Өзүңдүн 20 каалооңдун 19унан баш тартышың керек. Эмне үчүн адам кедей бойдон калат, себеби ал каалоолоруна «жок» дей албайт. Адамдын каалоосу абдан көп болот. Алар жашоо- турмушубузда көптөгөн көйгөйлөрдү, түйшүктөрдү жаратып, «колго түшүрүп алат». Адам өзү түзүп алган ошол көйгөйлөрдү чечүүгө бүт өмүрүн арнайт да, талантын, жөндөмүн

*жүзөгө ашырууга үлгүрбөй бул дүйнө менен кош айтышып кете берет. Жөн гана убактысы жетпей калат, ал эми мындай жагдайда бактылуу жашоо жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес.*

*Өмүрүнүн эң сонун минуталары күнүмдүк түйшүктөргө жумшалат. Бир багытты тандап алып, ошол боюнча гана аракеттенүү, эмгектенүү керек. Ошондо сиз эле бай жана белгилүү адамга айланасыз. Сиз байлыкка да, ден соолукка да ээ болосуз.*

*Мисалы, белгилүү фигурист, спортчу жана музыкант кантип ийгиликке жетишет? Ал убактысын бошко кетирбейт, ал 9 жаштан 19 жашка чейин- бүтүндөй он жыл дайыма машыгат. Анан Олимпиадалык оюндардын чемпиону болот. Караңыз, ал бала кезинде эмне менен алектенди? Пирожки жеп олтура берген жок, киного да барбады, компьютер тиктеп ашыкча отурган жок. Бош убактысында футбол же хоккей ойноду, пианинодо музыкалык көнүгүүлөрдү кайталады.*

*Өнүкпөгөн эле шаарчада жашады, бирок дүйнөгө белгилүү болду. Себеби ал таланттуу, ал эми талант- бул клавишаларды басуу эмес, өз каалоосуна «жок» деп айта алуу. Ал бир гана иш менен алектенди, ошондуктан азыр жакшы жашап, жакшы кийимдерди кийип жүрөт, эч кандай муктаждыгы жок.*

*Тандоо- бул адам турмушундагы эң башкы нерсе, ал эми андан ары сен тандап алган сценарий боюнча жүрүп отурат. Сен муну түшүнөсүңбү же жокпу-ал маанилүү эмес. Эң башкысы бир гана ишенимдүүлүктү тандап алып, ошол боюнча эң белгилүү кесипкөй адис болууга умтулуу керек жана өзүңдөн баштооң зарыл, ошондо дүйнө сен кандай көргүң келсе, ошондой болот.*

*Ийгиликтүү адамдардын, окумуштулардын, философтордун, мисалы, Конфуций, Эйнштейн, Лао Цзы жана башкалардын эмгектерин окуп-үйрөнүү боюнча кээ ийгиликтүү адамдардын эң сонун ыкмасы бар. «Бул ыкма менин*



*көзүмдү ачты, себеби ошол адамдар ээ боллгон акылмандуулуктун сырларын үйрөнүүнүн, таанып-билүүнүн жана түшүнүүнүн жаңы жолун таап берди,-дешет алар.*

*Чынын айтсам бул ыкманы билгенден бери бир апта өттү, мен аны иш жүзүндө колдоно баштадым эле жакшы натыйжаларды бере баштады. Көрсө, даанышмандардын жана окумуштуулардын эмгектери менен философиялык сөздөрүн гана эмес, алардын өмүр жолун да көңүл коюу менен окуп чыгыш керек экен. Алардын кандай жашагандыгын, эмне менен алектенгендигин, эмнелерди окугандыгын, улуу ачылыштарды жасоого же акылмандуулукка эмне алып келгендигин үйрөнүү зарыл. Башкача айтканда, алар басып өткөн жолду билишибиз керек жана алар даанышмандыктын булагын кантип тапкандыгын, ишмердүүлүгүнүн себеби эмне экендигин аларды окуп-үйрөнүү мүмкүнбү-ушулардын баарын түшүнүү талап кылынат» ( Саидмурод Давлатов.«Менин гениалдуу балам»).*

*Бул китептин каармандары өтө эле аша чапкан бай адамдар эмес. Бирок, өз жашоолорун бешене тери, ак эмгеги, акыл-эси менен түптөгөндөр.*

*Адам баласы артына из калтыруу элге кандайдыр бир пайдалуу иш жасоо керек тура. Биз башында жазгандай жөргө дарак олтургузган багбан да кийинкиге из калтыра алат экен. Анткени, анын артында « баланчанын багы» деген кеп калат. Ал эми биздин каармандарыбыз өз эмгеги менен элге жана мамлекетке кызмат кылышкан татыктуу инсандар. Из калтыруу үчүн сөзсүз эле өлкөбүздө чоң бир ачылыш, же өзгөрүү жасап жиберүү эмес, өзүнүн аткарган жумушунда таза жана ак ниет менен эмгектенүү.*

*Бул китептин каармандарынын көпчүлүгү жөпжөнөкөй адамдар, бирок, алардын басып өткөн өмүр жана эмгек таржымалы тууралуу сөз кылсак, кайталангыс мисалдар көп. Алардын жетишкен жана жетишип жаткан ийгиликтери бир гана өздөрү үчүн эмес, өздөрү жашап жаткан айылы, аймагы, өлкөсү үчүн жасалган улуу эмтектин*

*жыйынтыгы.*

*Менчиктештирүү саясатынын шылтоосу менен өлкөбүздө канчалаган чимновниктер барды талкалап, талап-тоноп жок кылышса, биздин каармандардын көпчүлүгү мына ушундай жагымсыз аракеттерге жол бербей көпчүлүк жайларды сактап калууга умтулган, ал гана эмес ошол жерде иш орундарын уюштуруп, элин багып жаткан инсандар. Анан кантип, алар туурасында жылуу кеп кылбай коесуз. Эгерде бул китепти барактап, ошол адамдардын жасаган иштери туурасында маалымат алышса, алардын иш-аракеттери, жаңы жашоого болгон умтулуу, баалуу көз караштарынан үйрөнүүгө да болоор эле.*

*Мына ушул китептин шарапаты менен биз билген тааныш инсандардын катарында мурда таанылбаган, бирок өз аймагында таанымал болуп калышкан адамдарды таптык. Алар менен баарлашып, иштерине күбө болуп олтуруп, бир катарынын көз караштарынын байып, тажрыйбасы артып, билим деңгээли жогорулугун байкадык. Мамлекет жумуш берет дебей өздөрүнө да, башкаларга да иш орунун таап, тетирисинче казынага каражат төлөмдөрүн төлөп да жатышыптыр.*

*Аксы районунда башка аймактарга салыштырмалуу аялдардын активдүүлүгү байкалат. Ошолордун бири Роза айымдын элге иштеп берсем деген арзуу - үмүтү, жаңылык жаратууга демилгеси кубандырды. Ала-Букадан Зулайка Кулбаеванын бир кезде көрүнүктүү айымдарыбыздын бири Айчүрөк Балтагулова сактап калган кесиптик лицейде анын эмгек жолун улантып, окуу жайын жаңылоого болгон аракеттери сезимге жылуу ойлорду пайда кылып, мындай аялдарыбыздын катары арбын болсо, татыктуу кадрларды тарбиялоодогу аракеттерибиз батыраак жемишин берээр эле деген ойлорго кабылдык.*

*Базар-Коргон районунан бир катар татыктуу инсандарды каарман катарында тандап алдык. Алсак, райондук электр тармактар ишканасынын башчысы Жолборс Парманов, райондук оорукананын башкы дарыгери Замир Мурзабековдордун эмгегин эмне үчүн айтып кетүүгө болбойт.*

*Калыстык үчүн айтып коелу Жалал-Абад областынын борбору архитектуралык жана коздук жагынан да өсүп-өнүгүп баратат. Буга дейре канча жетекчилер иштеп кетишти. Албетте, алардын ар биринин шаар үчүн жасаган эмгеги болгон, аны тарых да тастыктайт. Бирок, өлкөбүздөгү оюш-кыйыш мезгилде ошол кырдаалдардын шарапаты менен калаа башчысынын орундугуна олтуруп алышканы менен жарытылуу иш жасабагандары да болгон. Иштеп-иштебей жатып, мен жасадым деп төшүн каккандар да бар эле. Мына, Салайдин Авазов шаар башчылыгына келгенден тартып, алгачкы күндөн эле, шаар өзгөрүүгө дуушар боло баштады. Көз тийбесин дейли, Жолдор оңдолуп, көчөлөр тартипке келтирилип жатат. Союз учурунан бери жарытылуу асфальт басылбай, өнгүл-дөңгүл, ойдуң-чуңкурлардан үйкусураган айдоочуларды ойгото салган, көчөлөр оңдолуп, зымырап эле калды. Андан башка да, жасалган иштер бир топ. И баса шаардын таза суу трубаларын жаңылоо да аяктагады турат. Курманбек спорт аянтчасы 35 миллион сомдон ашык каражат сарпталып, заманбап болуп, жаңыланып, жаркырап гана калды. Каарманыбыздын айтымына караганда буюрса жасай турган иштер дагы бир топ бар.*

*Бул китепте Ноокендик каармандарыбыз да бар, алардын ар бири туурасында да алыбыздын жетишинче сөз кылдык. Райондук оорукананын башкы дарыгери Шамшидин Абдрешовдун эмгеги туурасында саймедиреп берчү болсок өзүнчө узун сабак. Шамалды- Сай шаарчасынан элге жумуш орун түзүп жергиликтүү бюджетке бараандуу салым кошуп жатышкан Талантбек Тыныбеков менен Эркин Турганбаевдердин эмгеги бөтөнчө сөз кылууга жарашат. Алар мындан кийин да жаңы өндүрүштүк кубат-*

*туулуктарды ишке киргизүү багытында максат кылып жатышыптыр. Буюрса алардын эмгегин кийин да кенен-кесири кеп кыла турган учурлар болот. Жер-жерлерде мына ушундай кыргыздын мырза жигиттери бар экендиги кубандырды. Тогуз-Торо районунан Азисбек Жаныкеев деген элдин уулунунун жасап жаткан иштери тууурасында райондун аймагында аңыз кеп. Райондун жетекчилеринен тартып, карапайым элге чейин аны жакшы билишет. Анткени, бул жигит мүмкүнчүлүгү чектелген жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө дайыма колдоосун көрсөтүп келет. Ал гана эмес, райондогу мектепке 2 миллион сомго чукул акча каражатын сарптап, заманбап шарты менен жаңы спорт аянтчасын куруп бергендигин көрдүк. Мындан тышкары аталган райондон Азамат Райымкулов, Өмөр Дөөлөтов, Мээрбү Өмүрова, Зулайка Жумалиева эже сыяктуу инсандар да биздин китептин каармандары болушту. Ал эми Кара-Көл шаарында да билим берүү тармагында эмгектенип жатышкан татыктуу инсандардын эмгегине күбө болсо, Токтогул районунда мезгилдин агымынан албаган бир чети эмгекчил, анан да иштин көзүн билген чыныгы адистерге туш болуп, алар тууурасында да жылуу кеп кылдык. Арасында мурда эң мыкты иштеп, эс алууга чыккан кадыр-барктуу адамдар бар. Көп жылдан бери өз кесибин аркалап, коомдук иш катарында аялдар кеңешин жетектеп келаткан Элмира Раманкулова тууурасында өзүнчө сөз кылып, райондук ооруканага жаңыдан жетекчи болуп келип, аз эле убакыттын аралыгында айтаарлык жагымдуу ийгиликтерди жаратып жаткан Нуржамал Тешебаеванын иш-аракеттерин үлгү катарында айтсак болот. Демек, таза, ак иштеген жетекчинин аракетинин жемиши боло тургандыгына дагы ынандык. Мындай кадрлардын эмгегин туура пайдалансак, ар бир тармакта өсүш гана болору белгилүү эмеспи.*

*Бекеринен өлкөбүздүн көрүнүктүү инсандарынын бири, коомдук жана саясий ишмер Исхак Разаков « Сена к болсоң, мен ак болсом, коом да таза болот»,-деп айтпаган чыгар. Анын бул баалуу сөзүн ар кайсыл жерге туура да, туура эмес да жазып койгонубуз менен коомубузду тазалап жиберген адамдар азырынча азыраак болуп жаткандыгы өкүндүрөт.*

*Адам баласы артына из калтыруу үчүн элге кандайдыр бир пайдалуу иш жасоо керек тура. Жерге дарак олтургузган багбан да кийинкиге из калтыра алат экен. Анткени, анын артында « баланчанын багы» деген кеп калат. Ал эми биздин каармандарыбыз өз эмгеги менен элге жана мамлекетке кызмат кылышкан татыктуу инсандар. Из калтыруу үчүн сөзсүз эле өлкөбүздө чоң бир ачылыш, же өзгөрүү жасап жиберүү эмес, өзүнүн аткарган жумушунда таза жана ак ниет менен эмгектенүү.*

*Дүйнөлүк тажрыйбадан алып караганда ийгиликтүү адамдар көп. Алардын айрымдары бизнес чөйрөсүндөгүлөр. Булар убакытты да, акчаны да өтө туура пайдаланышат. Ошондон улам жасаган иштеринде ийгиликке жетишип, миллион эмес, миллиарддаган байлыгы бар адамдар. Көпчүлүгү байлыгын башкаларга да жумшашат. Өздөрү үчүн гана жашап-иштешип, өздөрүнө байлык топтогон, дүйнөсү ашып-ташкандар да бир топ.*

*Бирок, турмуштук керектөөлөр үчүн бай болууну дайым эңсегенибиз менен эң башкы байлык руханий байлык, жан дүйнөнүн байлыгы экендигин унутпашыбыз абзел.*

*Бул китептин каармандары ушундай адамдардын катарын толуктайт.*

*Кыргызда «Байлык колдун кири»,-делет. Бүгүн бар, а эртең жок. Ошондуктан, жашоого бир келгенден соң, бирөөгө зыяныңды эмес, пайдаңды тийгизип, жашоонун баркын билип, чыныгы адамдардай жашап өтүү инсандык парз. Анткени, байлык түбөлүк эмес. Баары бир бир күнү башка дүйнөгө кетерибиз белгилүү. Ошондо эч кимибиз бул жашоодогу күтүрөгөн малыбызды, заңгыраган ка-*

баттуу үйлөрүбүздү, кафе-ресторан, базарларыбызды, алтын-күмүш, баалуу буюмдарыбызды алып кете албайбыз. Болгону денебизди орогон ак кездемеге ээ болуп, эки метр жерден орун аларыбызды көп жолу кайталабасак да, баарыбыз жакшы билебиз. Демек, кийинкибизди эч убакта эстен чыгарбай, колдон келсе, ыйлаган баланын бешенесинен сылап, муңайган ак чач эненин көңүлүн көтөрүп, ак сакалдуу карынын батасын алалы десек, жакшы ишибиз менен артыбызда жакшы кеп калсын.

Бул адамдар ийгиликтүү инсандар. Алар ийгиликке бир гана эмгек менен жетишкен. Мындай адамдар булар гана эмес, өлкөбүздүн булуң-бурчтарында ар бир айыл-кыштактарда, калааларда жашап-эмгектенип жатышат. Баарыбыз эле мындай ийгиликтүү адамдарды көрүп жүрсөк да байкабайбыз. Бул « көзү тирүүсүндө баркын билбейбиз»,- деп айтылып келаткан эле кеп. Жакшы адамдар биз менен эле чогуу жашап, из калтыраарлык эмгектерди жасап жаткандыгын байкабайбыз. Артка бир сарасеп салып, дин адамдарынын айткан көз караштарын эске салып көрөлү.

«Ар кандай ийгиликтерге жетүүгө, адамдар менен жакшы мамиледе болууга, ар кандай бакыт жана ырахатка ээ болууга адамдын өз напси тоскоол болот. Анткени, напсинин Аллахка, Пайгамбарга, бизге да душман экендиги айтпаса да белгилүү. Адамдын бул өмүрдө башына келүүчү кыйынчылыктары, кайгы-муңдары жана дагы ушул сыяктуу азаптары болсо, бардыгы напсиге баш ийгендикти билдирет, тагыраак айтканда, ийгиликтердин баарына тоскоол болуучу нерсе — напси», деп айтышкан диндин улуу адамдары.

Капырлардын ийгиликке жетүүлөрүнүн себеби суралганда даанышмандар мындай деп жооп беришкен: «Силердин ийгилик дегениңер эмне, ийгилик дегенде эмнени түшүнөсүңөр? Чыныгы өмүрдөгү ийгиликпи же болбосо түштөгү (уйкудагы) ийгиликпи? Түштөгү ийгиликти айткан болсоңор, ал ийгилик эмес. Анткени, адам түшүндө



каалаган нерсени кыла алат, кедей да, бай да боло алат, не бир түрлүү бийик имараттарды да тургуза алат. Бирок, ойгонгондо, тактап айтканда, өлүп тиги дүйнөгө барганда ошол жасагандарынын эсеби суралат, «буларды ким үчүн жасадың?» деп суралат. Ошол себептен, ар бир ишиңерде өлгөндөн кийин Раббимдин ыраазылыгына кантип жетем, бул ишиме Раббим ыраазы болобу деп ойлой турган болсоңор, анда кылган иштериңердин бардыгы Аллаху тааланын ыраазылыгына ылайык кылынган болот. Чыныгы ийгилик деген мына ушул."

Эгер ийгилик дегендеги максатыңар бай болуу, атактуу болуу, адамдарга жагуу, элдин сен тууралуу сөз кылуусун, мактоосун каалоо болсо, анда буларга да жетесиңер. Бирок, бул ийгиликтериңер өлгөндөн кийин кыйынчылыкка айланат. Чыныгы ийгилик - Аллаху тааланын ыраазылыгы, же өлгөндөн кийин да өзүнүн баалуулугун жоготпой турган нерсе. Аллаху тааланын ыраазылыгы ушул эки шарттын аткарылуусуна байланыштуу. Андай болсо, садака берип, дуба кылып, жетимиш жолу истигфар айтып кылынган дүнүйөлүк иштерде ийгиликке жеттиң эмне, жетпедиң эмне... Бирок, бул Аллаху тааланын ыраазы болуучу иши экендигин сөзсүз билүү керек. Анткени, өз акылыбызды колдонбой, билдирилген себепти аткарганыбыз үчүн бул жерде напсинин үлүшү болбойт. Напсинин үлүшү болбосо иншаллах кылынган иштердин натыйжасы кайырлуу (жакшы) болот.

Эгер дубабыз кабыл болсун десек башкалардын дубасын алуубуз керек, башкаларды кубантуубуз керек. Бир замандарда Мысырда жут болуп, жамгыр да жаабай койот. Эл жамгырдын жаашы үчүн чара издеп, дуба кылат, бирок, жамгыр эч жаабайт. Салих бир адам мечитте жамаатка карап: «Мен мунун чарасын, жамгырды кандай жаадыруу керек экенин билемин. Ар бир адам садака берсин, ошондо дуба кабыл болот», - дейт да: «Менин бул чапанымдан башка эч нерсем жок, мен чапанымды беремин», - деп ча-

*панын чечип ортого койот. Андан кийин адамдар эмнеси бар болсо ортого жыйнап, муну кедейлерге таратышат. Кийин колдорун жайып «Йа Раббим, кулдарыңды кубанткан адамдардын дубасын кабыл кылаарыңды билдиргенсиң, биз сенин кедей кулдарыңды кубанттык, Йа Рабби» деп жатканда көпкөк ачык асман дароо кара булуттар менен капталып жамгыр жаай баштайт... Эгер дубаларыбыздын кабыл болуусун кааласак башкаларды кубантып, башкалардын дубаларын алуубуз керек. Бир адам бир олуяга келип: «Балам ооруп калды, шыпаа таап, айыгып кетүүсү үчүн дуба кылыңызчы", - дегенинде олуя адам: «Баланча жерде бир кедей жашайт, алгач ошону кубантып анан кел", - дейт. Кедейди кубанткандан кийин айтылган дуба менен бала айыгып ордунан туруп кетет. Аллаху тааланын дубабызды кабыл кылуусу үчүн, бизди жакшы көрүүсү үчүн дубанын шарттарына баш ийүүбүз жана Анын кулдарын кубантуубуз керек.*

*Адам баласы үчүн эң кубаныч, колубуздан келсе, башкаларга жардам бергенибиз оң. Заңгыраган үйлөрдө бардар жашаган адамга анын жанындагы чакан үйдө бирде жетип, бирде жетишпеген турмушта жашоо кечирип жатканын күн сайын көрүп туруу албетте кубаныч болбосо керек. Эгер ал адам канчалык кайрымдуу болсо, өз үйүндөгү жарыгынан кошунасына да бөлүшүп турмак. Биз да жогоруда айтылган турциялыктар сыяктуу чогулуп алып, кайрымдуу иштерди жасасак, Кыргызстанда турмуштук муктаждыктарга туш болушкан адамдардын саны азайаар беле.*

*Биз дайыма эле «азыр адамдардын пейили бузулду, жаман адамдар көбөйдү»,-деп наалыйбыз. Бирок, калк арасында элге кызмат кылган адамдар көп экендигин бул китептин каармандары сыяктуу инсандардын мисалынан айтууга болот. Буюрса, башкалар туурасында да жылуу ойлорубузду ортого салып, алар жөнүндө чыгармалар жазчу учурлар келет. Азырынча баарыбыз аманчылыкта*



*туралы.*

*Биздин каармандарыбызга ыраазычылык билдирип, аларды ар убак ийгиликтер коштоп жүрсүн дейбиз.*

*Жараткан Алла жер жүзүндөгү бардык адамдарга ыйман берип, жаманчылыктан алыс кылып, жакшылыкка жетелеп, бардар жашоону насип этишин каалайбыз. Баарыңыздарга ооматтуу жана бай, бакыбаттуу жашоо тилейбиз. Эң башкысы кудайым баарыбызды кырсыктан алыс кылсын, ден соолугубуздун оорусунан жабыр тартпайлы, инсандыктын улуу парзын аткара билели. Артыбызга из калтыралы десек, өзүбүз жана башкалар кубана турган эмгек жасайлы. Бул баарыбыздын тирүүлүк деген эң керемет жана кымбат жашоодогу милдетибиз.*

Мазмуну

Баш сөз ... 3

## Аксы району

Өмүрү өрнө ... 5
Балдарга арналган өмү ... 8
Аялзатынын эмгек жемиши ... 11
«Окуучуларымдын сыйы сыйлыктан жогору» ... 14
Дасыккан билим саяпкери ... 17
«Балдарымды эл кызматына жарагыла дечүмүн» ... 20
Аялзатынын артта калган изи ... 23
Жөнөкөйлүгү менен баарына жаккан ... 27
Айылдын кадырлуу айымы ... 29

## Ала-Бука

«Биринчи күндөн өзгөрүү жасоого киришкенмин» ... 35
Ак-Коргондун башчысы ... 38

## Базар-Коргон району

Өрнөктүү өмүр баяны ... 40
Атанын чыныгы уулу ... 45
Жараткандын берген белеги ... 51
Саламат сакчысы ... 56
«АККАН АРЫКТАН СУУ АГАТ» ... 60

## Жалал-Абад

Элге кызмат кылам деген жетекчинин аракети алгачкы күндөн байкалат.. 69
ИНСАН ИЗИ ... 75
Окумуштуу айым баскан жол ... 87
Кечээги секелек кыз бүгүн такшалган адис ... 91
Өмүр сакчысы ... 95
Замандын инсаны ... 99
Эмгеги менен жетилди ... 105
«Атам бизди окугула», деп туура айткан ... 108
Инсандын көз ирмеминдеги таржымалдар ... 112
«Мамлекеттин ишин баарынан жогору коер элем» ... 122
Эл үчүн кызмат кылган ... 126
Жашоо көчү ... 131
Саламат Мусаева: «Уул-кыздарым бактылуу болсо дейм» ... 145
«Байлыкка жетүү үчүн өзүң умтулушуң керек» ... 152
Чыныгы инсандын чыныгы уулу ... 156
Ар бир үйдө бала үнү жаңырса ... 161

## Кара-Көл

Эненин бактысы ... 164
Жаркыраган заманбап шартты жараткан ... 168
Каарманыбыз башында турган ийгиликтер ... 172

## Ноокен району

Кудуреттүү эмгектин жемиши ... 176
Капар атанын эмгекчил кызы ... 182
Жерди барктагандар Бүргөндүдө ... 190
Элдин сыйы ... 194
Балдарга арналган өмүр ... 198
«Колдоочубуз болгондо «Зуурakандар» жүздөп жаралмак» ... 204

## Сузак району

Билим саяпкери ... 208
Эл сыйлаган жетекчи ... 213

## Шамалды-Сай

Ишкердин ишмердүүлүгү ... 220
Асыл максат эмгек менен ишке ашкан ... 228

## Тогуз Торо

Айылдын «Супер кайын энеси» ... 232
Өз элинин чыныгы уулу ... 235
Балдарга эмгегин сарптаган айым ... 240
Суу чарбасын бутка тургузду ... 245
Эненин эмгеги ... 248

## Токтогул

Эне бактысы ... 252
Эненин пейили ... 256
Өрнөктүү адамдар ... 262
Балдар бакчасын сактап калган ... 256
«Жараткандын берген бактысына кубанам» ... 270
Коргоолдун небереси ... 272
«Биздин төрайым» дешет ... 275
Көпчүлүккө окшобогон жетекчи айым ... 279

Сүрөттүү баян ... 289
Соңку сөз ... 341

Көркөм адабий басылма

Мубара Абдилатипова

ИНСАНДАР ИЗИ
2-китеп

Корректору М. Закирова.
Дизайнер-жасалгалоочу Т Маткалыкова.
Техникалык редактор Ж Кадыров.

Басууга 29.12.2016-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84$^1/_{16.}$
Көлөмү 22,5 б.т. Заказ № 60.
Нускасы 500 даана.

«Улуу Тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Ю. Абдрахманов көчөсү, 170А